Асанбек Токтомушев
(Шакы)

# КӨӨДӨНДӨГҮ КАЙРЫКТАР

Бишкек – 2014

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-5
Т 69

Т 69 Токтомушев Асанбек.
**Көөдөндөгү кайрыктар:** – Улуу Тоолор, – Б.: 2014 -?

ISBN 978-9967-14-598-9

Автор профессионал жазуучу болбосо да турмушка болгон баасын, басып өткөн жолун, тажрыйбасын туюндурууда өзүнүн оюн көркөм сөз менен берүүгө умтулган адам. Күнүмдүк түйшүккө жетелетпей, айлана-чөйрөгө көз чаптырып, ой жүгүртүп, анын кээ бир маселелерин кагазга түшүрүү кээде оңойлукка турбагандыгын автор өзгөчө белгилеп кетет. Автор кесиби врач болгонуна байланыштуу, адамдагы ар кыл ооруну дарылоого күч-аракетин жумшаса, ал эми жан дүйнөсүнүн, интеллектуалдык билиминин аркасында, көөдөнүндөгү кайрыктарын көркөм сөз менен берип, адамды руханий жактан дарылап жаткандай туюлат. Китеп өз окурмандарын табат деп ишенебиз.

Т 4702300200-14

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-5

ISBN 978-9967-14-598-9

© Токтомушев А., 2014.

# *КИНДИК КАН ТАМГАН ЖЕР*

*«О колыбель моих первоначальных дней!*
*Невинности моей и юности обитель!*
*.........................................................*
*И дым отечества нам сладок и приятен».*
*Г.Р. Державин. Арфа*

Туулуп-өскөн жериме көптөн бери баралек элем. Кыргызстандан алыстап кеткениме арбын жыл болду. Мына эми, биз бала кезде «таз» деп шылдыңдаган агайлардын «кейпин» кийип, чачым тарак атын унута баштаганда, ага-туугандарга учурашайын деп баратам. Акын айтып айтпайбы, бешигим сенде термелген, белим сенде каткан, күнөөсүз күндөрүм сенде өткөн, сенин түтүнүң да атырдай аңкып, жагымдуу керимселдей беттен сылайт деп. Менин ошондой жерим – Нарын. Кадимки Нарын. Кышы кырчылдап ызгаар, жайы жайкалып жылуу, сулуу, улуу.

Агамдын бир коңшусу Чүйдөн, биздин өрөөнгө иштеп калыптыр. Агам күлкү аралаш айтып берди эле:. «Ой, байке, силер кантип жашаганыңарды билбейм,биз үй-бүлөбүз эми араң үйүр алышып баратабыз. Тиягы деле тоо, биягы деле тоо, өзүңдү чөйчөктүн түбүндө калгандай сезип кетет экенсиң» – дейт экен.

Ошол «чөйчөктүн түбүндөй» жерде «Береке – байлыкка мол Ата-Мекенибиз» жайгашканын кийин аңдаса керек. Ошол «чөйчөк түбүндөй» жерди

курчаган «тиягындагы тоо», «биягындагы тоо», туулуп-өскөн өрөөнүбүздүн желегин желбиретип, салт-санаага, ыр-жомогун сактап, кайгы-кубанычын кыргыз кыйырына эле эмес, түбөлүктүн түпкүрүнө жеткирип турганы менен иши не? Туура, эли жер шартына ылайыкташкан, татаал мүнөзү бар калк. Билгизгенге, чарт-чурт этип токтоно албайт. Бирок ичинде кеги жок, үрпөңдөгөнү жайкы өткүндөй өтмөгү бар. Карыялары жалынса, жүрөгүң элжиреп, экиге бөлүнөт. Жакшы көрүп кеткен кишисине ичиндегисин аш-баш дегиче төгүп иймеси да бар, бала кыял. Ачылат десе, кээде обу жок да ачылып кетишет, сурабаганыңды айтып берип. Негизи, куудуң-шуудуңу аз түз калк.

Кудайдын батасынан жаралгансыган жаратылышка суктанып, магдырап ойго батып баратып, москвалык бир акын аялдын ыры эсиме түштү. Маргарита Алигер деген. Насили еврей дешчү эле, кыязы, 1935-37-жылдары Кыргызстанга иш сапары менен келип жазса керек. Эли-журтун сагынып эңсегенденби, же кыргыз жеринин керемет сулуулугуна суктанганданбы, автордун бул саптары көңүлүмө кыттай куюлуп калыптыр:

*...Летит неустанный ветер*
*с перевалов твоих, Тянь-Шань.*
*Разговаривают по-киргизски*
*им колеблемые листы,*
*Опьяняющий, терпкий, близкий,*
*ветер Азии, это ты!*
*Долети до московских предместий,*
*нагони меня у моста...*

Биздин жердин кооздугу кимди болбосун кайдигер калтырбайт турбайбы. Көөдөнүндө күүсү барлардын делебесин козгойт экен, ушундай ыр саптарын жаратууга дем берет тура, алиги агамдын кошунасы, кыр-

гыздын эле жараны, «чөйчөктүн түбүндөгүдөй» жер деп тергегени менен. Акындын эргүүсү жогорку саптар менен эле чектелбестен биздин рухтун туу чокусу болгон Манаска, комузга, асман тиреген улуу тоолорубузга да кайрылып атпайбы чиркиндики, мындай деп:

*...Песня мечется меж горами.*
*Едет, едет, герой Манас...*
*Это только играет комуз –*
*три натянутые струны.*
*Это только орлиный клекот,*
*Посвист каменных голубей...*

Бир 2-3 куплет ыр саптары менен эле кыргыздын жаратылышы, байыркы замандардан келаткан мурастарынын баа жеткистиги айтылып атат. Андан ашыра мактоо болобу? Бул – биздин турмушубуздун чындыгы экендигин дүйнө небак мойнуна алган.

Долондун туу чокусуна чыгып, бели-башты жазалы деп машинеден түштүк. Керимсел соккон тоонун жели денеңди бир заматта сергитип, көңүлүңдү көтөрөт. Тээ, ылдыйда жапжашыл болуп коктулар жатат. Салаа-салаа болгон өзөндөрүндө жыбыр-жыбыр этишип, күнгө күмүштөй чагылышып аккан мөңгүнүн суулары бир өзүнчө керемет. Андан ылдый жыш өскөн тянь-шань карагайлары, мырза жигиттердей болуп тирелет. Бул көрүнүштү элире карап турганда, белгилүү немис акыны Гетенин: «Акынды билгиң келсе, анын туулган жерин көр» деген канаттуу сөзүн эстейсиң. Не деген таланттар чыкпады бул керемет жерден. Арстанбек, Боогачы, Муса, Молдомуса, Актан, кыргыздын король Лири – М. Рыскулов, Мидин, Мыскалдар эмне деген залкарлар.

Ошентип, Долонду ашып, ылдый кирдик курулдап. Ушундан улам Долон тууралуу бир москвалык композитордун эскермеси эсиме түштү. Совет мезги-

линде Фрунзеде, союздун алкагында элдик музыкалык фольклор боюнча жыйын өтүп калат имиш. Буга мен-менсиген белгилүү композиторлор бүт союздан келишет. Ошондо көзү өткөн кыргыз таланттардын туулган жерин көрсүн деген мааниде экскурсия өңдүү жүрүш жасашат, тиягы Талас, биягы Нарын, Ат-Башыга дейре. Ошондо (эсимде жок аты-жөнү) бир Россиядан келген чөйрөсүнө белгилүү адис, ушул маданияттын тармагында көп жыл эмгектенген фольклорчу, Долондон өтүп бараткацда жердин табиятын көрүп тамшанып: «Мына эми гана түшүндүк, Мусанын ыр дүйнөсүн, маңызын» деген экен.

Долондун этегиндеги «Бейше булакка» да келип калдык. Бирок баягы биз көргөн мөл булактарды, ойноктогон чаар жон тоо форелдерин көрө албадым. Бузулган, каршы-терши темир түтүктөр өткөрүлгөн. Арыраак жагында бир үй тургузулуптур, анысынын айнек, эшиктери таланган. Сыягы, бул жерге бир олуттуу эс алчу жай жасайбыз деген аракет болсо керек. Бирок ушундай кооз жер таштандыга айланып жатканын байкап, менин шеригимдин жаны аябай ачышты.

Машинебиз туура секиге чыга бергенде, алдыбызга Ала-Мышык[1] тоосунун карааны калдайып чыгы келди. Бул аркайган тоонун аркы бети айтылуу Ат-Башы жери. Бери жагы Нарын өрөөнү. Ала-Мышык деп кандайча аталып калганын билбейт экемин. Бул тууралуу жомок легендалар да бар деп укчу элем. Кыскасы, бул тоолор акыл токтотуп алыстан караганга, чын эле комдонуп жаткан таргыл-ала мышыкка түспөлдөшүп кетет. Ошондон калган ат болсо керек. Андан ары заматта машинебиз Кызыл-Оозго кирип келди. Туура бешенемде көзгө сүйкүм, сагынычтуу, тааныш, кичине-

[1] Ала-мышык* - кичине тоо кыркасы

кей шаарчанын ажары ачыла түштү. Туулган өрөөндүн унутулуп бараткан элеси бир заматта сагынычтын демин ойготуп, каңылжарды өрдөп, колкону өрттөп кеткендей сыяктанды.

Шаарга кирип келгенибизди байкабай да калдым. Калаа капкасындагы көрүнүктүү тарыхый эстеликтеринин бирөө – бул кылым карытып келаткан Нарын дарыясына салынган көпүрө. Муну көптөрү этибар албайт деп ойлойм. Тээ илгери орустун ак падышасы колу жеткен жер-жерлерге өзүнүн колониалдык саясатын жүргүзүп турган убакта, биякка жиберилген орус казактары тарабынан 1858-жылы салынган көпүрө экен. Карап туруп, буга таң бересиң. Эмне деген инженердик ой, конструкция! Техника жетпеген алыс, тоолуу жерде, ушундай ташкындаган дарыяга көпүрө салыш ошол мезгилде оңой эмес болсо керек. Орустардан көпүрө куруучу каражаттарды, тонналаган оор темир-тезектери менен биякка ташып келүү өзүнчө эле бир азап иш да. Мунун да өзүнүн стратегиялык мааниси болсо керек. Мына эки кылымдай болуп калса да, баягы мен көргөн көпүрө күнү бүгүнкүдөй турат. Көзгө аябагандай эле жылуу көрүнөт экен. Өтүп баратып бала кездеги дарыядан ары-бери чабак уруп өткөнүбүз, көпүрөдөн секиргенибиз (бийиктиги он метрден ашыгыраак) эске түштү.

Шаар аралап келип, чакан конок үйгө токтодук. Жакын туугандар деле калбай калды. Аркы өйүзгү айылда бир аз бар. Классташтарым менен алака жок. Бул жерде кабарлашып турган бир жалгыз жээним бар. Аны деле убара кылбайын дедим да, айдоочум экөөбүз барган күнү конок үйүндө түнөдүк. Эртеси жээниме телефон чалсам:

– Ой, таяке! Бул эмне деген шумдугуң, таза эле орус болуп кеткенсиз го, жарыктык киши, үй турганда, конок үйдүн кереги эмне – деп, бакылдап да алды.

Бир аздан кийин мейманканага жетип келди бир досу менен. А күнү жээнимдикинде конокто болдук.

Эртеси жолдошум менен кичине «круиз» жасадык.

– Окуган мектебиңизди көрсөтүңүзчү, – деп шопурум акедей асылып алды.

Мунун да билгени бардыр деп, мен окуп бүтүргөн мектепке келдик. Короосуна кирдик аста басып. Мотураңдаган балдар, колдорунда телефон, ооз толтура күлчүйтө чайнаган «сагыз». Үйлөп койсо, шарик болуп, анысы «парс» этип жарылса, мурдун жаап жабыша калат. Тааныш класстар, улам-улам терезелердин кашектерин сырдап атышып, алары крокодилдин чаарала терисиндей күдүрөкөй болуп жондонуп да калыптыр. Илгери биз мектептин короосунан улуу киши көрсөк, баш кийимдерибизди ала коюп учурашчу элек. Кээде бул сый аткарылбаганы үчүн убагында агай-эжелерден катуу эскертү алчубуз. Кайда, андай ыйман алыс калган тура.

...Билбейт экемин, менин убагымда балабакча бар, же жок экенин. Мектепке эч бир даярдыксыз эле барчу элек, тамга таанibай туруп. Менин окууга көңүлүм төрт эле күндө пайда болду. Тамаша. Энеме ушул төрт күн жылга созулгандай сезилсе керек. Удаа-удаа качып келип аттым мектептен үйгө, «ачка болдум, нан жейт элем» деп. Ошенткени менен мектепке бат эле байыр алып калдым. Кызый-кызый, кийин эсеп сабагын кандай жактырып калганымды да билбей калдым. Кошуна байке «эсеп таякча» жасап берген, саны онго жеткен. Бир аздан кийин эсеп көбөйүп, менин таякчаларымдын саны жетпей калды. Сабакка кызыгуу уламдан-улам

арта баштады. Эртең арифметика сабагы болот дегенде энемдин үрөйү уччу. Ал кишинин байпагын чечтирип, жылдырбай маңдайыма отургузуп алчумун. Апамдын колундагы беш манжасы чогулуп — он, эки бутундагы бармактары дагы — он, баары чогулуп жыйырма. Буларга өзүмдүкүн кошкондо кадимкидей эле эсеп чыгаруучудай сандарга жетчү. Эсептөө убагында апамдан суранганым, жаңылышсам да айтпа деп, катуу эскертчүмүн. Ошентип көгөрүп, апамды тажатып атып, сабак аткарчу элем үлпүлдөгөн керосин чырактын алдында...

Мектебибиздин тарыхы билгендерге кыйла эле кызык. Эски орус казактарынын ыгына ылайыкташтырылып карагай менен салынган чоң там эле көчөнүн таманындагы. Терезелери заманына жараша оймо-чиймелер менен шөкөттөлгөн. Ушул мектеп менен буга жакын жайланышкан бейтапкана, орустар кыргыз жерине баш баккандан баштап салына баштаган деп айтып калышар эле. Биз окуган мектеп алгач аскерлердин казармасы экен башында. Бул учур, эгер кыргыздар Россиянын тутамына кошулган 1863-жыл болсо, ошол жылдардын тегерегинде салынган окшойт.

Мектептеп чыгып баратып жердеш агайым, кесиптешим, акын, бейишиң болгур Жээнбай Мамбеталиевдин мектебине арналган ыр саптары эсиме түштү:

*Көк музун тигил жылганын,*
*Көп ойноп эрмек кылгамын.*
*Кеч калып болчу сабактан,*
*Кең залда жалгыз турганым.*

...Жаныман шаңкылдашып күлүшкөн жоон топ кыз өттү. Кийген кийими келбеттерине жарашкан, кер маралдай кериле басышып бараткан кыздарды көрүп, өзүмдүн бала кезимдеги бийкечтер эсиме келе түштү.

Ал кезде эмне, кыздардын кийинген кийими апаларынын, же эжелеринин бычып, одоно тигип берген эле кийими болчу да. Бирок ага карабай, жарашыктуу, көзгө токтомдуусу жок эмес эле. Колунан келгендер «промартил» тиккен «костюм-жупке» кийишчү. Биздин чөлкөмдүн кыздары жүдөөрөөктөй туюлчу мага ошол кебетелери менен. Бекеринен айтылган эмес экен, «кишинин көркү чүпүрөк» деп. Айрыкча алардын ийри буттары.... Көрсө, булардын баары оор үй кызматынан жаралган нерсе турбайбы. Тестиер ирбийген секелек кыз, кирбиңдеп апкеч менен килейген чакаларга куюлган сууларды ташып жатса, анан буту түз болуп өсөбү. Буга кандай гана бут чыдайт сөөк ката электе.

Бишкектеги агам айтат. Бир курдай белгилүү россиялык журналист В. Познер Эл аралык Кыргыз-Америка институтуна дарс окууга келип, Кыргыз көгүлтүр экранынан өзүнүн Кыргызстан жөнүндө оюн айтып отуруп, «бизден «эмнелерге» көңүлүңүз түштү» деген тележурналисттин суроосуна, чу дегенде эле, «кыздарыңар сулуу экен» деп буйдалбастан жооп берет. Мына бүгүнкү биздин кыргыз периштелеринин баасы. Ал киши жөн айткан жок.

Бир кезде тоо арасында, деңиз деңгелинен эки жарым-үч жарым миң метр бийиктикте жайланышкан ушул кичинекей шаарда жеке эле байыркы «дикокаменный кыргыздын» урпактары эмес, Батыш Европадан чыккан илгерки готтордун да тукумдары жашап кетишкен. «Жеке ою бар», же «мамлекетке ишенимсиз адамдар» куугунтукталып, ушул биздин татаал шарттуу аймагыбызга айдалчу экен. Ата-Мекендик согуш учурунда биякка айдалып келинген немис улутундагы эки үй-бүлө бизде жашап, өрнөктүү өмүр өтөдү. Мен

аны чөлкөмдөгү ооруканадан өтүп баратканда эстедим. Инсандардын бири, оозунда «дубасы» бар – дабагер, жалпы элге маалим Альберт Яковлевич Шуллер эле. Мен да көрүп калдым. Өзү орто бойлуу, ак жуумал, кыймыл-аракети ыкчам адам эле. Бир курдай жээним үч-төрт жашында катуу ооруп калды. Бир жумадай бала эси-учуна келе албай турду кез-кези менен дөөрүп. Ошондо ал кишини биринчи жолу көрдүм. Көзүмө пайгамбардай эле көрүндү. «Кыйын дарыгер, айтканы айткандай дегени дегендей келет, «киши» болбогонду ачыгын эле айтат имиш деген» сөздү угуп жүрчүмүн. Жээним коркутуп, мына кетет, ана кетет деп турганда, эжеме келип: «Келин, сендер ыйлактабай, врачтардын айтканын жаса. Бала айыгат, кичине нужно терпение» – деп эжеме чала-моңол кыргызча айтканы али да менин эсимде. Үч күн удаа эртең менен келип, врачтарга бирнемелерди айтып чыгып кетип турду. Кудай оңдой берип, Шуллердин жардамы менен сакайды жээним. Биз ошондон кийин бул кишинин этегине намаз окучудай эле болуп калганбыз. Бизге окшогон кыргыздар Нарын жергесинде ал кишинин берген жардамын айтып отурса, түгөнбөйт.

Альберт Яковлевичтин Кыргызстанга адеп келген жери Куланак айылы болуптур. Ал шаардан бир топ эле алыс. Кийин кыргыз элинин меймандостугу менен ал кишинин уңгусу уйкаш келгенин жасаган ишинен билсе болот. Ошол адамдын каза болгондогу, анын аркы дүйнөгө аткаруу тажиясы өзүнчө эле бир чоң кеп, көргөндөр айтып отурса. Дубандан топурак салабыз деп калың эл келишиптир. Кадимкидей сөөк койгон боз үйгө үн чыгарып, мусулмандын ырым-жырымдары кадимкидей сакталып жерге бериліптир. Ал киши өлөрүндө ошондой керез айтып кетиптир. Ыйлабаган

киши жок дейт. Канча кишинин сообуна калды. Ата-ганат, маркумдун ысымын ушул бейтапканага берип койгондо эмне...

Экинчи инсан биздеги алгачкы орус мектебинин көп жыл директору болуп иштеген Унгефухт деген агай эле. Ал киши да жогорудагы улутташы сыяктуу бизге келгендерден экен. Балдары, кыздары биз менен ойноор эле. Ал киши жетектеген мектепти, Унгефухт агайды жеке эле биздин өрөөн эмес, бүтүндөй Кыргызстан билет экен кийин уксам. Окуу жайларына кабыл алган мугалимдер, «Нарындын кайсыл мектебин бүттүң эле» – деп сурашат экен кызыгышып. Аталган мектептен бүткөндөр, чынында окуу жагынан күчтүү болушчу. Ал мектептин окуучулары менен кошула калганда, биз алардан кичине тарткынчыктап, сүрдөп да кетчүбүз. Коммунистик тарбия – бул аскердик казармалык маанайы менен айырмаланып кетет эмеспи. Бирок мектеп балдарына көрсөткөн саясаты темирдей бек эле. Айтылган сөз кыйшаюсуз аткарылчу, мугалими болобу, окуучусу болобу. Ошол тартип бизди жаман кылган жок.

Мектептин жанынан өтүп бараткканда бир окуяны эстеп, өзүмчө бырс этип күлүп ийдим. Кичине шаарыбызда ар алтынчы күндөрү азыркынын дискотекасы, биздин убактагы «танцы» же «вечер» болор эле. Жогорку класстын окуучуларыбыз. Уюшкан балдар удургуп, бир мектептин кечесине, андан тараса, экинчисине, үчүнчүсүнө барып, «кыздарын көрүп, кыздары бизди көрүп» түндүн бир далайына дейре жүрчү элек. Бир жаман жери, мектептеги кеченин чектелген убактысы бат эле аягына чыгып, биздей жаңы «тер чачып» келаткан «конокторду» жергиликтүү мугалимдер «тарагыла» деп талап кылчу. Бийлеген бийибизге да чек

салышчу, вальс менен тангодон башкасын бийлебе деп. Эгерде борбор калаадан таралып келаткан «сүлкүлдөмөнү» бийледим дегиче, балээге калдың. «Твист», «рокин-ролл» деген бийлерди мугалимдерибиз жети желмогузундай көрүшчү. Мен ойлочу элем, бул «акмак» буржуазия жакшы деле бийлерди чыгарат тура, эмне эле аларды бизде жайылтпайт. Бир курдай досубуз Фрунзеден каникулга келип, арабыздагы ышкыбоздорубузга «твист» үйрөттү. Алтынчы күнкү кечеге даярданып атабыз. Өзү болсо «стиляга», чачты бриолин майы менен артка өзүнчө порум менен тараган, жоон бакенбарды кулагынан ылдый эргүүлгө дейре түшүрүлүп,  устара менен тыкан серпилген, бутунда «усканос» туфли, жонунда Африкадагы саваннанын сүрөтү тартылган жеңи чолок көйнөк. Вечерге келдик. Унгефухт агайдын мектебине (кыздары бир ажайып эле, чиркиндики). Чоочундугун мындай кой, «буржазиялык» кебетесин көрүп, досубузду кечеге киргизбей койду эшик тоскон мугалимдер. Мага бир кумар эле, ошол орус мектепке достор менен бир барып, үйрөнгөн бийимди «расса» көрсөтүп, көз түшүп жүргөн кыздардын жүрөгүнө бир чок салайын деген. Кудай жалгап, бир-экөөбүз кечеге кирип кеттик. «Вечер» мыны-мына бүтөт деп аткан экен. Жаңы эле «твистти» эшип калдык эле досум экөөбүз, кайдан-жайдан чыга калганын билбейбиз, Унгефухт агайдын «прекратить!» деген ачуу үнү залга жаңырып, музыканы тык токтотту. Кийин агай менен жолугушуп калганда ошону эстеп күлүп калчубуз. Агай бир топ жыл иштеди. Ардактуу эс алууга чыгыптыр.Уулу кыргызга үйлөнүптүр, кыргыз куда күтүптүр. Очор-бачар болуп кийин Германияга кетишиптир. Кыскасы, бул эки «кыргыз» инсан биздин чөлкөмдө нар көтөргүс иш кылды…

Биздин убакта шаардын туура ортосунда жайгашкан «Ала-Тоо» деген ордо кинотеатрыбыз бар эле. Бул маданий борбор тээ өткөн замандын элүүнчү жылдарында курулган экен деп айтып калышчу. Балалык кездин көпчүлүк учуру ушул чакан шаардын маданий борборунун тегерегинде өтпөдүбү. Кино адатынча орусча болор эле. Биз боз балдар калпты-чынды койгулаштыртып, түшүнүп-түшүнгөнүбүздү өз билгенибизге салып, бири-бирибизге айтып, «маданий эрудицияларыбызды» ушул кинотеатрдан өстүрдүк бейм. Дүйнөгө белгилүү тарыхый инсандардын ысымын китептен окуп билип жүрсөк да, ушул «ордодон» өзүлөрүнүн артисттер жараткан өңү-башын, туруш-турпатын көрүп, алардын кылган кылыктарын, жасаган жосундарын туурап да жүрбөдүкпү.

Аста басып отуруп, ал жерге да келдим. Баягы көрүнүш жок. Ордун бөлөк имараттар ээлеп калыптыр. Атаганат, муну бузбаса деле болмок экен деп койдум ичимен. Азыр ойлоп көрсөм, бул биздин кинотеатрыбыздын тышкы көркү, байыркы Рим императорлору менен «жрецтери» жыйын өткөргөн сенаторлор сарайдын алдындагы кучак жеткис түркүктөргө окшогон колонналары бар кинотеатр эле. Кенен-кесир, бет-маңдайы жарашыктуу оймо-чийме менен аземделип салынган бир жай. Кадырына жеткендер болбоптур. Чиркиндики, ошол маданий ордону реставрация кылабыз деген билимдүү чиновниктер чыкпаптыр да. Оруссияда мындай жерлерге кол тийгизмек түгүл, тескерисинче, «тарыхый» имарат деген статус берип, атайын коргоого алынган мамлекет тарабынан. Бул чөлкөмдөгү «маданий мазарыбыз» буга татыктуу эле.

...Бир жыл окууга өтпөй калып, көчө таптап, колоктоп жүргөн учур. Кудай бети курусун, буураканда-

ган чак. Кичинекей шаардын башынан бир көрүнсөң, аягынан бир көрүнүп, урушаарга жоо, урунаарга тоо таппай, сүлкүлдөп жүргөн кез жоон-топ курдаштар менен. Жазга жуук, ала-шалбырттын убагы. Дос – таякем борбор калаадан окуучу эле, каникулга келип калыптыр. Негедир экөөбүз аябагандай ынак элек. Жашыбызда көп деле айырма жок. Негедир мен Фрунзеден окуп жаткандарга аябай суктанаар элем. Алар мага бир ырысы денесине батпай кулагынан чуурулган бактылуу адамдардай көрүнчү. Чын ниетим менен сыйлап, урматтоочумун мындай «чилистендерди» көргөндө. Өзүм да окусам деп тилек кылчу элем. Ошол ой менен жаадырап-жайнап тосуп алдым таякемди. Бир күн мени менен биздикинде болду. Айылга кантип жетем, ала-шалбырт кар эрип, жол чалчык, машине да айылга өтпөй калыптыр, эмне кылабыз, каникулум да бүтүп баратат деп таякем муңканып калды. «Кой анда» деп көчөгө чыгып, тааныш-пааныш издейли дедик. Бизге дагы бир-эки теңтуш бала кошулду. Барчу жагыбыздын жолу татаал, анын үстүнө ала-шалбырт, кар эрип атат. Автобус эртең менен гана, тоңголокто бир эле рейс каттайт экен.

Ошентип, айла кетип турганда, бир тааныш айдоочу иничекти жолуктуруп калдык, кудай жалгап. Оолагыраак жакка жаңы «Газ-66» (советтик жип) токтотуп коюп, туугандарын борборго узатып атыптар автобекетте. Сүйлөшө кетип, биз өзүбүздүн муктаждыкты айтсак, «макул, байкелер, кадырыңар жан болсун, бир-эки сааттык убактым бар» деп жигит ажат ачса болобу. Машине инкассатордуку экен. Түшкү саат үчтөн-бешке дейре эс алабыз, ошондо, байкелер, барып берейин деп убада кылды. Туура саат бештен тартып акча жыйнайт экен шаар ичинен. «Машине жаңы, анын үстүнө ал-

дыңкы да, арткы да, дөңгөлөктөр иштейт эмеспи, акелер» – деп жигит кичине мактана да кетти.

Болжошкон жерге убагынан кечикпей ал да келди, биз да жеттик. Таякемдин алдында жүзүм жарык болуп, «жаман жээн да киши болуп калыптыр» дегендей ойдо болушсун деп, мен өзүмдү салабаттуурак кармоого аракеттенип турдум. Чынында эле, таякем менин шаардагы «авторитетиме» суктангандай сезилди. Ого бетер болбойм, тамекини дембе-дем тартып, анда-санда саатты карап коём чыкыйып. Машинага отурдук, ыр башталды. Тамаша-куйкум сөзгө таякем жеринен маш эле, мына көрүп ал. Бир топ жүргөндөн кийин жолдо жүрүү татаалдана баштады. Машинебиз анда-санда буйт бере калат, оңоло калат. Даңк-дүңк этсе, көчүгүбүз менен жолдун таманына тийгендей болобуз. Кичине жүрүп тыгылып калабыз. Кайра чыгып кетет машине. Бала жаш болгону менен бир топту көрүп калган экен. Бул жигиттин кайраты жакты баарыбызга. Өжөрлөнүп отуруп таякемди айылынын четине жеткирип кайра тарттык. Жол менен алпурушуп атып, саат бештен да өтүп кетти. Бирок айдоочу иничек кабагым-кашым деген да жок. «Эр экенсиң» дедим ичимен. Бир маалда бир жерге келип машинебиз даана чыккыс болуп отурду. Дөңгөлөктөр чимирилгени менен машинебиз былк этпейт. Чыгып түртөлү десек, жер эзилме баткак, ылай. Бут коюуга жер табылбайт. Иңир кирди. Суук. Кийимдерибиз жука. Эми эмне кылабыз деп бушайман болуп заматта колдон түшүп калдык. Айлабыз кеткенинен жакын айылга жөнөдүк. Бул тарап биздин айыл. Таажездемкине келдик түнөгөнү. «Ботом, бияккa дейре машине келе элек эле, тыштын кебетесин көрдүңөр жээн, кантип келдиңер» деп таяжеңем таң калат. Бири-бирибизди унчукпай карап коёбуз. Кы-

жаалаттык баарыбыздын башыбызда бар экени даана көрүнүп турат көздөрүбүздөн. Тамак ичип жатып калдык. Жездем таң-эртеден туруп, кошуна трактирисин айдатып алып машинебизди чыгартып берди. Ыракматыбызды айтып, «чийки май» жегенсип жөнөп калдык. Үн-сөз жок. «Колуң менен жасаганыңды мойнуң менен тарт» дегендей баарына кайылбыз. Баягы кыяны имериле бергенде ойдо бизди күтүп милийсанын, банканын машинелери турат. Арасында беш алты киши формачан. Бир машинеси кечээки біздикиндей болуп тыгылган окшойт, аны чыгара алышпай жатышкандай көрүнөт. «Болоору болду, боёсу канды, эми качпайлы, баарыбыз жооп берүүгө туура келди окшойт» деп, дагы эле биздин оптимист айдоочу иничегибиз тамашага чалып бизди карап, көзүн кысып коёт. «Тапкан экенсиң тамашанын учурун» деп ичимен жактырбадым. Жымжырттык. Кечээки менменсиген «журт багар» жигиттик аброюма жараңка кетип турган кез келди окшойт. Суута түшкөн чычкандай үрпөйүп турсам керек тыштан көргөнгө. «Таалайга жазганды көрөбүз» деп мен да чыйралдым. «Балекеттики, папам тигил жерде жүрбөйбү» – деп айдоочу улутунуп койду. Машине аста жылып келип, тыгылып жаткан «Москвичтин» алдына барып токтоду. Иничектин атасы милисада иштечү, капитан эле. Ал киши кер-сары болуп өң-далаттан кеткен, бизди жутуп ийчүдөй карап, бери басты. Туура басып келип, айдоочу жактагы эшикти кандай ачып, баласынын жакасынан кандай кармап, эшикке ыргытып ийгенин билбей да калдым, өз тагдырымды ойлоп отуруп. Анысы барып карга сайылып калды, өзү да ийнеликтей арык бала эле. Мен алдыңкы орунда отурдум эле, түшөм дегиче болбой, бир милийса алкажакадан алып сүйрөп чыкты. Эсимди жыйгыча,

чачыман уучтай кармап туруп силкти эле, теңселип барып туруп калдым. Колун жайып ийсе, уучундагы топ чачым ак карга жайыла түштү капкара болуп (узун өстүргөн чач модада эле). Анысы аз келгенсип, тумшуктан ары бир койду, мына сага деп. Мурдуман кан жайыла берди. Туруп калдым, бозала болуп. Эки досум машинеден чыга качышып, сууну жээктеп дыргаяктаган бойдон кетти. Аларды кууган деле киши болгон жок. Мен дагы качмак элем, баланы жалгыз калтырбайын дедим. Банктын жетекчиси армян киши эле, өрөөнгө дайын, бизде көп жыл иштеген, ушул кишиге ыраазы болдум. Ал адам ары басып кетти, «кандуу жазалоону» көргүсү келбей. Тыгылган машинесин чыгардык баарылап. Шаарга келдик. Көрсө, кечээтен бери «банктын машинеси» жоголду деп, «тревога» салып, бизди издеп жүрүшүптүр. Сурамжалдап отуруп, таап келишиптир. Ошентип, какыс-кукус менен кутулдук, кудай жалгап...

Мына бир-эки күндө туулган жеримди көрүп, ичтеги чер жазылып, алыста калган эс-тутум кайрадан ойгонуп, жүрөктү эзип жатпайбы. Мындан кийин келемби, келбейминби, билбейм. Дагы бир кыдырып келейин дедим өскөн шаарымды. Иңир кирейин деп калган учур.

Баягы көзгө тааныш автобустун аялдамасы. Муну көрүп дагы бир нерсе эсиме түштү. Дем алыш күн. Адатыбызча достор ушул жерден чогулмайыбыз бар эле. Кучунашым кармаганда, туруп-туруп бир «оюн коюп» иймей жайым бар. Кээде ушунун азабынан кагуу да жеп, оосурган уйга окшоп кеткен учурлар да аз эмес менин турмушумда. Ошентип, калпты-чынды койгулаштырып согуп, аныбыз кыраан-каткырык күлкү менен коштолуп, айлананы «көрккө» бөлөп турабыз мына

бул аялдаманын жанында. Чөнтөктө бир тыйын жок. Аңгыча ары ылдый жактан биздин бир дос келатканын көзүм чалып калды. Көрүп, ал да сүйүнүп кетти. Көптөн бери көрүшпөй сагынышып да калганбыз. Кудай мындай бербеспи деп ичимен жымыңдап калдым. Досубуз өйүздөгү айылдардын биринде иштейт, дүкөнчү. Тыйынга зыкымырак эле. Кийинип-ичингени бизге караганда тың. Балдарга аны алыстан көргөндө эле: «Алмаке келатат, буюрса, бир силкип көрөйүн, болуп калса, анын да бир аз үзүрүн чогуу көрөлү» деген такилип киргиздим көз ачып жумгуча. «Мен эмне айтсам, аны унчукпай угуп, кыйшалаңдап күлүп ийбей, жөн тургула», – деп катуу эскерттим жанымдагыларга. Айла болсо, бир немеге жыгалы дүкөнчүнү, а-ай, зыкым эле, билбейм, башымды чайкап койдум сырлуу. Балким болуп да кетээр. «Сөзүмдү унутпагыла,» дагы бек эскерттим. Достор менин сырымды билишет. Бекер «чай ичүүдөн» ким тартынсын. Абал татаалданды. Бул жерде чыгармачылык тезинен керек болуп, «бир көшөгөлүү, эки сүрөттүү» оюн коюуга туура келип калды. Бат эле аял ала качып келген жигит болуп калдым. Боюмду түзөп, тамагымды жасай сүйлөп, бир чоң иш башка түшкөнсүп, ары ойлуу, ары санаалуу жүз менен туруп калдым. «Нерви жукалар, күлкүчүлөр менин жаныма келбегиле да, карабагыла, кийинирээк барып тургула», – бурк этип, «ролго» кирдим.

Алмаке досторду көрүп, адаттагыдай бажактап ар-бирибиз менен кучакташып көрүштү да, менин сырлуу турпатыма карап: «Ой, бул сары эмне болгон, аябагандай «серьезный» болуп калыптыр го, же катын алганбы?» – деп, так ичимен даярлап алган темамын төбөдөн чыкпаспы. Бул сөзү мени тең салмактыктан чыгарган жок. Тескерисинче, көжөргөндөн көжөрүп,

мен да туруп алдым мисирейип ойлуу. Калп эле жойпуланып: «Кайдан уктуң?» – деп кайра ага суроо менен кайрылдым кара күчкө өзүмдү кармап. Мындай мамилемди эгери көрбөгөн досум тамашасын тыйып, бир мени карап, бир балдарды карап дал болуп калды.

– Ой, деги тынчпы, буга эмне болду?

– Тынч эле, андан көрө сүйүнчү бер, классташы эмессиңби, бизге караганда жакынсыңар да – деп бир досум айтып калды. Кудай буюрса, иш башталды окшойт, эми болору болду, оюнду акырына дейре катуу тартипте өткөрөйүн деп, жоопкерчиликтин толгоосун кайра чымырата толгоп койдум. Тиги доско барат, бул доско барат, кабак-кашын тигиле карайт. Сыр билгизишпейт «азаматтар». Буга ыраазы болдум. Уламдан-улам абал оорлоп баратат. Кантип ишендириштин амалын ойлой берип, өзүм чын эле келинчек алып, анын маселелерине кыйналып турган кейипкердин ролуна анык кирип, андан ары кынтыксыз аткара баштадым окшойт. Барган сайын чыйрала баштадым. Байкоомдо бул «жумушка» чогуу эле жапа тырмак кирип калдык, бир биздин «курмандыгыбыздан» бөлөгү. Бийлик толук мен тарапта болуп калды. Баарылап атып ишенттик окшойт. «Ой анан эмне карап турасыңар?» – деген сөзгө, ары жакта турган бир досубуз мен озунгуча эле: «Тиги Орто-Саздан кой алып келиш керек экен түлөөгө, ошого машине карап турабыз» – деди сумсайымыш болуп. «Кой анда, мен папашалардыкына муну берип келе коёюн, анын үстүнө жанымда тыйын аз эле» деп чу койду. Калгандарыбыз иш оңунда баратканына сүйүнүп, ишти аягына так жеткиришке убадалаштык. Досубуз адырандап, алеки сааттын ичинде жетип келди. «Папашаларга да сүйүнчүлөдүм, ырас болгон турбайбы дешип сүйүнүп калышты. Эртең келин көргөнү

келишет» – деп ал жагын да айтып ийди. «Эртеңкиге дейре, алтыным, убакыт көөп» – ичимен ойлоп койдум кытмыр күлүп. «Жүрү, барабыз, аяшты көрмөйүн мен ишенбейм» – досум да жөн эле чыгым болгусу келген жок окшойт. «Болуптур» деп көчө ылдый биздики жакка басып калдык. Тиякка токтоп, биякка токтоп, досумдун сыйын көрүп баратабыз аз-аздан. Бир-эки күлкүчү бар эле, бизге кошулбай артта жүрөт ыкшып. Кез-кезде, «Ой, сары, жалган айтып жаткан жоксуңбу. Бутуңда жыңайлак кийген сандалет, жонуңда жеңи жок тор майке, сен үйлөнгөн кебетең жок байкоомдо» – дегенине ажыккызданып моюн бербейм. Анын үстүнө берки достордун кичине курсактары жылып калгандан кийин менден ашкан артист чыкты. Алмакем жеке эле чыгым боло бербейин деди окшойт, кезиккен досторго озунуп, «менин үйлөнгөнүмдү» жарыялап, алардан сый да көрүп аттык. Ал эмес Алмакемден карыз акча сурагандар да болду мени куттуктаганы. Башында төртөөбүз элек, эми сегизге жетиппиз. Ой-боюма койбой, «давай, тезинен аяшты көрөбүз» дегендер көбөйүп кетти. Бул «балаганды» кантип токтотуш амалы мындай бүттү.

Үйгө жакындаганда «Силер туруп тургула, үйгө кирип эмне болуп аткандарын билип келе коёюн, машине тапты бекен деп, кыжалат болуп атышса керек. Анын үстүнө жеңелери келмек эле, андан кабар алайын» демиш болуп короого кирип кеттим. Бат эле атып чыктым, кокуй-алатты копшотуп, алаканды шак чаап, «арманкүн, кызды жеңелери келип тартып кетишиптир» – деп алдыларына келдим. Бүлкүлдөп араң тургандар жарылып кетишти бейм. Алдангандар болсо....

Кийин досум менин кылыгыман жабыр тартканынан улам минтип калчу, «аял алганыңда барсам,

майнеке болоюн, кошумчамды бердим, менде эми ала-саң жок».

Мындай катуу тамашалашуу анык достордун гана арасында болот экен. Кайдасыңар, кагылайын сырдана боорлошторум.

...Шаркыратманын оозуна келдим. Бул жер мага дагы бир окуясы менен дайын. Бул чекемдеги тырыгым менен байланыштуу. Анын таржымакалы мындай эле. Төртүнчү бекен же бешинчи класстабы, айтор, бала кезде болгондордон.

Жайкы каникул мезгили. Күн ысык. Шаркыратманын оозуна барып сууга түшүп келейин деп турси-майкечен болуп жөнөп калдым, апам безилдеп калды, суу кирип атат, өлөсүң, жалгыз барба деп. Ага көнөмбү, жылт койдум. Топ балдардан ажырабай жүрчү элем, негедир ошол күнү өзүм эле болуп калыпмын. Каналдын боюна келдим. Суусуна түшсөм, муздак экен. Кой, аркы Шаркыратманын жайылып аккан суусуна түшөйүн деген чечимге келдим. Ал жактын жакшы жери чоң жолдун таманы, суудан чыкканда, ысыган асфальтка жата калсаң, не деген керемет. Майкемди колтугума кысып алып, каналдын көпүрөсүнөн туура чуркап өтүп баратсам, бир нерсеге урулгандай болдум катуу. Көзүм ымыр-чымыр болуп, топо-шагыл аралаш жолдо сүрүлүп барып, бозала болуп жатып калганымды бир билем. Анын кызуусубу, эч жерим деле ооруган жок. Коркуп кетип тура калдым. Карасам, бир киши велосипед-мелосипеди менен менден алыс кетип барып жыгылып жатат. Коркуп кеттим, урушат экен деп, балалыгың курусун. Бетим, сүрүлө жыгылган оң капталым ысып кетти. Бетимди сыйпасам кан. Муну көрүп, көөнүм айланып кетти окшойт. Көзүмдү ачсам, ооруканада жатам. Көрсө, велосепеддин кроссу өтүп аткан

экен. Тарткылыкты карабайсызбы, эки жакты карабай туруп, туура чуркап чыкканымды.

Сапар бүтүп, эртең кайталы деген күнү жээним, анык киндик кан тамган айылыңызды көрүп, көзү өтүп кеткендерге куран окутуп келели келгениңизге жараша деп Дөбөлүнү карай жөнөп калдык. Нарын дайрасы көк ирим болуп кирип турган кези экен. Бууракандап аккан суу Теке-Секирик кыянын түшө калышында жээктен ашып,  жолдун таманын жайпап атыптыр. Өйдө карасаң, асман тиреген кырка тоо токою менен оюнда көк-жашыл болуп жыш өскөн арча-кайыңдуу кең колот, буларды тепчип аккан дарыя айдоочум Владиславды кош көңүл калтырган жок. Мынабул машиненин жолу жүрүп отуруп мен төрөлгөн жерге алпарат эмеспи.

... Төрт-беш жаштагы кезим. Кызамык менен оорупмун апамдын айтымына караганда. Төшөктө жатып калдым. Биздин айылда медициналык жардам көрсөтчү жайы бар беле, же жок беле, билбейм. Билгеним, ушул эки жолу төшөктө жаттым, деле догдур дегенди, дары ичкенимди билбейм. Врач дегенди кийин шаарга келгенден кийин гана билдим. Бир күнү сакайып калсам керек, эртең менен турсам, өзүмдү жакшы сезип калыпмын. Эжекем мешке нан салып атканын билем. Энем үйдө жок экен. Негедир нан жегим келди. Эжем мени көрүп сүйүнүп кетти: «Айыгып калган турбайсыңбы, секет кетейин» – деп, ысык нандын четинен сындырып бере салды. Аны жегенден кийин эшикке чыгып ойногум келди, бирок эшикте алиге дейре кар кете элек. Жаз биз жакта кечирээк келет эмеспи.

– Энем кайда кетти, – десем,

– Аркы таякемдердикине кетти, – деди. Нан бышырганга  алаксып жатып, менин сыртка кийинип

чыгып кеткенимди байкабай калды окшойт эжем. Кар тапталган ичке чыйыр жол менен таякемдикине бармакка чыктым. Алардын үйү бир далай эле. Басып отуруп мектептин тушуна келгенде, ал жактан «орус агай» чыкты итин ээрчитип. Колуна кармаган сумкасы бар. Ал кишини мектепте окуган кошунанын балдары «орус агай» деп аташчу. «Орус» деген сөз мага бир мокочо катары кабыл алынчу. Аки-чүкүсүн кайдан билем, эмне үчүн ушундай аташканын. Ыйлаак балдарды «орус келатат, орусту чакырайын» дегенде дым болчу. Ушундай «саясатты» биздин элеттиктер чыгарса керек. «Орус орус ойрон, отуз күнү майрам, тактайдан челек жасаган, чочконун этин ашаган» деген эжелеримдин ырлары азыр да эсимде. Мусулман элине «чочко жейт» деген эле сөзү жетишет эмеспи жек көрдүргөнгө. Орус агайдын жанында шимшилеп ити жүрөт, куйругун шыйпалаңдатып ары-бери чуркап. Муну көрүп каякка жашынарымды билбей, карбаластап калдым. Карасам, жанымда өтө терең эмес күрткү бар экен. Ошоякка кандай барып жата калганымды билбей да калдым. Коркунучтан суукту деле сезбейм. Үстүмдөгү тонум менен бутумдагы чокоюмдун жылуулугунан эле калдым. Ойлоп коём, ити үйрөтүлгөн деп укчу элем, мени тигил кишиге таап берсе, эмне болом деп. Коркунучтуу ойлор боюмду ээлеп алды калтырак басып. Кудай жалгап, мен жакка келген жок окшойт ити. Башымды кылтыйтып чыгарып, аларды улам-улам карап коём. Бир карасам, үйүнүн эшигин ачып кирип кетишти. Отурган жеримден атып турдум да, таякемдердики тарапты карай жыгылып-кооп жетип келдим. Энем жаңы чыгып келатыптыр үйдөн. Мени көрүп эси ооп кала жаздады. Төшөктө ооруп жаткан баласы кыштын кыраан чилдесинде издеп келгенин көрүп...

Эми минтип аз да болсо билимдин артынан түшүп, Россияда жашап калдым, орустар менен тууган-дос болушуп, «отуз күндүк орустун майрамдарын чогуу тозуп, чочконун этин бирге ашап» дегендей...

Ошентип, үч күн толук киндик кан тамган жеримде болуп, андагы чекеси оюлбаган эскермелеримдин кай бирлерин эстеп, бир капшытым толуп, эс алып кайра кайттык. «Туулган жердин торгою турумтайдай, желедеги кулуну тайдай, кыздары периштедей көрүнөр», –деп казак боорлоштор бекер айтпаптыр да. Чиркиндики ай!

## БАЛА ЧАКТАГЫ КӨЗ ИРМЕМДЕР...

...Итибиз бар эле. Кеч күз. Таң эртең. Энем адатындай эрте туруп тышка чыгып, оокаты менен алек болуп аткан. Бир маалда өзүнчө эле кубанып кобурап атат, итибиздин атынан айтып. Көрсө, тоңгон жаңы сойгон малдын этин бир табак кылып, таң атпай тиштеп келип, алдына коюп, ары басып кетиптир. Иттин да асылдары бар экен.

...Энемдин – «Ой, какмар, аксакалдардын батасын аласың, колдоруна суу куй» – дегеничи, барган жерде алардын колго суу куйган балдары түгөнүп калгандай. Анан дагы шилилеп туруп, улуу кишилердин түптөрүн ичиргеничи. Аксакал кишилердин тамак ичип атканда, алдыңкы эрини мурдуна жетип «кемшеңдеп», мурут-сакалдан, ууртттарынан ылдый аккан майлуу шорполорун карап туруп, жийиркенгенимди кантип айтам энеме. Ал мезгил жетишпеген заман экен да, азыркыдай жаактардан тиш качып калган чакта келишимдүү кеп тиштерди коюш кайда-а. Баары бир алардын түбүн (кешигин) ичип калгамын да. Ошондон улам бата тийге-ен, жарым жартылай болсо да. Ким билет, алардын түбүн жийиркенбей ичкенде, балким...

*«Жумгалдык Мидин сен элең,*
*Таластык иниң мен элем.*
*Керемет акын сен элең,*
*Кешигиң ичкен мен элем»*
*Байдылда.*

PS. Кешик ичүү – бул ата-бабалардан калган салт. Ата-энелер балдарын, бакыбат турмушта жашашсын, мартабалуу жашка чыгышсын деген тилек менен жаралган ырым. Дээрлик эле улгайган кишилер, же келбет түзүлүштөрүндө мүчүлүштүктөрү барлар буга тартылбайт. Сөз инсандардын кешиги жөнүндө болуп жатат. Азыр бул ырым санитарлык-гигиеналык нормативге дал келишпесе да колдонулат. Азыр деле кыргыз муну четке какпайт...

## СУУ БАШАТЫ МЕНЕН БААЛУУ

Менимче, элет жери бул кыргыздын салт-санаалары, каадалары, улуттук менталитетке жараша философиялык ой жүгүртүүлөрү, ыйманы, сый-сыпаты жана башка ушуларга окшогон улут сапаттарынын нукура уюткусу болуп келген. Бирок цивилизация, цивилизация деп атып, кээ бир улуттук баалуу боёктордон ажырап калып жүрөбүзбү дейм. Бул законченемдүүлүкпү, же биздин шалаакылыгыбызбы, айтор, биле албайм. Ыраматылык Турдаалы таякем жайлоодо экенибизде, бизден аркы кыя жолдо кетип бара жаткан атчандарды чакыртып, кымыз бердирер эле үйдүн жанынан жөн өтпөй, даам ооз тийип кеткиле деп.

Өтүп кеткен инсандарды баардык эле пенде сыйлайт го. Бирок кыргызда бул өзгөчө. Атайын барып, жакындарга куран окутуш парс, арбактарды эстеп. Му-

нун да тирүүлөргө бир тарбиялык мааниси болсо керек. Куран окуп жаткан жерде кичине калпагын кыйшайта кийип, тепейип сыңар тизелеп, алакан жайып куранга бата кылып олтурган кичкинтай балдарды көрүп, ичиңден ыраазы болосуң. Бир курдай жакын эле туугандар каза болуп, кабар келиптир мага. Барчу жер чынында алыс, бирок убакыт бар эле, топурак салганга жетишкени. Мекеме башчысы европалык адам эле, жайымды айтып, уруксат сурап кирсем: «бул силер, кыргыздар, кандайсыңар: бүгүн кошунам, эртең атамдын досу, бүрсүгүнү аялымдын дагы бир жек-жааты өтүптүр деп жүрсөңөр, ким иш жасайт. Анын үстүнө силер ушуга окшогон ырым-жырымдарга деле жакын экенсиңер» – деп мени маданияттуу узатып койду. «Ооба, сиз «калети жок» айттыңыз. Биз ошол ырым-жырымдарыбыз менен кыргыз болуп айырмаланабыз бөлөк улуттардан, бул эмне жаманбы» деп ачуулана жооп берип койдум чыгып баратып ичимен.

Ишимде олтурсам, бир аксакал келип калды. Алыстан келиптир оорулуу кызын көргөнү. Аркы-беркини сүйлөшүп олтуруп калдык. Сүйлөгөн сөзүнө караганда, аксакал сыйга татыктуу кишилерден экен. Бир топ акыл-насааттарын айтып бүтүп: «Айлыңа барып турасыңбы» – деп капысынан суроо берип калды. Шашып кетип, «ооба» – деп койдум. «Билесиңби баланчаны», республикага таанымал эле адамды айтып калды. – Былтыр ошол киши депутаттыкка ат салышып барыптыр айылга. Бирок ал киши өтө албай калбадыбы. Ушунчалык чоң даражага жетиптир окуунун артынан жүрүп. Жердештердин ага наразылыгы бир эле нерсе болду: ушуга дейре бир келип чычкан мурдун канатпай койгонуна. Себеп дегенде, ошол жерде ата-энесинин сөөгү коюлган, өзү төрөлгөндө, андан

кийинки жакшылык тойлорунда деле ошол эле жердештери кол жайып бата беришкен да. Балким, ошол баталар тийип, ушул даражага жеткендир, ким билет. «Эми депутаттык мандат алганда гана эл керек экен да», – деп коюшту жакын эле туугандары. Билсеңиз, бул – өзүнчө философия, кыргыз үчүн», – пенсионер педагог аксакал сөөмөйүн көтөрө сүйлөп. Аксакалдын ушул сөзү мага аябагандай жагып калды, аны сөз келе калганда айтып да жүрөм.

Айылдын өзүнчө бир кереметтүү байкоолору болот эмеспи. Шарактаган жеңелер, алардын кумарланта сүйлөгөн чымчыкей сөздөрүчү, тыңсынып тийишип сүйлөгөн кайын инилеринине жооп кылып. Ии-ий, койчу, эмнени гана айтайын, чиркиндики. Ал эми иш жагынан келгендеги күчүн көрүп таң каласың. Өзүңүздөргө белгилүү, той-аштарда кыргыздын келиндерине түшкөн түйшүк да. Өзгөчө айыл жеринде суугуна, карына, жаап жаткан нөшөрүнө карабай, келген кишилерди узатуу келиндер менен тестиер балдардын мойнуна жүктөлгөн жөнөкөй эмес, оор милдет бар эмеспи. Жанына батып кетип, бир келин айтат дейт: «көрөр элем он кишиге чай беришти». Ансыңарындай кырк элүүдөн киши тосуп, аларды узатуу эмнеге турат. Жеңелеринин тапшырмаларын аткарып, аткарбай, кез-кези менен тил уга коюп, чала уктаган көздөрү чычаладай кызарып, кайын инилери тыпылдашып иштеп жүргөнүчү, муну карап туруп, мен башымды чайкап таң калам, не деген күч. Чарчадым, чаалыктым дегендер деле жок. Бул – өзүнчө эле күжүлдөгөн процесс. Буларга деле боор ооруган жан болбойт. Кыргызда тарбия ушундай. Шаарда бул иш бат эле чечилет эмеспи, той-топурларын кафе, ресторандардан берип. Бирок, менин оюмча, мунун терең тарбиясы аткарылбай жат-

пайбы билгенге. Ушул тууралуу кээде мага ой келет: эгерде бизнесмен болсом, тыйындын көзүнө карабай, айылдык жеңем менен ага кол кабыш кылган кайын инисине килейген монумент тургузар элем, шаардын так ортосуна.

И-ии..., анан дагы айыл аксакалдарынын тестиер балдарды шакаба кылып эрмектегеничи, моокуму кангыча күлүшүп. Кичинемде бир аксакал мага аябагандай асылчу эле. Ошол кишиге көрүнбөскө аракет кылчу элем. Жолугуп калса, же болбосо үйгө келип калса, мен үчүн беймаза эле. Ал кишинин мага берген суроолору мени жаман бушайман кылчу эле убагында. Маселен, «Кимдин баласысың?» – деген суроосуна: «Мен баланчанын баласымын» –десем, «А баланча кимдин катыны?», «Сага тигил кемпирди алып берейинби, же муну келин кылып берелиби», анан туруп, «деги сенин эркек бала экендигиңе мен ишенбейм, белгиңди көрсөтчү», ...ий, дагы ушуга окшогон далай суроолорду берип туруп алат кыжырды келтирип, тажатып. Менин чычалоомо боорлору катып күлүшүп, жыргап калышат. Бирок анан момпосий берип, жакшы сөз менен алдап коёт аягында жооткоруп. Ичимен жаман көрсөм да, орой сөз оозума алчу эмесмин. Балдардын сөзү эң бир кызык экендиги, алардын көңүлдү көтөргөн жообунун мазесин мен бүгүн пайгамбар жашына келгенде анык сездим. Суроо берип, кумарлангым келет кичкинтайларды көрүп, бирок азыр...

Эх, чиркин! Айылдагы байбичелердин, апалардын жалынган сөздөрүн сагындым. «Каралдым» деген энелердин сөзүнүн маанисин көп деле түшүнө бербейт экемин. Бирок муну укканда кадимкидей жүрөгүм эзилип кетет. «Алдыңа кетейин, кагылып, секет кетейин, ырысым, мээнетиңди алайын, берекем», дагы

толгон-токой жалынган апалардын сөздөрү кимди болсо да кош көңүл калтырбайт. Апалардын кара жанын садага чаап жалынуусу биз менен тектеш элде эле байкалса керек дейм. Эң кызыгы, бул сөздөрдү жакын эле адамдарына карата айтпастан, тааныбагандарына деле айтышат эмеспи. Жарыктык, кишилерден мындай жылуу сөздөрдү уккан жан эмне кыларын да билбей калат. Эх, кыргыз апаларымдын мааниси терең, гумандуу дипломатиялык маданияты, ай! Балким, ушундай сапаттардын арты менен биз кылымдарды карытып келатабызбы, бир ууч улутубузду сактап?

*«Адабий гезит», Ноябрь, 2006-жыл.*

## МИҢ КҮНГӨ ТЕТЕ БОЛГОН БИР ТҮН

Жай айы. Каникулга тарадык. Энем «эс алып, ак ич жайлоого барып, таякеңдин малына кол кабыш кылып кел, шаарда жөн эле колоктоп жүрө бербей» деди. Июнь айы. Малчылар тоого чыгып кетишип жакада жатакчылар эле калган учур. Кечки автобус менен келип, жаңы эле түшсөм, кудай жалгап таякемди көрүп калдым. Теңтуштары болсо керек, эки киши менен сүйлөшүп, айылдын дүкөнүнүн жанында туруптур. Аттарын мамыга байлап коюшуптур. Сүйүнүп кеттим, буюрса, жайлоого бүгүн эле кетебиз го деп. Таякем да мени көрүп ыраазы болуп калды. Учурашып болгондон кийин, досторуна «бул молокой болсо, шаардык жээним. Жакшы окуйт, зээндүү, таякеме жардам берем деп келген турбайбы, алдыңа кетейин, сарым» – мени алкап, досторуна тааныштыра кетти. Таякемдин барбалаңдаганына караганда, кызуурак окшойт. Аңгыча дагы бирөө келип калды, койнунда бир немеси бар

култуйган. «Жүргүлө» – дегендей ишаарат кылышып, кудуңдашып арыктын жээгине карай басып калышты. «Бас, ай, шаарлык жээн, базарлык барбы?»Таякемдин бир жолдошу мени ээрчитип алды. Бир далай олтурушту арак ичишип. Катуу эле кызып калышты. Аныcы аз келгенсип, менин базарлык алма-салмалар салган чаначымдын түбүн түшүрүштү таякем экөөбүздү мактай беришип. Ошентип, түн оой аттандык жайлоону карай. Таякем «эртең менен эле кетпейлиби» деген менин сөзүмдү угуп да койгон жок. Учкашып баратам. Ат да арыгыраак окшойт, куймулчак менен чычаңымды аттын кыр аркасы өйкөйт оорутуп. Эски мүрзөлөрдүн арасынан өтүп баратабыз. «Ач арбак, «көзгө көрүнчү», «албарсты» дагы ушуга окшогон легендаларды аябагандай кызыгуу менен укчу элем, эжелеримден кичинемде. Угуп жүрүп алардын барына ишенип деле калган элем. Биз өтүп бараткан эскилиги жеткен коргондордон күндүзү деле жалгыз өткөндөн коркчу элем. Эми минтип мас таякем экөөбүз аларды аралап баратабыз түндө. Таякем кез-кези менен ырдап да коёт. Ансыз эле жүрөгүм алеп-жалеп болуп коркуп баратсам, бул кишиники да өттү. Кыжаалаттык көбөйгөндөн көбөйө берди. Кокусунан бирөө «ой» десе, жүрөк кабынан чыгып кетчүдөй абалдамын. Же аны алагүү таякем сезбейт. Улуу кишиге андай-мындай дей албайсың, анын үстүнө кызуу. Атка учкашканың курусун. Шымымдын багелектери өйдө сүрүлүп келип, такымыма чогулуп, ичке балтырым жылаңач калды. Жол боюндагы калың өскөн чийлер колоктоп келе жаткан жылаңач шыйрагымды сайгылап, булар да беймаза кылды ушул эле жетишпей тургансып. Өзгөчө калың чийди аралап кеткенде алар бирөөнүн сыйпалаган жүндүү колундай болуп сезилет. Антсе, дене-боюм дүркүрөп, жүрөгүм

оозума каптала түшөт. Деги койчу, эмнени гана айтайын. Деле өтүп кетти таякемдики. Ичимен күнгүрөнүп, энем үйрөткөн келмени жан талашып, тынымсыз кайталай бердим. Ошентип отуруп, эптеп ошол туштан өттүк окшойт. «Өх» деп жеңилдей түштүм. Коркконумдан өйкөлгөн куймулчагымдын ооруганын да билбей калыпмын. Ал эртеси сазайымды гана колума берди го, баса албай ыйкаландап. Таякем унчукпай бастырып келе жатат. Далай жүрүп койдук, эс алып калды окшойт. Бастырып баратып, негедир таякем чукул бурулуп, кокту аралай бастырды. «Таяке, бөлөк жолго түштүк го» деген тынчсызданган бүшүркөөмө: «Жөн олтурчу, насвайым түгөндү, баланча деген байкеңден насвай ала кетейин, патрон да ала кел деди эле, ошонусун да берейин» деп бурк этип койду. «Андан көрө атты откоруп, мени күтүп тур» – деп, коктуга түшүп кетти мени калтырып. Коркунуч мени кайра каптады. Зикир чалдым го. Анан да түндүн узундугун айтпа. Таң атыш мага кыяматка турду, жайлоосу менен жамыран калгырдыкы. Кайдан да келдим эле деп, өзүмө өзүм беймаза да болдум. Коркуп, атты откоруп жатып, көзүм да жумулуп кетиптир. «Шыбырт-шыбырт» дегенден чочуп, ойгонуп кетсем, таякем келатыптыр. Насвайын чырт эттирип түкүрүп, «кеттик, Шакы» деп көңүлдүү, аттын ээр-токумун оңдоштуруп, шаша-буша атка минди. Кантип эле насвайга эле көңүлү көтөрүлүп калсын. Дагы бир неме ичсе керек тияктан деп ичимен таякеме наразы болдум. Ошентип, көздөн учкан жайлоого да келдик таң ата. Түнкү таарынычтарымды эртеси таажеңеме айтып бердим, төкпөй-чачпай. Ал киши деле менден «кандай келдиңер» деп сураган деле эмес. Таякемдин насвай алам деп кетип, далайга жоголгонун угуп, бирдеме байкап калгансып, мени сырдуу карап

алып, анан кайсыл жерден түшүп, канча убакыт жок болгонун такып сурады эрикпей. Аны угуп, сырлуу башын чайкап, өңү бир аз бузулганына караганда, тааженем бир немени сезгенин түшүнүп калдым. Бекер айттым окшойт деп ойлоп калдым, бирок кеч болуп калды. Эми араң эси жоктук кылганымды сездим. Кечинде таякем менен тааженем кыжы-кужу болуп калышты. Көрсө, таякем насвай эмес эле, бөлөк «жумушка» барган турбайбы. Кийин, «эк, какмар десе, сени элге мактап жүрсөм, ишенимди актабадың, жаман сары, начар эле киши болосуң» – деп чындап эле мурчуюп таарынып калды таякем мага.

## КЫЙКЫРЫП АЙТАМ, КЫРГЫЗЫМ!

*«Укпаганга кыйкырып айт,*
*Укканга шыбырап айт».*

*Ф. Ларошфуко*

«Эй, Россия, Россия, бир боор энем. Мен өңдүү тоо кушуна койнуң кенен» деп өткөн кылымда элибиздин белгилүү акыны айткандай, орус элинин жүрөгү болгон Москва шаарына, илимимди өркүндөтсөм деген илгери үмүт менен келип түштүм. Жайланыштым. Тыпылдап ишимди кылып жүрөм. Көнө да баштадым бул элге, жерге.

...Жаздын жылуу күндөрүнүн бири эле. Иштеримди жыйыштырып, шаарга чыктым. Жанга жагымдуу жер болгон «Александр» гүлзар-бакчасына келип, орунтук алып, айлана-көрүнүшкө суктана карап олтурдум, эс алып. Бул жер менин эң бир жакшы көргөн жерлеримдин бири болчу. Көп келчүмүн. Бул бакчадан ирээт-ирээти менен отургузулган не деген гана гүл-

зарларды көрөсүң. Айлана өзгөчө бир керемет, өзүңдү бир жасалгалуу сарайда отургандай элестетесиң. Кыялымда алардын коолдугун биздин саймалуу туш кийизге, асемделип шырылган шырдакка салыштырып кетчүмүн. Аркы-берки ойлор менен кыялданып олтуруп, убакыттын да кандай өткөнүн билбей калыпмын. Түштөнүп алып, ошол эле жерге жакын жайланышкан И.М.Калининдин үй музейине баруунy чечтим. Ушул мезгилде Советтер Союзунун ыдыроосу башталып калган учур эле. Коммунисттик идеологиянын таасири басаңдаганы көз көрүнө байкалып турган. Ошол себептенби, же негизи эле бул музейге адамдар өтө аз келишеби, айтор, музейде менден башка адам болгон жок.

Музей кичине болгону менен маанилүү тарыхый маалыматка бай экенин экскурсоводдон билдим. Убагында «бүткүл Союздук аксакал» Михаил Иванович Калинин, «чүкөдөй чал» болуп көрүнгөнү менен коомдук формация алмашууда кошкон салымынын баараандуулугу социализм доорунда жашап калгандарга дайын эмеспи. В.И.Лениндин күрөштө сыналган ишенимдүү партиялык жолдошу болуптур учурунда. Тарыхый инсан тууралуу маалыматтар толук чагылдырылыптыр коюлган экспонаттарында. Жаш кезинен баштап падышалык режимден жалтанбай, эзилген элдин талабын талашып, далай жолу эркинен ажыратылып, түрмөгө отурууга кирептер болгонун, ошол мезгилдеги турмуш барактары баяндап турат. Аларды өтө кызыгуу менен таанып билдим. Убагында ал кишинин колунан мамлекеттик сыйлык алган кыргыздын чыгаан уул-кыздарынын эскермелерин эстедим. Көрүүнүн соңунда ошол мезгилдеги он беш союздук республиканын искусстводогу жетишкендиктерине арналган

көрсөтмөгө келип токтодум. Аябагандай көркөмдөлүп жасалыптыр. «Биздин искусство жөнүндө эмнелер жазылып-айтылыптыр» деген суроо менен ашыга карап жаттым Кыргызстанга арналган көрсөтмөдөн биринен сала бирин. Менин билип-билбеген мекендештеримин искусстводогу жетишкендиктерин бул көрсөтмөдөн көрүп сыймыктандым. Бирок негедир бирдеме жетишпегендей болуп тургансыды, экспонаттарда. Капысынан эстей калып: «Эй! Чыкем кайда?» – деп ийипмин чочуп кетип, өзүмчө. Кызык, ал кишинин чыгармалары көрүнбөйт го! Бул эмнеси, же жаңылыштыкпы?» – деп музей кызматчыларына нааразы болдум. Бир ой кылт дей түштү: «Чыкем казак туугандарга да жакын эле, балким ал кишинин чыгармаларын алмаштырып, казактардын көрсөтмө бөлүмүнө жайгаштырдыбы?» – деп Казак республикасынын экспонаттарына бардым. Чындыгында эле, эң көрүнүктүү жерде Айтматовдун чыгармаларына арналган орун, казак туугандарыбыздын стендинде ташка тамга баскансып бадырайып турат. Бул бир айылдык музей эмес да, биякка адамдар жеке эле Союздан эмес, чет мамлекеттен келишет. Уят. Кечирилгис чоң саясий жаңылыштык! Таң калдым. Бул тууралуу саал кызыл кандуулук менен экскурссоводго кайрылдым. Таң калуу али да болсо эрте экен, көрсө. «Разве Чыңгыз Айтматов ни казах?» – деген музей кызматчысынын суроосу мени чындап эле ардантты. «Эк! Сурооң менен сумуран калгырдыкы» – деп ичимен аябагандай кыжырым келди, ушундай макоолукка. Бул тууралуу менин принциптүү мамилемди айттым. Далил мен жагынан анык болгонунан, экскурсовод кетирилген катачылыктарын моюнуна алып, жакынкы күндөрдүн ичинде оңдоп коюшарын айтып, кечирим сурады. Кийин ага текшерип бара алган жок-

мун, чолоом тийбей. Бирок айтып калгам, ал жердеги иштеген кишилерине.

...Айтылуу «Лужник стадионунда» спорт жана физкултурага арналган спорт музейи бар деп укчу элем. Бир күнү атайын ага да бардым, адатымча. Эң кызыктуу музей болуп чыкты. Көрсөтмөгө бай экен. Падышалык Россиядан баштап, ушул күнгө дейре спорттун жетишкендиктери көрсөтүлүптүр. Тарыхый экспонаттардын арасында орустун балбаны Иван Поддубныйдын колу менен ийген темир така да турат. Ушул сыяктуу көптөгөн кызыктарды көрүп жүрүп олтуруп, кыргызстандык спортсмендер жөнүндө баяндаган стендге кандай келип калганымды да билбей калыпмын. Сүйүнүп кеттим. Бизге сыймык болушкан белгилүү мекендештерибиздин сүрөттөрү дубалга илиниптир, ирээти менен. Алардын ичинен легендарлуу олимпиада чемпион Каныбек Осмоналив биринчи орундун тепкичинде туруп түшкөн сүрөтү мени аябагандай толкундантты. Жергебизде ушул сыяктуу жетишкендиктерди укканда: «Оо, азамат турбайбы!» – деп коёбуз ооз учунан. Бирок алыста, бөтөн жерде жүргөндө, алардын жетишкендиктерин көрүп, чын жүрөгүң менен кабыл алып, алар менен сыймыктануу сезими күчөйт тура. Стенддин тушунда Кыргызстандын желеги сайылып туруптур. Ага жакын турган столдун үстүндө сырты күрөң тери менен капталып, тышында Кыргызстандын герби тартылган салмактуу албомду көрдүм. Көрүнүшү аябагандай эле барандуу экен. Альбомду ачып, андагы спортсмендердин парадынын сүрөтүн көрүп, чочуп кеттим. Спортсмендердин кийимдерине караганда, кыргыздар эмес, хакасыбы же бурятыбы, айтор, өңдөрү эле бизге окшошпосо, тышкы кийимдери – ошол элдердин улуттук кийими. Улуттук оюулары бөлөк, баш кийими бөлөк, кемсел-шымы бөлөк, деги койчу, эмнени гана

айтпайын, жаман абалда калдым. Шагым сына түштү. Бир заматта жакшы сезим өчтү. Бул жаңылыштыкты көнгөн адатымча, администрациясына барып арызданa кеттим. Менин жүйөлүү кебиме айласыздан ынанышты, «реставрация кылабыз» деп албомду ордунан алып коюшту, менин көзүмчө. Музейден чыктым бир ой менен: «бизди кичине эл деп этибар алабы, албайбы, билбейм анысын, бирок алардын билимине наразы болдум. Ким түзсө да, музей кызматчылыры үчүн бул – уят маселе». Музейден маанайым пас чыктым. Ушул темада ойлонуп баратып капысынан бир окуя эсиме түштү. Бирок ал Фрунзеде болгон. Муну менин бир байкем айтып берди эле. Ал киши Совет мезгилинде көп жылдар бою өкүмөт үйүндө кызмат өтөгөн киши болчу. Байкенин эскерүүсүнүн мааниси төмөндөгүдөй эле. Тээ жетимишинчи жылдын орто ченинде Кыргызстандын 60 жылдык маарекесине Советтер Союзунун Коммунисттик партиясынын секретары К.Черненко Республикага орден тапшыруу үчүн Фрунзеге келет. Политбюронун мүчөлөрүнүн келиши «пайгамбар» келгендей эле сезилчү убагында. Аларга көрсөтүлгөн урмат элдик майрам менен башталып, Борбордук аянтта парад менен аяктачу. Черненкону сыйлоо эң жогорку деңгээлде өтүптүр, байкемдин баамында. Салтанатуу жыйындан кийин соң, өкүмөттүк дачада майрамдык банкетке чогулушат, кечинде. Алгачкы сөз конокко берилет. Ал киши ордунан жай туруп, айлананы кыдырата карап алып, кичине ойлоно калып: «Дорогие мои друзья, грузины» деп баштап, сөзүнүн аягын коммунизмдин жеңиши менен бүтүптүр. «Залда жымжырттык өкүм сүрдү» дейт ошол үлпөттү карап турган байкем. Эч кими ал кишинин катачылыгын даап айта алган жок дейт...

Жогорудагы айтылган сөздөрдүн маанисин эми гана түптөлүп келе жаткан мамлекетибиздин улут саясатына бургум келет. Жыйырманчы кылымдын аягында Кыргыз элинин «көктөн тилегени жерден табылды», суверинитетке ээ болдук, ал буюрсун. Күнкорлук башыбыздан көп өтпөсө да, эми өзүбүзчө түтүн булатып келатканга аз эле жылдар болду. Мындай эркиндикке тымызын эле ээ болуп калыш – тарыхый бакыт. Миллиондогон калкы бар айрым улуттар буга жете албай жүрүшпөйбү.

Биз жеттик. Эми аркы беркини унутуп, жаңы, анык Кыргызстандын эл биримдигин түптөйлү, кандаштар. Мунсуз мамлекет, мамлекет болбойт. Бизде да бар ашкере улутчулук кылыктар. Оңололу десек мындайды ташташ керек. Өткөн кылымдарда бекеринен Молдо Кылыч айтпаптыр, элин байкап туруп, «сураса кыргыз орусту, тердирип коймок коңузду», – деп. Республиканын аймагында жашап жаткан мекендеш болгон, саны жагынан аз элге мамиленин түздүгү, улутчулдуктун баарлык түрлөрүнө жол бербөө, өзгө болобу, жатка болобу, сый-урмат жасоо болбосо, мамлекетибиздин бутуна туруп кетүүсү божомол.

Акыркы мезгилдерде элибизде курч, опурталдуу учурлар болуп өтпөдүбү. Дагы кандай сыноолор бизди күтөт? Тарыхта кыргыз эли эмне деген гана замандарды башынан өткөрүшкөн: тыптыйпыл кылган согуш, мамлекеттүүлүктү жоготууга дуушар болуу, көчмөндүк, талануу, деги койчу, элибиздин бакубат турмушта болуп, «кой үстүндө торгой уялаган жылдары» болбосо керек. Бекеринен «Өзөн барбы, кыргыз сөөгү жатпаган» деген трагедиялык уламыштар айтылып жүрбөсө керек. Тарыхыбызды унутпайлычы. «Атам» замандан бери, кыргыз атка конуп, улуттук рух намысыбызды

ушул заманга дейре тутуп келип, мындан ары аны өнүктүрө албай калсак, өзүбүздүн эле шор. Курулай эле сөз менен жүрө бериш өзүбүзгө эле зыян. Эмне? Бизди көрө албагандар аз дейсизби? Андайлар четинен чыгат. Кичинекей Кыргызстанды өз жерим деп мекендешкен улуттар менен биргелешип ишенимдүү жашоо, мамлекетибиздин биримдигин сактайт. Бизди мамлекет түзүүчү эл деп коёт, бул – чоң жоопкерчилик. Ошондуктан ар бир кыргыз атуул өзүбүз олтурган бутактын бекүүсү, өзүбүздүн колубузда экенин унутпоосу керек. Тарыхта шылдың болбойлу, боорлоштор! Көзүңдү чоң ач, кыргызым!

*«Кыргыз руху» гезити, № 47, (564).*
*Сентябрь 2005-жыл*

## КӨЧҮБҮЗДҮН БАГЫТЫ ЖАЙЛУУБУ?

Ажо Кыргыз элине берген антын бузуп, туулуп-өскөн жерди, элди таштап кеткен учур. Мындайды башынан өткөрбөгөн, кылымдарды карытып келаткан эл эмне кылышты билбей, кыжалаттыктын чеңгелинде. Дүйнөгө заматта дайын болуп, атың чыкпаса, жер өрттө кейпин кийип турдук. Сынчыларды эми айтпай эле кой, четинен эле чыга баштады. Ошол күндөн эки сутка өтпөй эле Россиянын телеканалдарынан бизге арналган тон бычуулар башталды. Ал жердин политологдору ушул маселе тууралуу өздөрүнүн ойлорун айтышты. Талкуу жогорку чыңалууда өтүп турду. Ойлор ар кырлуу болду. Жүрөк жылытчу көз караштар да болду, буга аябагандай эле муюйт экенсиң. Тескерисинче, «бул эл өзүнчө мамлекет боло алчудай эмес, андан көрө коңшулаш өнүгүп бара жаткан мамлекеттер-

дин бирөөнө кошулушу керек» деген ой такымга суу чыбык менен тартып ийгендей селт эттирди. Бул сөздү кыргыз журту кандай кабыл алды? Чынында, мындай учкай айтылган сөз кыжырды келтирди, көздө ок болсо, аткың келди ошол кишини. Бирок ойлой келсең, анын да бир себептери болсо керек. Сандырактап эле бирдеме айтып койду деп айта албайм, ал кишинин биз жөнүндөгү оюн. Ушинтин кашкайбай туруп мамлекетүүлүгүбүзгө шек келтирүү бизди ойлонттубу, улуттук намысыбызга тийдиби, арданттыбы? О-ой, билбейм.

Өзүбүзчө болуп, жаңы эле күнкор эместиктин билиги үлпүлдөп күйүп келе жатканда, буга да кош көңүл карашкандар табылат экен. Буюруп, улуттук боштондук күрөшүүсүз эле суверенитетке жетиштик. Тобо, дейли. Бул – бактылуулуктун анык туу чокусу билген кишиге. Ата-бабабыздын арбагы ордунан бир которулуп алды го дейм, өз алдыбызча түтүн булатканга. Бирок жетишкендигибиз азырынча морт, суктануу али да болсо, эрте окшойт.

Деги биз кимбиз? Бул риторикалык суроого келишпесе дагы бир анекдот сымал көрүнүштү айта кетейин, окурман. Бир жолу кытай жараны, кыргызга жолугуп калып, «сиз кайсыл улуттан болосуз» – деп кайрылып калыптыр. «Мен кыргыз болом» – деп жооп кайтарыптыр. «Кечирип коёсуз, мен билбейт экемин, мындай улутту, саныңыздар канча»? – деген суроосуна сыймыктуу үн менен балп эттирип, «биз беш миллионбуз» – дептир алабарманым. Кытай киши анда көп ойлонбой туруп, «сиздер анда бири-бириңиздерди жакшы тааныйт турбайсыздарбы» – деген экен. Тамашасыбы, же чыныбы билбейм, бирок улуу элдердин биз жөнүндөгү оюн көрдүңүзбү, кандашым.

Биз кимбиз? Көрөңгөлүү эл элек, аныбыз сакталуудабы? Улуттук генофонд кандай абалда? Көз каранды эместикке жеткен мезгилде статистиканын тили менен Кыргызстаныбызда үч миллионго жетпеген кыргыз калкы бар делинип айтылды. Андан бери 10-15 жыл өттү. Күнүмдүк турмуштун айынан мамлекет аралык миграциялар өөрчүдү. Мунун азабынан ушул тапта жарым миллиондон ашык кыргызстандык атуулдар чет мамлекеттерге кызмат издеп кетишти. Ушундай кадамга анча-мынча адамдар бара алышпайт. Муну тыңдар гана жүзөгө ашыра алат. Атаганат, алардын арабызда турушу ушул тапта эң керек эле. Бул, бир жагынан, саныбызды кемитсе, экинчиси, интеллектуалдык жоготууга алып келинет тура. Муну менен эле чектелип калды дейсизби, социалдык проблемалар да күчөдү.

Кыргыз жаштарында баңгичилик, ачыктан ачык сайпаналык, дене сатуу жана башка ушуга сымалдарды укса, дене бой дүр этчү көрүнүштөр пайда болду. Булар дагы бизди алсыратып, күчүбүздүн кубатуулугуна зыян келтирүүдө. СПИД деген балекети тымызын өзүнүн ордун ээлөөдө. Оор турмуштун запкысын жеңилдетүү жолунда кээ бир кыргыз жаштары аракечтикти тандап алышты. Же өлүп тынбай, же жашап, жан болбой, ата-энесинин пенсиясы менен күн өткөзгөндөр да аз эмес. Чыныбы, жалганыбы айтылып жүрөт го, азыркы айыл жаштарынын билими жөнүндө: сүйлөгөнү «нештяк», жашаган жери кыштак деп. Менин оюмча, мамлекетибизди кармап кетели, бутка туралы, бөлөк-бөтөнгө уят болбойлу деп намыстанып иш жасап, мамлекеттүүлүктү ойлогондор кемигенби, ушулардын азабынан. Мындай ички мүчүлүштүктөрүбүз менен чамебиз мамлекет түзүүчү эл болууга жетишеби? Атаганат, бул менин оюм адашуу эле болсо экен.

Бизде маданият кандай ушул тапта? «Азыркы жаштар мындай-тигиндей» – деп калабыз чоңдор. Буга бир мисал: автобуста жаштар кыт куюп койгон чүкөдөй болуп орунтукка бекемденип олтуруп алып, терезени мелтиреп карап кете беришет, жанында турган улууларга орун бошотпой. Акыркы мезгилдерде андайлар бизде көнүмүшкө айланды. Бирок муну билип коюу зарыл: биз балдарды кандай тарбиялаcак, ошондой болот. «Алма багынан алыс түшпөйт» деген орус элинин макалы жогорудагы айтылганды ырастайт. Тарбия жөн эле келе койбойт. Туура тарбия берүү – бул актуалдык маселе. Бирөөнү тарбиялаш үчүн, өзүң туура тарбияда болушуң керек. Тарбияң жок болсо, бул сөздү оозуңа алба! Андайларды да байкап жүрөбүз арабыздан.

Журтубуздун менталитети кандай? Кимдер менен табакташпыз? Жер соорусун тандап конгон, мартабалуу, ашыкча меймандос, коногуна эмне берерин таба албай калдастап калган, кыйналып тургандарга алачыгын тартуулаган элбиз. Мындай сөздөрдү мен биздин жерди экинчи мекен кылган чечендердин, даргиндердин, казактардын, дуңгандардын, түрк-месхетиндердин аксакалдарынан уккам, угуп жүрөбүз. Мына мобул эле казак боорлош элдер өткөн кылымдын башында табияттын таш боор кырсыгына кабылып (ачарчылыктын айынан), Чүй бооруна оошуп келишкени жалган эмес да. Бир курсактын айынан баш пааналоого туура келди. Ошондо кыргыз өзү кыйналып турса да, колундагысын бөлүштү, жай берип батырды. Эми казагым үзөңгүсүн чирене тээп, көөдөнүн ого бетер калдайтып, айланага салкын карап, дүрбүсүн тээ Европа менен Америкага салып турган учуру. А билесиздерби, кыргыздын башына азап, бүлгүн түшүп, 1916-жылы Кытайга качкын болуп барганда кыргыздар эмнени гана

көргөн эмес экен. Уламыштан уккан аксакалдар айтып олтурушса, ошол учурда кыргызым ит болуп жугунду ичип, мал болуп чөп гана жебептир. Сулуу десең – сулуу, акылдуу десең – акылдуу кыргыз кыздары бир чыны талканга сатылганы, бул улуттук трагедия эмей эмне, боорлош. Кордукту кыргыз эли далай эле башынан өткөрүшүптүр.

Турмуштун запкысына чыдай албай, учурунда дунган эли ата-бабалары мурастаган жерди таштап, биз тарапка өтүүгө мажбур болушат өткөн кылымда. Бат эле жергиликтүү адамдар менен тил табышып, жашап калышыптыр. Ушул тапта эки эл туугандашып, кыз беришип, кыз алышкан кан кудалардан болушуп жашап турушат. Бул элдин бир учурда дагы да баштарына түшкөн бир мүшкүл тууралуу бир аксакалдын өз оозунан эскермесин уктум эле. Совет мамлекети жаңы эле орногон жылдар экен. Азыркы Александровка айылында дунган туугандар отурукташкан жерде бийликтеги революционерлер жашыруун террор уюштурмак болушат. Мунун себеби, жаңы эле жайланышып жатышкан элдин совет бийлиги менен тил таап кетпегендигинде болсо керек деген өзүнүн оюн айтты аксакал. Аны талдап айтыш кыйын, кимдин кандай күнөөсү бар экенин. Репрессия башталат. Тарыхта белгилүү го, революционерлердин өкүмү кандай тездикте аткарылаары. Ошондо кыргыздар өз өмүрлөрүн тобокелчиликке салып, дунган жигиттерин жуурканга ороп, жүккө жыйып, аман алып калышыптыр. Эми азыр алар жалкоо балдарын «кыргызсың» деп мазакташат. Анысы туура, жалкоо дегенине терикпейбиз, бирок салыштырмалуу мазактоодо боорлош дунган элинде мындан бөлөк сөзү жокпу, кантип эле болбосун. Уят эле, тобо.

Биз кимбиз, кайда баратабыз, көч башы ким, же болбосо кимдер? Мен кесибим боюнча хирургмун. Биз-

дин иш өтө жооптуу жана опуралдуу. Кызматыбыз адамдын ден соолугу менен байланыштуу. Эгерде мен жасаган операциядан жаңылыштык кетсе, оорулуу майып болот. Бул бир үй-бүлөнү мүңкүрөтүп жабыркатат. А эгерде өкүмөт башындагы саясатчылар жаңылса, ал дээрлик бир муунга доо келтирет. Менин оюмча, мүчүлүштүктөр биздин көч башындагыларда го. Деги качанкыга дейре кайран эл тар капчыгай, тайгак жолдо жүрөр экен. Алыкул Осмоновдун ыр саптарында айтылгандай, «коё турчу, из карайын, ата-журт» – деп эле адашып жүрө беребизби?

Урматтуу окурмандар, ушунака менин оюм. Көөдөндөгү кээ бир толгонууларды күбүр-шыбыр имиштер менен далилдемиш болдум, аным жараштыбы, же жокпу, сиздердин калчооңуздарда. «Уккан кулакта жазык жок» – дейт го, өтүрөөк болсо, кечирип койгула. Ушул оюм менен мен тумчугуп жүрөм.

*«Кыргыз руху» гезити,*
*№ 16 (613). 2006-жыл*

## ЭСКИНИ ЭСТЕБЕСЕҢ, ЖАҢЫ СЕЗИЛБЕЙТ ЭКЕН

Тээ жетимишинчи жылдардын орто чени. Медициналык институтту аяктагандан кийин жолдошум менен райондук ооруканага чектелдик. Өзүбүздүн эңсеген кесибибизге ээ болуп, турмуш романтикасынын алгачкы барактарын ача баштаган мезгил. Сары-Өзөн Чүй боорунун оозго алынган ири райондорунун бири бизди мээримин төгүп тосуп алды. Негедир бизге ошондой эле сезилди. Жай чилдесинин аптабына карабай тердеп-кургап, сүйүнүч менен райондун четинде жайланышкан батирге берилчү бир бөлмөлүү үйгө жаңы тир-

лик, чакан эмерегибизди жайгаштырдык. Тун ыйлаак ымыркай, кызым да бул бакытты сезгенби, айтор, бул жерге келерибиз менен эле ыйын токтотту. Жанында сүйүп алган өмүрлүк жарың, жаңы эле жарык дүйнөгө келген перзентиң блосо сүйгөн кесиптерибизге ээ болгонубуз, бул бакыт эмей эмне. Азыр ойлосом, ошол мезгилден баштап биздин «ишибиз оңолуп, итибиз чөп жей баштаган» экен. Буга дейре турмуш мен үчүн оңой-олтоң болгон эмес. Ачуусун да таткамын.

Хирургдун иши эң оор жана татаал экенин мен окуп жүргөндө эле байкачумун. Мен ага даяр элем. Бетме-бет ажал менен кармашып адамдын тагдыры сенин колуңда турганда, сенин байкагычтыгың, профессионалдык билгичтигиң, билимиң талап кылынуу менен бирге ошол минуталарда чын ыкылас менен ооруга жардам берүүң убагында орундалса, ушул асыл кесиптин анык ээси болууга татыктуусуң. Муну түшүнгөн хирургдар элибизде аз эмес. Ушул сапаттар менен бул кесип абройлуу.

Ошентип, биздин эмгек башатыбыз областын эң ири болгон райондук борбордук ооруканалардын биринен башталды. Врачтардын үй-бүлөсү аталып, кесибибизге шек келтирбегенге дилгир болуп, өмүрлүк жарым экөөбүз шымаланып, мен – хирург, ал акушер-гинеколог болуп иштеп жүргөн кез. Ишибизди берилип сүйгөндүгүбүз жана жаштыгыбыз ушул кесиптердин оорчулугун билдирчү эмес экен. Тескерисинче, жылдан жылга бул кесип биздин жашообуздун маңызы боло баштагыны сезилчү.

Кесипчилик чыйырды райондук врач болуп башташ, өзгөчө, хирургдар үчүн чынында эле чоң сабак экен. Түн мезгилинде жалгыз болуп, көзүң чачырап жардамга киши таба албай калган күндөр да сейрек кездешпейт. Жанында шаардагы клиникалардай

убагында кеңеш бере турган профессор жана доценттер жок. Ушундай катаал учурда, хирургдар менен чогуу иштеп, көзү каныгып калган тажрыйбалуу операциялык медициналык сестралар ошол насаатчылардын ролун өздөрүнө алышкан мезгилдер да болушат. Медицина айымдарынын жаш хирургдарга оорулуунун тагдыры чечилчү катаал шартта, алардын кеңеши, сенин абалыңды жеңилдетип, сыркоонун сакаюусуна көмөктөшөт. Бул ыйык иш деп кабыл алам. Мындай мамилелерди мен өзүмдүн башыман өткөргөм.

Башкы врачыбыз көп жылдардан бери оорукананын жетекчиси болуп иштеп, республикага өзүнүн жөндөмү менен аябай таанылган  орус эже эле. Жаш врачтарга, өзгөчө жылуу мамиле жасачу. Жумушта тактыкты, тартипти сактап, кесипчиликтин деңгээлин ар дайым жогорулатуу, ал кишинин кол алдындагыларга койгон эң негизги талаптарынан болучу. Жетекчинин коюлган талаптары катуу көрүнсө да, негедир алар менин көңүлүмө жакчу. Иш жагынан ал кишиден эскертүү албоого тырышчумун, бирок тил уккан күндөр көп болбосо да, болчу. Орто жаштан өтүп калса дагы, кыймыл-аракети жеңил, бир көрсөң оорукананын чарбачылык короосунда, бир көрсөң, поликлиникада, оорукананын бөлүмдөрүнөн көрүнүп калар эле. Деги жаны жай албаган эмгекчил жетекчи болчу. Өзгөчө ары-бери басып, тамеки тартып же келип кеткендер менен көпкө дейре сүйлөшүп турган врачтарды байкап калса, «сазайын колуна берчү». Элдин алдында эрди эрдине тийбей, кагазды бир карап койбой, оозунан шилекей чачырагыча сүйлөөр эле. Түндө тез жардам пунктуна жок дегенде эки жолу телефон чалчу, кеңештерин берчү. Мындай жетекчилер өтө сейрек кездешет эмеспи, буга да талант керек окшойт.

Билинбестен жылдар өтө берди. Райондо көп иштебесем да, менин алгачкы турмуш чыйырым башталган бейтапкананын жамааты, өзүмдүн врач болуп калыптанышыма аябагандай чоң түрткү берди. Оор болдубу, жеңил болдубу, турмуш өзүнүн нугу менен өтүп жатты. Кудайыма шүгүр, очор-бачар боло баштадык. Акниеттик менен иштелген ишибиздин акыбетин көрүп жүрдүк, иш жаман болгон жок. Бирөөгө кыянаттык келтирбей, жашоонун кээ бир жетишпегендиктерине философиялык көз караш менен турмуш сүрдүк. Жаңы тааныш, досторду күттүк. Ары кызыктуу, ары беймазалуу окуяларга дуушар болгон учурлар да болду. Ал убак Совет мезгили, өзүнүн коюлган талаптары менен айырмаланган дүйнөнүн эң күчтүү, биз сыймыктануучу мамлекети өкүм сүргөн кез эле. Ошол мезгилдеги бир эсте каларлык учур азыркыга дейре негедир менин оюман кетпейт.

Сексенинчи жылдардын жаз айлары. Бир күнү эртең менен ооруকананын башкы врачынын буйругу боюнча жыйналышка чогулдук. Мындай шашылыш жыйындар өтө орчундуу күндөрдө гана болчу. Негизи, чогулуштар биздин коллективде көп болчу. Башкы врачтын көп убакытка созулган тарбия-таалим сөздөрүн бөлбөй, эрикпей укчубуз, эл ага бышып бүткөн. Жетекчини сындап, көзгө айтат деген түшүнүктөр ойго келчү эмес а кезде.

Дарыгерлердин жыйыны башталды. Башкы врач өзүнүн жардамчылары менен демейдегисиндей төр жактагы кырка отургучтардан орун алышып, чогулушту башташты. Маселенин орчундуу экендигин биз алардын жүздөрүнүн баамдадык. Ошондой эле болуп чыкты. Жакынкы арада Алма-Ата шаарында Бүткүл дүйнөлүк кызыл крест коому тарабынан сунуш кылынган

Эл аралык кеңешменин болушу күтүлөөрүн билдик. Анын эң негизги максаттарынын бирөө болуп: айыл жергесиндеги элге медициналык жардамдын жетиши, жол кырсыктарына кабыл болгондорго көрсөтүлгөн чаралардын кандай шартта аткарылышы жана башка ушу сыяктуу маселелердин тегерегинде сөз кылчу форум экен. Бул эл аралык жыйынга биздин оорукананын катышуусу сыймык экенин башчылыгыбыз өтө кубануу менен белгиледи. Министрликтен республиканын эки гана райондук саламаттыкты сактоо мекемелери буга татыктуу делип чечилиптир.

Даярдык башталды. Биздин районду көрсөтүүгө эки күн бөлүнүптүр. Биринчи күнү капиталисттик мамлекеттердин (ошол мезгилдин сөзү менен айтканда) өкүлдөрү, а эртеси социалисттик лагердин өкүлдөрү келери күтүлөт экен. Эжебиз өзү да эс албай, бизди да жөн койбой, кызуу даярдануулар башталды. Ансыз деле өзү иш дегенде «жеген ашын жерге коё койчу эле», ого бетер болбой калды. Келген конокторго тааныштырууну эмнеден баштап, кайсыл маршруттар менен жүрүп, эмнеден аяктоо такталды. Оорукананын үч гана бөлүмү көрсөтүлөт деген жыйынтыкка келишти. Бул чечим форумдун катышуучуларынын чектелген, кыска убактысына жараша болду. Кызыгы кадр маселесинин чечилишинде болду. Биздин баамыбызда, бул маселе жогорудан келсе керек. Ага ылайыктуу, айла келишинче «көрсөтмөгө» катышуучу адистердин көбүн жергиликтүү калктын өкүлдөрүнөн коюу керектигинин зарылчылыгы айтылды. Биздин райондун басымдуулугу орус улутунан эле. Баш врачка бул проблема болсо да, жогортон келген ишарат так иштелди. Мага дагы жооптуу иштер тапшырылды. Аны аткарууда берилгендик менен мамиле жасоого даяр элем.

Философия илиминин категориялары болгон эстетика, этиканы жана коммунистик моралдын өзгөчүлүктөрүн кайрадан окууга туура келди. Андан башка социалдык-медициналык проблемалардын жол кырсыктары менен байланыштыгы жөнүндө кызыктуу информацияларды уктук. Мезгил-мезгили менен борбор калаага (Фрунзеге) келип, тиешелүү сабактарды алып кетчүбүз.

Жол кырсыктарынан жабыр тарткандарга биринчи жардам көрсөтүү кандай шартта аткарылышын иш жүзүндө көрсөтүү мага коюлган талаптардын бири эле. Дүйнөлүк масштабда бул маселе эң ири социалдык проблемалардын бири болуп турган. Аварияда кырсыктагандардын саны жылдан жылга өсүшү статистикалык көрсөткүчтөрдөн байкалган. Мындай денгээлдеги жыйын проблеманын бышып жетилишин ырастады. Чу деп ишке киришкенде эле, мен ушул ишке тиешелүү кабардан алыстыгымды түшүндүм. Көрсө, чоң автомобиль жолдорунун жээгинде жайланышкан үйлөрдүн биринде, авариянын кесепетинен жабыр тарткандарга, врачтар келгиче үйдүн ээлери кырсыктагандарга тезинен жардам бериш керек экен. Муну билбеген мен эле болбосом керек. Ошол айылдык жардам көрсөтүүчүлөр мезгил-мезгили менен жергиликтүү оорукананын адистери, же райондун травматологдору тарабынан жол кырсыгына дуушар болгондорго биринчи жардам көрсөтүүнүн ыкмаларын үйрөнүүгө милдеттүү экен. Бул иш-чара айылдык советтин тиешелүү бөлүмдөрү менен жол инспекциясы биргелешип чечүүчү маселелерден экен. Мындай көрсөтмө мурунтан эле бар экен, бирок ал жөнүндө маселе козголбосо керек. Жардам көрсөтүүчүлөрдүн максаты: кырсыктагандарды автомобилден чеберлик менен алып чыгып, жабыркаган-

дардын канын убагында токтотуш, сынган сөөктөрдү өзүнчө шакшакка салып таңуу жана башка ушул сыяктуу иштер, кырсык болгон жерде аткарылышы керек экен. Чындыгында эле, билгичтик менен аткарылган биринчи жардам кейиштүү натыйжалардын болбостугуна бөгөт коёру врачтарга дайын.

Иш башталды. Коюлган талаптын шартына ылайык районубуздун чоң айылынын бирин, автотрассанын жээгинен бир үйдү тандап алдык. Менин максатым, үйдүн чоңдоруна жол кырсыктарынан жабыр тарткан адамдарга жардам берүү ыкмаларын үйрөтүш болчу. Күн алыс келип аларга тиешелүү сабак өтүп, практикалык көнүгүүлөрдү тажабай улам-улам көрсөтүп кыжырларына да тийген убактар болгон. Ошол убактардагы жогортон келген көрсөтмөлөрдү аткарыш биздей романтикалык ойчулдарга ыйык тапшырма болчу. Менин ишиме берилүү менен мамиле кылганыма үй ээси таң калуу менен карачу. Бир күнү: «Мен сиздин аракетиңизди толук түшүнөм, өзүм да убагында көрсөтмөлөрдү баш-аягына карабай эле, сиздей өжөрлөнүп аткарчумун. Бирок турмуштун көрсөтмөлөрү өзүнчө экен. Аткарылган иштердин кээ бирөөлөрү жөнү жок эле убарачылык экенин убагында түшүнүш кыйын. Ошону бир ойлоп коюңуз, доктор» – деп кытмыр күлдү да сөзүн улады: «Өзүңүз ишке берилип, бизди окутуп жатасыз, чын эле оюңузда ушул иш жандандырылып, мындан ары өнүгүп кетерине чындап эле ишенесизби? Авариянын болуусун ким кааласын, болгон күндө да, бул аракет ишке ашпайт, эсиңизде бир болсун. Бул – биз жасап жаткан убара, мамлекеттин масштабындагы спектакль», – деп айтып салса болобу. Ошол кезде социалисттик реализмге шек келтирүүлөрдү жаныбыздан эле угуп жүрчүбүз, бирок ушундай учурда,

чет мамлекеттен келүүчү өкүлдөрдү күтүп жатканда, мындай сөздөр а кишини жакшылыкка алып келбейт эле, эгерде бул билинип калса. Биздин максат жеке эле уюштуруу кызматы менен чектелген эмес. Иштешкен адамдардын ой-санаасы биздин моралга бек болуусуна биз түздөн түз жооп бермекпиз. Ошондуктан арабызда «инокомыслящийлердин» жоктугу талапка ылайык эле. Бул жөнүндө үй ээсине эскерттим. Ачыктыгыма ыраазы болду. Ишимди уланта бердим, бирок айтылган сөз мени көпкө ойлонтуп жүрдү. «Замандын мүчүлүштүктөрүн сезген киши экен, мендей жогорку билими болбосо да» – деп ойлоп койдум.

Ошентип, биз сыналчу убакыт да келип жетти. Эрте заардан эле коноктордү тосуп алчу адамдар топтолуп, райондун башкы врачынан тиешелүү жоболорун алууга чогулдук. Арабызда министрликтен жана райкомдон келген кишилер да бар эле. Мамлекеттин коопсуздук комитетинде өзгөчө тапшырма менен жүргөндөр да байкалып калды ичибизде. Форумдун катышуучулары келер күндөн 2-3 күн мурун борбордук ооруканадан дарты жеңилденип калган бейтаптарды үйлөрүнө кетиргенбиз. Калган ооруларга оорукананын жапжаңы, фабриканын боёгунун жыты кете элек кийимдерин кийинтип, коноктор келген мезгилде өздөрүн кандай алып жүрүү эрежелерин түшүндүрүп бергенбиз. Оорулар коноктorго кандайдыр бир суроо менен кайрылбастыгы катуу эскертилген. Кеселдердин ичинде оору кейпин кийишкен райондун милиция бөлүмүнүн кызматкерлери да бар болчу. Эх, мезгил!

Коноктор келер мезгил да чукулдап калды. Аңгыча болбой башкы врачыбыз мени чакырып калды. Көрсө, Фрунзеден форумдун катышуучулары биз жакка чыгышыптыр. Мени райондун жетекчилери олтурган машинеге олтургузуп, тиешелүү тапшырманы аткарууга

жөнөттү, ийгилик каалап. Машинеде райкомдун идеология боюнча катчысы (райондо экинчи жетекчи), исполкомдун төрагасы жана мен элем. Тез аранын ичинде баягы «жол боюндагы кырсыктагандарга» жардам берчү үйгө жетип келдик. Аларга бир күн мурун барып эскертип, көнүгүүлөрдү кайталап такташтырып келгем. Тиешелүү шаймандар өз-өз ордуна иреттештирилип коюлган.

Сценарий мындай эле: жол кырсыгы болду деген кабар жетээри менен, үй ээлери тез убакыттын ичинде жардам берүүгө керектүү шаймандарды алып, «кырсык» болгон жерде болуш керек. Бул иш үчүн өзүбүздөн «жабыркалануучу» эки киши эрте эле дайындалынып коюлган. Жардам берүүчүлөрдүн «майданы» ошол жерде болуп, форумдун катышуучуларына өзүлөрүнө «мурунтан эле маш» болгон аракеттерин көрсөтүшүп «жарадарларга жардам» беришмек. Мурунку күнү бул «оюндун» генералдык репетициясын башкы врач көрүп жактырып кеткен мага ыраазы болуп.

Биз келсек, алар иш баштоого даяр экен, «томогону» шыпырыш гана калыптыр. Аңгыча күткөн коноктордун автобусу да келип токтоду. Алар түшөөрү менен «авария» да болду, Эки киши «жабыр тартышты», «жардам» берилди. Биз ошол учурда аракетибиз менен конокторду таң калтырдыкпы, же жокпу билбейм. Бирок кылган ишибизге өзүбүзчө корстон болуп калдык. Биз менен жүргөн райондун экинчи катчысы ишибизге ыраазылыгын билдирди да, мага кайрылып, «азырынча ушул жерде болуп тур, балким экинчи топ да болуп калышы ыктымал» деген сурануусуна, мен шашып кетип, «Извините, я еще должен встречать гостей в районной больнице, поскольку там лицы коренной национальности недостаточно» – деп айтып салсам боло-

бу. Буга жаныбыздагы исполкомдун төрагасы кыргыз киши бырс этип күлүп ийди. Секретарь орус эже аны жактыра бербегендей карап алып, мага: «Молодой человек, шутки у вас не к месту. А если не шутите, в этом кто виноват?» – деп заматта өңү өзгөрүлө түштү. Районду идеология боюнча тейлөөчү катчы мындай сөздү мурун угуп көрбөсө керек. Антип айтыштын да эби бар эле. Башкы врач мага катуу эскерткен болчу. «Ал жердеги иш бүтөрү менен тезинен кайра борбордук ооруканага келип коноктордү тосуш керек» – деген. Форумдун катышуучуларынын андан аркы маршуруту боюнча дагы бир районубуздун дайындалынып коюлган чакан бейтапкананы көрүшүп, анан борбордук ооруканага барышмак. Ооруканага жетишке убакыт бар эле. Райондун экинчи катчысынын жогоркудай суроосуна оюмдун багыты туура болсо да, жообум мажес болуп калганына аябай өкүндүм, бир чети уялдым. Бирок анын «в этом кто виноват?» – деген сөзү намысыма тийип ардантты.

Көжөрүп атып, борбордук ооруканага да жетип келдим. Болгон ишти башкы врачка төкпөй-чачпай айтып бердим. Ишиме а киши ыраазы болду. Аңгыча болбой башкы врачтын жардамчыларынын бирөө мени чакырып алып мындай деди: «Тезинен стоматологиянын башчасын кайдан болбосун таап, кабинетин ачтырып, оору кабыл алууга даяр болсун» – деп жеңил машинесин менин карамагыма берди. Көрсө, жолдо коноктордун бирөөсүнүн тиши ооруп калыптыр. Эчтемеден кабары жок бейкапар олтурган менин коңшум – районго белгилүү стоматолог байкени тезинен жеткирдим. Жолдон жардамчы медсестрасын алып алдык. Бул шашылыш кабарды байке угуп заматта өзгөрүлүп, кетпеген жеринен тер кетти окшойт. Ал киши оору-

канага чет элдик коноктордун келишин билчү, бирок кабинетти ачып, оору кабыл алуу үч уктаса да түшүнө кирбесе керек. Мындай мезгилдин тез өзгөрүлүп кетиши бизге аябагандай эле чоң сыноо болду. «Ирония судбы» башка түштү. Тиш догдурдун кабинети эң эски имараттардан эле. Ремонттун күчү менен эле турчу.

Чочулоочу дагы бир кабар болду. «Чет мамлекеттик киши калп эле «тишим ооруйт» деп сынагысы келиши мүмкүн. Ошондуктан оорунун анығын билип, чын эле тиши ооруса, жардам берип, тишти сууруп салам деген сөздөн алыс болуш керек» деген кабар бизге жетти. Медсестрасы экөө күйпөлөңдөшүп, тездикте тиш кабинетин ирээтке келтиришти. Заматтын ичинде керектүү аспаптарды табышып, аларды стерилизациялап, орду орду менен столго коюшту. Эгерде полдун киши басканда кыйч-куйч деп кулакка жагымсыз угулушу менен шыптын кээ бир жерлери урап география картасына окшобогондо, бөлмө жалтырап эле калды. Ушундай чукул арада пайда болгон сыноо байкенин шаштысын кетирип бушайман кылды. Анын үстүнө ал киши коммунист болчу. Жоопкерчиликтин баасын билчү. Ошентип бир заматтын ичинде түйшүк байкенин башына түштү да калды. Аябагандай толкунданып турду.

Аңгыча болбой коноктордун баягы автобусу оорукананын короосуна кирип келип, биздин топтун жанынан өтүп барып токтоду. Жарашыктуу кийинишкен, сымбаттары келишишкен 40 менен 60 жаштын ортосундагы аял-эркектер «Икарустан» чыга башташты. Биз менен жылуу кол алышып учурашышты. Коноктордун келишкен тышкы көрүнүштөрү баарыбызды суктандырды, чамамда.

Тиши ооруган конокту алыстан эле байкадым. Кол жоолук менен оң жаагын басып алыптыр. Мен ал киши-

нин жанына келип «сизди тиш догдурга алып барам» дегендей, жылмайыңкы ишарат кылдым да, «чыдамсыздык» менен күтүп жаткан байкеме алып жөнөдүм. Биздин пациент евроазия улуттарынан чыккан, чырайлуу, узун бойлуу, мурутуна саал буурул кирип калган, кырк бештер чамасындагы жигит экен. Кийин уксак, а киши Ирак мамлекетинин эң жогорку деңгээлдеги медицина чиновниги экен. Коноктун жүзүнөн кыйналыш белгиси билинип турду, чындап эле. Экөөбүз тиш догдурдун кабинетине баш бактык. «Ассолоом алейкум» – деп конок ооруган тишин басып турган бетаарчысын сол колуна алмаштырып, оң колун байкеге сунарда, байкоосуздан жоолукча жерге түшүп кетсе болобу. Бушайман боло түштү да, бетаарчыны бутунун учу менен бурчка тээп койду. Конок кабинеттин ээлери менен кызуу учурашты. Биздин мусулмандыгыбызданбы, же өзү ушундай кичипейил кишиби, айтор, бизге өзгөчө жылуу мамиле жасады. Байке «отуруңуз» деп колун кресло тарапка карай жаңсады. Чыканак койгучтун бирөө өйдө, бирөө ылдый болбогондо, кресло ак шейшеп менен оролуп, эскиргендиги билинбей эле калыптыр. Байкенин чыйралгандыгы билинип турат быягыдай эмес, толкунданбай, өзүн кармап, кыймыл-аракети ишенимдүү шилтенип калыптыр. Бирок байкаган кишиге жоопкерчиликтин капасынан дагы да болсо чыга элеги билинип турду. Колун бир топ убакытка дейре жууду эрикпей. Андан дагы кызыгы: медсестрасы ал кишинин жууп жаткан колдорун сырлуу карап турат колуна кол аарчы алып. Анын үстүнө эженин чалыр көзү эмнени карап тургандыгын ажыратып билүү кыйын эле. Ушулардын баары такшала элек артисттердин оюнуна окшоп кетти. Акырында стоматолог байке коноктун тиш оорусун туура аныктап, ага тиешелүү

жардамын берди. Коноктун ыраазы болгону жүзүнөн билинип турду. Ошентип, байке оор жүктөн арылды. Биздин пациент кабинеттен чыгып баратып, ички төш чөнтөгүнө колун салып, бир пачка сигаретти дарыгерине сунду. Байкемдин өңү өзгөрүлүп, чочуп кетти да: «нет», «нет» – деп кыйкырып жиберсе болобу, кетенчиктеп. Конок бул көрүнүштү таң калуу менен карап, кире бериштеги столго аны акырын коюп койду да, чыгып кетти. Артынан мен чыктым. Ошол көз ирмемде биздин конок кээ бир коммунисттик моралдын кандайча иш жүзүнө ашыларына күбө болуп, өз көзү менен көрдү.

Жүктөлгөн сыноо да аяктады. Биз эки күндүн ичинде саламаттыкты сактоодогу кээ бир бышып калган проблемаларды чечүүдө мамлекетибиздин «аракеттерин» Эл аралык форумда «кызуу иш» менен көрсөттүк. Аны менен Форумдун катышуучуларын ишенттикпи, же бөлөкчө ойдо болуштубу, билбейбиз. Коноктор кетишти, жыйынтыктар кылынды. Иш кылгандар министрликтин мактоо баракчаларына ээ болушту. Башкы врач мени өзүнчө чакырып алып, кылган ишиме ыраазычылыгын билдирип, анан менин баягы райондун экинчи катчысына берген жообума токтолуп, сөзүмдүн туура эместигин айтты (ал жөнүндө сөздөр болуптур). Буга байланыштуу, кезектеги саясий окууда «Советтер Союзунун улут саясаты жана анын чечилиши» деген темада жамаатка доклад жасоом тапшырылды.

Эх, мезгил! Биз ошол замандын балдарыбыз да. Мен өткөн заманды какшыктап, күлкү кылайын деген түшүнүк менен бул эскерүүнү жазган жокмун, туура эместиктери болсо кечирип коюңуз, окуучум. Эскини эскербесең, жаңы турмуш сезилбейт тура.

*«Ден соолук» гезити,*
*№ 15 (25) – 19 (29)*

## ДЕМОКРАТИЯНЫН ӨЙДӨ-ЫЛДЫЙ САБАКТАРЫ

Шаарда автобустун ичинде келатабыз. Эл көп. Бир жигит менен кыз кирип калышты тыштан. Көңүлдөрү ачык, жайдары. Кыргыз улутунан окшойт. Жигит күрмөсүн желбегей жамынып алыптыр. Аңгыча жанымда отурган орто жашап калган киши, автобус жылганда эле, тигил жигитти жактырбагандай карап: – «Ой, эмне, сен хансыңбы, күрмөнү желбегей жамынган. Билесиңби, хандан башка киши желбегей жамынбайт» – деп эле жаш жигитке атырылып калбаспы. Тиги жигит жалт карады сүрлүү. Буга жооп кылып, жанымдагы киши дагы бирнемелерди айтып калды жаалданып. Унчуккан жок. «Насаатчы» жаш эмес экенин байкап, жаак эттери бүлк-бүлк этип барып тим болду. Отургандардан «айдакчы» чыкпагандан кийин, тиги киши да унчукпай калды. Көзүнүн кыйыгы менен мени карайт, эмне дээр экен дегенсип. Мен эмнени айтам, айтылчу кеп айтылды да. Кийинки аялдамадан тиги киши түшүп калды, «кечириңиз» деген жооп ала албай калганына наараазы болуп. Автобус жылаары менен жигит желбегей жамынган күрмөсүн чечип, колуна кармап алды, «мына эмесе» – деди окшойт.

Биз, улуулар да кызыкпыз кээ учурларда. Бир жерден бирдеме окуп же угуп алып, чын-аныгына жетпей туруп, аны жүйөөлүү кылып таңуулайбыз жаштарга. Ой, азыркы замандын жаштарынын кандай иш бар? Желбегей жамынабы, эмне киет, эмне чечет. Баланын иши эмне, илгерки хан кандай кийинчү экени. Мындай таңуулаган «элдик» педогогика жаштарды «үркүтүп», өзүбүздү жаман көрсөтүп жүрбөсүн...

## ТЕКЕ АТКАНДА...

Жайкы каникул. Жыл бою кара жанды карч урган түйшүктүү студенттик турмуш эсиңди бир топ эле оодарып коёт экен билдирбей. Анын үстүнө биздин мединститут деле өзгөчө эмеспи. Айылдан келип, орус тилин өздөштүрө албай далбас уруп жүрсөң, бир капшыттан «үкө-өм, жеке эле орус тилин билиш азчылыкка турат, латын тилин жаза бил, сүйлөбөсөң да, же болбосо – «айда пошёл..» деп демитип турушат молдолор. Айла жок, болуптур дейсиң. Бул бүттүбү десең, шарт этип экинчиси, үчүнчүсү, жетинчиси, и-и, айтып отурса арман көп. Мына, мына мээге «кан куюлат» деген кезде, кудай жалгап, көптөн күткөн каникул жарк этип маңдайыңа келе калбаспы. Кудай деги ба-ар, теңир жок деп окутушса да. Оор жүк жондон түшкөндө мунун баары бир паста унутулуп калат эмеспи, ойноктогуң гана келет, пачагардыкы, ылайыктуу шартың болсо.

Менин баамымда каникул – бул бир өзүнчө керемет, касиеттүү сөз. Ошентип ата-бабалар айткан, «жаздан аман чыктык» дегендей көптөн күткөн мезгил да келди. Көңүл көтөрүңкү. Ошентип шапкени көкөлөтө ыргытып каникулду тосуп алдык. Экзамендеги бааларым, үч, анда-санда төрт – бул мага кудай энчилеп, чекеге жазылып коюлган баалар, эгерим беш алган бала эмесмин физкультурадан башка. Туулган айылга келдим.

Энем байкуш ак ичип бооруңду агарт дегенинен, жайлоого, таякемдердикине келип калдым. Оо чиркиндики, не деген ажайып көрүнүш биздин жер. Бош жатканда «чып этмени»[1] колго алып, тияк-бияктарга барып, жол болсо, суур атып келем. Сагызган, чымчык-

[1] «чып этме» – мелкокалиберная винтовка

тардын сазайын берем. Кыскасы, бул жагынан ышкыбоз элем. Атаганат, бир кийикке чыксам деген көңүл бар болчу көөдөндө. Тээ жайлоонун улуу төрү, чокусунан ала элечек түшпөгөн асман тиреген тоолорду карап улутунуп койчумун, атаңдын көрү, бир барсам деген кыялда.

Бир аз күн өтпөй жогорку айылдан жоонтоп кишилер келип калышты. Жамангул таякем болсо өрөөнгө белгилүү адам эле. Өзүнүн кудай берген акылы, табияты менен элге алынган. Угуп калчумун элден «билими болбосо да, таякеңдин башы дом совет[1]» деген сөздөрдү. Ал киши жөнүндө Нарын өрөөнүндө бир легенда уккам. Негизи ал чындык деп айтып жүрүшөт. Бир курдай колхоздун бир бригадасына иши менен барып калат. Өзү койферма башчысы болчу. Конок кылышат, кой союшуп. Баш тартылат. Койдун башын тигиле карап ойлонуп калат да: «Бул койдун башы баланча деген койчунун короосунан эмеспи?» – дептир. Үй ээси мындай чындыкты угуп, эси оой түштү дейт. Шашып кетип: «Ооба, ооба, капыра-ай, Жаке, муну кайдан билдиңиз?» – деп бушайман боло түшүптүр. Буга таякемдин берген жоопторун ар түрдүү айтып жүрүшөт элде. Бул өзүнчө феномен, табият берген.

Таякемдин жайлоолошторунун келген себеби бул экен: ал киши жердин уусун билет, улуу тоодогу улардын жатагына дейре барган адам. Бул киши көрсөтүп берет, өзүбүз менен чогуу ала баралы дешип таң эртеден аттанып келишиптир. Бирок кичине бейтаптап турду эле, буга макулдугун берген жок. Кечирим сурады, алардын өтүнүчүн аткарбаганына. «Бир өтүнүчүм: жээним эс алууга Пурунзадан[2] келип калыптыр. Эригип жүрөт, ала баргыла» – деп мени жаңсай кара-

[1] Дом совет (Совет мезгилинде мыйзам чыгарчу үй)
[2] Фрунзе

ды. Мындай сөзгө ындылары өчүп, ооз учунан макул болушту. Мен эдиреңдеп, кичүү койчу таякемдин атын заматта токуп, алардын артынан кубанычым койнума батпай жөнөп калдым. Же жетсемчи, алардын катарына. Атым илкийт эле илкийт. Жазамды колума гана берди го, мал болбосоң, куруп калгырдыкы. Таякем эскерткен: «атың койчунун аты, кашаң болгону менен күчтүү, тик ашуу ашасыңар, ага тың, көрөсүң» – деген. Бирок топтон кыйла эле калып атам. Мени күтүп токтоп калышат: «Кайдан да кабылдың эле, ашка, башка жүк болуп» – дегендей сурдана карашып тигил «айылдын көпкөндөрү». Булардын жек көрүп турганын бүтүндөй денем сезгенсип турду. Аны байкап атам.

Эптеп көптөн күткөн кырга да келдик. – «Эй, жат, жат, шаарыңда жүргөнсүп жар-жар этесиң, унчукпа!» – мерген-башчы мени карап кызаңдап коёт. Же мен бирдеме десемчи. Болгону аркы баткалаш тоодо кийиктер жатат дегенинен гана, «кана-кана» деп дүрбү карагандарга кайрылып калганым болбосо. Бир пачка огумду таратып берип, алардын көңүлүн алсамбы деп атсам, тиги тыртайган неме бир заматта «старчын» боло калып, мени тим эле кулга мамиле кылгандай эдиреңдеп жатпайбы. – «Энеңди урайын, шашпа, ылдый жакка түшөлү, мурдуңду кана каңдабасамбы». Ичимен кыжырым келип турду. Айла жок угуш керек «учкашпа, учкашсаң көчүгүм ооруду дебе» дегендей. Унчукпай калдым. Буга ыраазы болуп калды окшойт, сөзүнө караганда. Мени кошуп, дагы экөөнү алып, кырдын жапсары менен тик өйдө арсайган аска-таш тарапты көздөй жол баштады. Баарын заматта унутуп, мултуңдап ичимен сүйүнө, мен да жөнөп калдым, алардын артынан. Кичине өйдөлөгөндөн кийин кар жаай баштады. Жол жок тырмышып аска менен баратабыз.

Айлана туман. Карааныбыз үч-төрт метр аралыкта гана таанылып калды. Мени күтүп калышат. Унчугушпайт. Кетпеген жерден тер кетти. Түтөктү да байкадым. Эки аяктап басуунун ордуна, төрт аяктап калдым, тырмышып аска-ташка жармашып. Мойнумда мынтык саттын маятнигиндей болуп ары-бери термелет. Бул дагы мага оорчулугун келтирип жатты. Улам-улам жогурулагандан баштап, менден күч тайып, ындын өчө баштады. Бир маалда аларга жетимиш болдум. Мени күтүп отурушуптур. Кардын үстүндө жаңы эле мүлжүлгөн суурдун башы жатат канга аралашып, алардын алдында. Ошондо көрдүм илбирстин карга калган изин. Кичине эс ала түшүп, кайра жол тарттык. Мени аяшып турганын көрүп, баягы кек ойлорумду эстеп уялдым. Бир заматта жакын кишилер болуп калышты. «Эчтеке эмес, көнбөй калган турбайсыңбы» – дешип мага дем бергендей болушат. Алымды сезишти окшойт. Байкоомдо алдыдан башка жол жок мага.

Бир маалда топтон кыйла эле калып калдым окшойт. Угуп калчу элем карышкыр менен илбирс акылдуу болот деп. Балекеттей болуп буга байланышкан бир коркунучтуу ой келди. Бирөөлөр айтты эле, бул жырткычтар кийикчилердин артынан түшүп алып аңдышат. Эгер артта чабалыраагы калып калса, ага кадимкидей кол салышат экен. Муну ойлонуп алып, санаам санга бөлүнөт. Бирок ушул ой мени телчиктирди окшойт, басыкты ылдамдаттым. Түз кырга келдик, «өх» деп эс ала түштүм. Ылдый жакты карасам, мемиреп ой жатат жап-жашыл болуп. Мындай көрүнүштү мен самолеттон гана көрчү элем. Алпинисттер эмне эле касабалуу тоонун чокуларын жакшы көрөт десе, мунун да бир кумары бар турбайбы. Айланайы-ын, тим эле башың айланат, ылдыйды карасаң. Тээ төмөн жакта аска-зоону айланып, бүркүтүбү, же кулаалысыбы,

учуп жүргөнсүйт. Керемэ-эт. Мылтыктын кайышы мойнумду кыйып ие жаздаптыр, жөргөлөп «төрт аяктап» баскандан. Кийин моюн терим бир топко дейре жондонуп, кол тийгизбей жүрдү оорутуп. Тердегенимди айтпа, калпагым менен күрмөм тим эле сыгып алма суу. Айлананы карап эле отургуң келет, табиятка суктанып. Тоонун башынан булут өтсө эле, аны менен аралаш коңур кар да себелеп кетет экен өткүн өңдүү. Буларга кызыга карап отурганымда, баягы менин «куучуларым», «бол ой» – деп мага кайрылып калышты. Эми эмне балекетти башташаар экен. Ордуман оор козголгуча, тетигил борчук таштын бери жагына: – «жат ошол жерге, маңдайыңдагы беттен келген текелерди аста-астадан кыра бер», – деп ары басты биздин башчыбыз. Какшыктагандары болбосо, мага жасаган мамилелери кыйла эле оңолгондой болуп калыптыр. «Ушул жерде кал» – деген баягы «ачмыгыйдын» сөзү ушунчалык кулагыма жакшы угулду, тим эле беттеринен чопулдатып өөп ийгим келди, баягы ичимдеги кегимди кечип. Шашып кетип, жарым пачке селевой[1] огумду да кармата берсемчи. Кой эми, алар айткандай, бир «кырайын» – деп баягы айткан ташынын түбүнө келип жай алдым. Көрсө, биз айланып отуруп, баягы биз токтогон кырдын капталына келиптирбиз. Ортодо кудум чөйчөккө куюп койгондой – Төр-Көл. Биз ага чыгыш жагынан келип токтоппуз. Мен турган жер төрдүн эле башы – түштүк жагы. Ал эми менден ары кеткендер так эле кийиктердин жогору жагынан чыкканы жатышыптыр – күн батыш тарабынан. Орун алдым. Чарчагандыктанбы, көзүм илинип кетиптир.

Бир маалда эле мынтыктын үнү угулуп калды ары өйдө тараптан. Чочуп кетип, өңүп жаткан жакты кара-

[1] целевой патрон

сам, бир-эки теке келатат биринен-бири озуп. Келишкен мүчөлөрү, шаадай болгон мүйүздөрү бир өзүнчө сүр берип мени толкундатып ийди. «Как деген карга, кук деген кузгун жок» жерден пайда болушу мени бир чети таң калтырды. Муну көрүп селее катып калыптырмын бир азга. Бул куюлушкан табияттын кооздугун көрүп, негедир кайберендерге карата аяныч пайда болду. Мынтык көтөргөндөн корком. Өзүмө келе калдым. Биринен сала бирин ата баштадым. Жыгылчуудай көрүнбөйт. Тып деп калат, «и-и тийди» – деп сүйүнүп калам. Аткан огумдун көбү «чырр» этип кайрак таштарга тийип кайып кетет. Тирүү жанды атыш жөн эмес экен. Кайберендердин сүрү бир башка сезилди мага. Мээлегенде мынтыктын кароолу кадимкидей өйдө-ылдый болуп кыймылдайт, көөдөнүм да көөп өпкөлөйт. Ашбаш дегиче, алар кыядан ашкыча он-он беш ок чыгарып ийипмин. Бир маалда кийиктер ары жакка ашчу кыяга келгенде күн, булуттан чыга калып, көзүмө чагыла түшпөспү. Айлана капкара эле боло түштү. Бир аздан кийин күн булутка киргенде барып-барып ордуна келди айлана. Куюлма кайрак майда таштарга сыйгаланып, өйдөлөй басып отуруп ташкыяга келсем, бир теке жыгылып жатат. Зор экен. Жаны чыга элек болсо керек, арткы буттарын кезек-кезеги менен силкип алат. Бакыракый көздөрүнөн кадимкидей жаш кетип атат. Жүрөгүм шуу дей түштү муну көрүп. «Кийик аттым» деген сүйүнүч заматта жок болуп, тескерисинче аяныч туулду…

…Эгерде илгери аңчылык адамдын жашоосу үчүн күрөштүн негизги булагы болсо, бүгүнкү күндө мергенчилик бирөөнө кумарлануу болуп калды. Бирок азыркы өнүккөн мамлекеттерде буга тыюу салынган, же болбосо ага чектөө койгон закондор кабыл алынып жүрөт имиш. Атайын түзүлгөн коомдор бар дейт айба-

наттарды коргой турган. Бул жөн болбосо керек. Ушул тууралуу монголдордун бир каадасын айтып кетиш абзел. Ааламга Чыңгыз хандай адамды берген монгол жөнөкөй эл эмес. Бул элдин философиясы бийик көрүнөт. Бир курдай эмгектин ардагери, тааныш киши менен ушул эл жөнүндө сөз кылып калдык. Аксакал адегенде Союздун, кийин Кыргызстандын элчиси болуп баш-аягы жыйырма жылдай Улан-Батордо эмгектениптир. Сөздөн сөз чыгып отуруп кийик тууралуу кеп кылып калдык.

«Кызык эл экен, – деп сөз баштап калды аксакал, – булар биздей мал киндиктүү журт экен. Көчмөндүктүн адаты ушул күнгө дейре калыптыр. Бир жердин оту бүткөндө экинчисине өтүп жүрө беришет экен, тегеренишип жыл бою. Ошон үчүн малдары семиз, суукка байымдуу болушат. Тоолору биздикиндей бийик эмес, тайпак тоолор болушуп, көчүп-конгонго көп кыйынчылык келтирбейт экен. Булар кийикчиликке жок эл болот. Кышында таш короо кылып алып эле кыштай беришет. Короолору ачык болгондуктан, кээде койлордун арасында кийиктер да байыр алып калгандарын айтса, таң каласың. Аларга тийишпесе, үркүтпөсө, алардын жапайылыгы деле унутулат турбайбы. «Чебичтерин сааш эле калган турбайбы», – деп мен күлүп калдым. – «Ооба, ооба, – деп байке сөзүн андан ары улады. – Экинчи бир таң калыштуусу, булардын карышкыр менен болгон өзгөчө мамилеси. Малдарына карышкыр тийбейт, эмне үчүн билесиңби?» – деген суроо менен кайрылды аксакал мага. Башымды кашып, далымды куушуруп тим болдум. – «Во, во, билбейсиң. – Байке жандырмагын чече баштады. – Көчүп жүрүшкөндө, атайын карышкырларга деп ылаңдап калган жандыктарын короодон алысыраак байлап коюшат экен,

мезгил-мезгили менен. Эртең менен караса, баягы «садаганын», из-оту менен жок дейт. Карышкыр мындай «ыраазычылыкты» туура кабыл алып короодогу малга тийбейт имиш.

## КОКЕМДИН ЖОРУКТАРЫ

Коробек экөөбүз бала кезибизден теңтушпуз. Өзү - бардар жердин тукуму. Жакын киши дегенде төшөлө калган, эч нерсесин аябаган март адам. Бир үйдүн жалгыз баласы. Кичинесинен кененчиликте тарбияланып, турмуштун булуң-буйткасын башынан өткөргөн эмес. Жоргодон жорго тандап минип, ата-энесине алчаңдап эркелеп өстү. Кием десе, кийими даяр, ичем десе ашы даяр эле. Мына ушулардын кесепетиненби, айтор, билбейм, кичине кара өзгөйлүгү бар эле. Кийин окууну бүтүп, соода тармагын түзүк өздөштүрүп малдуу, жандуу боло баштады. Бара-бара эгоистиги ачыктан-ачык көрүнүп калды. Бир жаман адаты ушул, алигиден бир топ алгандан кийин итибай кыялын баштайт. Жебедей тийген ачуу кычык сөздөрү да бар. Биз, жолдоштору, кээде катуу-катуу сүйлөшүп,таарынышып кетмей адаттарыбыз да бар. Жолдош-жороолорубуз чогулуп алып тарбия маселесин жүргүзөлү десем, мунубузду күл майдам кылат: «Кана, айткылачы, ушул тургандардын кимиңер мендей байсыңар? Анан деле кой, көчүгүңөрдөн коргоолуңар көрүнүп турса да мага акыл үйрөтүп коёсуңар, андай акылыңар болсо, мендей байып албайсыңарбы...» Ойлоп көрсөң, аныкы да туура. Бардар болуп бизди басынтып жатабы десек, өзүндөй оокаттуу адамдар менен деле ушундай. Жолуксаң, (көбүнчө өзү келет досторуна) баякылардын бири да жок, жел кайык, тим эле жибек, сыйдын кишиси, барпалаңдап

болгонун болгондой чачат. Терс кыялына жараша, эк, сыйына деле тойдум деп жолукпайын дейсиң. Бирок бала чактан чогуу болуп, жыт сиңишип калганбы, билбейм, кайра эле кошулуп, сагынычты таратып калабыз баарын унутуп. Негизи акылы тетик, мектепти орусча бүтсө да, кыргыздын макал-ылакапташтырган сөзү менен жайлайт, мунусу баарын унуттуруп, кайра өзүнө тартат.

Бир курдай чогуу болуп өткөн-кеткендерди эстеп, чер жазышып олтурдук эле паркта. Кокем баягысын карматып, бир досубуз менен кыжылдаша кетти. Тиги досум ушунчалык ызакор эле, ошонусуна тийип алды окшойт, экөө кадимкидей эле жулунушуп калышты. Кокем күчөгөндөн күчөп баратат кычык сөзүн койбой. «Мына эмесе» деп берки досубуз тумшуктан ары берип калды. Көзүң жаманчылыкты көрсөтпөсүн, Кокемдин маңдайкы эки алтын тиши кемириле түшпөспү. Шалдая түштүк, эмне кыларыбызды билбей. Кимге тартышты да билбейбиз. Кокем кичине эсине келе түштү окшойт, кан аралаша түкүрүнүп, түкүрүнүп, эртең сүйлөшөбүз деп басып кетти. Көздөр умачтай ачылып, тарап кеттик.

Эртең менен берки «чоң муштум» досум келиптир: «Жүрү, Кокемдикине баралы. Шайтан басып эмнеге уруп ийдим экен, же кой деп койбойсуңар мени. Силер да күнөөсүңөр буга. Жүрү, сени укчу эле, эптеп бирдеме кылалы – деп жалдырайт. Кийинип алып, Кокемдикине жөнөдүк. Тиги досум эжесинен акча алыптыр карызга, Кокемдин алдына түшкөнү. «Сен кир, мен кир» – деп эшигинин алдында турсак, ар жактан Кокем өзү чыгып келатыптыр. Эшикти ачып кетилип калган тиштерин көрсөтө күлүп: « Ой баланча, тишим бошоп, ооруп, стоматологго барганга моюн жар бербей турду эле, ырас болбодубу, кандай ыргып кеткенин билбей

калдым заматта» – деп тиги досума күлүп карабаспы. Кечиримдүүлүк ар адамда эле боло бербейт. Кылган кылыгын мына ушундай мамилеси менен жууп иет.

Кокемдин кыялын жакшы билбеген, бир жигит мага жолугуп:

– «Ой, бул Коробек досуңдун таз-карыны тазабы? – деп менден сурайт. Ичимен күлүп бир мандем болгонун сездим да:

– Кичине аркы-беркиси бар эле – деп койдум сыр билгизбей.

– Досуңдун жосуну кичине эмес эле бир далай го. – Туруп болгон окуясын айтып берди.

...Төрт-беш үй-бүлөлүү кишилерди дачасына конокко чакырат. Эми Кокемдин конок тосмою, баягы Манастагы айтылгандай ала тоодой эт, ала көлдөй чык менен башталат эмеспи. Коногунун бутуна таш төшөп «заара» кылдырганга дейре барат, анысы бар. Бирок той баягы Көкөтөйдүн ашындагыдай скандал менен бүтүптүр, айтып отурса. Бирок мунусу кичине бөлөгүрөөк өтүптүр.

«Тамак мына-ана алдыга келет деген маалда эмне болушуп кеткенин билбейм, ары жактан кыжы-кужу боло түшүштү, түшүнбөй да калдым дейт конокко барган жигит. Баарыбызды тамак ооз тийгизбей кууп чыкпадыбы үйүнөн – деп башын чайкайт. – Кантип кичинеңерден бери достор болуп жүрөсүңөр», – деп таң калат мага.

...Бир жолу Кокемдин иниси жолугуп калып:

– Байке досуңуз жөн киши эмес, ээ, бир жаңы жоругун айтып берейинби – деп калды.

– Давай, давай.

«Байкемдин кайындары тойго чакырып калды. Досуңуз, жеңем, менин келинчегим болуп тойго келдик,

Тараска. Кудабыз бир райондун көрүнүктүү жетекчиси болчу. Тойду катырып берип жатыптыр. Миң дебейин, беш жүздөн ашат конокторунун саны. Казактар мындайга кыйын эмеспи. Бир кичине көчөнү бүтөтүп, туюктап, эки катар үстөл койдуртуп, артисттерди ырдатып коюптур. Тыштан караганга өзүнчө эле бир айылдын чоң тою. Олтурган ордубуз, бизге табакташ кишилерге караганда коноктордун эң сыйлуу тобуна кирген окшойбуз. Той башталып, белек-бечектерди тапшырып жатышат. Кезеги келгенде байкем шашпай туруп татынакай сөздөрүн айтып, бир жылкыны атаганда элдер кол чаап ийишти. Күбүр-шыбыр көбөйдү. Байкем өзү сырткы келбетине караган, сыпайы жүргөн адам эмеспи. Өңү-түсү, жарашыктуу кийингени да элдин көңүлүн тартып турду. Кыскасы, биз жөнөкөй эле кыргыз көрүнгөн жокпуз, – деп мактана да кетти досумдун иниси.

«Баары орду-орду менен, өзгөчө шаң менен өтүп атты. Жүрөктү эргиткен тосттор, куудулдардын тамашасы, ырчылардын жүрөккө чок салып делебени козгогон ырлары конокторду балкытып турган убак. Байкем ачылып күжүлдөп калды. Жеңемдин тымызын тыюуларын башында угуп, кепке конок берип турду эле, кийинчерээк а кишинин да алы келбей калды окшойт. «Кой терисин» астадан сыйыра баштады. Ичимен, деги баягылары болуп кетпесе экен деп кыпылдап турам. Бир маалда байкем «кой терисин» толук шыпырып, жанындагыларына турмушта «кандай жашашты» үйрөтүп калды». Чыдай албай мен күлүп калдым. Кокемдин жоруктарын көрбөсөм да, көз алдыма келе түштү ошол учуру. Жанындагыларын кагып-силкип баягысын баштаптыр. «Мен жаман уялдым», – деп досумдун иниси андан ары сөзүн улады. Той аяктады.

Алдап-соолоп олтуруп жеңем бир үйгө жаткырыптыр. Эртеси өзүбүзчө отурганда: «Байке, көчээкилерди билесизби» – дедим.

– Эмнени, – деп камаарабай сурайт Кокем. – Ботом, эч нерсе деле болгон жокко.

– Э байке, тиги кишиге тигиндей, бул кишиге мындай деген кычык сөздөрдү сүйлөдүңүз да, – деп чыдай албай айтып ийдим дейт иничек. – Сыйлуу коноктугубуздан эле унчугушкан жок, болбособу... – Жеңем да өзүнүн көрүп-уккандарын айтып калды. Анда сиздин досуңуз эмне дейт укпайсызбы, – деп мени күлө карады инибиз.

– Бирөөнү жыга чапкан жокмунбу?

– Эмне, жаныбыздагы кадырлуу чоочун кишилерге тынчтык бербей асылганың ушул азбы?

– Агамдын душмандары жок дейсиңби? – деп жеңем чыйпылыктап кетти арадан.

– О-о, мен да бирөөнүн өмүрүнө зыян келтиргеминби деп чочуганымчы – деп, дагы эле мойнуна алгысы келбейт. – Айтып коёюн чынында той тойдой болду. Бул үлпөткө бир райондун кишилери келди окшойт, молодес байкебиз ээ, байбиче, – деп жеңемди жооткотуп.

– Ой, мындай чоң тойдо илгери кыз жоголчу, эр сайыштан өлчү. Дэңгээли ушундай эле болду, анан ушул менин болоор-болбос эркелеген кызуу болуп калган сөзүмөн кынтык чыгарып, аны чоң кепке өткөрөсүңөр да. Уялбайсыңарбы? Ээ, кагылайындар, ушу да айтчу кеппи ушундай зор тойдо, – деп кайра бизди сөзгө жыкпадыбы...

... Арадан билинбей жылдар өтө берди. Бир курдай жолугуп калдым досума. Катташпай деле калганбыз. Пайгамбар, жашына келип калган убак. Сагынышып калыппыз аны эстедик, муну эстедик дегендей бир топ-

ко дейре кепилештик. Кокем баягындай эмес. Сабыры суз. Бирок сыр аяктын сыры кетсе да, сыны кетпейт дегендей баягы көрүнүштөр байкалбаса да, жүдөө эмес. Аяш оорудан каза болгонун, андан кийинки турмуштун супсактыгын айтып, «Ой, Шакы, ушул турмушту такыр эле түшүнө албай койдум!?» – деп каңырыгы түтөп кетти…

## ИЧ КҮПТҮҮЛҮК ЭМНЕГЕ АЛЫП КЕЛЕТ?

Институтту бүтүп үйлөндүм. Үйдө опур-топур. Келип келин көрүп кеткендерден эшик жабылбайт. Биринен бири угушуп келген эле кошуналар. Кире бериштеги бөлмөдө тапичке менен кепичтерден орун жок.

Кошуналар мени бала чактан бери билишет. Бир да бирөөнө өйдө карап сүйлөп көргөн жан эмесмин. Эжелер болобу, жеңелер болобу, дүкөнгө жумшашса, оюнумдун кызыгына карабай зуу койчумун. Сүткө жиберсе, анысын төгүп-чачып «беш мүнөттө» жетип келчүмүн. Оюнкараак элем.

Молдо келди. Нике да кыйылды. Баягы бойдокчулук кан буугандай токтолду. Көчө таптамай калып, турмуш куруштун айласын ойлоп, оокат деген эмне экенин түшүнө баштаган мезгил келип да жетти окшойт. Үрп-адат боюнча жакын кишилерден өкүл ата, өкүл эне коюлмай болуп, ага кандидатураларды ыраматылык энем талдоого койду. Бизде, шатектеп акча кармаган, же турмушу өтө жакшы туугандар деле жок. Баары эле биз сыяктуу өз киндиктерин өзүлөрү кескендер менин жакындарым. Анын үстүнө биз «чокойчондорго» өзүбүз барбайбыз, «өтүкчөндөр» бизден алыстаганга тырышышат, ошол эле туугандар арасында. Энем байкуш бир алысыраак эле эжелерди өкүлчүлүккө көн-

дүрдү окшойт. Жезде түзүк кызматта иштеген экен мурун. Пенсияга чыгышыптыр, ал кишилерди мен деле көрбөпмүн, шаарда окуп-чокуп жүрүп. Укчумун. Азыр айылда экен, малдуу-жандуу дегендей, турмушу болсо орто чарбадан жогору, ичип жегендери кенен окшойт кептерине караганда. Энем ушуларына кызыкса керек, кийин балдарыма бир жардамы тийээр деген ойдо. Келинчегибиз экөөбүздүн шаарга кетээр убактыбыз да келип калды, ишке орношуш керек. Жакшы санаалаштар чакырышып «отко» кирдик. Өкүнүчтүүсү, алардын арасында өкүл атамдар жок. Үмүт чоң эле алардан, эми эмне кылылы деп жөнөй бердик демибиз сууп. Айтса-айтпаса төгүнбү, ичим ачышып эле калды. Жаңы тирдик болуп атсак, бирин-экин тыйын деле чоң жардам болот экен.

Ошентип институттан чектелген ишибизге келип иштеп калдык. Жумуш жаман болгон жок. Бала-бакыра күттүк, райондо чокчолой табакка экинчи, үчүнчүлөрүнөн болуп кол салып, сыйга жетишип калдык. Айылга анда-санда барып калабыз. Конок болобуз. Оюм баягы өкүл атамдарда аякка барган сайын. Айрыкча берем деп ооздорунан чыккан энчимде. – Эмне бир чычкак улакка жарабайбы өкүл атамдар? – деп мен да кээде мулжуңдап коём энеме күчүмү чыгарып. – Ой билбейм, жолугуп калсам эле, өкүл балдар келип жүрүшөбү, келгенде бир биздикине келип конок болушуп кетсин деп энем байкуш кобурап калат. Байкоомдо а киши биздин көңүлдү уулап айтып коёт имиш. Алар деле карып баратышат, чыгынып бир келиште барып койбойсуңарбы деп калчу эжем. Чакыргысы келишсе көп эле келем, бирөө-жарымдан айттырып деле койбойбу. Ботом, баягы энчилеген малын бербейби, же колдорунда жок бекен» – деп наалып калам.

Андан бери бир топ жылдар өттү. Бир жолу мен иштеген бөлүмгө биз жактан бир киши сыркоолоп түшүп калды. Көп оорунун бири болуп текшерүүдөн өтүп жатат. Коридордон мени менен жолугуп калса, мурун көрүп жүргөндөй жылуу салам алып, жашымда эркелеткен атымды айтып сөзгө тарткысы келет. Ичимен бүшүркөп, биздин райондон мени тышыман таанып калган киши болсо керек деп мен деле өзгөчө көңүл бөлбөй, жылуу учурашып калам. Күндөрдүн биринде иш кабинетимде отурсам, бир апа келип калды. Мени күлө сырлуу карап туруп:

– Таанıбай атасың го, эжең болот эмесминби, – деп мени сөзгө тартты. Байкоомдо баягы менин өкүл апам өңдөнөт. Анын үстүнө далай жыл болуп калбадыбы айылга барбаганыма. Таанычудай эмесмин.

– Келиңиз, – деп сылык орун көрсөттүм.

– Ой жездеси, баланча, бул чоң доктурду тааныйсыңбы, баланча эмеспи – деп менин атымды айтып кылчайып тышта, эшиктин артында турган кожоюнун чакырды. Жезде ошону эле күтсө керек, эшикти шып ачып кирип келип, мени менен бакжайган буурул баскан сакалын селкилдете көрүштү.

– Кандай алдыңа кетейин, бала-чакаларың, келиндин ден-соолугу жакшыбы? Алыс болуп, ушинтип катташа албай да калдык мээнетиңди алайын, – деп эжем бир топ кобурады. Эжем (менин энемди айтып атат) да өтүп кетпедиби, айылга келбей калдыңар окшойт. Биз эмне тууган кишибиз да келгенде, мына биз келдик деп абышканын төл башыларынан ооз тийип кетсеңер, биз деле ыраазы болуп калабыз да, – деп шакылдайт эже. Эстедим унутулган «өкүл ата менен өкүл энени». Ичим күйүп турса да, эскини эстебейин деген мисалда жездемдин оорусунун жайын айтып түшүндүрдүм.

– Эми эмне дейли, өзүңдү кудайга, жезденди сага тапшырдык, колуңун келишинче жардам бер, – деп жалооруй карашат. – «Окуп-чокуп келди, билимдүү доктур болду,» – деп угабыз, ага сыймыктанабыз деп эжем бир далай сөздөрдү сүйлөдү. Абышкасы – биздин пациент байбичесинин айткандарын жиреп коёт кезек-кезеги менен. «Ой-ой, өкүл эне, өкүл ата сиздерге сөз жок экен» – деп ичимен башымды ийкеп «тууганчылыгымды» билдирип отурдум. Бир сөзүн да каккан жокмун, ыргылжың болсом да. «Эми ооруканага түшүп калыпсыңар, ооруу деген оору, таарынычты унутайын» – деп ичимен өткөндү кечирдим. Жакшы сөздөрдү айтып узаттым «өкүл журтту». Бирок мени «өкүл бала» эмес белең, же болбосо ошого тууралап сөз да айтышкан жок. «Унутушкан экен кайран гана өкүл журттар» – деп тим болдум. Жаш кездеги үмүт жана анын ташы талкан болушу эстен кетпейт экен. Бирок бизге, ден-соолугуна байланыштуу күнү түшүп атканына шек келтирген жокмун. Кудай жалгап, операция жакшы өтүп, «өкүл ата» айыгып, «өкүл энемдин» колуна соо-саламат тапшырдым. Мунум бир чоң олжо болду. Кетээринде «жайында келип конок болуп кеткиле» деп жалынып-жалбарып сураныштты. Мурун жалкып калган жаным буга ишенген жокмун. Макул демиш болуп койдум. «Эми мындан ары «бириң өкүл ата, бириң өкүл эне» болуп жүргүлө» – дедим тийишип, мурункуну эстээрби дегендей. «Ой алдыңа кетейин, ыракмат мындай кебиңе, макулбуз» – деп бажакташты оорукандан чыгып атышып. «Дагы түшүнгөн жок окшойт, деле түшүнчүдөй кебетелери жок го» – деп ичимен наараазы болуп койдум.

Жыл өтпөй келинчегим экөөбүз отпускага келдик уялаш эжемкине. Барчуларга бардык. Элет ырым-жырымдарын жасадык. Эжем менен сүйлөшүп отуруп:

– «Ой эже, баягы Мария тааэжемдин абышкасы былтыр кышында операция болду бизде. Жайында биздикине келбесең таарынабыз деп букулдашты» – десем:

– Опей, биз уккан жок элек го, таажездең операция болгонун, – деп эжем таң калып калды. – Анын үстүнө ал киши сексенден ашты да, энемден аз эле жаш кичүү эле да.

– Коюңузчу, жаш көрүнөт, жетимиштин эле айланасында болсо керек, – деп мен да жашын толук билбесем да айтып койдум.

– Эмнесинен операция болуптур – деп сурап калды. Болгонун айтып бердим.

– Ой ушул турган айылга бара албай калдык, карылыктын айынан ким эмне болуп атканын билбей деле калдык. Операция болсо болгондур, – деп эжем кейип калды. – Кап, барып көрүп койсок болмок экен, бирок ачык дайнын уккан жокпуз да. Билсек, жездең экөөбүз эптеп барып келет элек.

– Кой эже, сиз да айылга көптөн бери бара элек экенсиз, отур машинага, барып, өтүп кеткендерине куран окуп, туугандар менен учурашып келели. Мен да келбегениме көп жылдар болбодубу – десем эжем макул болду. – Анын үстүнө биздин өкүл ата, өкүл энебизге жолугуп келели. Мен эми азыр догдуру да болуп калбадымбы. Ооруканада аны айткан да жокмун, өзүлөрү деле унчугушкан жок. Ушул жолкуда баягы мен үйлөнгөндөгү берем деген торпогун уялбай эле доолайын, – деп тамашалап, эжем менен жолдошумду машинеге салып алып айылды көздөй жөнөп калдык.

Тааныш колоттордон тарам-тарам болуп агып чыккан көк-кашка сууларды, айылга бараткан жолдун таманында жыш өскөн арчанын жыты too гүлдөрүнүн аңкыган жыты менен аралашып бур этип каңылжаар-

ды өрдөгөнүчү. «Ии Шакы, сен да келет экенсиң, ээ» дегенсип башынан эгер ак кар кетпеген аркайган улуу, тааныш тоолор мени сырлуу карашат. Ойдо күн чайыттай болуп тийип турса, аякта буркан-шаркан, алай-дүлөй. Киндик кан аккан жер мени дароо «таанып» чочуп кеткенсиди, «келбей кеттиң эле чунак, кудай жалгап келипсиң го, – деп «таарынычынан» тайгандай болуп. Жылуу сезимдер көңүлүмдү көтөрүп, тээ боз бала кездеги көз ирмемдер алдыма тартыла түштү. Буларды көрүп менин балалыгымдын романтикасы «чукуранып» ойгонуп, табияттын көрүнүшүнө муун-жүүнүм балкып келатты, аңкилдек аттырган жолуна карабай. Чынында көп жыл болбодубу келбегениме. Аңгыча жезде жашаган кичине айылга да кирип бардык. Ал кишилердин жашаган жерин билчү эмес элем, эжем айтып отуруп бир секичедеги эски тамга айдатып келди. Столбанын жанында эки айылдык киши сүйлөшүп туруптур. Эжем жезденин уулун таанып:

– Ой баланча, эжемдер үйдөбү? – деп машиненин терезесинен башын чыгарып үн салды. «Үйдө, үйдө, түшкүлө машинеден» – деп ал да таанып, бийик эмес зым менен тордолгон «дарбазаны» ачып, байланган итти алып ары басты. Эжебиз чыкты бир далайдан кийин. Байкасам, баягы мен операция кылган өкүл атанын байбичеси – «өкүл энеге» окшобойт. Бул киши такыр эле кары экен. Эжем экөө учурашып калышты аманчылыкты сурашып. Ичимен кызык болуп кеттим. Түшүнбөйм.

– Ой алдыңа кетейин, чоң доктур, сен да карыган турбайсыңбы? – деп менин бетимен өптү эже. Башым маң эле болуп калды. Таанызбайм. Жездем каякта десем:

– Жездең шаарда кыздарыныкында, ал киши быйыл сексен алтынын тамагын ичип жатпайбы. Өткүлө,

– деп төшөк салымыш болуп калды. – Ал кишинин деле алы жок.

Мен ошондо билдим жаңылганымды. Эжем менен аялым мени алая караштты. Мен дал болуп калдым. Уят-сыйытты жыйыштырып коюп эле:

– Быйыл кышында бул биздин айылдан бир аксакал Бишкекте, бизде операция болду эле, ошол киши жездем эмеспи? – деп уятты таштап коюп эле сурадым.

– А-а, Муканбет күйөө баланы айтып аткан турбайбы. Айткан баягы Какемдин уулу, Шакы (айылдагылар мени ушинтип аташчу) Бишкектен операция жасаган деп туугандар сени бир топ мактап жүрөт. О ботом, билбей калдыңбы, аялы, Бурул эжең, менин уялаш сиңдим эмеспи. Ал да сенин туугандык мамилеңди ыр эмес, жомок эмес айтып жүрөт айылда, – деп эже менин ишиме жетине албай. – Кечээ эле Бурул абышкасы менен келип учурашып кетишкен. Мукамбеттин ден соолугу жакшы. Шакылар Бишкектен келишмек эле деп силерди күтүп жүрүшөт ушул жайда келет дешип.

– Алмаштырып алган турбайсыңбы, алдыңа кетейин. Кудай өзү айдап келген турбайбы. Ой, эми бүгүн биздикинде болгула, эртең деле Муканбет жездеңкине бараарсыңар, баягы илгерки өкүл ата, өкүл эне парзыбызды аткаралы, убагында аткара албай калсак да, – деп анык өкүл апам бизди жалооруй караса болобу. Көрсө, жыйырма жылдан ашык мурунку өкүл атам менен өкүл энемдер ушулар турбайбы. Жаман эле ахвалда болуп калбадымбы. Мен Мария эженин (анык өкүл эне) өзүнө окшогон сиңдисин ал кишинин өзү деп кабыл алган экемин да Бишкекке келгенде, «эсиңе жара» чыккырдыкы десе. Тиги мен операция жасаган Мукамбет деген киши өкүл атанын бажасы турбайбы. Ал деле биздин туугандар. Кичине териштире сурап да койсом болмок экен, атаңдын көрүнүкү. Жедеп таарынычка

сугарылып калганымды карабайсыңбы. «Таарынбай тамыран кал, чала сага, дагы профессор имиш», – дедим ичимен өзүмү. Конок болгондон уялдык, эжемди да аядык, карып калыптыр. Кош-пошубузду айтып алып, алмаштырып алган «өкүл» атамдыкына кеттик. Алар күтүп жатышыптыр. Анык өкүл атамын «күнөөсүн» кичүү бажасы көтөрдү ошентип. Менин жаңылыштыгымдын залалы аялыма тийди окшойт, бир үйгө деп алган таттуу-тарабын эки үйгө бөлүп.

Мына кыргыздын ич күптүүлүк таарынычы эмнеге алып келет? Дегиңкиси кыргыз жеринен мындай терс адатка жакын. Иштин аныгын билбей, кээде чорт жыйынтыкка келебиз. Анын аягы жакшыга алып келбегени таарыхыбызда да айтылып кетет эмеспи.

## ШАЙТАН КҮЧҮКТӨГӨНДӨ

Дем алыш күн. «Эмне кылсам» – деп ойлонуп турганда, дос-коллегам телефон чалып калды. Ал экөөбүз студент кезден бири-бирибизди билишебиз. Менден бир аз кичүүлүгү бар, жеткен тамашөкөй киши, коллегам.

– Ой Шакы, поздравляю, «Лучшие люди коллектива» деген ардак тактыга чыккан турбайсыңбы, эмне айтпайсың?

– Билген да эмесмин. Ошентип, мага сюрприз жасап коюшуптур. Ырахмат, боорлош коллективиме.

– Ушунча жылдан бери эмгек кылып келе жатасың, сен чыкпаганда ким чыгат? Сүрөтүңдү карап коюп жүрөсүңбү, ары-бери өткөндө?

– Эми улам-улам өткөн сайын эле карай бермек белем, уят да, көргөндөр эмне дейт.

– Кечээ сүрөтүңө карап койдуң беле?

– Ой, эмне эле аны такып жатасың, отуз жыл иштеп, бир жолу ардак тактага чыксам, чыккандар-

мын, аны эле эмне чоӊ сөз кылып калдыӊ. Ошо да кеппи.

– Бекеринен сураган жокмун да. «Кечээ менин бир таанышым сенин сүрөтүӊдү көрүптүр, – деп сөз баштады. – Колуӊ сынгыр бирөө сүрөтүӊдү маскаралап, мурут – сакал, көз айнек тартып, анысы аз келгенсип, оозуӊа килейген попорос тиштетип коюптур. Буга наразы болуп мага келиптир. Экөөбүздүн жакшы экенибизди билет да. Ким кылса да, тарткан колуӊ шал болсун, – деп ачуум менен барсам, айткандай эле чын экен. Балдарга айтып, сүрөтүӊдү алдырып койдум. Көрө албагандар бар да. Сен кетип калыпсыӊ, айтайын десем. Ошон үчүн такып сурап атпайымбы, сүрөтүӊдү кечээ көрдүӊ беле деп. Сенин жакшы догдур экендигиӊ бирөөлөргө жакпай атса керек. Душмандарыӊ уктабайт го. Шакы, капа болбо» – деп мага суук кабар айтып трубканы койду. Шаабайым сууй түштү, муну угуп. Ырас, жакындык кылып сүрөттү алып койгону жакшы болуптур. Досума ичимен ыраазы болдум. Кап, кечинде бир карап койсом болмок экен. Бирок мындай болоорун ким билет. Азыр эле жетип баргым келди иштеген жерге, бирок поликлиника бек да. Э, кудай, бир жума мурун эле ушул жакшылыгым үчүн балдарга майлап бербедим беле, эми эмне болду, көп кишилер көрдү да. Уйгу-туйгу ойлор мени такыр эле чулгап алды.

...Муну ким кылды, ия? Коллегаларымдын эле колунан келди окшойт. Тыштан бирөө келип жасамак беле... И-ии, токто, токто, бул иш Түнкатардын эле колунан келди окшойт, өгүнү жыйналышта бир аз критика бере койсом тышка чыкканда: – «Эмне эле мага асыласыӊ, мен сенден улуумун да, көп эле тыӊсынбай жүрсөӊчү» – деп бир топ сөз сүйлөгөн. Кийин мамилелерибиз оӊолуп эле кеткендей болду эле. Бирок уккам,

ал киши баардыгын эле кечире бербейт деп. Койчу, пайгамбар жашына келип калды, ошондой ишке бармак беле деп өзүмдү токтоттум. Бул иш жаштардын эле колунан келди деген жыйынтыкка келдим. Институтубузда бир-эки жаш врач бар мурундарын көтөргөн. Эртең мененки врачтык чогулушта, кылган иштерине, сүйлөгөн кептерине жараша кез-кези менен жарга такап, «сыйыртмак» сала коймоюм да бар эмеспи. Туура эмес, тобокелге салып доклад жасагандардыбы, тим эле «багелектен алып аттан оодарып» түшөм. Ушулардын ичинен бирөөнүн колунан келдиби? Бирок «агай» дешип эле турушат, а ичинде эмне ойлоп жатканын кайдан билесиң.... Баса, Мукан болуп жүрбөсүн, аны эстедим. Ал врач, менден бир топ эле кичүү жигит, анан үстүнө кошуна. Киришип-чыгышпайбыз бир болбогон иш менен. Ооз учунан эле учурашып калабыз көрүшкөндө. Күйөө баласы бизде иштейт, куйпуң-шуйпуңу бар бала. Мага жамандык жасабаса да, ичимен жек көрөм кылыгына жараша. Ошонун колунан келбесин, чечек десе. Санаам санга бөлүнүп, кадимкидей эле чүнчүй түштүм. Ушу сымал дагы бир-эки «кан кускурларды» сындап өттүм. Ошол түнү бул балекетти эстеп алып, чабалактап уктай албай да чыктым. Ушулар менен бир табакка да дегеле отурбайм деген чечимге келип кеттим кыжырым келип. Жолдошума сыр билгизген жокмун, бирок орустар айткандай «на душе кошки скребли».

Эртең менен эрте туруп, поликлиникага кандай жетип келгенимди да байкабай калыпмын күйүтүмөн. Кирип келип, элге байкатпай ардак тактыны карадым. Өз көзүмө өзүм ишенбей кеттим. Кудай жалгап, баардыгы жайында. Жылмая түшкөн сүрөтүм башкача маанай менен мени карайт, «сага эмне болду, мындай

жумушка эрте келчү эмес элең, тынч элесиңби» – дегендей. Ошондо түшүндүм, «Биринчи апрель – күлкү күн» экенин. Досумдун «мүрт» кетирүүчү тамашасы мени бир топ ойлонтту го. Ага бир чети капа болдум. Бирок, менин кудай алдындагы күнөөм көбүрөөк болду окшойт, жөн жүргөн эле адамдардын «айыбын» чукуганыма. Шайтан күчүктөш бат эле тура.

## БИР ҮЗҮМДӨР

Бир отурушта мени тааныган коллега мага карап, «Москвич» деп койду. Анда менин бет маңдайымда олтурган жерде шайыр келин:

– Опей, ботом, байкебизди «Москвич» дегениңер эмне? «Мерседес» дебей эле койгула, жок дегенде «Жигули» деп тергеп койсоңор не болот, – деп чын эле намыстана түштү, «Москвич» деп менин коллегам менин Москва шаарында нечен жыл иштеп окуп жүргөндүгүмдү баса көргөзүп, мени отурган элге соболомду көтөрөйүн деген оюна жердешим намыстана кетти окшойт, маанисин башка түшүнүп.

* * *

... Бир орус байбиче эки баласына акча бөлүп берейин десе бир эле эки жүз сомдук бүтүн купюр болуп калат. Майдалатайын деп кафе-барга кире калат жанындагы. Эртең менен экен. Кафеде кишилер деле жок. Эки жүз сомдукту сатуучу жигитке сунуп, «два по сотню» - дейт. Бармен суроолуу жалт карап алып, бирдеме дейин деди окшойт, бирок унчукпай, эки жүз граммдык стаканды камдап «водку или коньяк» деп суроолуу карайт дейт байбичеге...

* * *

... Сексенден ашкан байбиче каза болот. Эл өкүрүп келип жатышат дейт. Бир маалда, «эсел кайдан көрбөгөн энекем о-ой, эми кайдан көрөм о-ой» деген бирөө бар дейт элдин арасында...

* * *

... Маркумду жайына коюп келгенден кийин сөөк ээлери тамак иччү бир жайга куран окутканы элдерди чогултту. Ыраматылык киши кадыр-барктуу адам эле бейиши болгур, эл көп келишиптир. Отурган элдин саны жагынан бир кичине айылдан кем эместей. Куран окутулчу жай түнкү ресторан экен, ошого ылайыкталган эмерек-жасалгалары азыркы учурдун шаанисинен кабар берип турат. Эки бурчта жаркылдаган музыкалык аспаптар радио-аппараттары менен бийигирээк жерге коюлуптур. Төбөдө илинген килейген шар, күзгүлөрү менен. Залдын ортосунда стриптиз – мамы (жарым жартылай жыңалач кыздар оюн көрсөтүүчү секиче). Буга көз чаптырып отурган жанымдагы аксакал: «капыра-ай, бул жер кечкиси шайтандын уюгу турбайбы, балекеттики, окулган куран деле өзүнүн вазийпасына жетпей калчудай го,» – деп шыпшынып башын чайкап койду...

* * *

...Белгилүү эле бир депутат парламентте «элибиздин» макал-ылакабы менен такалбастан шыр сүйлөгөн сөзү мени бир топ ойлонтту. Биздин элиталар да шалакы эмес көрүнөт риторикалык сапаттан. Депутат көнүп калган кошмо тил менен адырандатып келатып бир маалда элирип кетти окшойт, кебин макалдашты-

рып ийбеспи минтип: – «Жолдош депутаттар, кыргызда бир макал бар, «Асан, сен менин досумсуң, бирок мен сага чындыкты айтышым керек...». Мына сага. Мындай шамдагайлык менен жакында Конфуцийдин айткандарын кыргыз айткан деп хайхайлап жүрбөйлү?

## МЫСЛИ – МОИ СКАКУНЫ

Самонадеянные личности или даже отдельные государства в угаре благовения порой думают, что Мир создан для них, не подозревая, что они забываются тем же Миром.

* * *

Хирургия как и другие творческие «ремесла» достоин к величающему уважению, но любить её как профессию чрезвычайно опасно для собственной жизни.

* * *

Жизнь, любовь и алкоголь. Эти прелести земного творения. Если первые два понятия созданы богом, то «выпивка» изобретена человеком. Здесь прием алкоголя не должно приниматься как «дурная привычка», а «плохое употребление хорошей вещи», как правильно был замечен Абрамом Линкольном.

* * *

Эринбеген жүрүш терс ойдон алаксытат.

* * *

Бирөөнө кыска жана нуска, экинчисине узак да, нускалуу да турмуш дайындайт экен жараткан. Ал

эми жеке эле максатсыз узак турмушу эле эмес, ага шайкеш болгон «мылжың...кылжың» жашагандарга кудайдын тиешеси барбы? Же жараткан, «бул шайтандын иши болчу» деп чыга береби?

## ЖАМАН СӨЗДҮН КУЛАГЫ БАРБЫ?

Негизи мен тамашалап кеп айтканды жакшы көрөм. Туруп-туруп эле, учурга жараша капысынан экспромт ой келе калат башка. Тарс эттирип аны айтып калсам, жанымдагылар кадимкидей эле каткырып күлүп калышат. Күлдүргөнгө жараган оңойлукка турбайт экен. Айрым учурларда фантазиям ушундай эргийт десеңиз, бирдемелерди көз ачып-жумгуча ойлоп таап, аны азилдештирип да иймейим бар. Келишпей да калгандар болот анда мен, «кээде жигит акылдуу, кээде коёт колдурап» – деп кутулам.

Бир курдай жакын, төш кагышып, шилекей алышкан ини-жолдош-жоролорум менен бир-эки күнгө эки жеңил машинеге түшүп, Ысык-Көлгө жөнөп калдык. Эки бөлүнүп калдык. Теңибиз алдыңкы машинеде, шаардан эрте чыгып кетишкен эле. Калгандарыбыз ишибизди бүтүрүп, алардын соңунан түш оой чыктык. Бараткан жерибиз - Жети-Өгүз району. Конок ээси биздин жамааттын ардагери, коллективдин бирден-бир сыйлуу кишиси. «Берекелерим» деп бизди сыйлуу тергеп, кыргыздын төл сөзүн оозунан түшүрбөгөн авабыз тээ далай замандан келе жаткан элибиздин «жөн эле келип даам ооз тийип кеткиле» деген салтын көгөрө сактаган киши. Барып калганда берген ашына, чүйгүн тамактарына, акысы бардай, аласасын өндүрө албай жүргөн кишилердей мамиле кылабыз. Кара чегиртке эгинге түшкөндөй каптайбыз го, чиркиндики. Үй ээле-

ри ошонубузга аябагандай курсант. Барганыбызга кубанышат, өзгөчө байкем, «Ээ Жеки, э-э, Жеки», – деп жеңебизди айтпадым эле дегенде бир кечте жыйырма-отуздай атап ийет: «тигинингди алып кел, мунуңду кой, ой баягың каякта, көрүнбөйт го» дей берип, кичине «макулошка» да жеп калат жеңебизден. Жеңебиз ансыз эле жел кайык, жөн олтура албаган.

Рулда менин жакын коллегам Атабек көңүлдүү кыңылдап ырдап келатат. Алдыңкы орунда мен (улуусумун). Арткы орунтукта менин жолдошум менен Атабектин келинчеги тестиер кызы менен. Көңүл көтөрүңкү. Конокко барыш, анын үстүнө бөлөк-бөтөнү жок, жоролош сыр билгилер менен чогуу болуу өзүнчө эле бир жыргал эмеспи. Буга эмне жетсин. Аңгыча Атабектин чөнтөк телефонуна жан кирди окшойт, бирөө чалып калды. Көрсө, биздин алдыңкы топтун жигиттери биздин дайынды сурап жатышыптыр. Телефон байланышы, анын эки учундагы достордун бажакташкан калемпир - мурч аралашкан куйкум кептери ансыз эле делебе козголуп келаткан жанга кошумча дем берип  көңүлдү балкытат. Туруп канат байлап алып учуп жеткиң келет бир паста. Атаганат, буюрса достор менен бирге шарап ичип, шабият тепчү убакыт да жакын калган окшойт. Ичимден кумарланып кымыңдайм. Тияктагы «жыргализм» атмосферасынын аныгын биле албай чычкыланып турдум эле, сезгендей телефонду мага сунду. Кулагымды телефонго тозсом, Бекибай экен. Рыбачыдан кичине арылап, бир пляжга токтошуп, көлгө түшүшүп, эс алып жатышыптыр. Айтылган сөзүнө кубангандан эрээркеп кеткенминби:

– Ай, Беке, бажаңды да алып алдыңбы? Дайны жок суроо бергенимди өзүм да байкабай калыпмын.

– Ой, бажаны эмнеге алмак элем, тамашалабачы. – Жөнсүз берген суроому жактырбагандай мааниде айтты. Жоопту так бере албагандыгыман диалогду кескин токтотуп, кепти бөлөккө буруп, «бизди күтпөй эле бара бергиле, артыңардан жете келебиз» – демиш болдум. Телефонду шак өчүрүп таштадым, сөз көбөйүп кетпесин деп. Бекишти бушайман кылып койдум окшойт. Ичимен беймаза да болуп калдым. Бирок билгизген жокмун жанымдагыларга. Мунун да бир кеби бар бажасын эстеткенге. Анан деле оозунан түшүрбөйт бажасын басса-турса да. Бажам мындай, бажам тигиндей деп. Муну уга берип тажап да кетчүбүз кээде. Же ошол эсиме түшө калып, бир чымчып кетейин дедимби. «Черт возьминики» десе деп бушайман болуп калдым ичимен. Эмне кылам эми... Атабек мени карап кашын суроолуу кагып койду. Жооп кылып сырлуу күлүп койдум. Бир немени баштаганы турасың го-о дегендей ойдо калды.

Кичинеден кийин артта отурган Атабектин жолдошу Кымкап менден сурап калды:

– Эмне байке, Бекибайдын бажасы да баратабы? – Сөздөн жаңылганымды билгизбейин деп тобокелге салып дайны жок «жөө жомоктон» баштадым. Ошентип, импровизацияга конок берилди.

– Деги кызык ушул Бекиш, жеке эле бажасы эмес, ага кошуп анын аялын да алып алыптыр, бул эмнеси, – билмексенге салдым. Минтип баштап алдым, эми аягы эмнеден чыгаар экен деп кыжаалат болуп, буга татыктуу жооп кайтарганга даярданып калдым.

– Омей, ал эмнеси, жылда өзүбүз эле барчу элек го, эмне болду, ботом, – деди чочугансып Кымкап. – Мен мобереки чычкандай кызымды көп көрүп, уялып, бетим тултуюп баратса, кызык го. – Кадимкидей бушай-

ман болуп калды. «Сырын билбеген чоочун кишилердин арасында кандай болот эми.

Менин аялым ага кошулуп:

– Ырас неберемди кал дегеним жакшы болгон турбайбы, – эстүүлүк жасаганына компойгонсуп койду. Жолдошторубуздун маанайлары заматта түшүп, «ыр менен дың жерге барабыз» деген шаңдуу ыр өчө баштады. Менин «узун жолду кыскартайын» делинген жөө жомогумдун төркүнүн Атабек түшүнүп калды окшойт, мыйыгынан күлгөнүнө караганда. Кичине туруп тымызын от алып келе жаткан интриганын отун андан ары ичкелештирип:

– Ой, бажасы ичкенди жакшы көрөт, ичип алса, анан деле чырлыгычы, – жыландын башын чыгарып койдум.

– Анын чоң чатагын баягында бир Бекемдин тоюнда көргөм, Атабек да мага кошулуп шыкактап койду менин оюмду туюп.

– Деги Бекем ошол бажасынан деле жалкпайт. Аны менен аяр болуш керек, – башымда чайкап мостоюп койдум кара күчкө.

– Эми ушактаган эмес дечи, капырай, бажасы менен балдызын өзүлөрүнчө эле чакырышса болмок экен, – деп ыңгайсыздана кетти аялым.

– Бажасына балдызы кошулуп алып илгерки «концертин» коюшпаса эле болду, – артта отургандарга карап койдум, кандай маанайда экенин билейин деп. Мелтирешип унчукпай калышыптыр, жүздөрүндө баягы жылмаюулар калып, кичине коопсуздануулар байкалгандай сездим.

– Чындап эле беймазага салганыбызды сезип, ичимен «Мен да жөн эмес экемин» – деп андан аркы шакабыны уладым. Байкоомдо келинчектерибизди таза са-

наага салдык окшойт. Ичимен бүлкүлдөп күлүп жатам, эрмек таап алганыма. Буюрса, баягы кептен жаңылганымды оңдоп баратат окшойм, өзүмө-өзүм ыраазы болуп, андан ары жирейм. Алар беймаза болгон сайын биз Атабек экөөбүз көз кысышып, ичибизден моокумубуз канат, «ат жалына» койгон комедиябызга.

– Аларды бизге кошуп чакырышканына караганда байкенин аялы менен Бекиштин балдызы бир жакындыктары болсо керек, ээ, – деп жөн турбай Атабек.

– Ооба, ооба, мен да уккам, туугандар болуп кетишет экен.

– Опей, анда чоочун кишилер менен бизди чогуу чакырбай эле койбойбу? – деп менин аялым чындап эле шыпшынып.

– Ой биздин ишибиз эмне, кимди чакырат, кимди чакырбайт, казанчынын өз эрки да, алар бизден сурашмак беле. Бак-бак этип койдум. Тып басылды. Бир далайга дейре жымжырттык өкүм сүрдү. Түн кирип, эл орунга отураар болгон кез болуп калыптыр сөзгө алаксып келатып. Кетип баратып: – Ой, Кыты, (Кымкаптын эркелеткен аты) баякы баланча тууган тетиги дүкөндү кармайт эмеспи, ээ. Аялына Атабек жолдун таманында турган магазинди машинебиз өтө берээрде көрсөтүп калды. – И-и–ий, токтот, токтот, учураша кетели, ырас болбодубу эстеткениңе, биротоло баякы иштин дайнын да билели – деп Кымкап шашып. Айылдык дүкөндүн жанынан өтүп барып токтодук. Ал жерден бир топ уу-дуу болдук. Жакшы кишилер экен. Чын көңүлдөрү менен коноп, конок болуп кеткиле дегенге дейре барышты. Шартты түшүндүрүп, андан ары жолго чыктык.

Байкенин айылына да кирип келдик. Иңир кирип калган. Акырында имерилиштен өтүп байкенин көчөсүнө түштүк. Туура жолго чыга бериште алды-

дан чака көтөргөн аял чыга калды. Жол берчүдөй оюжок. – Ой, Атабек, тигил бош чакачан аялдан мурун өтүп кет, ушунусу эле жетпей турду эле. Менин аялым муну айтып чыйпылдап ийди. Ичимен күлүп ийдим да: – Орустун макалы кыргызга  ашчу эмес эле, бул жолкуда балаке-ет... – деп мен да коопсузданымыш болуп койдум арттагыларга угуза. – О, ботом, койдуруп кетейинби, өтсүн. – Атабек машинесин акырындатып калды. Бош чака көтөргөн аял камарабай мампайып өтүп кетти алдыбыздан.

– Ка-ап, – деп калышты арттагылар. Кичине жүргөндөн кийин  машинебиз калың бак-дарактуу үйдөн обочороок барып дарбазанын тушуна  токтоду. Байкенин узуун, көзгө тааныш короосу. Керилип-чоюлуп, талыган денени жазып тышка чыктык. Жайкы түндүн назик тоо тараптан урган салкын илеби заматта сергите түштү. Мен баштап, алдыга бастык кенен ачылган дарбазаны карай. «Ой, шумдугуң кургур, эмне болуп кетти»? Чочуп кеттим, тээ короонун түпкүрүнөн кажы-кужуну угуп.  Ызырынган адамдын үнү, кой-ай деген кишилердин арасынан даана угулду. – Ой, ава, коё берип койгулачы, колунан эмне келмек эле, кыйын болсо тийип көрсүн, балекет ичкир алкаш, ичип алса эле, ушинте берет, элден уялбайсыңбы? – деп албууттана чайылдаган аялдын ачуу үнү кулакка шак дей түштү. Ага жооп кылып сөгүнгөн эркектин кирилдеген мас үнү. Кадимкидей селдее түштүк. Атабек түшүнбөгөндөй мени карайт, мен аны карайм жалдырап. «Байке тамашалап жатабы десем, көрсө чын эле  турбайбы» – деп, Кымкап аялымды карайт. Катып калыппыз турган жерде.

– Канетсе бакылдаган киши Бекиштин бажасы го, – деп аялым күңгүрөнүп ары машине тарапты көздөй басты.

– Жолдо Исаныкына эле чогуу калып калбайт белек, тамакты таштаган ушундай болот, Кымкап улутунуп койду.  Ыргылжың болуп калдык. Баарынан да бул көрүнүш өзүмдү таң калтырды. Заматта маң боло түштүм. Аялдарыбыз, балким, мындай иштин болушун күтүшсө керек. Бирок айтылгандардын баары кызылдай эле жалган болчу да, тамашалайын дегем. Эч кандай «бажа да, балдыз да» болгон эмес. Шумдугуң кургу-ур, бул эмнеси? «Шайтан алгырдыкы, кайдагы тамашаны чыгардым эле, «жаман сөздүн кулагы болот» дечү эле» – деп бушайман боло түштүм чындап эле. Өзүм ойдон чыгарган тамаша – калпыма, эми туруп өзүм чындап эле  ишене түштүм, тобо. Ошондой болуп атпайбы.

Бир аздан кийин тынчып калгандай болду короонун ичиндегилер. Аңгыча короонун кире беришиндеги зым карагайдын башындагы электр шамы жарк этип күйүп, ичтен байкенин кызы чыгып калды:

– Ой! – бизди көрүп чочуп кетип, – киргиле, эмне турасыздар? – деп жиберди.

– Ата, апа, коноктор келди, тоспойсуңарбы. Сүйүнө ичкеркилерге кыйкырды. Аңгыча байке менен жеңе антаңдашып бизди тосуп чыгышты.

– О-ой, келдиңерби, киргиле, балдардын келгендерине деле аз убакыт болду. Атасынын оозун урайын, ортодон кошунанын баласы мас болуп алып колуктусуна асылса, анысы бизге башкалкалап келип калыптыр – деп күнөөкөрдөй желкесин кашып. – Кетишти. Жакшы жигит, бирок ичсе эле ушундай да, – деп кейип-кепчип жеңе Атабектин небересинин бетинен өөп, «баскыла» дегендей жылмая ишарат кылды ичкери карай. Ары жактан берки достор чыгышты бажырайып.

## АЙДАГАНЫ ҮЧ ЭЧКИ...

Түндүн бир маалында хирургия бөлүмүнө наркоз берүүчү анестезиолог-врачтын тезинен келүүсүн өтүнүп чыкырып калдык. Аныбыз маалкатып жатып келди. Эшиктен буту аттары менен эле ал киши хирургга, медсестраларга асыла кетти: «Эмне үчүн мага эртерээк айтпадыңар, операция болот деп, тигиниңер тигиндей экен, мунуңар мындай экен», – деп биздин ишти жактырбагандай мурдун чүйүрүп, сынга алып кирди. Асмандан түшө калгансып, деле чакчаңдайт, тобо. Ишибиз түшүп жаткандан кийин биз деле унчуккан жокпуз. Анын үстүнө бул жигит жакында эле келген биздин мекемеге, сырын билбейт экенбиз. Айткандарын лам дебей аткарып жатабыз. Ишине киришип жатып, «жумурткадан кыр чыгарган» сөздөрүн дале токтоткон жок. Мурунку иштеген жерин мактаганына караганда, бизди кичине кемсинткендей туюлду. Бейтап адамга жаңы эле наркоз бере баштаганда, баягы бизге «кыргый» болуп жаткан врачтын заматта үнү өзгөрүлүп «тезинен Баланчаевди чакыргыла» деп кыйкырып ийди үнү киргилденип. Биз да чочуп кеттик. Берген наркозу татаалдашып кетип, пациентибиз катуу кырдаалда калды. Өлүм менен жашоо тогошуп калды окшойт. Кудай жалгап, тажрыйбалуу анестезиолог убагында келип, абийир жабылбадыбы, оорубуз аман калып. Баягы биздин сынчы машаягыбыздын короздонгон сөзү заматта өчтү.

* * *

...Бир курдай теңтушумун жакын тааныштарына барып калдык жумуштап. Үй ээси тартип сактоо мекемесинде иштейт экен. Келинчеги чай белендегиче,

аркы-беркилерди сүйлөшүп олтуруп калдык. Менин баамымда айыл жергесинен шаарга көчүп келишкендерине көп деле убакыт болбосо керек.

Жүрүм-турумуна, кебине караганда, үй ээси кичине өзүнүкүн көтөрө сүйлөгөн мактанчагыраак жигит көрүнөт. Улам-улам чөнтөк телефону аркылуу бирөөлөргө телефон чалып калат. Сүйлөшкөн сөздөрүнүн мааниси деле жок. Айрыкча орусча сүйлөгөн сөздөрү такыр эле одоно. Уят го, бул байкелердин көзүнчө менин чала-була орусчалап сүйлөгөнүм деген ой деле «баатырдын» башына келчүдөй эмес. Өзүнө көнүмүш болсо керек, тыштан караганга, ополураак көрүнөт экен. Аңгыча баласы ойгонуп ыйлап калды. Уулу үч-төрт жаштар чамасында экен. «Сынок, посмотри, дядялар келишти. Поздоровайся, салом алейкум скажи. Прекрати плакать, а то вот этот догдур байке (мени сөөмөйү менен көрсөтүп) чочогуңду отрежет» (сөз кандай айтылса, ошондой жаздым) дейт баласына. «Баракелде, билимиңе, үкөм, милийса болсоң деле, билимиңди кичине да болсо өркүндөтүп алсаң, ашыкча болбойт эле, атаганат» деп койдум ичимен. Дагы ушуга окшогон же так кыргызча эмес, же орусчага жакындашпаган сөздөрдү баласына биринин артынан бирин айтып жатты. Бул бала менен болгон окуя бир анекдотту оюма салды. Мугалим балдардын үйдөн аткарылган тапшырмасын текшерип жатат имиш: «Бир эле киши ушунчалык да көп ката кетиреби? – деп башын чайкап, тапшырманын ээсине карайт суроолу. Анда окуучу шашып кетип: «Жок, агай, тапшырманы жеке эле мен эмес, атам экөөлөп жазганбыз» дептир...

*«Ден соолук», 2006-жыл.*

## ДИЛЕТАНТТЫН ОЮ

Кыргыз фольклордук музыкасы кийинки мезгилде жанданып келаткандай сезилет. Ушул алкакта мен биздин «Оймок» аттуу фольклордук топко толук ыраазычылыгымды билдирүү менен, бир каяша айтчу кебим бар. Ашык айтсам, кечирип коюшсун.

Жогоруда айтылган профессионалдык-фольклордук топ Спорт сарайына өзүлөрүнүн кезектеги отчеттук концертин коюп калышты. Эл чынында көп келишти буга. Чыгармачылык топтун жаралганына баш-аягы он жылча болуп калыптыр. Татынакай жарашыктуу кыргыз колоритинде тигилген кийим кийишкен артисттер, элдик музыка аспаптары, буга ылайыкташкан сценанын жасалгасы, куюлушкан обон-күүлөр кимди болсо да толкундантпай койгон жок. Бир маалда концертти алып баруучу орус, кыргыз тилин так билген, таңдайынан чаң чыккан келин ушундай шаңдуу маанайда «азыр Чынгызхан менен Темирландын аргымактарын даңазалаган күүлөрдү угасыздар» деп колун ансамблге карата ырааттуу жаңсап, шайдоот басып чыгып кетти сахнадан. Мына көрүп да, угуп да ал, көзгө тулпарлардын жүрүшүн элестеткен күү оюн коюп жаткан сарайды тээп тышка чыгып кете жаздап турду өзүнүн шаңдуулугунан. Муну укканда негедир эсиме элге белгилүү болгон Шестаковичтин жетинчи симфониясы келе түштү. Мындагы фашисттердин тынч жаткан Совет мамлекетин басып киргендеги Рейхтин аскерлеринин өтүктөрүнүн тегиз шилтенген маршына окшошуп кетти. Муну эстеп, денем дүр дей түштү, тээ өткөн кылымдагы согуш жаңырыктарын эстеп. Бул апаатта жыйырма миллион Совет эли курмандыкка чалынганын эстедим. Мындай чаң-тополоңду ту-

юнткан сезим музыкалык сабатты деле талап кылбайт экен. Ошол сымал бул чыгармачылык топтун Чынгызхандын, Аксактемирдин аргымактарын даңазалаган күүлөрү, кудум Ленинград блокадага калган учурда чыгарган Шестаковичтин жетинчи симфониясына дал келишкендей болуп, добушу биздин элдик музыкалык аспаптардан куюлушуп жатты. Заматта көз алдыма келе түштү кыргызымдын элинде, жеринде алчаңдата басышкан Чингызхан менен Темирландын буудандары. Кыргындан корголоп, тоону пааналай качкан кыргыздар... Бул трагедия музыканын шаңы менен байкалган жок. Муну музыкалык жамакка салып, аларды музыкалык тил менен көкөлөтө мактаганы отургандарга даана жетип турду.

Кыргызды тукум курутаарга дейре чабышкан эки тарыхый инсанга арналган биздин сый-урматты бул өткөн инсандардын эли баалашар бекен? Биздин өткөрө гумандуулугубузду, кекчил эместигибизди же бирөө билсечи, атаганат.

## КЫРГЫЗДЫН АК КАЛПАГЫНЫН БҮГҮНКҮ ОРДУ КАЙДА?

Менин оюмча, биздин баш кийим болгон ак калпагыбыз кыргыз улутунун символикалык атрибуттарынын эң негизгиси да. Минтип айтуу менен жаңылык ачып жаткан жокмун. Бул белгилүү ой го, бирок кээде ушул баш кийимибизге тикеден тике тиешелүү терс көрүнүштөрдү байкап, ич ооруйт экен.

Москвада жумушум менен иш сапарда жүрөм. Бир жолу ал жердин мончосуна барып калдым. Ахалашып парда олтурабыз. Аңгыча орто жаштагы орус киши кирип, менин жаныман орун алды, башында кийгени

биздин ак калпак. Калпакчан москвалык орус улутундагы адамды көрүп, бир чети ичим жылыды, экинчиден, калпакты мончого кийчү кийим катары пайдаланып алганы шаабайымды суутту. Анысы аз келгенсип, баш кийимди эки бүктөп туруп, алдына салып олтуруп да алды. Бул менин такыр эле ызама тийди. «Жердешти» айласыздан сөзгө тарттым. Ал киши окумуштуу киши экен. Кыргызстанга барганда сый катары калпак-чепкен тартуулашыптыр. «Аябагандай сыйчыл эл экенсиздер» деген сөзү менин ички калпак тууралуу ачуумду арачалады. Бирок айтып алдым оюмду. «Если наши почтенные аксакалы видели бы, где носят наши высокочтивые головные уборы, то им стало бы дурно» десем, күлүп, «Түшүнөм, түшүнөм» – деди да, «Но я же не при них одеваю» – деп күлүп койду. Анан кичине туруп: «Жалпысынан, сиздердин элдин билимине баа бердим, өзүңөрдүн менталитетке жараша жакшы өнүгүп бара жаткан эл экенсиздер. Бирок чыгыштын ырым-жырымдарына дагы эле болсо көңүл бурат окшойсуңар, – башын чайкап койду. Бул россиялык окумуштуунун оюна кичине чычалай түштүм. Бирок ойлой келсе, бул чындык экен. Мунун кээ бирлерин байкап деле калабыз. Өзүбүзгө көнүмүш болуп калган адат, бөлөк-бөтөн элге оркоюбураак көрүнөт экен.

Өзүбүздүн эле ордо калаабыздын бир мончосуна барып калдым адатымча. Ичи – баякы эле көнүмүш көрүнүш. «Парилканын» туу чокусунда аха-уха дешкен «профессионал мончочулар». Арасында бир кыргыз жигит жүрөт, ак калпак башында. Оюма баягы Москвадагы калпак тууралуу окуя түштү. «Ал го ал, эми бул өзүбүздүн жигитке эмне болду» деп ичимен ачуум келди. Түз айткандан айбыгып дагы эмне болуп кетпесин дегендей. Кичине топ болуп чогулушуп олту-

руп калдык. Ортобузда тигил жигит да бар. Шарттан пайдаланып оюмдагыны айтып калдым, биздин калпактын орду тууралуу. Жооп кылып: «Байке, аныңыз туура дечи, бирок калпакка күбө түшүп, мына минтип тешилип калбадыбы» деп күнөөлүү карап сөөмөйүнүн учу менен калпактын кайруусундагы жыртыктарды көрсөттү. «Кантип ыргытып ийесиң» – деп кутулуп кетмекчи болду эле, «Ээ, балам, муну кыргыздын ак калпагы дейт, бул жөнөкөй эле баш кийим эмес, калпак жыңалач кишилердин арасында кийчү кийим эмес, муну тойлордо, расмий жерлерде гана кийет» – деген арабыздагы аксакал кишинин сөзүнүн жүйөөлүүлүгүнө олтургандар баштарын ийкеп тим болушту.

Бир тааныш бизнесменден баш кийимибиз тууралуу оюн сурасам: «Ой-эй, байке, бул калпактын пайдасын жакшы эле көрүп жүрөм. Аны далайларга тартуу кылып көңүлдөрүн албадымбы. Бул иштеримди оңоого кадимкидей эле түрткү болуп жүрөт. Калпак менен жеңил кутулат экенсиң, пайдасы зор тура, сувенир эмей эмне» – дебеспи.

Калпак тууралуу кимдин кандай ою бар экенин айта кетүү менен бирге мен жеке оюмда ак калпакты сылап-сыйпап кийүү зарылдыгын өтө баса көрсөтөр элем. Аны азыркы модадагы европалык кийимдер менен кийүү өтө эле жарашыктуу көрүнөт. Калпагыбызды таза кармап, аны жөнөкөй эле баш кийим катары карабай, сарамжалдуу кийүү менен өзүбүздүн абыроюбузду кандайдыр бир дэңгээлде алып жүрө алабызбы дейм, улутташтар. Сүймөнкул, Сүймөнкул Чокморов болуп турганда, ал киши чет мамлекеттерге такай кийип барчу да. Ошол кездеги Парижде, Эйфелево мунарасынын жанында түшкөн сүрөтү чет мамлекеттик журналдарга чыкканын көрүп эле, билип эле жүр-

бөдүкпү. А калпактын жарашыгы болбосо, дүйнөгө белгилүү актер аны кийип эмне кылат.

Конокторго, өзгөчө, бул жөнөкөй эмес кийимдин кадырын түшүнбөгөн элге, калпак тартуулоо кийинки убактарда салтка айланып баратат. Менимче, уяттуу конокторго белек-бечек берүүдө бөлөк деле кыргыздын оокаттары бар эмеспи.

*«Адабий гезит», № 27.*
*Август, 2006-жыл.*

# *ТЕАТР ТЕМАСЫ*

## Төрт жаштагы «көрүүчү»

Төрт-беш жаштагы бала кезим. Айылга борбордон артисттер келишип, кез-кезде оюн (спектакль) коюшуп кетчү. Энем колхоздун жумушунда. Азыркы кездегидей демалыш деген болбосо керек, ал кишини үйдөн аз эле көрөм. Кичине болсом да артисттер келиптир, оюн коюшат экен деген эжемдин сөзүн дароо иле калып беймаза кылам, мени да аякка ала кет деп. Эжем мени салактатып көтөрүп алып мектепке, оюн коюп жаткан жерге келет. Жоонтоп жолдош кыздар арасына мени да кыстарып алышат камгактай кылып. Эгерде мени аякка албай, эжем өзү оюн-зоокко кетсе, ыйлай берип үйдөгүлөрдүн баарынын беймазасын чыгарчу экенмин. Ошол себептен ыраматылык энем байкуш эжекемди катуу эскертип койсо керек, мени такай жанынан чыгарбай жүрүүгө. Эжем кийин мага айтып калуучу: «Оюндун маанисин түшүнбөсөң да, тирмейип олтуруп аягына дейре көрчү элең. Буга деле баладай мамиле кылчу эмес элең. Мени туурап артисттердин оюнуна ини-сиңдилерин алып алгандар кээде алардан көргөн беймазага чыдай алышпай оюнду таштап кетүүгө аргасыз болушчу. Ажыдаар, албарсты дагы ошого окшогон «түшкө кирчүдөй» терс каармандардан коркобу десем, тескерисинче оюн жүрүп жатса, коркмоктун ордуна мойнуңду созуп жан талашып карайсың» – деп эжем күлүп калчу.

## Белимчи артист эже

Мектептеги кезим. Классташымдын апасы кичине шаарчабыздын театрынын тазалыгын тейлеген жумушчу аял эле. Театрыбыз болсо – бир топ эле калыптанып, республикада оозго алынып калган өнөркана. Жетинчи, же сегизинчи класстабыз. Эмнегедир ошол кезде спектаклдерге эл көп келээр эле. Алардын кай бирөөлөрү кадимкидей эле аншлаг менен өтчү. Теңир тоолук Андабеков, Капаров, Алиев, Чечейбаева деген залкар артисттер театрдын көркү эмес беле, атаганат. Досумдун апасы классташым экөөбүздү кез-кези менен театрга эрте киргизип, бир орунга олтургузуп коёр эле. Бир жолу жогоруда айтылган атактуу артисттер катышкан бир тарыхый оюн коюлуп калды. Аябагандай кызык экен. Спектаклге белет таппай жүрүшөт. Муну угуп, кирүүгө мен аябагандай куштар болдум. Эмне болсо да, көрүшүбүз керек. Ушундай чечтик. Кудай жалгап бир ой келди досума: «давай көшөгөнүн артына барабыз, чака, тряпка алып пол жуумуш болуп калалык, апасына жардам берип жүрүшкөн экен деп ойлоп калышсын. Бөлөк амал жок. Эптеп көшөгөнүн берки четине жетсек, сахнанын түбүндөгү тепкич менен сценанын үстүнө шып этип чыгып кетебиз, ошоякдан ылдыйдагы артисттердин оюнун так төбөсүнөн көрөбүз», – деп барпалаңдап койду. Буга макул болдум.

Баягы бизге тааныш көшөгөнүн артына акырын уурданып кирдик. Оюнга дейре көшөгөнүн артында ары-бери басып жүргөн артисттер. Илгерки өткөн баатырлардын сүрдүү кийим-кечесин кийип, оюнга даярданып жатышкан убак экен. Ар кими өз иши менен алек. Кылыч, найза, жоо-жарагын жанына коюп бир москоол «баатыр» маашырланып тамеки чегип отурат кире бериште. Жөн отурбай кайра-кайра күңгүрөнүп

бирнемелерди айтып олтурат ичинен. Көзүмө «баатыр» тамеки чеккени бир кызыктай көрүндү күлкүнү келтирип. Жаштары толкунданып өз алдыларынча айтчу сөздөрүн кайра-кайра күбүрөшүп, колдорун ары-бери жаңсап, кейипкерин так жаратууга далбас урууда. Аларга байкатпай туруп шып этип театрдын тээ түпкүрөндөгү тепкич менен сахнанын үстүнө чыгып кеттик. Баардыгы жайында болду, план мыкты иш жүзүнө ашып, ар бирөөбүз шыптагы жылчыктардын чоңураактарын таап, өңүп оюндун башталышын күтүп олтурабыз. Мен мындай импровизацияланган «белэтаждан» оюн көрүүнү биринчи жолу баштан өткөрүп жатам. Көргөндө да, суналып устунга арта салынып, дүрбү салган мергендей көз майды кетирип, өбөктөп алып көрүп атабыз потолоктун жылчыгынан. Сахнанын төбөсү бийик эмес, үстү ачык турчу. Арткы орундагы киши мойнун созуп караса, сахнанын үстү көрүнө калчу. Досум өзүнүн мурунку көнүп калган жайына барды. Мен сахнанын бир четинде, ал бир четинде. Биздин чердактагы «ордубузга» сахнадан келген жарык тийип турат. Шыптын тактайлары көп деле тыкысталбаптыр. Анын үстүнө жыгачтары чиригенби, кол тийсе, үбөлөнүп эле турат экен. Үстүндө терең жайылган отундун таарындысы. Аны шилеп ийип жылчыгымды чоңойттум. Карагайдын таарындылары жыртыктан ылдый куюлгандай сезилди. «Өлүгүңдү көрөйүн, ушул шыптын жыртыгын бүтөп койсо эмне болушат, келемиштердин азабы өттү» – деп оюнга даярданып аткан бир артист эженин сөзү кадимкидей угулду. Тык токтоттум.

Сахнанын жарыгы өчүп оюн башталгандай болду. «Өх» дей түштүм. Жылчыктан көздөн жаш аккыча карай берип, көзгө түйшүк түштү. Оюндун ортосу болуп калган убакта менин жайым өтө ыңгайсыз боло баштады. Денем талып да кетти оңтойсуздуктан. Бир

топтон кийин чердактын жагымсыз ным жыты, боорумдан өткөн сыз оюндун кызыгын кетиргендей болгонсуду. Өйүз-бүйүздөн бири-бирибизди карап коёбуз. «Көрдүңбү» дегенсип досум баш бармагын көрсөтүп коёт мулжуңдап күлүп анда-санда мени карап. Тешиктен жарчылыктуу эч нерсе деле көрө албай койдум. Теңи көрүнсө, теңи көрүнбөйт, тажап да кеттим. Аңгыча, «эк...энеңди» деген сөздү айтып, досум ордунан бүргөдөй секирип турбаспы. Мен да селт дей түшүп, аякка карасам, досум бир нерседен чочугандай. Заматта өбөктөп жаткан устундан тура калып, бутун ары-бери кыжырланып шилтеп ийди бир немеден чочугандай. Тыбырчылаганына караганда, чычкан багелегине кирип кеткендей. Тура калам дегенде күч келип кетсе керек, алдындагы чирип калган тактай көтөрө албай карс этип сынып кетип, бир буту таарынды-саарындысы менен ылдыйга түшүп, салаңдап калса болобу, сахнанын төбөсүнөн. Алдыдагы артист эженин чочуп кеткен үнү чыкты. Чочугандан чыккан сөз жөн да эмес, уят сөздүн анабашысы. Эженин оозуна келген сөзү бизге даана угулду. Залдан дуу этип, күлкү чыккандай болду. Мунун баары көз ачып-жумгуча болуп өттү. Элтеңдеп шашып кетип, ийри такымга дейре кирип кеткен тарбайган узун бутун дароо тартып алды. Балеке-ет дедим ичимен. Аттап-буттап тепкичке кандай жеткенибизди билбейм, экөөбүз тең, тепкичти тептикпи, теппедикпи, билбейм, айтор, томолонуп-жумаланып отуруп көз ачып-жумгуча жерге түштүк да эшикке чыга качтык. Артыбыздан кууган киши деле болгон жок. Кичине туруп, эс алгандан кийин, «ой, эмне болду» – десем, чын эле багелегине чычкан кирип кетиптир. –«Эми апам эмне дээр» – экен деп кайгырып калды...

## Орусча «Ормон опуза»

1973-жылдар Нарындын театры өнөрчүлүктүн храмы болуп турган кези. Студент кезим. Бир жолу азыркы Бишкек, анда Фрунзе шаарына отчеттук оюн коюп келип калышты жердештерим. Кыргыз академиялык театрынын алдында эл котолоп батпайт. Белет «апийим», табылбайт. Маркум Чечейбаева эже, Андабеков агайлар баштап, шаардагы белет жетпей калган жакындарын театрдын арткы эшигинен, берки эшигинен киргизишип, киши байкабаган жерлерге жайгаштырып атышат. Мени болсо залдын кире беришинде туруп көрүүгө билет айыргандар менен сүйлөшүп коюшуптур байкем.

Сценада «Боз торгой» спектакли коюлуп атат, демократ-акын, эл агартуучу Тоголок Молдонун чыгармачылыгына арналган. Оюнга көп деле артисттер катышпайт экен. Тоголок Молдонун ролун Советтер Союзунун артистти айтылуу Капар Медетбеков аткарып атат. Бул киши жөнүндө көп укчумун, көрүп да жүргөм. Азыркы оюнун көрүп, чыгырмачылык талантына сук арттым. Спектакль бүткүчө сахнадан кеткен жок. Сөздөрүнүн баары ыр менен айтылып атат. Тобо кылдым. Бир да жаңылышып, же мукактанып калганын байкаган жокмун. Кичине киркиреген жагымсыз үнү, бара-бара унутулуп ага көнө да түштүк. Бир эпизод: сахнанын төрүндө Тоголок Молдо көрүүчүлөрдү карап куюлушкан ырларын айтып турат. Аңгыча байдын жасоолу кирип:

– Эй, Байымбет, сени бай аке чакырып атат. Ушуну менен эки-үч жолу келдим, уялбайсыңбы убара кылганыңа. Эмне, ия, өрт менен ойноюн деп чечтиңби?... Бай акени сыйлабайсыңбы... – деп демитет (баары ыр менен). Байымбет жоопту берип жатат: «байыңа айтып

бар...». Жоо-жарак тагынган жасоол жигит улам келип атып жадап кеткен окшойт, жанына күч келип кетип:

– «Эй, Байымбет! Вообще эмне деген кишисиң, ия, байдан коркпогон?» – десе зал күлкүдөн жарылып кете жаздады. Бир топко күлкү тыйылган жок. Айласыздан алар күтүп турушту дуу басылгыча. Жасоол ары Байымбетти карап турду эле, жүзү көрүнбөгөнү менен кулактары кызарып кеткени даана көрүндү ... Ошентип, жаш артист «аты чыгып» спектаклдин аягында гүл алганга акылуу болду.

## Калыйбек Тагаевдин эскерүүсү

Белгилүү кыргыз Элинин артисти, Калыйбек Тагаев бир жолугушууда: «Э-э, Асек, бул биздин нарындыктардын өтө эле искусствого жакындыгынан мисал келтирип кетейинби» – деп калды. Менин байкоомдо, артисттерибиз болобу, же көрүүчүлөрүбүз болобу, сырттагылардан айырмачылыктарыбыз бар. Биздин элдин эзилме кумаркечтиги, боорукерлиги деле өзгөчө! Мисал четинен эле табылат. Баягы совет мезгилиндеги коюлган индия кинолоручу. Ага колунан келгендер төрт-беш барышып, арты – эки барып, кинонун ортосунда, жакын кишилеринен айрылгансып шолоктоп ыйлагандарычы, зээнди кейитишип. Кирпиктери нымдалбай чыккандарды «жаман» көздөрү менен карап, таш боор киши катары кабыл алышчу, аны өзүң деле билесиң да. Ой, биздин эл чыгармачылыкты чын жүрөктөрү менен түптүз кабыл алышмайлары бар эмеспи. Кээде терс роль менен чыгып, аны жеткиликтүү аткарып койгондон чындап эле «коркосуң», балекет болуп элдин «каргышына» калып жүрбөйүн деп. Деңизбек Чалапидиновду билесиң го. «Отеллону» коюп

жүрөбүз дейт маэстро. Бул кишинин Ягону көрөрмандарга жеткиликтүү кылып аткарышын мындан бил, Орто Азияда бул актердой кейипкерди жарата элек деп калышчу ошол кездеги театр адистери. Анысында калет жок. Бир аял көрүүчү, театр күйөрмандыгы ушундай ашынган болсо керек, «Отеллону» кайталап тажабай көрүп жүрөт экен. Дагы бир спектаклинде Ягону театрга жашырып ала кирген ташы менен коюп жиберип жүрбөйбү чоку талаштыра» – дейт эл артистти күлүп.

«Нарындын артисттери да бир өзүнчө укмуш. Иш дегенде ичип жаткан ашын коё коёт. Бир жолу Медетбеков (Отелло) ролго ушунчалык кирип кетиптир дейт, Дамира Баратбаеваны (Дездемонаны) өлтүрүп коё жаздаган муунтуп. Эмне деген театр эле, атаганат, эмичи?» - деп улутунуп алды. «Театр салып жаткан-да, Нарындан жазган салам кат» деген ыр кыргыздын классикасына кирген эле. Эми ыры калып... Э-эх, кийин биздин театр жетимишинчи, сексенинчи жылдардын деңгээлине жетишер бекен же...»

## Шак сынганда

Москва. Докторантурадамын. Бишкектен бир жакшы коллегам келип калыптыр. Кыйын болуп, Москванын театрын бир көрсөтөйүн деп чечтим. Болгон шаардын театрларын кол менен санап берсем, коллегам таң калат, «сен диссертация жазбай эле, оюн көрүп жүргөнсүң го Москвада». Атагы чыккан театрларга барыштын пайдасы деле жок эле, белет табыш караманча болбойт. Гоголь атындагы театрга карай жол тарттык. Себеп дегенде, ал жак шаардын көмүскө жеринде болуп, көп киши деле таап бара албайт. Аяктан бирин-серин белет табылып калчу.

Кассага келсек, кудай жалгап, кезек күткөн киши жок. Сүйүнүп кеттим. «Какие вы молодцы, во время пришли» деп кассир аял бизди күтүп аткансып, эки белетти колума карматып, «быстро заходите» деп мээримдүү жылмайды да, ачылган театрдын эшиги тарапты карай башын ийкеди. Намиянымды алып чыгып акча берейин десем, «нет, нет, да вы что, гости» деп сунган акчаны албай койду. Түшүнбөдүм. Бирок жеке эле кассир эмес, белет айырган аял, кийим чечкен жердеги аялдар да бизди жылуу кабыл алышты. Түшүмбү десем, өңүм, кызык. Делдейип калганымды билгизбедим да, бат тышкы кийимдерди чечип гардеробго тапшырып, түз эле залга кирип барсак, оюн эми башталайын деп калыптыр. Артыбыздан баягылардын бирөө жете келип, бизди орунга жеткирип, «счастливого вам отдыха» деп коюп чыгып кетти. Эмнегедир коопсуздана баштадым, бирөөлөргө окшоштуруп атышабы деп. Чынында бул театрга келип жүрчүмүн, бирок өтө тез эмес дечи, мени минтип «өз кишилериндей» кабыл алгандай. Коллегам мени карап «көп келип жүрүп таанып да калышкан турбайбы» деп суктануу менен жылмайды. Ого бетер болбой калдым каадаланып. Ичимен чийки май жегенсип турганымды коллегам сезген жок. Бирок угуп жүрчүмүн, театрлардын бир күтүлбөгөн сюрпризддери болоорун. Эмнеси болсо да, эми болду деп өзүмдү сабырлуу кармап, көтөрүлө сүйлөп калдым, «а, балким, мага көрсөткөн сыйы чын эле болсо керек» дегендей ишенимде. «Эмне мен сыйлачу кишилерден эмесминби» деген да ой келип кетти. Муну унутуп, оюнга көңүлүмү бурайын деп сахнага көз чаптырдым. Балекет басты. Бир маалда баягы театрдын бизге жылуу мамиле көрсөткөн кассир аял келип: «Кечирип коюңуздар, сиздерди биз Монголиянын де-

легациясы экен депбиз, ордуңуздарды ээлерине бошотуп бериңиздер, кечирип койгула». Күнөөлүү карап, артында ээрчиткен аял-эркекти биякка отуруңуздар деп колу менен жаңсады. Алар уялыңкы биз бошоткон жылуу ордубуздан орун алышты. Шаабайым сууй түшүп, менменсиген аброюм заматта чөктү...

### Москвалык профессордун баасы

Москвадан бир профессор менен таанышып калдым. Аркы-беркилерди сүйлөшүп олтуруп мага кайрылып: «Силер жакка баягы совет убагында бардым эле командировкага. Борбор шаарыңар, ал кездеги Фрунзе өзүнүн чакандыгы, тазалыгы, гүлзарлуу бульварлары менен көңүлүмдү алды. Ал эми аркайган көк тиреген чокусу, кары кетпеген тоолоручу «диву даешся»– деди.

– Элиңер башкача меймандос калк экен. Сиздердин кыргыз драма театрына кирдим, Чеховдун «Три сестрасын» көргөнү.

– Бизде Крупская атындагы орус драма театры бар да, а эмне үчүн ал жакка барган жоксуз – дедим таң кала.

– Жо-ок, атайын бардым кыргыз актерлорунун оюнун көрөйүн деп. Актерлордун кадимкидей орус традициясын, алардын аткаруу ыктары, ошол кездеги заманды, орустун өткөн кылымдагы улуттук үрп-адаттарын кемде-кем кылбай, орду-орду менен бергени толкундантты. Мен Москвада, кадимки эле МХАТта «Три сестраны» көрүп жаткандай сездим. Чеховдун спектаклдери дүйнөнүн сахналарында коюлуп эле жүрөт эмеспи, аны баарыбыз билебиз. Сюжетин да билебиз. Мени кызыктырганы, кейипкерлердин оюну болду,

бөлөк тилде болсо да. Оюндун аткарылыш деңгээли калышпайт менменсиген театрлардан. Режиссорлук иш, андагы актерлордун талантына баа бердим, – деп орус профессор чын ниети менен айтты. Бул мен үчүн күтүлбөгөн сый болду.

## Арсен абамдын ачылышы

«Эгерде адамды кудай жаратканы шексиз болсо, дүйнөлүк драматургияны Шекспир жаратты», деген кепти буга түшүнгөндөр четке какпайт» – деп кыргыз элинин атактуу артисти, бейиши болгур Арсен Өмүралиев, сөз баштады бир жолукканда. Коомду эл түзөт эмеспи. Андагы адамдардын бири-бирине жасаган мамилесин, ошол учурдагы коомдун шартын, андагы карама-каршылыктарды, ички социалдык чөйрөнүн чаржайыт багыттарын чагылдырып, адамды ойлондуруп, аны прогрессивдүү ойго түрткөн искусствонун эң салабаттуу өкүлү болуп драматургия эсептелет эмеспи.

Маркум Арсен Өмүралиевди учурунда кимдер гана билбеген. Мен да Кыргыздын театр мэтри менен таанышып калгам. Ушундай республикага белгилүү киши, ал кездеги мендей жаш врачка ден-соолугу тууралуу кайрылып калганы мен үчүн чоң жоопкерчиликке турду. Сыймык. Кийин Арсен агай менен кадимкидей сырдаш болуп да кеттик. Мен да жөн турбай, ыгы келе калганда сахна дүйнөсү менен байланышкан далай суроолорду берип, кычуумду кандырып алчу элем. Болгонун чын ыкыласы менен айтып берчү.

– Ой Асаке, билесиңби, эмне үчүн Шекспирдин драмалары азыр бүт дүйнөгө дайын. Ягонун, Дездемонанын, Гамлеттин, Король Лирдин ролдорун аткарсам деген ой артисттердин көксөөсү. Шекспирдин кейипкерлери – биздин СССР эл артисттери Муратбек

Рыскулов менен теңир-тоолук Капар Медетбековдорго москвалыктар тура калып кол чаап, зал жаңыртып «браволошкон» учурунда.

– Эмне XVII кылымдан бери дүйнөдө мындан бөлөк жакшы чыгырма жарала элекпи? Шекспирдин доору өткөнү качан, адам космоско учуп жатат деген да суроолор берилиши мүмкүн.

– Бар... бирок кеп башкада – адамдардын «вечный проблемаларында» болуп жатпайбы дейт, – Арсен аке. Шекспир адамдардын өз ара мамилесиндеги мүчүлүштүктөрдү дааналап чагылдырган чыгармаларында. Ошол үчүн ал – дүйнөгө Шекспир болуп атагы калган инсан. Маселен, «Отеллодогу» Ягонун ролу менен адамдын ыплас жактарын көрсөтүп жатпайбы. Ушул күнгө дейре жеке керт башынын кызыкчылыгы үчүн карасанатайлыктарга баргандар азбы? Бул бүгүнкү күндө да актуалдуу тема. Жашоодогу асыл ойлорду бурмалап жүргөн терс көрүнүш. Мунун кечээкиси, бүгүнкүсү, же эртеңкиси болбойт, адам коому жашап тургандан кийин. Билбейм, кийин эле жер жүзүн дээрлик акыл каптап калганда гана булар жоголбосо. Театралдык турмуш – бул өзү татаал, түйшүктүү дүйнө. Станиславскийдин «Кичине роль болбойт, кичине актер болот» деген сөзүнө ынанып жанды сабап, баш отубуз менен кирип иш жасайбыз. Чыгарманын каармандары «теридей ийленип, жүндөй сабалып» бүткөндөн кийин гана элге алып чыгылат. Көрүүчүлөрдүн көңүлүнө жагыш оңойлукка турбайт, ал эми чоң актер болуш, ой-ой...

Арсен акенин эриктирбеген кебинен жадачу эмесмин. Ал кишиден көп кызыктуу окуяларды уккам. «Эми өзүңүздүн эсте калган артисттик турмуштан айтып берсеңиз,» – деп уйгактай жабышканыма күлө карап актёрлук өз турмушунан айтып берди.

«Бир жолу Таласка Чынгыз Айтматовдун «Бетме-бетин» коюп барып калдык» – деп баштады. – Мен дезертир Ысмайылдын ролун ойнойм. Спектакль коюлуп жаткан айыл ошол Ысмайылдын айлы болчу. Оюн башталды. Клубдун ичи жык-жыйма. Спектакль жүрүп жатканда эле, эл ичинен бирөөлөр мени таш менен ургулап, тура калып залда отурган Ысмайылдын туугандарын сөөмөйү менен кезеп: «Аа, мына Ысмайылыңарды алгыла! Дезертир, чыккынчы, качкын» – дешип, чуру-чууну башташты. Менин монологдорум угулбай чуугa басылып калбаспы. Өзүм дагы берилип аткарып жаттым эле Ысмайылдын ролун. Аларды көрүп, «дүп» этип сахнадан кандай секирип түшкөнүмдү байкабай да калдым. Чатакташкандарды ажыратууга кирдим» – дейт.

– Ысмайыл – менмин! Силердин айылдыкмын! Токтоткула чатагыңарды! Эч кимдин мени айыптоого да, коргоого да укугу жок! Баарына согуш күнөөлүү. Согуш гана айыптуу! Азыр мен силерге өзүм тууралуу айтып беремин, – деп сахнага кайра секирип чыктым. Ысмайылдын эмне себептен согуштан качканын ушундай кылып айтып бердим эле, эл тынчтана түшүштү. Сүйлөй бердим, сүйлөй бердим. Өзүм да билбей калдым дейт, – Арсен аке күлүп. – Текст болсо калды. Өз сөзүм менен ушундай элдин зээндерин кейите сүйлөгөн экенмин, акебай, кээ бирөөлөрү бышактап да ийишти чындап эле, – деп мэтр көзүн алайта мени карап.

– Кадимки эле Ысмайылмын, азыр Сибирде түрмөдө жатам! Эркиндикке кайра чыгам, буюрса. Мекениме кайтып, силерди, жакындарымды, айылдаштарымды көкүрөккө бекем кысып кучакташам. Анткен менен мен силердин кулунуңармын го. «Мал аксагы менен миң» дегендей, бир ууч элибизге караан болуп берүүгө эми даярмын, айланып-кагылып кетейинде-

рим. Мен баягы түшүнүгү начар Ысмайыл эмесмин. Кечиргиле мени. Мен көргөндү ит көрсүн. Күндө ыйлайм. Садагаңар болуп кетсем гана, айылдаштарым деп муңканып да ийдим, – дейт Арсен аке. Ошентип, сынып баратканды ордуна келтирип, акыры оюн аягына жетти. Көпкө чейин басылбаган кол чабуулар Ысмайылды анык түшүнгөндү далилдеп турдубу, же менин импровизаторлук талантыма багышталганбы кол чабуулар билбейм, – деп далысын куушуруп койду эл артисти.

## Театр музейи

Москвадагы Вахрушин атындагы театр музеи бар экенин көп кишилер деле билбейт болуш керек. Тыңсынбай эле коёюн мен көргөм аны. Павелецский метросунун сол ыптасында жайланышкан көп деле көзгө урунбаганы менен бул театр музейи бир топ нерседен кабардар кылат. Анда Россиянын театр тарыхын кучагына алган маанилүү документтердин экспонаттары ирет-ирети менен коюлган. Ага тиешелүү баяндамалар бар. Он сегизинчи кылымда, Падышалык орус мамлекетинде алгач «үй» театры болуп, анда көрсөтүлгөн спектаклдер бара-бара чоңоюп, кийин өз алдынча артисттер тобу түзүлүп, өзүнчө театрга айланып, элдин маданиятын көтөрүүгө кол кабыш кылган өнөр-ордого айланат. Ошентип, аста-астадан батыштан чыгышка карай ооп, орустардын ири шаарларында театрлар салына баштайт. Тээ өткөн кылымдарда москвалык арестократтар бул искусствого көңүл бөлгөнү билинип турат. Ошол учурда маданияттуулуктун бирден-бир көрсөткүчү театр болуп саналган. Меценаттар пайда болушат. Алар артисттердин иштерин оңоп, тиешелүү жай салдырып беришип, көмөк көрсөтүшөт. Буга

азыркы дүйнөгө белгилүү «Большой театр» мисал боло алат. Экспонаттарга бай бул музей Россиянын крепостной (кулчулук) мезгилиндеги эл оозуна алынган артисттери жөнүндөгү документтерден баштап азыркы дүйнөгө белгилүү өнөр ээлери тууралуу кагаздар сакталып турат. Маселен легендарлуу Чоң театрдын солисти Галина Улановананын кийген тапичкесинен баштап, Шаляпиндин учурунда магниттик лентага жазылып алынган үнүнөн бери бар. Буларды көрүп жатып: «Атаганат, Муратбек Рыскуловдун кемсели менен топусу, Бакен Кыдыкеева эженин комиссардын ролундагы кийген шабра костюму, маузери, Арсен Өмүралиевдин «Атанын тагдырындагы» шляпасы, Советбек Жумадыловдун «Караш-караштагы» суусар тебетейи менен камчысы, Даркүл Күйүкова эженин «Толгонайдын» ролундагы жоолугу коюлган текчени көрсөк гана» – деп ичимен ойлоп коём. Атаганат, муну ойлогон атка минер меценаттар бизде ушинтип эле чыкпай калышабы?

Акырында мен эмнени айткым келет. Чынында, театр өзүнчө бир жан дүйнөнүн ичсе суусу, жутам десе, абасы турбайбы. Илим-билимдин жугушу оңойлукка турбайт. Адамдын маданияттуулугу жеке эле көп окуганга, же көргөнгө байланыштуу эмес. Алган билимди туура кабыл алып, анын сырын баамдап иш жасаган гана киши турмуштун оң жолунан тайыбайт. Чөйрөгө акыл токтотуп караганга үйрөнүш, менин оюмча эстүүлүк, маданияттуулук. Күнүмдүк турмуштабы, же түбөлүк жашоодобу, ак-караны ажырата билүү оңой эмес. Буларга театрдын көмөгү зор.

Театр дүйнөсүн терең билүүдө мажесмин, бирок ага өмүр бою суктанып, күйүп-бышып жүргөн кыргыз интеллигенциясынын өкүлдөрүнүн биримин. Айтылгандар болсо жекече оюм.

## ГАИШНИК

Өткөн кылымдын токсонунчу жылдары. Мамлекетибиз суверинитетке жетишип, эми жашоону каяктан баштасак деген учур эле. Май кармагандар колдорун жалап, ага да арзышпай, «эх, кудай бере көр» деп, жеңди чыканакка дейре түрүшкөн шылуундардын заманы келе түштү. «Бул демократияң бир сонун «оокат» турбайбы, атаңдын көрү» деп, эпчилдер эдиреңдеп, жең ичинен иш кылып калышкан мезгил. Анын үстүнө «кой деген кожо, ай жеген ажо» болбогондон кийин, өтүктү төргө илип, өзүлөрү өзүлөрүн билишип, ирбиттерин колдон чыгарбаганга арекеттенишип, эскиден калган «байлыкка» көз арткандардын заманы болуп баратты. Бир маасы, кепичи менен ирикке баланып, эр кыкем кытайдын машине майлоочу спирттерине сугарылып, күжүлдөп оокат кылып аткан убак. Советтен калган ыйман, тартип жазгы кардай эрип, ар бир талааны өзүнчө «агрономдору», ыраматылык бейиши болгур Салижан Жигитов айткандай, «колот баатырлары» башкарып, башка бакырчылык келген кезек.

Кошунам – мамлекеттик автоунаа инспектору. Анын да, менин да иштеген жерибиз борбор калаада. Турган жерибиз шаардан алысыраак. Старшинанын алдында кызмат машинасы, а мен жол тосуп кетем иштеген жериме. Өзү – тамашакөй жигит. Анекдоттун жаагын айрыйт. Тамашаны түшүнөт, анысын билип алып, мен да жөн турбай келекелей берем, оргaндын кишилеринин турмушта көрүнүп жүргөн кылыктарын айтып. Ага чычалабайт, кайра билгенин-укканын айтып, мени күлдүрөт. Отурган жерде эле тамашага киребиз.

– Ой, бул МАИден иштеген старшиналардан деле арыкчырай киши көрө албадам, болтойгон-болтойгон эле жигиттер, бул эмнеси, же болбосо ушул кызматка так ушундай адамдар тандалып алынабы? – деп какшыктап, анан бул тууралуу бир көргөнүмдү айтып бердим.

Бир жумуш менен Балыкчыга барып калдык. Барчу дос – шаардык милийсанын чоңу. Көп жылдан бери ушул жерде иштейт. Түз эле милийсанын короосуна айдап кирдик машинебизди. Короо толтура милийса. Баары параддык кийимдери менен. Майрамыбы, же дагы бир маанилүү иштери өтүп жатканбы деп ойлоп калдык. Биздин борбор калаадан экенибизди байкашып, какайып эле калышты. Офицерлери колдорун чекелерине тийгизип, бизге урмат көрсөтүп жатышты. Көрсө, алардан аттестация алчу милийса чиновниктерин күтүп жатышыптыр Бишкектен. Милийсалар коридордо да котолошот. Узун коридор аркылуу өтүп, чоңунун кабинетине карата бет алдык. Коридор тарыраак экен. Кууш коридордун эки тарабында жалаң автоунаа старшиналары бизди көрүп түздөлүп туруп калышты жол беришип. Экзамен алчулар деп кабыл алышты окшойт. Тирелишкен курсактардын арасынан суурулуп өтүш оңой болгон жок. Өзүлөрү да уяла түшүштү, муну көрүп. Ошону мисал кылып кошунама айтып берсем, кайра мага бет тырмар кылып:

– Ооба, силер-хирургдар эле илмийип, кабыргаңар саналып турбайбы сизге окшоп, – деп курсагым батпай чычылып бараткан көйнөгүмдүн бүчүсүн сөөмөйү менен көрсөтүп күлөт.

– Ой, байке, кышы – жайы менен сиздердин бейкутчулукту коргойбуз деп жүрүп күн менен түндү алмаштырып алганданбы, тамак жечү режимибиз баш-

кача, бош боло калганда эле тамакка киребиз. Бизде табити жоктор иштебейт. Анын үстүнө жөө баспайбыз да. Орус айткандай, «волка ноги кормят», байке, – деп ачыгын эле айтат. Бул инимден сөз качып кутулбайт. «Ой, байке, бизде» да интеллигенттер бар. Постко чыкканда чыкыйып жарашыктуу кийинип, колуна ак мээлей кийип, чыкыйта честь берип, ал-жайыңды сурагандарды көрө элек экенсиз. Мына менин эле бир взводдук шеригимди айтайын. Эми анын ак сөөктүгүн айтсам, ишенбейсиз. Такай өзүнө көз салып жүргөнү жүргөн, мындай турмуштан тажабайт. Постто турганда кофеси жанында, термосто суусу даяр, айылдык кыргыз өңү болбосо, кудум европалык эле жаран». «Бар, ба-ар, үкөм, намыстантып ийдим окшойт, кантип болбой койсун жүздөгөн тартип сакчыларынан бир киши» - мен да жөн турбай кер какшыгымды агытып. Буга да кеби даяр, доктурларга асылып. Анан деле шумдуктай анекдоттору бар врачтардын ашмалтайын чыгарган. Ага киргенде «кой» деп кутулам сөздү бөлөккө буруп.

Бир курдай: «Э-э, байке, эртең менен эрте кетем, чоң жолдун боюна дейре ала кетейин, андан ары шаарга салып ием, менин да күзөтүм келип калды, эртең даяр туруңуз» – деп калды. Тышта кыш. Суук. Ырас болду деп ичимен ыраазы болдум кошуна жигитке. Эртең менен саат беште тыштан машиненин пипилдеткенинен чочуп тура калып, шашып-бушуп кийинип калдым. Кызматка деле мындай эрте кетчү эмес элем. Чай-пайга карабай чыгып кеттим. «Байке, кечирип кой, шаштырганыма нан да ооз тийбей чыктыңыз окшойт, эштеке эмес, убакыт бар, буюрса, шам-шум да этеби-из,» – деп мени сооротконсуп койду. Негедир көңүлү ток. Шуу этип бат эле «үч кошконго» жетип келдик. Машине деле бирин-серин. «Отуруп туруңуз»

– деп машине токтоткон таягын алып, ышкырыгын белендеп алыстан келаткан машиненин жарыгын байкай калып сыртка чыкты. Олбурлуу денеси менен кичинекей «жигулиден» көз-ачып жумганча атып чыкканын байкабай да калдым. Иним жамбашын сыйпалап, тапанчасынын кабын ирээтке келтиргендей болуп боюн түзөп, тигил машине келаткан тарапка басты. Балек-ет бул бир даярдалган «операция» болуп калып жүрбөсүн дегендей чочулоо пайда болду менде. Таң ата элек. Заман да олку-солку болуп турган чагы. Айлана караңгы, көзгө сайса көрүнгүс. Ичимен ойлодум, «ушул байкенин милийса ким экенин бир көрсөтөйүн, мындан ары бизди какшыктагынын коёр» деп жасаганыбы. Кооптонуу башталды. Учур баягы эле кинодогудай, кылмыш дүйнөсү көзгө тартыла түштү. Кайдан да милийса ишин анекдотко чалып, муну намыстанттым эле деген ойлор да болуп кетти. Оор машине өтүп барып токтоду. Кабина ачылды, бирок эч ким чыккан жок. Эми башталат экен деп чочулай баштадым. Бир балекет болсо, мен эмне кылам деп турам. Аңгыча тиги иним кайкая басып барып, айдоочунун айнегин черткилеп ач дегендей ишаарат кылды. Машине узун рефережиратор экен. Бир топко дейре сүйлөшүп калышты. Мен күткөн кажы-кужу да жок. Муну көрүп кичине өзүмө келдим. Биртикеден кийин старшина колуна тигинин документтерин кармап, машинеге келип, терезени ачып, мени менен кобурашымыш болуп турду. Аңгыча аркы токтоткон машинеден ящикке окшогон бир оор нерсени көтөрүп келип «сакчылыктын машинесинин» арткы жүк салгычына салды. Аяктан бөтөлкөлөрдүн шаракташканына караганда ичимдиктер өңдөнөт. Андан кийин дагы эки машинени токтотуп, баягы ишин кайталады. Улам-улам келип, мени менен тыштан ту-

руп «кеңеш» сурап, кичине сүйлөшкөндөн кийин кайра кетип, бир топ түйүнчөк-муйүнчөктөрдү алып келип, машиненин арткы отургучуна ыргытып койду нааразы болгондой. Чыдай албай, эшикти ачтым да, кой-ай дегенине болбой аркы эл турган аялдамага келип туруп алдым. Автобус келди шаарга жөнөдүм. Ичимен бир топ бушайман болдум, кыйыр ишке көмөктөшкөнүмө. Жумуштан келип кечинде үйдө эс алып атсам эшиктин коңгуроосу чырылдайт. Ачсам, баягы старшина кошунам. Кир деп унчукпай баш ийкедим. Колунда кармаган баштыгы бар.

– Байке, капа болбо, бизде буюрганы ушинтип келе берет. Түнкү машинелер элдин кызыкчылыгын көздөп жүрүшөт дейсизби. Анык уурулар ушулар. Биз да катын-баланы багабызбы. Бизде эртең мененки насип дайыма бөлүшүлөт ким болбосун», – деп колундагы баштыгын бурчка аста коюп, «ооз тийип коюңуз, таңкы насиптен», – күлүп чыгып кетти кошунам...

## БИЗДИН ЗАМАНДЫН «КИШИЛЕРИ»

*«Жоо качырып эл баккан,*
*Илгеркинин кесиби.*
*Жалган айтып мал тапкан,*
*Эмдигинин кесиби.»*

*XIX – кылым. Молдо кылыч.*

Апамды айылдан алып келдик. Ал киши бир топ жашка келсе да, тың. Өзү – бир көчөнүн аксакал байбичеси. Эски көкүрөк оорусу бар. Анысы өнөкөт болуп калган. Жыл сайын жаз-күздө кармап калат. Биздин билишибизче, бул оорусу менен ал киши ооруканага жатып деле дарыланган эмес. Ооруса, аркы-беркини

кылып, чөп-чар ичип эле айыгып кетет. Айылдык догдурлардын жазып берген дарысын деле аягына дейре колдонбойт деп келинибиз бизге арызданып калат. Динге берилген киши, намазын жазбай окуйт, кызыгы, колунда шыпаасы бар апабыздын, анча-мынча илдеттерди, сасык-тумоолорду, кирине киргендерди бат эле оңдоп коёт. Балким ушунданбы, врачтарга салкын көз менен карарын байкап калам, бирок аны бизге билгизбейт, капа кылып алып жүрбөйүн дегендей.

Жолдошум экөөбүз медик болгонубуз менен, бул оорунун көп деле чоо-жайын билбейт экенбиз. Ошентип, дарылануу башталды. Адистен адис салып жатып, апабыз кыйла эле жакшы болду. Кадимкидей тамакка аралашып, көңүлү көтөрүлүп калды. Аны көрүп, биз да оор жүктөн арылгандай сездик. Бирок жөтөлүнөн так айрыла албай койду. Мыкты деген дарылардын эки-үч жолкудан курсун деле алды. «Апаңда негизи залалдуу дарттар деле жок, ушинтип - ушинтип отуруп, жөтөл азаят, өнөкөттүн да катуусу турбайбы», – деп мындан кийин эмне кылышты айтып, жазып беришти адис доктурлар. Чынында жөтөл кыйнап туруп алды. Биздин жooткотконубуз ал кишиге анча деле жеңилдик алып келген жок. Эмне кыларды билбей калдык. Баягы догдурдун ичип жүрүңүз деген «ак дары, сары таблеткаларын» чыдап ичпей да койду, мунусу кайра жөтөлдү көбөйтөт экен деп.

Бир жолу жумуштан келсем, апам: «Бир элдик дарыгер бар экен, гезитке ал кишиден шыпаа көргөндөр, аны аябагандай мактап жазыптыр», – деп калды. Бул апамдын сөзү алгач мени жиндендирип ийе жаздады. Элдик дарыгерлерден жапа чеккендерди практикамда, көп болбосо да кездештирип жүрөм. Ичимден: – «башталган экен» – дедим. Жооп бергиче, кызымды

«Бар, жанагы гезитти алып келип атаңа окуп берчи», – деп буюрду мен бир сабатсыздыгым жоюла электей. Элдик дарыгер дегенди укканда «жооруму» чукуп ийгендей болуп турган убакта буга кошул-ташыл болуп «атаңа окуп бер» деген жарыктык кишинин сөзүнө кичине териге да түштүм, бул тууралуу болгон оюмду так айтып ийе жаздап «астапыралла» дедим. Эсиме келе калып: «Кой, өзүмдү токтотоюн, эгерде бул тууралуу мен терс жооп берсем, ишеничин бузуп алып, ишти ырбатып алып жүрбөйүн. Ичимден удургуган ойлорду аш-баш дегиче ирээттеп анан: «Да-а! Алып келчи, көрөлү, кызым» – деп кара күчкө таң калымыш болуп койдум. Апам бул менин «артисттик» оюнумду чын кабыл алды окшойт. Андан ары өзүнүн оюн айтты. Гезитти окуганда эмне, жаңы бир неме бекен, баягы эле тааныш реклама: баарлык дартка даба беребиз, машаякбыз, биздин адрес...

Иш жаңы нукка түшкөнүнө ары карап ыйлап, бери карап күлүп кабыл алдым да, бул суранычты тезинен аткарам деп кирише баштадым. Бир туруп ичимде ойлодум, мындай да кылып көрсөк, эмне болмок эле, анын үстүнө апабыз ага кадимкидей ынанып алыптыр, аты алыска кеткен «дарыгерге» ишенип. Эртеси күнү адрес боюнча ошол дарыгердин кабыл алчу жайына түшташ автобустун аялдамасынан түшүп калдым. Колумдагы кагазда жазылган адрести бир карап, үй номерлерди бир карап, келе жатып капыстан бир кишиге негедир көңүлүм түшүп калды. Жашы 40-45 чамасындагы кыргыз улутундагы жигит арыктын ары жагында карагайдан жасалган декоративдик отургучта (кафенин алды экен) чиймийген, жүн баскан, ичке балтырларын кайчылаштырып, чалкалай кыңылдап ырдап, өткөн-кеткенди карап ойлуу отуруптур. Башын-

да мусулман топу, кызыл-тазыл жеңи кыска футболка жонунда, кийгени шортик, колунда тамеки, жыңайлак бутта кытай тапичке. Айтмакчы, оң бутунун баш бармагында кандайдыр бир түшүнүксүз сүрөт чегилип жазылыптыр. Кабагы жүдөңкү эмес, сыпайычылык деле байкалбайт. Кейпинде кичине мүчүлүштүктөр болбосо, айтылуу «чий балбандын» эле өзү. Балекет басып элдик дарыгер болуп чыкпаса экен деп ичимен ойлодум. «Ушул тушта дарыгер мырза бар экен, кайсыл үйдө кабыл алат, кандай барса болот?» – деп сурап калдым. Мени жалт карады да, тамекисинин калдыгын аллея жакты карай катуу чимирилте чертип ийип, чыйт түкүрүп алып, мени карап, «Кичине басыңыз, анан налево» деп колу менен ишаарат кылды. Келсем, чакан үй. Тышта котологон эл деле жок. Таза кийинган аял журналга бирдемелерди жазып олтурат, жанында балмуздак менен алек болуп жаткан тестиер кыз. Бурчта 10-15 ке жакын кандайдыр бир суюктук куюлган баклажкалар тизилип турат. Аял мени жылуу кабыл алды. Жаңы эле сөз баштаганда, тыштан баягы мен көргөн адам кирип келди. «Балекет басты, сыягы элдик дарыгер ушул болбосун?!» - деп селдейе түштүм. Чынында эле ушул кабинеттин кожоюну, мен издеген киши экен. Эмне кылам, болгонун айтып бердим ийне-жибине дейре алигиге. Диагнозду шак эле койду: – «Апаңардын тамагы кычышат турбайбы, эртең алып келгиле» – деп кыска жооп берди. Рахматымды айтып чыгып кеттим. Эртеси апамды алып келдим. Дарыгер элден кагажыктап калганбы, же өзү көп сөзгө жокпу, айтор, аз сүйлөйт экен, бир эки эле сөз айтканда, апамдын сыркоосунун диагнозун коюп, дарысын колуна бере салды. «Балам, текшерип өпкөнү угуп көрбөйсүзбү?» – деген суроого, «Мен түшүндүм, бул уулуңуз

доктур турбайбы, болгонун айтып берген», – деп мени карай ишаарат кылып койду. «Болуптур эмесе» – деп апам элдик дарыгердин башынан аягына дейре байкатпай сын көз менен бир карап алды. Аялы берген эки «зомкараны» мен алып, чыгып кеттик, «шыпааканадан» тыйынын берип. Врачтыгымды карматып: «Бул эмне деген дары, кандай жол менен жасалган, составы кандай?» – деп сурагым келип барып токтодум. «Кой, ишти бузуп албайын» – деп ичимен кармандым. Эсиме түштү...тээ кечээки эле совет мезгилинде бир ветврач ылаңдаган малдарга пенициллин эле сайдыра берчү экен (билген дарысы ошол болсо керек). Такып сурагандарга: «Ой, сөзсүз айыгат, айыкпаса, мунун зыяны деле жок» – деп кутулат экен. Ансыңарындай дарынын зыяны да, пайдасы да байкалган жок...

## ЭНЕ ТИЛ ТУУРАЛУУ ОЙ

*«Кылычынан кан тамганды,*
*Бал тил менен токтотуптур»*
*Эл макалы*

Бир көргөнгө жупуну болгонубуз менен оңой эл эмеспиз. Оюбузду туюнтуп ташка сайма салган калктанбыз. Элчилеп көк тиреген ак сарай сала алганыбыз жок, эки тоону бириктирген көпүрө кура алганыбыз жок. Бирок миллиондогон сап болгон көркөм адабиятыбызды көөдөнгө тутуп айтып келатабыз, бул оңойбу? Тарых талашууда бизден сүрдөгөндөр да бар.

Ошентип, тарыхтын кычыктарына кыпчылып калбай, бурганагы учуруп кетпей, акыры ушул заманга келип такалып олтурабыз. Соңку замандагы күнкор-

луктан арылдык, мунусуна тобо, мындан ары биздин маңдайга кудай жабыркануун ыйгарбасын. «Торколуу тонуң болсо, топчусу да табылаар» дегендей үмүт чоң. Ушу тапта мамлекет өзүнүн зарыл атрибуттарын орнотуп жаткан учур. Ошолордун негизгиси «Тил мыйзамы» болуп эсептелет. Кабыл алганына тогуз жылдын жүзү болду. Чынында, бул – аз убакыт. Кылчактагандардын үмүттөрү үзүлгөнсүдү окшойт. «Элүү жылда эл жаңырат» дегендей, буга убакыт керек турбайбы. Мындай десек, кошуналаш эл бул ишти ыкчамдатып жатышкандай сезилет, муну алардын массалык маалымат каражаттарынан байкоого болот. Бизде бир туруп карасаң, кыймыл бардай сезилет, бир туруп карасаң, баягы эле совет доорундагыдай. Бирок «а-бу» дегенибиз менен кыймыл ба-ар.

Мен хирург-врачмын, адбиятчы эмесмин, бирок ушул маселеге аябагандай кызыкчу элем. Мына эми пайгамбар жашына келгенде «жаш калемгердик» майданына кириштим. «Если человек в возрасте продолжает учиться и приобретает новые привычки, это уже не старик» деген кеп мага кадимкидей дем берет. Тайманбай туруп макалаларымды бастыруучуларга берем, алардын бири калбай баары чыгат, үтүр-мүтүрүнө дейре оңдолбой. Кабырганы кайыштырган сыны болобу десем, анысы деле болбойт. Ойлоп калам, же мен тубаса жазуучумунбу, же текшергендер жокпу деп. Мындай «талантымды» мурун билгенде, жашымдан эле жазсам болмок окшойт, азыркыга дейре эл оозуна алынып калбайт белем деп кейип коём, жаман алымда. Кээде туруп коркунучтуу ой келет: менин макалаларымды байкап жүргөн анык жазуучу бир күнү абийримди айрандай төгүп, эгерим калем кармагыс кылабы десем, баягы совет критиктериндей эрөөлгө чыккандар деле байкалбайт.

Менин байкоомдо, көркөм адабиятка, деги эле китепке кызыккандар азайып баратышкандай. Бул багытта арман аттын башындай. Китеп окубаса, кайдагы тил, кайдагы маданият? Орус эл жазуучусу Паустовский «Окубаса, ой жүгүртүү болбойт» деген.

...Гезит саткан киосканын жанынан өтүп бараттым эле, «Аке, алың жаңы гезит чыкты» деп сатуучу келин типографиянын сыры али да кете элек «Кыргыз тили» гезитин көрсөттү. «Омей, чыктыбы,» – деп ийипмин сүйүнүп кетип. «Ой бул он тогуз жылдан бери кайда жүрдүңөр эле, бай болгурлар?» – дедим ичимен. Алып окудум, жаш баладай сүйүндүм. Жупуну дизайны болгону менен, гезиттин мазмуну купулума толду. «Баланын төрөлгөнүнө сүйүнбөй турганына сүйүнөлү» дегендей эми буга маани берип, элдик гезит болушуна көмөк көрсөтөлү дегиче болбой...

P.S. ... Эрте сүйүнүпмүн, гезиттин чыгышы жыл айланган жок...

*23 июль, 2008.*

## КЫРГЫЗ ТИЛИ КҮНҮ

*«Кыргыз элек лакап,*
*макалы көп,*
*Кыйдыларга айландык*
*нахалы көп»*

*Шайлообек Дүйшеев*

Чакан департаментибизде төрт-беш элдин өкүлдөрү эмгектенебиз. Жалпы жонунан, жергиликтүү калктанбыз. Жума сайын эртең мененки баарлашчу чакан чогулушубузда олтурабыз. Чогулуш аяктап ба-

ратканда башчыбыз жардамчысына «жанагыны айтпайсыңбы» дегендей башын ийкей ишаарат кылды. Ал киши түшүнбөгөн жүзү менен «эмнени» деген түрдө жалдырай суроолуу карады. Башы саал ийиле жардамчысынын кулагына бирдемелерди айтты. «Замы» угаары менен өңү өзгөрүлө түшүп, шаша тура калып: «Приближается день киргизского языка, нам предстоит сделать то..., то.., то....Срок такой» – деп, анан бөлүм башчыларын карап: – «Обеспечить активность наших сотрудников учреждения по этому поводу» – деп сөзүн бүтүрдү. «Элүү кишинин ичинде эки эле орус киши олтурушат, жок дегенде ушул жарлыкты кыргызча эле айтып койсо эмне болот эле» – менин жанымда олтурган улгайып калган коллегам мага арыздана кетти. Бул киши болсо жеринен тилибиз, дилибиз деп какшап жүргөн киши, ушул темада ыр  да жаза коёт, же анысын бирөө чот десечи. Бирок кээде кошулуп алып ал киши деле биз менен орусча балдыраша берет.

– Жамаатта сакалдуу-көкүлдүүлөрдүн анабашысыз, өзүңүз деле тура калып, азыр мага айткан сөздү айтып койбойсузбу.

– Ой илгери эле бизди «катуу сүзүп» койгон окшойт, азырга дейре ээн-эркин сүйлөй албайбыз.

– Эмне азыр бирөө кой деп жатабы, сүйлөй бербейсизби. Мен да асмандан түшкөнсүп, какшык аралаштырып уруп койдум.

– Ой, бул жалтаңдык тукум куучулук болобу дейм?

– Анда, Абдылда, ошентип эле жүрө берели, – деп ары жакта олтурган эже кийлигише кетти. Сөз жакпай калды окшойт, аксакал ага асыла кетти...

Бул жолкуда иш эки анжы болчудай эмес көрүнөт, биздин чоңдордун «айбаттуу» сөздөрүнө караганда. Сөздү башкармачылыктын дагы кыргыз улутунан болгон бир мүчөсү (баары эле кыргыздар) улады: – «Судья

по тенденции в дальнейшем будет наращиваться такое направление, поэтому уже потихонечку к этому надо настраиваться» – деп суук кабар угузуп атkансып коллективди жалооруй күнөөлүү карады.

...Эртең менен кызматка келатам. Автобустагы эртең мененки тыгылышты айтпа эми. Бир эки татынакай кыргыз кыздары өздөрүнчө кыргызча-орусча аралаштырып сүйлөшүп келе жатышат. Анан туруп, бирөө ушундай уккулуктуу өз тилибизде ыр саптарын келтирсе, экинчиси макал-ылакаптын мазесин келтирет. Бири-биринен сурап коюшат: «туура айтып жатамбы» дешип. Ошондо эстей калдым, бүгүнкү күн Кыргыз тилине арналганын. Ичим жылып: «Секет кетейиндер, бүгүнкү тил майрамына даярданышкан турбайбы» – деп койдум. Мындай кулакка жагымдуу сөздөрдү шаардын жүргүнчүлөрүнүн арасынан бала болуп башыма түк чыкканы уккан эмесмин. Байкоомдо, бир мекемеде чогуу иштешет окшойт. Даярдыктары эң жакшы экен деп алардын ынтазарлыгына көңүл бурдум. Кызуу кеп арасында: «Тилди жерибе» – деген сөздү билесиңби? – деп бойлуурак кыз экинчисине кайрылып калды, – муну папам да, мамам да билбейт экен» – даттана. «Ой, мен деле сендеймин да» – деп далысын куушуруп койду арыкчырай кубакай кыз. Ар жактан бир грамотей – «уважай языка» деп шарт которуп ийди. Дагы бирөө мунун маанисине карата өз билгенин айтып калды. «Жок, жок» – деп кыз башын чайкап, алардын сөзүнүн туура эместигин билдирип. «Рахмат» – ыраазы болдум өзүмчө. Орусча так сүйлөшкөндөрүнө караганда, шаардын мектебин бүтүрүшкөндөр окшойт. Мен бирөөнө кайрылып калдым:

– «Ишканаңарда башка улуттагылар да бүгүнкүгө даярданышканбы, же кыргыздарга эле тапшырма беришкенби,» – сурап койдум кыздан.

– «Жок, тең эле бөлүштүрүшкөн болсо керек» – деди, жылмайып кичүүрөгү. «Еще сильнее нас есть, причем орус улутунан» - деп жайдары күлүп калды.

– «Сашабы...? Ал кыйын» – дегендей башын чайкап койду бойлуураак кыз. Ошентип, автобустун ичиндеги «төө бастыны» тил күнү алаксытып койду заматта. Кыздардын тилге карата мамилесине кызыгып атып аялдамамдан өтүп да кетипмин.

Биздин департаментте өгүнкү жыйналышта жарыяланган тил маселеси ошо бойдон сенейип шал болуп катып калыптыр, эстеген деле киши болгон жок аны.

## АЙЛАНАЙЫН, «КЫРГЫЗЧЫЛЫК», А-АЙ

Ар улуттун өзүнчө бир өзгөчөлөнгөн мүнөзү, адаты болот турбайбы. Тамашасыбы, же чыныбы, бул көрүнүштөр мыйзам ченемдүүлүктөн кабардар кылып жатабы билбейм. Маселен, «орустун колуна мылтык берип, чепке кой да, кыргызды бычак берип, этке кой». Кыргыздын алабармандыгы менен кээдеги ашөпкө шайырлыгы, тээ Манас бабабыздын доорунда эле болгонбу дейм, эпосто айтылгандай: «күндүзү кымыз, түнү кыз, күпүлдөгөн эр кыргыз» демекчи. Мына, кылымдардан бери коюн алышкан мобу эле карачечекей казак тууськандарыбыз эмне дейт. Уялбай эле мындай дейт: «Кыргыз барпылдата эт тууpаса, казак жаркылдап эт жесе, бул өзи бир ганбет гой» деп чын-тамаша аралыштырып согуп кетет. Бул биздин меймандостугубузду түшүнбөй жатышабы, же биздин мүчүлүштүктөрдү көрүшүп, «айналып кетеин бауырым кыргызым, онды, солды  карап, «тайып» кетпей жумыс истемейсизбе, биздин бетимизге ширкеу тусирмей» деген жан тартканбы? Кызык го деп ичиңен ызырынсаң, бирок

анын да жөнү бардай сезилет. Ой анан да жапа тырмак принципиалдуулугубузчу. Ушу жашка чыкканы бир убакыт болжошкон мезгилдерде кыргыз чогуларын көрө да, биле да элекмин. Бекеринен айтылбаса керек, «Кудай жер бөлүштүрүп жатканда кыргыз кечигип келиптир»... деп. Муну кыкең өзүнүн толгоосуна салып алып, анекдот кылып бажактап ыраазы болуп жүрөбүз.

Биздин оорукана – залалдуу шишикти айыктыруучу жай. Бир топ жыл болуп калды, менин ушул мекемеде иштегениме. Ишиме такшалгыдай эле болуп калдым. Бир жолу менин палатама алыстан келген апа бейтаптап келип жатып калды. Диагнозу такталып, ал кишини операция жасай турган болдук. Капыстан министрликтин буйругу менен мен командировкага бир жумага кетүүгө аргасыз болдум да, убактылуу бөлүм башчылыкты коллега аялга тапшырып кеттим. Бир жумадан кийин келип, апаны операция жасадым. Шишик көп деле өөрчүшүп кетпептир, жасалган операция жакшы болуп, ал кишини үйүнө жөнөтүүгө убакыт келип жетти. Сакайган апанын уулу чыгаар алдында тамак уюштуруп, бизди чакырып калды. Ошондо апа чечилип ымандай сырын айтты. Толкундалган сөзүн мындай деп баштады: «Ушу пайгамбар жашына келип, түк догдурларга кайрылып көргөн жан эмесмин, айланайындар. Сыркоону пенденин башына бербесин. Мына бүгүн биринчи кудай, экинчиси сиздерден шыпаа буюруп, аман-эсен балдарымдын колуна салып берип атасыңар, дөөтүңөрдөн айланайын,» – деп каргылданып барып өзүн токтотту. «Кара жерге кирейин мен. Ооруканага келип жаткандан кийин сиз (мага кайрылып) бөлмөгө кирип ошол күнү өзүңүздү тааныштырбадыңызбы. Тияк-биякка урунуп-беринип

жүрүп, биздин райондук, обулустук дарыгерлерге ишене албай калыпмын. Карасаң, өзүңө окшогон эле керилген кыргыз врачтар, убара кылгандарычы, оорулуу башыбызга карабай: «Эртең кел, бүрсүгүнү кел, анализ тапшыр, тигини ич, муну ич». Келсек, кээде дарыгерибиз жок. Баягы эле түбү түшкөн кыргызчылык, аябай эле убара болбодукпу. Эми Бишкекке баратасың, айлаң келишинче орусу болобу, же тили буруусубу, ошолорго кайрыл, ботом уулуң «чоң» эмеспи дешип жан тарткан кошуна-колоңдорум айтып калышты келээримде. Бияkка келген эле күнү сизди көрүп, шордон арыла элек экемин, эми дагы кыргыз врачка түшкөнүмү карабайсыңбы деп, ичимен наазазы болдум. Кичинеден кийин сиз командировкага кеттиңиз. Мени тиги орус врач аял карап калды, кудай жалгабадыбы деп көңүлүм аябагандай көтөрүлдү. Сиз кетип, врачым орус болгонун жакшылыкка жоруп, жеңилденип да калдым. Бирок кубанычым көпкө узаган жок. Сизди командировкадан келди деген сөз мага октой тийди, баягы кыргыздын колуна дагы түштүмбү деп. Уулумдун «Жок, апа, сизди тиги Валентина Трофимовна операция жасайт» деген сөзү мени кайра кубантты. Уулум мени алдап койгонун кийин айтып жатпайбы... «Рахмат, балам,» – деп сөзүн аяктады апа.

PS. – Сырткары жакта эмгектенип жаткан коллегалар, кечирип коюңуздар, кээ бир пациенттердин наразычылык оюн жаздым. Кудай алдында сиздерге шек келтиргим келбейт, бирок мүчүлүштүктөр аз да болсо кездешет экен. Капа болбоңуздар, теманын мааниси башкада да.

## БИР ТАРУУ БОЗО БОЛОБУ? БОЛТУРАБЫЗ!

*«Кет кырсык, бизге асылбаң,*
*Ансыз да кыргыз аз элбиз,*
*Ак көңүл, жалтак, басынган»*

*Шайлообек Дүйшеев*

Турдакун Усубалиевдин бир эскермесинде: «Советтер Союзунун Коммунистик партиясынын генералдык секретары менен маектешип отурганда Хрущев минтип сураптыр: «Республиканын калкынын канчасын кыргыздар түзөсүздөр?» Ошол мезгилде (өткөн кылымдын алтымышынчы жылдары экен) бир миллион эл бар экен, статистиканын маалыматы боюнча. «Ушул тапта саныбыз кичине миллиондон өтүп калдык, – деп жупунуурак жооп бердим» – дейт, ошол убактагы Кыргызстандын жол башчысы. «Көрдүңүзбү, жолдош секретарь, Коммунисттик Партияга сиздер терең ыраазы болушуңар керек. Сиздердей аз эл эмес, ондогон миллион саны бар калк өз суверенитетине жете алышпай жүрөт» – деп айткан экен Хрущев.

Мына эми чыныгы демократиянын мезгилинде айтып алалы деп өз оюн чындыкка айландырып, далай макалаларды гезит чекелерине жазып чыгышпадыбы. Маселен: «япон менен кыргыз бир тууган экен», «Төштүк жер астына кирбей эле, мобу эле Америкага барып, Миссисипи дарыясынын жээгинде оокат кылып жүрүптүр, Эдил хандын (Аттила) урпактары, мына биз, беш кылым Европаны титиреттик»... Ал эле дейсизби? «Еврейлер кыргыздардан чыккан. Мындан аркы дүйнө элдеринин көчүн кыргыздар баштайт экен...» – деп укмуштантып «жорго төө» мингендер да чыкты. Бул кудайга жакпаган иш. Манасты чыгарган эл күлкүгө калбасын. Бурмаланбаган так тарых керек бизге.

«Аз болсо көптөй көрүнгөн өнөрү бар кыргыздын, аскада бутун тайыткыс акылы бар кыргыздын» – деп Манаста айтылгандай, келечекке ишеним бар. Шалаакылыкты коюп, кол-кабыш кылалы жапа тырмак. Мунубуз болот. «Элдин асылдыгы, анын саны менен ченелбейт» – деп акылмандар айтып кетиптир, ошол сымал бөтөн элге уят болбой, жапа тырмак киришели, жасалган, же жасала элек иштердин ак карасын ылгап.

## БАРАКЕЛДИ...

Мерке-Бишкек поездинде келатабыз. Таң азандан чыккан поезд болсо да адам жык. Көбүнчөсү Бишкектен окушкан жаштар. Шаарга жакындаган сайын жүргүнчүлөрдүн арбындыгынан бут коёрго жер калбай калат. Айрыкча бул көрүнүш балдар окууга киргенде байкалат. Биздей келип-кетип, борбор калаадан иштегендер да аз эмес. Көнгөн жан орун алаар менен уйкуга кирдим. Бир маалда чочуп кетип терезени карадым кайсыл жерге келип калдык деп. Сокулуктан өтүп калыппыз. Дагы бир топ бар экен деп жылуу ордуман кебелбей уйкуну улантканы турганда, бир жаш кыз маңдайыма келип, отургучтун кармагычына сүйөнүп туруп калыптыр. «Орунумду бошотуп берсемби» – деген ойго келдим, бирок бала турбайбы деп кайра уйкуга кеттим. Көзүмдү бир ачсам, шаарга жакындап калыппыз. Баягы кыз турганы турган, какайып. Жанымда карасам, он жети-он сегиз чамасында бала отуруп келатат. – «Жигит тиги кызга орун берип койбойсуңбу» – десем, унчукпайт. Менин айткан сөзүмдү «чыпооку» да алган жок окшойт. Унчукпайт тунжурап. Ичимен жиним келип, кучунашымды бир карма-

тып ийсемби деп баратып, кой кагуу жеп калбайын деп жөн болдум. «Таң эртең менен ачууланышты коёюн, кой» – дедим, өзүмдү соороткуп. Анын үстүнө элдик педогогиканы азаркы жаштар кабыл албай калышпадыбы, кейиштүү кайра көз жумдум. Бирок тиги баланын кылыгы менин жан дүйнөмдү булук салып ийди. Кайдагы уйку. Заманды каргап-шилеп, анан туруп «алы жок аллачылга» өттүм. Бир маалда, – «акыркы станция түшкүлө» – деп жарыя кылып калды. Чукуранып ойгонумуш болуп көздү ачтым. Баягы маңдайымдагы тикесинен-тик туруп келаткан кыз чыгып кетиптир. Жанымдагы жигит дагы эле отуруптур. Жигит болбосоң жимирен кал эй, көздүн чаары менен жалт карап койдум ага. Түшүндү окшойт жооп кылып:

– Жанагы сиздин орун бошотуп бербейсиңби, туруп турган кызга деп айтканыңыз эң туура кеп, ава. Бирок, кечирип коюңуз, жылаңач курсагынын киндигин көрсөтө кийинген кыздарга итатайым тутулат, а эмне үчүн аларды сыйлашым керек. Мындайлар сыйга татышпайт, жети желмогузумдай көрөм. Мамиле ошондон, – туруп баратып кобурап койду.

– Атаңды-ын көрү-ү, «чечек», айтса, айтпаса төгүнбү. Ой барбы дейм…

*21-Сентябрь, 2011.*

## КАРГА ДА БАЛАСЫН АППАГЫМ ДЕЙТ, БИРОК...

…Баягы эле таңкы поезд. Бишкекке жакындаган сайын элдер көбөйө баштады. Ортодо тик туруп келаткандар да аз эмес. Менден ары бир келин тестиер кызы менен туруп келатышат. Аял отуруп келаткандарды кыдырата карап коёт көзүнүн чаары чыгып –

«эмне балага орун берчүлөр кырылып калганбы» деген мааниде. Кийинки аялдамадан түшкөн кишилер кысылышып өтүп калышты ортодон. Бир аял туруп келаткандарды түртө илгерилеп жылып калды, аларга жол бергенге. Керсейип, айланага көз чаптырып араң турган тигил аял:

–Баланы эмне түртүп кетесиз, же мындай балаң жокпу, – деп бир топ жаалданып, жагымсыз кептерди айтып ийди.

–Ой эмне кылам, ботом, арттагыларды да өткөрүш керек да. Мен аны атайын түртүп атыпмынбы, – кайпактай түштү күнөөлүү болгондой.

Тиги бултуңдап жөн болду. Бир маалда обочоорок отурган байбиче «ботом, кызыңыз чоңоюп эле калыптыр, апасындай кишиге өзү эле жол бошотуп койсо эмне болмок эле, көрүп турбайсызбы шартты. Таң ата электе ачкарын айтылган каймана сөз мусулман пендесине ылайык келбейт» – карылык калыс кебин айтты. Жинденген келин кептин маанисин түшүнсө да өзүнүкүн берген жок. Кайра ал апанын казак улуттугуна дейре жетип, бир далай сөз узатты жүрөк ооруткан. Бери жакта отурган киши «тобо, заман каякка баратат» деп күңгүрөнүп койсо, бирөө ага жооп кылып «бул жерде замандын тиешеси деле жокко» деп койду күлүмүш болуп...

*06.12.12.*

## ДҮРБӨЛӨҢ

*«Качан Кыргыз күн көрчү эле бүлүнбөй!?»*
*Б.Шалдыров*

Ош шаары. 2010-жыл. Апрель айынын башы. Түн ортосу. Профессор Султан Жумабаевич жаңы эле операциясын бүтүп мээлейин чечип, боюн түзөп, уюп калган денесин керилип-чоюлуп жазып, кофе ичейин деп көчүк басканда, телефон «чыр-р» дей түштү. «Мындай, түн оогондо… ким болду экен!» деп коопсузданып телефонду көтөрдү.

– Бул мэриядан, обулустун депутатымын, – деп тааныштырды да, – коогалаң башталды, тезинен оорукана жамаатын топтоп, даяр болуп тургула. Өлүм-житимдер да бар. Операция жасоочу жайыңарды тезинен ачкыла, жабыркагандарды мына азыр алып бара башташат, байланышып турабыз, – деп каргылданган үн телефонунун номерин берди.

Мындай суук кабарды угуп, оозунан ламы заматта түшүп, суроо да бере албай калды. Кичинеден кийин телефон кайра шыңгырап, баягы үн катуу эскертти: «барымтага алып жатышыптыр, чара көргүлө, эгер ошондой болсо, айласын таап, бирдеме жасагыла акыл менен, бирок «паникага» түшүртпөңүз коллективиңизди. Баарына жеке керт башыңыз менен жооп бересиз. Эптеп эртең мененкиге дейре чыдап тургула», – деп үрөйдү учурган сөзүн бүтүрдү. Ишенбейин десе, үн баягы тааныш облкеңештин депутатынын үнү. Ал киши ооруканага көп жардам берип жүрүп, жамаатка таанымал да болуп калган эле. Муну угаары менен врачтын заманасы куурулуп, жүрөгү ачыша түштү. Көз алдында унутулуп бараткан улут аралык кандуу чатак келе

калды. Ага мурун өзү катышып көрбөсө да, уккан. «Асстапрылла» деп жакасын кармады. Башкы врач бул тымызын улут аралык ички тирелишүүлөрдү байкап жүрсө да, мындай чоң жаңжал чыгып кетери оюнда да жок эле. Бушайман болду. Түн ооп баратат, кимдерди чогултам деп жаңы эле ордунан обдулганда, күзөттөгү оорукананын врачтары менен мээрман айымдар топурап, оорукананын башчысына эшик какпай эле кирип келишти. Үрөйлөрү учкан. Баары бул каргашалуу окуяны угушуптур. Сакайып бараткан сыркоолор дарбып эшикке чыгып, короого чогулуп калышыптыр. Чогулгандардын тынчсызданганы жүздөрүнөн эле билинип турат. Башкы врач мындай абалды көрүп, өзү да буга кыжаалат болуп атса да, шек билгизбегенге аракет кылып, топту таратты. Мындай кырдаалда эмне айтып, эмне дешти да билбей калат тура адам деген. Бирок Султан өзүн жоготпой, элдин удургуган демин суута кеп сүйлөп, аларды жайлады. Түпөйүл ой башкы врачты катуу ойлонтту. Эми эмне, башка түшкөндү көрөлү, «война, так по военному» дегендей иш жасаш керек го деп башкы врач ичинен чыйралып, учурду жөнгө келтириштин жолун издей баштады. «Ойчул ойлонгуча, тобокелчи кыр ашыптыр» дегендей, шартшурт этмей мүнөзү да бар. Кол алдындагыларына көрсөтмөлөрдү берип, сыр билгизбей, «Кудай кылса, кубарыңдын акысы жок» дегендей, ишти баштады. Ушул өзгөчө бүдөмүктөшкөн мезгил өзүнө да чоң сыноо болгонун туюнду. Муну менен бирге кандайдыр бир кубаттуу ишеним, дем келгенин өзү да байкабай калды. Мындайда токтоолук кылбай, кызуу кандуулукка алдырганда, кырдаал, кадимки эле «козу жамырагандай» болуп, көз ачып-жумгуча тополоң-тос болуп кетмек. Ошентип, башкы врач белди бууп, ишке кирішти өзгөчө шартта.

Таң сүрөйүн деп калган. Көзүң жамандакты көрбөсүн, шаардын ортосунан коюу кара түтүн оргуп, асманды бербей калды. Шашкеге жетпей ушуга окшогон буралган түтүндөр шаардын ар тарабынан көрүнө баштады. Кагылышуудан жаракат алгандар четинен түшө башташты. Операция жасалчусуна жасалып, жеңил-желпилерине жардам көрсөтүлүп турду. Иштин кызуусунан, «эмне болду, ким күнөөлүү» деп териштире турган да адам болгон жок. Эл ичиндеги күбүр-шыбырлардын аныгы эми баарына түшүнүктүү болду көрүнөт. «Ай, мамлекет болбосоң куруп кал ай, ушуга да алып келесиңби ?!»

Оорукана четирээк жайланышкандыктан жаракат алып бейтапканага түшкөндөр анча көп деле болгон жок. Бирок ар бир кишиде ичтеги сар-санаа, андан чыккан кыжалаттык кадимкидей байкалып турду. Медиктер баш-оту менен жумушка кирип кетишти. Учур кадимкидей курчуп турган убак. Жамааттын алаксыбай берилип эмгектенгенине, бир четинен, үй-бүлөлөрүнөн кабардар болуп турганы себеп болду окшойт.

...Коогаландын экинчи күнү. Түн кирип калган кезде, ошол жерде көп жылдан бери кызмат өтөгөн өзбек улутундагы ардагер апа башкы врачка көз жашын көлдөтүп кирип келди. Колунда көтөргөн ымыркай бала бар. Султан отурган ордунан тура калды. Апанын ыйы сөөгүңдү зыркыратат. Бул киши жамаатта көп жылдан бери эмгек өтөйт. Кадыр-барктуу жаштар алдынан бура басып өткөндөн айбыгышат. Улуу-кичүүгө бирдей жылуу мамилеси турганы турган. Буркурап боздоп туруп: «Мусулман катары, апаңыз катары сизден суранарым ушул» – деп ыйлап аткан баланы селкилдетип, буларды айтты:

– Кыз-күйөөм бир жума мурун ушул ымыркайын алып биздикине келишти эле. Эми буларды бир баш

калкалатып бериңиз, жанымды чабайын. Бул балекетти ким баштады эле, кылымдан бери эки эл кыз узатып, келин алышкан журт эмес белек, эми эмне кылабыз? Соопчулук кылыңыз, жардам бериңиз бизге, биз да кудай деген кишибиз, Султан уулум, – деп буркураса, жанына киши тура албайт. Мындай жүрөктү эзген муңду укса да, көргөн эмес башкы врач.

– Болуптур, биякка алып келиңиз – деген врачтын сөзү байбичени ого бетер эреркетип, айтар сөзүн да айта албай, буулугуп турган жаны жалынып-жалбарып ийди. Көрсө, кыз-күйөөсүн ооруканага катып коюптур. Өзү көрөйүнчү деп аны менен кошо тышка чыкты. Четирээк жактагы эски оорукананын кичине имаратын карай басышты.

– Биякта, – деп байбиче узун, караңгы коридор менен басып, кичинекей бөлмөчөгө алып келди. Жакындаганда каалганын ары жагынан шыбыр-шубур үн угулду. «Бул жерде бир эле киши эмес го» деп Султан коопсуздана түштү. Качкындар эшикти ичинен илип алышыптыр.

– Эшикти ачкыла, – деген апанын сөзүнөн улам эшик «кыйч» этип ачылды. Султан тиги кишинин артынан кирип, көргөн көзүнө ишене албай чочуп кетти. Бул жерде эки эмес, топ адам. Султанды көрүп, эмне айтар экен дешип жалдырап карап калышты. Өзү да чочуп, коркуп да кетти. Ээрчитип келген апа муну көрүп, оозунан кеби түшүп жалдырап калды. Мындай көп адам чогулуп кетерин билбептир апа. Султан тигил кишиге көзүн алайтып бир карап алды да, күч менен күрсүнүп койду. Апа башын ылдый салып, уялып жер карай түштү. Колундагы баланы ыйлабаса да, селкилдетимиш болуп туруп калды.

Бир-эки кишини ооруканага батырмак, көп деле оорчулук алып келбейт го деген ойдо келгендегиси

ушул болуп отурбайбы. Санап көрсө, тогуз адам. Алар: «Биздин өмүр сиздин колуңузда, эгер чыгып кеткиле десеңиз, унчукпай чыгып кетебиз, сооп үчүн, жан соога». Үрккөн койлордой көздөрү жалжылдап аянычтуу бир бурчка тыгылып турушат. Башкы врачтын кулагы чуулдап, мээ тамыры чыңалып кетти окшойт, оор үшкүрүп алды. Сүйлөйүн десе, тамагы буулугуп, тили кургап, кызыл өңгөчү ысый түштү. Жан деген чиркин кыйын тура көрсө, апанын кызынын артынан жансоога болоор деген тилек менен алар да басышыптыр. Жакындары деле эмес окшойт, апанын кыз-күйөөсүнөн башкасы. Ушул кишинин арты менен башпааналайлы деп келишсе керек үмүт менен. Эмне кылышсын, кыйын кезең моюндарында турганда. Муну байбиче деле билбептир. Мына ушинтип заматта башкы врачтын башына бир эле эмес, эки түйшүк бир келип, жүдөтүп ийди.

Жалдырап хирургдан жардам сурап тургандардын өтүнүчү, Султанга көнүмүш болуп калган. Бирок бул «качкын» адамдардын жүздөрү башкача аянычтуу. Мынабу алдында мүңкүрөп, баштарына запкы түшүп, эртеңки жашоосу күмөн болуп турган карапайым адамдардын өтүнүчүн аткаруу өзүнө парс деп кабыл алды. Бул үчүн алдыда эмне тагдыр күтүп турса да, тобокел деп бел байлады.

Ушундай жаңжалда каршылашкан тараптын адамын жашырган кишинин тагдыры эмне менен бүтөрүн Султан жакшы билет. Көп ойлонгон жок. Болгонунун баарын подвалдын төрүндөгү эски акыр-чүкүр сактаган бир бөлмөсүнө киргиздирип, эшигин кулпулап, тиги апаны буга жооптуу кылып дайындап чыгып кетти. Бирок жүрөгү өйүп калды. Башка жумуш бир тең, бул бир тең болду. «Кой, жеке эле моюнума жүк

кылбай, андан көрө шаардан мэриясына болгон жайды түшүндүрөйүн» – деп аякка телефон чалса, «эптеп өзүң айласын тап» – деп трубканы таштап коюшту. Абал кыйындап баратканын сезди. Акыры кырдаал кандай болсо да, аларды катып, кармап туруш керек деген чечимге келди. Буюрса, бул көпкө деле созулбаса керек деп ичинен кайрат кылып, ишке киришти.

Тыш менен байланыш үзүлүп, ооруканага шам-шаркыт кирип чыгуу кескин токтолду. Электр энергия, азык-түлүк маселеси мезгил-мезгили менен үзгүлтүккө учурап жатты. Газ бериш толук токтоду. Операция, ооруларды жайгаштыруу, алардын маселелерин так жана туура чечүү жамааттын ар бир мүчөсүнөн талап кылынып турду. Ал го ал, көнүмүш оокат го, бирок Султандын жүрөгү өйүткөн бир маселе баягы качкындар болду. Алар жөнүндө бир-эки эле киши билет. Абал курчуп турганда, бирөөлөрдүн байкап калышы өтө опурталдуу. Бул тууралуу көп сөздүн кереги жок деген ой башкы врачтын негизги күн тартибине киргизилди. Бирок кээде тең салмактуулуктан чыгып кетип, олку-солку ойго келген учурлар да болуп кетип атты. Бирок бул кишиде эрк бар эле, өзүн карманды. Буга кырдаал да сабак берип ийди окшойт.

Качкындар өп-чап болсо да, оорулардын тамак-ашына ортоктошуп оокат кылып турушту. Апа жалынып-жалбарып ыйлап келет, ыраазычылыгын дембе-дем айтып. Оорукананын айланасындагы калк кандай гана улуттан болушпасын, түн жамынып тамак-аш алып келип турушту ооруларга. Эл деген эл экен да. Мындан жөнөкөй элдин бул коогалаңга эч кандай тиешеси жок экендиги ачыктан ачык билинип турду. Кызыгы, бейтапканадагы оорулуулардын, кайсыл тараптан болбосун, бири-бирине жасаган жылуу

мамилелерин көрүп ыраазы болосуң. Бир-эки күн өткөндөн кийин бир топ жигиттер сүр менен келишип: «Өзбек улутунан дарыланып жаткандар жокпу? – дешип, башкы врачка да ишенишпей, бир-эки палатаны кыдырып, анан чыгып баратышып: – Сиз көргөн жоксуз, булардын жасаган мыкаачылыктарын, байкаңыз, ава, бирөөлөрдү, катсаңыз, эчтекеге карабайбыз», – деп кетишти. Бул зекип айтылган сөздүн маанасинин тереңдигин, эмнеден кабардар кылып атканын толук билет башкы врач. Деле мейли, ажал ушундан болсо, аны көрөйүн, «муунуп өлүш бешенеге жазылса, сууга чөгүп өлбөйсүң» дегендей. Тобокел кылып, ишин орундата берди. Эки-үч күн өтсө да, тыш тынчыгандай деле эмес. Баягылардын акыбалын билейин деп кечке жуук Султан жапсардагы жертөөлөгө кирди. Эми жалынгандарын айтпай эле гой. Көбүнчөсү орто жаштан өтүп калышкан аялдар, балдар. Арасында чачы куудай болгону менен чырымталы жаш бир жигит бар экен. Көрсө, ал апанын күйөө баласы экен. Сүйлөгөнү таза орусча, илмеги жок сүйлөйт экен. Билимдүүдөй көрүнөт. Көзү тирик.

Подвалдын ичи кенен, бир четинде ооруканнанын иштен чыгып калган эски-уску буюмдары ирээтсиз жыйылган. Башкы врач мурда бул жакка деле келбептир. Келсе да, ооздо жайланышкан чакан мастерскойго эле келип калчу. Тигил качкын капысынан минтип калды: «Кечирип коюңуз, сизден уруксатсыз тигил эски-уску делген буюмдардын бир-экөөн бөлүп койдум, оңдоп, кайрадан иштетсе, толук жарайт, советтик буюмдар эмеспи, – деп күнөөлүүдөй болуп, болоор-болбос жылмайып врачты карады. Көрсө, бирөө кир жуугуч машине, экинчиси стоматологдорго эң керек болчу «сухожарный шкафы» экен.

– Муну ушул эле жерден оңдоп коём, тиешелүү аспаптар эле болсо болду, чарба жүгүрткөн жардамчыңыз мага жолукса, ал киши менен бирдикте буларды иштетип берем, – деп ишеничтүү айтты.

– Көрөбүз, – деп алардын абалдарын көрүп чыгып кетти. Айласы кеткенинен айтып атабы, көп буга деле ишенген жок. Болуптур деп жардамчысына тапшырма берди: «Заман мындай болуп атса, сен эми запчас издемек белең, колдон келгенин бер да, тим бол, бычак-сычак бербе».

Эки күн өтпөй башкы врачтын жардамчысы келип:

– Жумабаевич! Тиги жөн киши эмес окшойт, тан бердим, тобо. Бирөө сегиз жыл, бирөө үч жыл мурун иштен чыккандарды тигиниң суткага жеткирбей иштетип койбодубу», – деп сүйүнүчүн жашыра албаган чарба жүгүрткөн жигит. «Коё туруңуз», – деп эшикти ачып, секретарь кызга бирдеме дегендей болду. Анан башкы врачты көзү менен ымдап, башын ийкеп, тышка чыгыңызчы дегендей ишарат кылды. Эскилиги жеткен кир жуугуч машина менен баягы стоматологдор акэткенден так-эткен стерилизаторду туура секретардын столунун маңдайына алып келип коюшуптур. Иштеп атат деп аны токко да сайып көрсөтүштү. Тышынын эскилиги жетсе да, дагы бир топко иштеп берет деп тиш догдур жылмайып койду. Кичине болсо да кубанычтын жышааны даарып кеткенсиди тургандарды. Чарбачы жигитти алып калып: «Качкындардын тамак-ашына, тиричиликтерине көз салып тур, муну эч ким билбесин» – деп дагы катуу эскертип туруп, – билесиң го кечээки запкы көрүп, жандары күйүп калган биздин ооруканага баш баккан топту, бул аларга билинсе, – деп сөөмөйү менен кекиртегин чийип койду баарыбызга – «кирдык»[1].

[1] кирдык – өлүм (блатной сөз)

Ооруканада иш баягыдай эле кызуу. Түнү автоматтын татыраган үнү бирде жакындан, бирде алыстан угулат. Шаарда коменданттык саат орнотулган. Али да болсо, күндүз эшикке эркин чыгып басыш жок. Кечинде баягылардан бир кабар алайын деген ой менен Султан подвалга кирип калды. Жалынып-жалбарып тосуп алышты. Карып эле болуп калышыптыр. Чоңдору эмес, кичине эки кыздын көздөрү жалжал этип жалдырашат врачты карап. Кирген кишинин оозунан эмне деген кабар чыгып кетер дегенсип суроолуу телмиришет. Бир ууч конфетти кыздарга берсе, апаларын суроолуу карашат эмне кылсак дегендей. Адамды кырсык басканда, мусапыр болуп калыш каш-кабактын ортосунда экен. Кечээ эле секирип ойноп жүргөн мына бу секелектер киндик каны тамган, өз эли, өлөң төшөгү болуп калган жерде качкындын кейпин кийишип, мына эми караңгы жерде отурушпайбы. Согуш чыгаргандар муну билбей калышты дейсиңби, билип туруп эле жасашты да кыянаттык кылып. Султандын да ушуларга окшогон кыздары бар. Карап туруп төбө чачы тик турду. Кудай мындайды адамдын башына келтирбесин. Башкы врач мусапырчылык дегенди өз көзү менен көрүп атат. Кинодон көргөн, жеринде согуш оту каптаган качкын афгандыктардын кейпин кийип калышыптыр заматта. Аларга кадимкидей жаны ачып, боору ооруду. Тиги ак чач киши унчукпай карап турду, эмне деген сөз чыгар экен дегенсип. Ушундай абалда болсо да, сыр билгизбейт, тескерисинче оор салмактуу, бирок кез-кези менен тамагын жасап жөтөлгөнү, ички кыжалааттыгы кадимкидей сезилип турат. Анткени менен көз карашы жалтаң эмес. «Жөнөкөйлөрдөн эмес окшойсуң,» – деп койду башкы врач. Балким, коогалаңга катышкандардын бирөөбү деген ой менен ичи деле жылыган жок.

«Болду эми, аны унут, жакшы баштап келатып, кетенчиктебе» – деп өзүн-өзү жооткотуп коюп, алардын ал-айын сурап, эртең бүрсүгүндөрдөн силерди чыгарып кетет. Кичине болсо да көңүлдөрүн көтөрүп коюп, тиги кишиге мени менен чык дегендей ишарат кылды.

Бала көтөргөн келин анын жолун тосуп врачты карап ыйлап ийди:

– Эмне кыласыз, тигилердин колуна салып бересизби?

Баягы биздин апа ортосуна түшүп, айбат менен ары түртүп ийди.

– Менин андай оюм болсо, силерди кабыл алып, катмак да эмесмин, – кичине ачуулана да кетти башкы врач. Тиги киши унчукпай артынан илкий басты. Подвалдын түпкүрүрөөк жагына жардамчысына айтып, бөлөкчө жай жасаттырып койгон, ал кишиге өзүнчө эмгегин баалап. Анын үстүнө аялдар менен туруу чекилик эле. Ичи тазаланып, ирээттелип коюлган эки орунтугу менен кроваты бар бөлмөчө даяр экен. Алгач Султан Жумабаевич сөз баштады аякка кирип жай отурушкандан кийин:

– Сизден ким экениңизди, кайдан келгениңизди сураган деле эмесмин. Муну жаса, тигини жаса деген өтүнүч ойдо да жок болчу, мындай кыжалаттык учурда. Рахмат, өзүңүз билип иш кылып, бизге жардам бергениңизге, эми өзүңүз жөнүндө айта кетпейсизби, эгерде айып көрбөсөңүз, кыргыз-өзбек биринин артынан бири дайым эле куушуп жүрмөк беле, мындан ары деле жакшы күндөр болот, – деген башкы врачтын кебине жооп кылып:

– Билбейм, бул чатак ырбап кетпесе эле болду, – деп тигил киши ишене бербей аяр жооп берди. Султан ага тигилип суроолуу карап:

– Эмне, буга сиздин бөлөк оюңуз барбы?

– Жок, жок, деги эле ошондой болсо экен, жараткан, – тигил чочуп кетип, тайсалдай түштү. Анын жообунан кийин, бул эмне ичинде котур ташы барбы. Бүшүркөп калды.

Отуруп, кыскача таржымакалын айтып берди. Аты Камал экен. Бир топ кыйынчылыктар башынан өтүптүр, анысын укса, тим эле шайтан боору ооруп ыйлап ийчүдөй. Өзү зирек адам көрүнөт. Турмуштун запкысына моюн бербей, мен дагы өзүмдү көрсөтөм деген намыс менен иш кылган киши окшойт башкы врачтын баамында. Бир топ өнөрдүн сырын билген адам экен. Колунан баары келчүдөй. Аны Султан байкады. «Майда-бача» делинген совет убагындагы профтехучилищаларды[1] бүтүрүп, бир топ кесиптин ээси да болуптур. Бирок айтышына караганда ат тезегин суутпаган, бир жерде көп отурукташа албаган киши окшойт. Ал эле эмес Киевдеги университеттин философия факультетинен окуп жүрүп, акыркы курсунан балдар менен чатакташа кетип, абакта да отуруп келиптир аякта. Мунун баарын кыскача ачык, толук ишеничте айтып берди. Адамдын ичине кирип, ишеничин тартып алчу кызыктуу ойлорду айтканына караганда, бул киши жөн эместигин байкады Султан. Сөз улангандан-уланып баратты. Кез-кези менен башкы врач суроо берип, ал тууралуу оюн айтып койгону эле болбосо, тиги кишинин ары кызыктуу, ары трагедиялуу турмуштук окуялары чоң сөзгө өттү. Башкы врач кой деген жок. Негедир экөөнүн кээ бир турмуштук көрүнүштөргө карата позициялары айкалышып тургандай болуп сезилет. Султан тигинин сөзүн бериле угуп, буга алаксып тамекисинин гүлүн чертип түшүрө албай да калат кепке уюп.

---

[1] профтехучилищаларды – адистик берүүчү окуу жайлар.

– Байкашымда сиз баскан жер дайым чуулгандуу көрүнөт окшойт? – деп какшыктаганга ал киши түшүнө коюп:

– Бул коогаланга менин эч кандай тиешем жок, ишениңиз, – тике карады башын чайкап. – Өзбекстанда да жашап келдим, үй-бүлөлүү болдум, бирок чынын айтканда, алардын менталитети биздикиндей эмес, тыштан келдиң дегендей сын көз менен карашат экен. А жердеги турмушту жыйыштырып кайра келгем. Мына үч жыл болуп калды, кечирээк болсо да, кайра да үйлөндүм, чүрпөлүү болдум, эми мындан аркы түзүк жашоого ишенич пайда болду эле көөдөндө, эми карабайсызбы. Туугандарым бар, алардын кээ бири кыргыздар менен каны аралашып кетишкен, мындай ишке акмактар гана барат, буга мени байланыштырбаңыз. Деги менин жолум катуу, сиз жарым-жартылай туура айттыңыз. Орустар айткандай, «счастье тогда, когда тебя понимают» дегендей, жашым кырктан ашып баратса да, мени киши түшүнбөй койду. Эх, атасынын көрү, бир шише алдырып келесизби, доктур аке, жашоо кыйындап кетти окшойт. Уулум төрөлгөндөн бери ичпей калдым эле, мындан ары турмушум өйдөлөбөстөй көрүнүп турат. Кечирип коюңуз, ушундай адамгерчилик көрсөтүп жатасыз, көңүл бөлүп, кайгыбызга ортоктош болуп атканыңыздан улам, сизге сырымды жашырбай айтып атам.

– Аны көрөбүз, – деп главрач сөздү бөлөккө буруп, өзү бир кызыккан темага буруп ийди. Жаңы эле кеп башталганда, Султанды чакырттып кетти тышка.

Түндүн бир убагында Султан бир бөтөлкө аракты койнуна салып, кичине «закускасы» менен баягы адамга келди. Негедир айланада тынчтык өкүм сүрө баштагандай сезилет, алыстан кез-кези менен ракета

эле атылганы болбосо. Жайланышып отургандан кийин:

– Ии, айт дагы эмне деген муң-зарың бар ичиңде? – деп Султан бир чети тамашалап сөз баштады, – и, баса, жана айтып ийдиңиз го, бул чатак жөн эле бүтө койбойт деп. Эмне себептен айтып калдыңыз, Камал ака? – өзүбекче акцент менен суроо узатты тамашалап. Тиги кичине ойлоно калып: – Бул кыргыз калкы чынында эле маңыроо эл экенсиңер, капа болбоңуз, дарыгер ака, капыстан намыска тийчү кеп баштады «качкын». – Сиздер эмне ушундай жаңжал болуп кетээрин билчү, же сезчү эмессиздерби. Акыркы үч-төрт жылда бул маселе өзүбек арасында билинип эле калган. Муну ички иштер мекемелеринин, же мамлекетти коргоо органдарынын кызматкерлери билбей калышыптырбы, билишчү. Бирок буга мамлекет караган да жок. Караса, муну болтурбай коймок. Алдын ала чара көрүш деген түшүнүктөн толук ажырашкан. Аларга муну байкоонун деле кереги жок болсо керек, бири-бири менен өз-ара жакалашып жүрүшсө. Ошонун азабынан билип иш кылам дегендер четтей баштаган. Чиновниктер арам тамакка кызыгып жүрүшүп, элдин мындай болуп каларын билген да, туйган да эмес. Мына ушулардын кээ бири элдин мээнет кылып тапкан маңдай теринин акысына, силердин боорсогуңарга окшоп борсоюшкан чиновниктердин көздөрүн май басышып, бут кийимдеринин боосун бирөөгө байлатып калышса, анан кайдагы иш. Булар эмне айлык маянасына көөп атышабы? Паракорлук, сепараттистердин акчасына алаксып, кыраакылыктан тайышкан.

Жаңжалдын башы Өзбекстандан даярдалып келди дейсизби? Жок, Өзбек мамлекети калыптанып, өнүгүп келаткан мамлекет, тиги-бул деген менен. Биздин кыргыздашып кеткен өзбек туугандардын аларга тыйынча

да кереги жок. Жердин да кереги жок. Билишет кыргыздарга тийишсе, кылымдык согуш тутанып кетээрин. Аякта да силерден кем калбаган мээлүүлөр бар. Өзбекстанда тартип бар, бул жерге салыштырмалуу. Ош шаарынын ортосунда машинаңды ачык таштап кетип көрчү, эмнеден чыгаар экенсиң, аякта бирөөнүн мүлкүнө карасанатайлык кылсаң, бери дегенде эле 10 жыл абакта отуруп келесиң. Ал эми улут маселесин козгоп көрчү, атылып кетпесең да, жарым ден соолуктан айрыласың. Алардын өзүлөрүнүн проблемалары өзүлөрүнө жетмектен ашып да кетет. Ошондуктан тияк-биякка алаксыбай, өзүлөрүнүн маселелерин чечиш үчүн иш кылууда. Аны жасалып жаткан иштеринен көрүп байкаса болот. Муну билүүгө көп деле акылдын кереги жок. Бир мамлекет экинчисине жең ичинен кыянатчылык иш жасаса, ал эртең эле эл аралык деңгээлде билинип, айыпталып, аброю кетет.

«Демократия», «демократия» деп Акаев баштагандан тартып дүрбөлөңгө түшүп эле эл дүргүй баштады. Кыргыздардын өзүнүн илгертен келаткан демократиясы бар да, түптөлгөн түпөктүү элсиңер. Силерден үйрөнчү көп эле нерселер бар. Саясатчылар өз ара кызыл чеке болбой, акыл токтотуп иш жасаганда мындай болбойт эле го. Же биздин башчылар демократияны өтө жакшы түшүнөбү, бөлөк кошуналаш элге караганда. Кечирип коюуңуз, өткөн кылымдын башында болгон Американын бир президенти минтип айтыптыр убагында: «если мужик может стать королем, не думай, что в королевсте уже демократия» деп. Мындай айтылган качкындын ою, Султандын ичинен түнөк тапкандай боло түштү.

Кептин экинчи жагы болсо мында. Өзбеги болобу, кыргыз-казагың болобу, жалпы менталитети түптөш, канатташ эл. Кандары аралашып кеткен журт, бир мей-

киндикте көчүп-конуп жүрүшүп. Бул курулай күчөтмө кеп эмес. Буга сиз деле ооба дейсиз да.

Негедир экөөнүн ортосунда мурунтан тааныш теңтуштардай сезим пайда болгонсуп келатты кеп уланылып атканына караганда. Астадан «качкын» статусунан бара-бара чыгып бараткандай сезилди тыштан байкаганга тигил киши. Орустун төл сөзү менен бөтөн сөзүнө сугарылып, жалтанбай таамай айткан кеби, билимдүүлүгү жагып турду Султанга.

– Айта бер, айта бер, алаксы болбой.

– Тарыхтан билесизби, ушул Орто Азия аймагында жашап турган азыркы түркмөн, казак, кыргыз, тажик элдери өз ара согушканын? Болсо, болгондур, Чынгызиддердин убагында, 13-15 кылымдарда бир элге бир элди чагыштырган саясаттан, мансапчылыктан чыккан уруштар. Өзүңүз билесиз, монголдор, ойроттор менен биздин, канат-куйрукташ элдердин философиясы, дин ишеними караманча окшошкон эмес да. Ушул мейкиндикте жашап келаткан эл, убагында, бир асабанын тегерегине биригишип, илгери Гун мамлекетин түзүп, дүйнөнү бийлеп турган Рим империясын, биз кыйынбыз деген готтордун жазасын колуна беришкен. Илим-билими чагатай тилинде жүргүзүлгөн бир эл. Адеп-ахлак, улуу-кичүүнү, кичүү-улууну сыйлоо мына ошолордон калган. Кийи-ин, мынабу эле 20-кылымдын башында эмне болуп кетти. Эволюцияны жасалма жылдыруу бул жакшыга алып келбейт окшойт. Атаганат, Совет мамлекети кезинде тигиндей элек, мындай элек деп калабыз. Бир тараптан караганда, ага кирген ар бир республика «феодалдык» тепкичтен «капитализмди» аттап, «социализмге» жасалган секирик бир далай «маданиятка» алып келди. Мунун баары кийинки муундардын талдоосуна коюлат,

агы-карасы аныкталат, такталат. Бара-бара орустун шовинисттик тарых саясатынан чыгып, ар бир мамлекет өздөрүнүн тарыхын табышып жатпайбы. Буга мен толук ишенем. Биздин өнүгүүбүздө бул жол чын эле тарыхый зарылчылдыкка таңсык беле, же бизге тыштан таңууланган саясат беле? Бирок бир чоң мамлекет болуп турушта, ар улут үчүн утуштар болду деңизчи, бирок мусулман дини калып, жалпысынан, атеист болдук го. Муну бат эле унутуп калабызбы? Адам адам болуп жаралгандан кийин бир немеге ишенич болуш керек экен. Ооба, совет доорунда «коммунизм – биздин келечек», «дин – бул апийим» деген жалпы ишенич менен келдик. Анткени менен илимдүү, билимдүү болдук дегендей. Бирок ислам дини берген ыйман сабагы биздин чыгыш элдеринен качкандай болдубу дейм. Эмне үчүн батыш мамлекеттеринде, Америкада биздей эмес, тескерисинче христиан конфессиясы гүлдөп-өсүп эле келатат, диний мамлекет болбосо да. Керек болсо, президенти баштап чиркөөгө барышат, чокунушат, ар түрдүү ырым-жырымдарын расмий өткөрүшөт. Мунун бирдемеси бар да, негизгиси ага ишенич – кудай бар. Аны дайым айтышат, буга алар кадимкидей эле сугарылган. Бала бакчасынан тартып, аскер бөлүктөрүнө дейре сыйынчу жайлары бар. Эсимде жок, бир газетадан социологиялык иликтөөнүн жыйынтыгын окудум эле, «Бакыт деген эмне?» – деген темада. Анда мындай бүтүмгө келишиптир: бакыттын маңызы, бул жеке эле акчада эмес, буга үч нерсе гана бирикkенде анык бактылуулук деп айтса болот деп жазат. Булар, ынтымактуу үй-бүлө + көп досторду күтүү + кудайга ишенүү. Бул статистикалык расмий маалымат батыштагы христиан дининдеги ири 4-5 мамлекеттеринен жыйылган респонденттерди суроодон алынган экен. Көрбөйсүзбү,

кудайга ишенип жашоо, бул бакыттын бир негизги жышаанасы турбайбы.

Ислам динин сыйлап, ага кайрылуу, илимпоздордун тактоолоруна караганда, акыркы жылдарда өсүү жолунда экен. Мусулманчылык өтө таза, ары, абройлуу. Дин жолуна түшүүгө эч качан кеч эмес. Эгер биздин динде кемчилик болсо, дүйнөнү дүңгүрөткөн америкалык мушкер Мухаммет - Али мусулманчылыкты кабыл алмак беле (жеке эле ал эмес). Бирок дүйнөгө белгилүү мусулман инсандар бөлөк динге өткөнүн уга элекмин, бул жагынан маалымым жок. Динди жеригенибиздин кесепетинен, бизге одоно болгон батыштагы көнүмүштөр аста-астадан кире баштаганын өзүбүз да билбей калдык Совет доорунда. Муну менен биздин калыпталган, ата-бабалардан калган мурас - салт-санаалар бузула баштаган, кала баштаган тымызын. Ошентип, аягында келип элибиздин рухий-маданият түркүгү - ислам динин өгөйлөттүбү, өгөйлөттү.

– Кылымдардан бери келаткан тууганчылыгыбыз кетип, жоолошконго дейре келип атабыз минтип, кадимкидей кабак түйүп. Кыргыздар деле бизге окшоп ала чапан, ала топу эле кийип жүрчү элеңер го илгери. Эмне болуп кетти. Деле билинчү эмес, кимиси өзбек, кимиси кыргыз экени. Кылымдар бою коюн-колтук алышып, улагалаш кошуна жашап келишкен бул эки эл. Элди ширеткен күч эмнеде эле. Бул жалпы мусулманчылыгыбызда болчу. Андан тайыдык. Алысташтык, чек ара койдук жардырчу минасы менен. Бири-бирибизди көргөндө жаманчылыкты аяшпай калдык. Демократия ушубу? Эмне үчүн мен туулуп-өскөн элимде, жеримде корголоп, эски оорукананын акыр-чүкүр сактаган сасык подвалында отурам? Сиздин көзүңүздү карап турам жалдырап, – деп чындап эле буркан-шаркан болуп баратат зээнди кейитип.

– Ошол сен айткан ала допуңар менен ала чапаныңарды биз бекер кийиппиз. Жеңил кийим, шартыбызга ылайыктуу деп кие коюп. Ошонун азабынан Анжиян менен Ферганадагы жерлерибизден айрылганбыз, аны билесиңби, философ? Совет бийлиги жер-жерлерге топограф-жер ченегичтерди жиберип, чек араларды чийдирип жүргөндө, силердин ала допуңар зор роль ойноптур Өзбекстан үчүн. Муну билесизби? Москвадан келген орус картографтар кайдан билсин, кими кыргыз, кими өзбек экенин. Анын үстүнө жардамчыларынын баары Ташкенден болуптур. Ошентип, ала топу, ала чапанчандарды өзбектер деп, алардын жери кылып картага түшүрүшкөн. Мунун азабын азыр тартып жатабыз, - деп Султан сүр менен айтты.

– Муну, Султан аке, билбейт экемин, – кутула бермекчи болду эле тигил.

– Эмне эле көбүрүп-жабырып баратасың. Токтот кебиңди, сен эмне, жанакы «хизбут-тахрирденсиңби», Азия мусулмандарын бириктирип «Бирдиктүү халифат» жасайбыз деген. Чын айтамбы? – деп Султан коопсуздана тигиге тике карап.

– Жок, андай эмесмин. Алардын жолу таза эмес, бир кылымга кечигип калышты.

– Бир кылым мурун болгондо башкача болмокпузбу? – деген суроого такалбай туруп:

– А балким, Султан аке, башкача болмокпуз. Мусулманчылык улутчулдукка жол бермек эмес. Шарияттын жолу менен жашамакпыз.

– Эй, алтыным, укчу, менин оюмча, сен өзүңдүн чамаңдан озуп кеттиң окшойт. Орустардын революциясы бияккa келбегенде, ушул өзүбүз өз алдыбызча түтүн булата алмак белек? Билесиңби, ошол учурда тияктан Улуу Британия, бияктан «өзүбүздүн» эле түрктөр сагаалап, көздөрүнүн кырларын салып турганын.

– Коюңузчу, сиз экөөбүз советтердин окуу китебине сугарылганбыз да. Оюбуз ошондой калыптанган. Көрбөдүкпү эми, мындан кутулуш керек да, – деп Султандын кебин четке кагып:

– Аягы эмне болду? – кайра башкы врачты жарга такады.

– Ой, мусулманчылыктагы мамлекттер деле өз ара жаңжалдашып жүргөнүн билбейсиңби, – Султан аны жактырбагандай.

– Буларга тыштан келген провокация күнөөлүү, маселен, Америка буга жооптуу. Муну учурунда мен эмес, алардын конгрессинде деле президенттин оппоненттери ыр эмес, жомок эмес, айтып жүрүштү, Ирактагы согушту.

– Көзүңдү ач, мындайды тышка чыгып айтып көрчү, сени Американын президенти эл аралык сотко берип, акеңди таанытсын. Азыркы жер төлөөдө отурганың бейиштин төрүндөй болуп сезилет анда. Өлалбай жатып, чоң кепке киргенди эмне кыласың. Андан көрө тыштагы, өзүбүздүн үйдөгү коогаланңдын тынчышын тилеп, бул жерден аман-эсен бүлөң менен чыкканды ойлосоң. Сени «алиги» ээликтирип атат го, – деп койду Султан.

– Сүйлөсөм, унчукпай угасыз, кепке конок берген экенсиз, ошого карап оргуштап кетипмин, кечирип коюңуз, – деп шаабайы түшө жер карады да, куюлган аракты шап этип тартып ийди. Кичине туруп, бир силкинип алып кайра сөзгө кирди:

– Мусулманчылыкта улут маселелери айтылбайт, биз ушуну менен биригип турабыз, ынтымагыбыз бар ич-арада. Өткөн замандарда сен өзбек, мен кыргыз дебей, бир ислам асабасынын алдына биригишкен журт. Булар өзүлөрүнүн журт башчылары менен динди ырасташып турушту. Дин маселелерин толук колдош-

кон лидерлер тамам болду совет тарабынан, аларды билесиз.

– Сен эмне ушул аймакта өткөн басмачы Көр-Шерматка, Мойдунга, Хал-Муратка эстелик тургузалы, куран окуталы дегени турасыңбы? – деп Султан суроолуу карады тигиге.

– Болду эми, чоң маселе козгобойлу. «Бывают благие намерения, однако, не суждено осуществить их никому...» дегендей, экөөбүздүн колубуздан келбейт. Аналитикалык оюңуз ордунда экен, эми, тарыхка саякатыбызды токтотолу, – деп Султан турмак болду эле.

– Султан ака, болоору болду, дагы кичине айта кетейин, көөдөндөгү ойду аягына дейре, – деп эки алаканын ушалап, Султандын кабагын карады. Ал унчукпагандан кийин «философ» үзүлгөн кебин улады алигиден алып ийип.

– Теңдешсиз эне сүтү, эне жыты менен келген чыгыш үрп-адаттары ушул тапта европалыктардын, америкалыктардын маданиятына туруштук бере албай сүрүлүп баратышабы, же бул мыйзам ченемдүүлүкпү? Бир улгайып калган кошунам он-он беш жыл мурун Германияга барып конок болуп келди. Немистердин жашоодогу турмуш деңгээли алда-кайда кеткенин суктануу менен кеп кылып келип эле, бир денени дүркүрөткөн нерсени айтып кетти. Ошол барган жакындары менен кечки тамакка отурганда (жалаң аялдар экен) үйдүн бойго жеткен кызы апасына мындай деп кайрылат имиш: – «Апа, жигитим күтүп калды, кеттим» – деп кол баштыкчасын даярдап кетип атса, апасы, «сак бол, «алигини» унутпай алып алдыңбы, боюңа бүтүп калбасын, кызым», – деп эскертет имиш. Мына ушундай мусулман баласы жийиркенээр «адаттардын» азабынан...

«Чын эле жан күйгөндөн чыккан кеппи, же жасалмабы» деген ой да келди Султанга. Камалдын ичип жүргөн адам экендиги билинип турат, улам-улам тиги бөтөлкөнү карап койгонунан. Сүйлөгөн сөзүнө караганда, мында сыр бар окшойт деп койду ичинде Султан. Бир чети, боору ооруду тигинин тагдырына. Айтылган ойлорунун логикасы бар, чагымчы деле ырайы байкалбайт. Бир-эки стакан алгандан кийин, балекет басып, кептери солгундай баштады качкын философдун. Туруп  кайра кыргыздарга жабыша баштады абалын байкабай. «Балеке-ет, буга эмне арак бере койдум эле» – деп Султан кейий да түштү. Бирок билгизген жок сыртынан. Дагы эмне дээр экен деп сынамакка жөн койду.

– Кыргыздар бийликти жакшы көрөсүңөр, аны кармап калыш үчүн баарына барасыңар. А эгер кызматтан тайып калышса, өлөрүңөрдү самайсыңар, Султан ака, бул – чындык, капа болбойсуз, аны өзүңүздөр деле айтып жүрөсүңөр. Силерде айтып калышат эмеспи, илгери бирөөн селсоветтик кызматтан түшүрүп коюшса, печетин бербей бир топ убара кылыптыр деп. Коррупция силердин каныңарда бар.

– И, айта түш, – деп главврач күлүмүш болуп койду. Бирок сөзүн бузган жок.

– Сиз билесизби, эгер өзбек жумуштан түшсө, эртеси эле намыстанбай туруп, керек болсо, кара жумуш иштөөгө даяр. Совет мамлекети убагында Өзбекстандын премьер-министри Худайбердиев кызматтан четтетилгенден кийин бир ай өтпөй, өзү туулуп-өскөн жеринде кетмен кармап талаа жумушуна чыккан. А сиздерде болсо, тескерисинче, айрыкча акыркы мезгилдерде, үлкөн кызматтан түшкөн «чоңдоруңар» аялдарды, же айыл аксакалдарын топтоштуруп, уюштуруп митинг

жасатып, тиешелүү жерлерге жибересиңер. Жолду тосторасыңар. Кызматтан түшүү аза күтүү менен барабар силерде. Чоңдоруңарга акча берсе, баарына даяр, сатылып кетишет. Сепаратчылар силердин кирпигиңерди көрүп, иш жасап атышпайбы. Султан муну угуп ачуулана түштү:

– Эй ит, атаңдын оозун урайын, жөн койсо деле кой, сен баягы антифашист Юлис Фучиктин өлүм жазасын күтүп, түрмөдөгү жазган «репортаж с петлей на шее» дегенди кайталайын дедиңби? Философияңды токтот! Анан деле кой, жан айласы кылып биякка корголоп кирет да, жөн койсо мага «чаар китептен»[1] (дин китеби) дарс окуйт. Же арак денеңди жибиттиби? – деп башкы врач катуу айтты.

– Эмне үч-төрт киши сатылып кетсе, бүт «силер» деп жалпы элди күнөөлөгөнүң келеби? Болуптур, мансапкорлукту айттың, буга кошулуп жалкоолук да аз эмес кыргызда, бирок көзүңдү ачып сүйлө, «философ». – Өчө элек тамекисин столдун чекесине мыжыгып, жини келип тура калды.

– Сенин сазайыңды колуңа бербесем, – эшикти карс жаап чыгып кетти. Тиги ак деген да жок, көк деген да жок, жалдырап кала берди.

Ачуусу менен кабинетине келип: «Көчөгө чыгарып иейин муну, көрсөң энеңди урайын, сарт десе, жакшылык кылса, сүйлөгөнүн көрбөйсүңбү... Унчукпай, эмне дээр экен деп койсо... энеңди урайынды... же милийсанын колуна салып берсемби, бул жаңжалга катышкан неме окшойт го» – деп туталанып турганда, телефон шыңгырап калды. Башкы врачты тезинен мэрияга чакыртты.

Кайра келсе, качкындарды бир автобуска салып, жай-жайларына жеткиргени кетип жатышыптыр.

---

[1] «чаар китептен»* - (дин китеби)

Шаар тынчып калган. Машине аскерлердин карамагында экен. Баягы киши машинанын арткы орундугунда отуруптур. Терезени ачып, Султанды карап колун булгалап койду. Жүзүнөн кубаныч деле байкалбайт. «Сенде бир мандем ба-ар» – деп аны сүрдүү карап койду башкы врач...

## ЫҢКЫЛАП

*«Бир үйдү мүйүзгө чапсаң,*
*миң үйдүн мүйүзү зыркырайт»*
*Кыргыз эл макалы*

Бийлик кулады. Бул жолкуда төңкөрүш кандуу болду. Жети гүлүнүн бирөө ачыла электе, эркиндик үчүн, адам катары жашоо үчүн, Кыргыз элинин болочогун эңсешкен кырчын өмүрлөр кыйылды. Көзүн жуумп баратып, «мунун аягына жетпесеңер, биздин сөөк ыраазы болбойт» деген сөз өзөгүңдү өрттөп, сөөгүңдү какшатат го, чиркиндики. Ошол күнү биз топ врачтар Борбордук кан тапшыруу агенттигине төрт күндүк окууга келдик эле. Сабак берген мугалим келин орус улутунан болчу. Окуяга карабастан, сабырлуу мүнөз менен бир күнүбүздү кыскартпастан, толук программаны окутту. Ыңкылап түнүндө таң аткыча иште болушуптур.

Донор болом деген кишилердин баарынан кан алына берилбейт. Кан тапшыруунун да өзүнүн шарттары бар. Өзгөчө ичимдик ичкен кишилерге кан тапшырууга болбойт. Бизге сабак берген мугалимибиз кыйналып турса да, байкатпайт, тескерисинче, ошо күнү биздин сабакты өзгөчө шык менен өттү. Муну мен карап, ичимен ыраазы болдум, жаш болсо да, жөн эмес кырдаал-

ды жумшактап атканы. Агенттикте болгон түнкү көрүнүштү «кокуй-алат» кылып копшотпой, жөн эле, көргөнүн көргөндөй сабырлуу айтып берди. Мындай турмуштун ызасы бу кишиге да жеткен экен. Ичимен ойлоп калдым, Кыргызстан жеке эле кыргызга керек эмес экендигин. «Мынчалык патриоттук мамилени биринчи байкап атам» – деп баштады мугалимибиз. – Түнү бою эшик жабылган жок кан берүүчүлөрдөн. «Эжелер, кичине эле ичимдик ичтим эле, же пиво ичтим эле, кан алып койсоңуздар» – деп жалдырагандар аз эмес экен. Өзгөчө изилдөөдөн кийин каныңыз бейтапка куюуга ылайыксыз деген врачтардын жообуна, кээ бирөөлөрү кадимкидей капа болушуптур. Сабак бүтүп, тарап чыксак, эшикте, каалганын жанында каз-катар болуп кезекте турушат кан тапшыруучулар. Көбүнчөсү – жаштар. Жүздөрү убайымда, ойлуу. Куудум-шуудум, бакылдашкан жаштардын үнү, күлкүсү угулбайт. Ошол жердеги кыргызстандыктардын оюн окко учкан жарандардын өлүмү мүңкүрөтүп, аза күтүп тургандай сездим. Мына, анык коом каймактары ушулар да!

*09.04.10 – жыл.*

## ЫҢКЫЛАПТАН КИЙИН

*(Жаштарга карата телекайрылуу)*

Дүйнөгө белгилүү америкалык жазуучу Э. Хемингуэйдин бир китебинде «потерянное поколение» деген мааниси терең сөзү бар. Ошол сыңардай, акыркы жыйырма жылдагы олку-солку заманда биздин кичинекей өлкөбүздөгү жаштар арасындагы нравалык адеп-ахлакка доо кеттиби деген ой Ала-Тоо жарандарын ойлонтот.

Жок, андай эмес экен, көрсө. Кудая тобо, жаштарыбыздын жүрөктөрүнүн түпкүрүндө өчүп калбаган жарандык ой кысылып-кысылып келип, заматта оргуй түштү окшойт. Ыңкылап болду. Аяныччтуусу эркиндик, чыныгы демократия жөн эле келе койбойт тура. Азыркы ыңкылап кандуу болду. Буга кырчындай болгон жигиттердин өмүрү кетти. Ботосун жоготкон иңгендей жапжаш келиндер сай-сөөктү сыздаткан кошогун кошуп, жалпы эл муңга батып, аза күткөн маанайда турду. Зээниң кантип кейибейт, кулагың менен угуп, көзүң менен ушуларды көрүп туруп. Мындайда чыдабай кара таш да эрийт го. Бирок, көп узабай, ордо калаанын аза күтүү маанайы заматта өзгөрүлө түштү, дагы эмне болуп кетти дегендей эл сестее түшүштү.

«Жер алабыз» деген жаштардын тобу шаардын ыңкылаптан кийин өздөрүнө келалбай жаткан тартип сакчылары менен тирешүүгө чыгышты. Мында да кан төгүлдү. Буга ким күнөөлү экени эртедир-кечтир билинет. Кечээ эле радиодон, телеберүүдөн кыргыз эли эркиндикти санаган, зомбулукка каршы тайманбай күрөшкөн баатыр эл турбайбы деп атышты эле, мына эми көрүп алыңыз, «жер алабыз» деген козголоңчулардын кесепетинен... деген сөздөр эфирге кете баштады. «Бизге күйгөндөр» четинен чыгып келишти. Мамлекет ыдыроодо деген сөз да айтылып кетти. «Кыргыз эмес улуттарды жектеп атат» деп Орусиянын үналгы, сыналгылырынан сөз чыкты. «Экинчи Ооганстан болот, чатак эл экен» дегенди угуп, ушуга жеттикпи, мүдүрүбүз жок эл көрүнөбүз го, курулай төш ургулай берген. Арданып турдук. Мына сага. Э-э, айланайын, кечээ эле баатыр калктын тукумубуз деп, «Манасты» күпүлдөтө айтып жүргөн эл заматта ойрон болуп калабызбы?

Эрдик менен зөөкүрчүлүк – эки башка түшүнүк. Мындай ойду аза күтүү бүткүчө, шейит кеткендерге жыл айланып аш бермейинче токтото туруш керек эле да. «Ондогон жыл үйсүз» жашап келген адам бир жыл күтсө, бир жеринен кемип, же «кураны сынмак беле». Тынчтык маанайда бул иш чечилмек. Мамлекет ошого баратат. Сабыр керек. Ыңкылаптагы баатырлардын канын бөлөк боёкко өткөрүп ийбедиңерби, айланайындар. «Жакшыдан жаманга өтүш бир укум» – дегендей бир заматта ушинте түшөбүзбү? Эмне, бул «потерянное поколениенин» кыймылыбы?

Ооба, бир жагынан бул жашоодо өзүңдүн очогуң болбосо кордук. Бул козголоң жөн чыкпаса керек. Мында көбүнүн чын эле ушундай мүдөөсү бар. Аны-муну деп кудайга күнөкөр болбоюн, бар алар. Болуптур дейли, шаардын мэриясы коркуп кетип жер бере баштасын. Мейли, үйлөр баягы өткөн замандын отузунчу, кыркынчы жылдардагы үлгү менен салына баштасын. Эртеси күнү көчө салыш керек, электр жарыгын өткөрүш керек, мектеп салыш, бала-бакча салыш.... Ошентип отуруп аягында баягы коммунизмдин бир принциби болгон «айыл менен шаардын айырмасын жоёбуз» да калабыз, баарын айылга окшотуп салып. А буга каражатты кайдан табабыз.

Мамлекеттин көңүлүн буруш үчүн элге, жерге эмгек кылыш керек. Бир күндө эле мүдөө аткарыла койбойт экен. Жашаган, туулган жерибиз ушул дүнүйөнүн көп бурчунун бири экен. Кыргыз деген ат менен келиппиз. Жаралгандан төгүлүп-чачылып отуруп, ууччай эл калдык ушул тапта. Эми бизден улут катары майнап чыкчудай эмес экен, бир жагыңарга кошуп алгыла деп, жар салалыбы, кандаштар. Эмне кылабыз, Европада же Америкада туулбаппыз. Чекебизге ушундай жашоону жазыптыр. Мунусуна да тобо деп,

каниет кылып, жашоо керек го. Кыргызстандыктардын кыргызстандыктардан башка тууганы жок, муну бир билиш керек. Бири-бирибизге өзүбүз жөлөкпүз, таякпыз, белбиз. Мамлекет арасында туугандык болбойт, «кызыкчылык» болот. Минте берсек, бирөөнүн кызыкчылыгына кириптер болобуз (а балким...?). Ойлонгулачы, боордоштор. Эсибизден кете электе этекти жабалы. Мындай кандуу уйгу-туйгуну жаңы эле баштарынан өткөргөн элдердин айтылып кеткен сөзү бар экен: «вверху победители сидят уставшие, а внизу побежденные точат ножа» деген. Заман олку-солку. Бирөөнүн сөзүнө кирип, капшапка кетип, бөөдө мандем болбойлу! Сабыр кылгыла, жашта-ар!

*23.04.10*

## БЕК ОЙ

Биз иштеген жерде бир «ворчливый» аксакалыбыз бар. Саясатчыларды көп сындайт. Аларга болуша да кетет, кээ бир маселелер боюнча. Талаш-тартууда өтөбү-өтпөйбү, өзүнүн билгенин айтып туруп калат. Негизи, өзүнүн көз карашы бар киши. Качып кеткен эки президент тууралуу «эмне дээр экен» деген «балдардын» такмаза суроолоруна жэке оюн айтып калат. Маселен: – «Сиз Акаевдин президенттигин толугу менен кабыл алдыңыз, аныңыз болсо «көчүгүнө калбыр байланды». Кийин Бакиевдин ажолугун жактырдыңыз, анын тигинтип ишмалдасы чыкты. Мындай позиция менен эмкиге деле ылгабай туруп, «ляппай дейсиз». «Деги бул маселе тууралуу сизди түшүнө албай койдук, ачык оюңузду айтыңызчы», – деп калабыз тамашалап. «Ооба, айтканымдан кайтпаймын. Азыркысына да то-

лук макулмун. Силер айткандай менин позициямды билиш-билбесте деле чоң акыл талап кылынбайт».

– «Жөнү бул, чунактарым. Мунум, биринчиден, элимди сыйлаганым. Себеп дегенде кими болсо да, калктын көбүнүн колдоосу менен жол башчылыкка келди. Падыша болуш жөн эмес, бул кудайдын амиринен болот. Экинчиден, улут белгиси болгон туубуздун алдында, куранды, конституцияны кармап туруп элине ант берет, элим-жерим үчүн иш кылам деп. Буга кандайча ишенбеске болбойт. Кимдин койнунда кандай «чүкө» бар экенин, кийин аларың кандай жолго түшөөрүн алдын-ала биле албайт экенбиз да. Мен көпчүлүктүн оюн сыйлайм. Элимдин көбү шайлоого макул болуптур, тигисинде да, мунусунда да. Тиешелүү мамлекеттик мекемелер кашкайып турушуп, ушундай маалымат беришип жатышпайбы. Эмне үчүн мен мындан күмөн санашым керек. Ал эми ажонун кандай жол менен шайланганы – бөлөк маселе. Бирок ишенич керек, тилек керек. А адамда ишенич болбосо, жашап кереги эмне».

# *АНОМАЛИЯЛЫК БАЙКООЛОР*

## КОЖОШ АКЕНИН СЫРЛАРЫ

Кожош аке быйыл мына сексендин табагына колун салып аткан киши. Мүнөзү жумшак, улуу-кичүүгө жылуу мамилеси менен элге алымдуу. Айыл аксакалы. Өзүнүн ушуга дейре түшүнө албай жүргөн окуяларын айтып берди.

«...Согуш жылдары. Атам «турдовой армияда»[1] делинген талон менен айылда ферма башчысы. Ишинин арбындыгынан атамды жумалап да көрбөй калчубуз. Согуш кичүү-улуусуна карабай туруп баарын эмгекчил кылды. Тытынып жаткан эле киши. Ойдо болобу, тоодо болобу, эл жапа тырмак колхоздун жумушунда. Айылда бекерпоз жок. Ошол кездеги эл да бир башкача болчу эле. Бир-бирине кылган биртуугандардай мамилеси, бир сындырым нанын бөлүшкөнгө дейре барышчу. Аксакал кишилердин оозунан угуп калчу элек, «эң негизгиси бул дүйнөдө пейил» деп. – Элдин пейили бузулбасын, өңгө бузулса да» дешип калаар эле. «Буюрса, элибизде пейил бар, душман жеңилет» деп калышчу. Чын эле ошондой болду.

Апам акылдуу адамдардан болчу. Аны мен айылападагылардан угуп жүрчүмүн. Апам мага башкача, өзгөчө мамиле кылчу, ыраматылык. Көңүлүмдү калтырганын эс тартканы билген жокмун. Той-тороополорго алпарчу эмес, бирөөлөрдүн көзү тиет деп. Оңой эмес да, он жети баласын жерге бериш. Ойлосом, байкуш

[1] турдовой армия – согуш жылдарында өзгөчө талон менен айылда калтырылган ишкерлер.

киши балдарынан айрылгандан кийин ушундай ахвалда калган турбайбы. Кез-кези менен айылдагы молдолорго апарып окутуп, тумар чийдирип берчү эле.

Бир жолу атам жатаарда келип калды. Күз айлары эле. Боз үйдө элек, чыксам, атам атын мамыга аса байлап коюп, ары басып кетиптир. Карасам, тору аттын эки кулагында эки шам чырак дапдаана болуп күйүп туруптур. Өз көзүмө өзүм ишене албай кеттим. Кичине оолагыраак барып карасам, баягы эле шам чырактар. Аттын маңдайына чыгып карасам, даана көрүндү. Созулуп күйгөнү күйгөн. Апам куран үйрөткөн, «эгерде көзүңө бирдемелер көрүнсө, коркпо, балам, андайды да кудай жакшы көргөнүнө берет, ичиңен келме келтир» – деген сөзү чыйралтып, акырын аттын жанына басып бардым. Келме келтирдим. Ат эч нерседен кабары жок, кез-кези менен эле бышкырганы болбосо. Тору кашканын так маңдайына келип, кошколдоп эки шамды кармадым. Эч нерсе сезген жокмун. Уучум бош. Шам өчтү. Бирок дене-боюм кичине тырышкансып барып жазылып кетти. Муну апама да, атама да айткан жокмун.

... Окууну бүтүп иштеп жүрөм. Турмушум жаман болгон жок, же кудай, он сегиз баланын жалгызы деп жакшылыкты менден аябаса керек. Эл агартуу, комсомолдук жана партиялык жумуштарды алынча аткарып жүрдүм. Бул кызматтардан алган сыйлыктар менен мактоо кагаздарым бир чемодан бар, – деп аксакал кичине мактана да кетти. «Ташкентке окууга барып калдык. Бир курдай базарга барып аны-муну алып жүрсөк, бир мусулман аял мени бир жалт карап алып, «сиз кудай берген адам турбайсызбы» – деп ары басып кетти. Жалдырап кала бердим.

– Ой, базардагылардын да айтканына ишенесиңби, акча үмтөтүп жатпайбы, биздин бөлөк эл экени-

бизди байкашса керек, – деп шериктерим жооткотуп коюшту. Бирок ал киши «акча бер» дегендей мааниде айткан жок байкоомдо. Жаныма да туруп алган жок.

...Обулуска чакыртыптыр эки күндүк окууга. Жөнөп калдык. Күз айлары эле, боз кыроо түшүп калган. Эшикте чыкыроон. Тыш кийимдерибизди тапшыралы деп кезек күтүп калдык, кийим чеччү жерде. Менин кезегим келип, колума белендеп кармап алган кемселимди аялга тапшыра салсам, ала коюп – «Апей, мунуңузда ток барбы?» Чочуп кетип түшүрүп ийбеспи, колуна жаңы эле илем деп алган пальтону. Өзүм да чочуп кеттим. Кадимкидей көрдүм, аялдын колу менен менин киймимдин ортосунан чарт-чурт эткен «чагылганды». Муну жеке эле биз эмес, гардеробдун жанындагылар да байкашты. «Э-э кудай» – деп ичимен энемдин келмесин келтирип койдум...

Бул сырларым өзүмө гана дайын, муну чечмелеп берчи дегендей кылып деле бирөөнө кайрылбайм...

## «Ак бейиттеги» аян

Жездем быйыл сексен бешке чыкты. Өзүнүн жашына тете келбеген тыңдыгы бар. Пейили жакшы. Сексен беш жыл ичинде ооруган оорусу, — сокур ичегисинен операция болгону, экинчиси — бир тишин жулдурган тиш оорунун кесепетинен. Ушу күнү арман кылып калат, эки азуум бошоп калды деп. Турган жери шаардын чекеси. Бирин-экин малы бар өзү тейлеген. Элүү жылдан ашык шаардык өрт өчүрүүчү командада иштеди. Пенсияга чыгып алып деле, жыйырма жылдай иштеди окшойт. Оозунан келмеси калбаган киши. Бул кишинин үй-бүлөсү, эжем баштап, аябагандай иштемчил, бирөөнүн оокатына көз салбаган, жамандык ойлобогон эл.

...Илгери «полуторка» деген чакан жүк ташуучу машине болор эле. Бул машинени азыр тарых музейинен эле көрө аласыз. Бир күн жүрсө, үч күн оңдолчу. «Полуторка» согушту да көргөн деп айдоочусу мактанып калчу. Машиненин чоң проблемасы – бул тормузунун начар иштеши болчу. Эскилиги деле жетти да. Ылдыйышта, же өйдөлүштө отургандарды түшүрүп, айдоочу өзү жалгыз калып, анан түзгө түшкөндө, бизди отургузуп алаар эле. Өргө чыгаарда, кичинекей эле кыядан үч-төрт токтоп, жылган сайын эки киши белендеген таштарын машиненин дөңгөлөгүнүн астына сала коюшуп атып чыкчу, алда-жалда менен. Чынында мен жездемин бул машинесине түшкөндөн коркчу элем. Анык «шайтан араба» болчу. Ылдамдыгы ушул эле: бир курдай жайлоодон жездемдер машине менен, мен жөө чыгып озуп келгем кыштакка. Аралык он километрдей эле.

Бир курдай ушул машинеси менен баратып, көзүнө «көрүнчү» көрүнүп, анысын кошуна-колоңдоруна айтып, түлөө кылат. Ал кишинин көргөнү мындай экен.

...Түн оой айдоочусу экөө жолго чыгышат. Айдаганы баягы полуторка. Жол кадимки эле айылдык жол. Эски бейиттердин ийри-буйру ичке жолуна түшүшөт. Арбактарга куран окушат, билген дубаларын дембе-дем ичтеринен күбүрөп да коюшат. Экөө тең билет, бул Ак-Кыянын сырын. Аңгыча айдоочу жездеме ишаарат кылат имиш, «мен жак терезени карачы» дегендей. Эчтеке деле көрүнбөйт ал тарапта. Айдоочу болсо какайып, моюнун эч жакка бурбай, алдыны карап, газды аягына дейре баскансыйт. Бирок тездикти деле сезишпейт. Бир маалда айдоочу жездемди карап, башын «терезеңди карачы» дегендей белги берет. «Жүрөгүм оозума келе түшкөндөй болду» – дейт жездем. Маши-

ненин терезеси деле жок экен, тыштан арылдап суук шамалдын сокконунан башка эч нерсе сезилбейт. Бир маалда ак кийимчен адамга окшогон узун, чубалжыган сөлөкөт машине менен жарышып келатат дейт. Кабинага катарлаша түшүп, калып калып, кайра пайда болот. Теңеше калганда, улам-улам аларды карап коёт имиш. Арылап кетет, кайра жакындан пайда боло калат. Бет келбети бүдөмүк. Алдыга, машиненин жарыгына чыкпайт. Ошентип отуруп, канча убакыт өткөнүн сезбей да калышат. Бир маалда машинеси кыянын башына жеткенин байкашат. Буга таң калышат, бир чети сүйүнүшөт, «полуторкасы» бир токтобой белдин кырына чыгып келгенине. Ошол күү менен кыядан да кандай түшкөнүн этибар алышпай калышат. Барып - барып баягы ак сөлөкөт көрүнбөй калыптыр...

# *БЕЛГИЛҮҮЛӨРДҮН БЕЛГИСИЗДЕРИ*

Аттын кашкасындай болуп таанылып калган инсандар жөнөкөй эле эл катмарынан чыгышкан адамдар эмеспи. Айтайын дегеним, биздин жай турмушубузда байкалган кээ бир белгилүү адамдардын «көшөгөнүн» артында жасаган «иштери» жөнүндө бири-экисинен кабардар элем, ошол тууралуу кичине маек кылайын дедим.

## Кулубектин кучунашы

Кулубекти кудай кокуй кылып, жашынан жетим кылды. Турмуштун татаалданышкан өрүшүндө мындай абалда калыш кыйын эле билгенге. Бирок шарт аны бир «өнөргө» түрттү окшойт. Болгонда да ууруллукка. Ууру болгонда да «түндүктөн түшө калган» берен болуп чыкпаспы. Ал эми чөнтөкчүлүгүчү. Дээриненби, же жедеп кыныгын алганбы, мындай кескилик жыртыгын бүтөгөнгө дарамет бергенинен улам, Кукең буга башаты менен кирип алды. Мунун азабынан үч жолу түрмөгө да отуруп чыкты. Кылмыш дүйнөсүндө белгилүү адам болуп катталды чөнтөкчүлүгүнөн. Опурай, анан деле кудай буга «өнөр алды кызыл тилди» да ыраа көрүптүр. Келиштире ыр жазат. Оозунда кеби бар, суроого жообу даяр.

... Акыркы кесилиши көкөйүнө көк таштай тийди окшойт, экинчи жагынан жашы да өйдөлөп калганын сездиби, мындай турмуштан кутулайын деди окшойт,

үйлөндү. Менден өткөн чөлкөмдө «культурный» жигит жок деген, билими кулагынан куюлган шыңга бойлуу жигиттер тамшанган кыздардын бирөөнө үйлөнбөспү, үйлөнөт десе. Кыздын калыңы да жөн эмес экен. Эми эмне кылат. Аны кылбай койсом, аялдан айрылып каламбы, деп сары санаага түштү. Мындайда каралашкан тууган да жок, эмне кылат. Жок, баягы унутулуп баратылган «май ичмени» карматпасам иш болчудай эмес. Айла жок, арга жок, мына эмесе деди да, илгерки көнүп калган базарына барып, айлана-чөйрөгө көз чаптырып карап турса, четирээк жакта бир келишкен ат, жасалгалуу ээр-токуму менен мамыга байланып турганы шак эле көзүнө илинди. «Ээ, кудай берсең, ушундан бере көр», ичинен күңгүрөнүп жер шыпырган киши болуп барып, тигинин тизгинин кесип, минип алып билгизбей жолго түшөт. Бир жумага жетпей аны сатып пул жасайт. Алаканын жаңы эле ушалайын дээрде, милийса шордууну алып кетет. Уурдалган ат болгондо да бир тууган кайын агасынын аты болуп чыгат. Билинип калып, иши милийсага өтөт. Мына ошентип төртүнчү «ходка» башталат, ат баспайм деген жерин жети басат болуп.

Эмне кылат, ойлонуп туруп, экинчи өнөрүнө өтөт, этибар албай жүргөн акындык кесибине. Бекер жөн жатпай, бул жагын эшейин деди окшойт. «Ой, сен жөн эмессиң го, балакэ-эт», – деп ырын окугандар чын ниеттери менен ага көңүл буруп калышты. Көрүп ал, анын муң, кейиштүү, махабат, турмуштун анык сыры эмнеде экендигин камтыган ыр саптары абакта жаткандардын каңырыгын түтөттү бейм. Оюн-чындан.

– Куке, жазгандарыңдин бир-экисин эптеп айласын таап, Аалы Токомбаевге жөнөтпөйсүңбү, эмнең кетмек эле, – деген оюн-тамашасы менен айтылган кептерге муюп жүрдү. Атаңдын көрү, айтса-айтпаса

төгүнбү. Тобокелге салып үч көлөмдүү ырын жөнөтүп да ийди. Арадан төрт-беш ай өтүп, унутулуп да калды. Бир курдай ага «свиданиеге» келген имиш бир белгисиз аял. Жолукканы барса, тордун аркасында бир топ кишилерден озунуп: «баланчаев сизби», деп маданияттуу кийинген чырайлуу аял тосмого жакын келет да, тигинин дайнын билгенден кийин, жайдары мүнөзү менен өзүн тааныштыра кетет. Токомбаевден келгенин айтты. Ал-жайды сурашкандан кийин Аалыкенин кеп-кеңешин, ыры жакканын айтып, эгер тартипти сактап жүрсө, жыл айланбай түрмөдөн чыгарам дегенге дейре барыптыр. Тамак-ашын алып кала берди Кулубек тунжурап ойго батып. Чын эле жарым жылга жетпей чыгарып алат. Баягы аял чыгаарында келип, машинеге салып кетишет. Көрсө, периште кебетесин кийген, жылдызы жүзүнөн жанган аял кадимки эле кыргыз эл жазуучусу Токтомбаевдин жары болуп чыкты. Түрмөнүн короосунан түз эле жазуучунун үйүнө түшүп калышат. Аны эски таанышындай тосуп алат. Кулубек эми гана адам катары өзүн сезгенинен жашып да кетиптир. Ичинде бир too томкорулуп, жаңы турмуштун илеби келгендей боло түшөт...

Үйүндө жүрөт. Мезгил-мезгили менен ыр жаза коёт. Алары сындан кийин жарыкка да чыкмай болот бир жашыруун ат менен. Үч ай чамасында кадимкидей ымаланышып калышат, Тарас деген уулу бар экен, аны менен ага-инидей болуп кетишет. «Сен эми билим албасаң болбойт, окушуң керек» – деген кеңешине Кулубек макул болот да, Фрунзедеги автоунаа-жол техникумуна кирип, окуп калат. Ал дагы болсо тигил инсандын жолдомосу, жардамы менен болгон экен. Мына маркум эл жазуучунун «көмүскөдөгү» гумандуу иши. Бул эмненин артынан болду – бул сөз өнөрүнүн күчү!

## Ашыке закүн бузганда...

Белгилүү акын Ашыраалы Айталиев Ат-Башыга барып калат байбичеси менен. Райкомдун[1] экинчи катчысы келген конокторду жылуу тосуп алат. Жайдын толук кези экен. Дубанга белгилүү болгон атактуу Босого жайлоосуна үй тиктирип акынды жайгаштырат. Минем десе аты алдында, белен тамак-ашы, куш-пуш атам десе «чып» этмесин берип, колу-бутун бош коёт. Аларга караан болушсун дешип, дагы бир чатыр тиктирип, тамак–аш жасаган атайын кишилерди жанына кондурат. Тянь-Шандын тоолору чыгармачыл адамды суктандырып делебесин козгоп, шыгына шык кошот эмеспи. Бул кишинин дайынын билип калышып, жакын жаткан айылдан да келе башташат сыйлары менен. Өзү да эрикпейт, келгендерди да эриктирбейт. Чиркиндики, «Нарындан жазган салам кат» мекенинде шаңдуу жаңырып туруптур сурангандарга.

Бир күнү эригип олтуруп, мылтыгын алып, кокту өйдө бастырып кетет. Калың карагайлардын арасына келет. Аттан түшүп, чидерлеп коё берет. Өйдөлөп барып олтуруп калат. Табигаттын кереметине көз чаптырып, тунжурап ойго түшүп турган кезде жакын эле жерден «шыбырт» деген табыш чыгат. Селт этип карай салса, элик. Жакын эле жер экен. Тиктеше түшөт. Элик дыр коюп өрдү көздөй салат. Калдастап мылтыгын ала коюп, качкан эликти карата бир коёт. Акындын огу анын мерчемдүү жерине тийген окшойт жалп дей түшөт кайберен. Ойлобогон жерден Ашыкенин жолу болуп олжолуу кайтат. А күнү кошунасы менен кара куурдак жешип, бир далайга дейре мергенчилердин аңгемелеринен сөз кылышып, куурдак менен кымызга тоюп, карт кекиришип, эс алууга кетишет. Эртеси да

[1] Райком- Совет мезгилиндеги партиялык чиновник.

ары-бери бастырып, анан үйүнө келатса, алдынан байбичеси чыгат: – «Кайда жүрөсүң, бир токойчу келип, жайылып турган эликтин терисин көрүп, кожоюнуңду чакырт акти жазам деп жатат, бол, боз үйдө олтурат» – дептир демигип. Акын чочуп кетет. Келсе, чын эле токойчу келип жанбаштыкчасынан топ кагазды алып даярдап, жанына коюп браконьерди күтүп отуруптур. Тамаша кылып жатабы десе, чын эле акти жазганга ниеттенип алыптыр тиги.

– «Аксакал, биз сизди сыйлайбыз, билебиз, бирок закүн деген закүн» – көгөрүп болбойт дейт токойчу. Кой-айга келчүдөй эмес. Эттин баарын териге ороп алып, аттанып да кетиптир, эртең сүйлөшөбүз деп. Жалдырап калып калышыптыр. «Нарындан жазган салам катың» бүтүп, эми мына накта «Карагул ботомуңду» ырдачу убакыт келди окшойт, абышка, – деп кемпири омуроолойт дейт. Кудай жалгап, эртеси баягы райондун экинчи катчысы Ак-сайга өтүп баратып, кире кетейин деп акындын боз үйүнө баш багат. Ашыке болгонун төкпөй-чачпай айтып берет каңырыгы түтөп. Бир көргөн кишиге карып эле болуп калат, эл шайыры унутулуп.

– Ошол кездеги райондун экинчи катчысы Жукелең Маликова болбосо мени балким жоопко деле тартышмакпы, – деп акын күлүп аңгемесин бүтүрдү.

*Апрель. 2007-жыл.*

## ЗАЛКАР ЖӨНҮНДӨ ЧАКАН ЭС – ТУТУМДАР

*«Элим, мен сенин кулунуңмун.*
*Жалаң эмгегим гана эмес,*
*менин каным да таандык».*

*Мен-Иса*

Дабагер деген түшүнүк адамды кош көңүл калтырбай, мааниси ыйык сезилет эмеспи элде. Бул кесип улуу философдордун оюнда исскуствонун бир бутагы катары кабыл алынат экен. Ой бекеринен болбосо керек. Исскуствого окшоп дайым чыгармачылыкты талап кылат тура дарыгерчилик. Тилекке каршы, биз, врачтар, кээде бул мааниге көңүл коштук менен мамиле жасайбыз. Анысы бар. Ошол себептенби, дарыгерлер жөнүндө жагымсыз макал-лакаптар эл ичинде айтылып жүрөт. Чамамда, булардын пайда болушуна өзүбүз эле күнөөлүү болсок керек.

Врачтык кесиптин ичинен хирургияны тандап алышыма, мен өзүм кээде таң калыш менен карайм. Мединституттан билим алып, андан ары дарыгер болуп эмгектенсем деген максат мектепте окуп жүргөндө жок эле. Бул ой кийин ойгонду. Алгачкы эле курста негедир менин хирургия сабагына көңүлүм түшө баштады. Окууну бүтүп хирург болуп иштеп жүргөндө, ыраматылык Канымбүбү энем айтып калар эле: – «Э, балам, өзүң жашык болсоң, аның аз келгенсип, мал мууздаган жерден канды кароого дитиң бара албай оолак барып туруп аласың, а кантип хирург болуп адамдарды операция жасап жүрөсүң» – деп.

Менин хирургия кесибине алгачкы умтулуум, элибиздин улуу көрүнүктүү инсаны академик И.К. Ахунбаевдин клиникасынан башталган. Теориялык билим-

дерден кутулуп, эми боюбузду түздөп, тээ алдыны карай врачтык чыйырга ишенимдүү бут шилтеп калган учур. Ар бир сыркоонун чоо-жайын башыбыздан өткөрүп, ошол оорулар менен өзүбүз да «ооруп», биринен сакая албай турганда экинчиси, үчүнчүсү жабышып, эми айтпа, аягы «аман-эсен» калып жүргөн мезгил. Дабагерчиликтин алгачкы баскычында мугалимдердин жеке эле билим берүүсү орчундуу таасир берет деп ойлоо жетишсиз болсо керек. Анткени жаш дабагерди тарбиялоодо жана калыптануусунда билим менен элдик педогогикага айкалышкан эжей-агайлардын тажабаган эмгеги – бул алардын калыптануусунун мыкты үрөнү, мүрөк суусу. А эгер келечектеги шыпаа ээлеринин көөдөнүндө көрөңгөсү болсо ой, ой, ой...

Чын ыкыласы менен адистикке, кесипчиликке сүрөгөн адамдардын өзгөчө мамилеси байкалып эле турат. Алардын кайсыл бирин кумир көрүп ичиңен тилек кыласың. Мына ушундай агайларымдин бирөө академик Иса Ахунбаев, бизге жалпы хирургия сабагынан эки жумада бир дарс окуйт эле. Лекция үчүнчү парда окулчу (саат 13 төн башталчу). Жаз мезгили, жылуу, айлана гүлгө толуп, жашчылык делебеңди козгоп, оюңду азгырып окуудан алагды кылат. Ушул учурда мемиреп лекция угуп олтурчу убакыт деле эмес эле. Бирок айла канча, окуу деген окуу да. Чынын айтайын, бул дарска билим үчүн эмес эле, инсанга жакын олтуруп бир-бир жарым саат болсо да, аны менен ой аркылуу дидарлашып кетсем деп келчү элем.

Ал киши залга кирип келгенде, тапырап-тупурап тура калышкан студенттерге карап, колун жай көтөрүп «олтургула» деген ишарааты өзүнчө бир башкача сүр болчу. Бурчтары кырылып, аркы жагынан башбаккан картон кагазы көрүнгөн академиктин салмактуу бор-

сойгон кара папкеси кафедранын четинен заматта орун алчу. Бул курсагы чытырата керилген чедирейген папке илимпоздун ой-санаасын көп жылдар бою кымтып келатса керек деп ойлоп коёр элем, негедир буга бир өзүнчө көңүл бөлүп. Шашпай жайланышып алып, көз айнегин кайда салганын издеп, бир топ убара болот чөнтөктөрүнөн издеп, аны таап алып, бирдемеге нааразы болгонсуп, өзүнчө күңгүрөнүп калат. Анан очкисинин төбөсүнөн карап туруп «бүгүн көп келип калгансыңар го, кудай жалгап» деп сырлуу жылмайып башын чайкап коёт. Андан ары залда тынчтыкты бузган академиктин ар кыл тондуу баритон үнү гана угулат. «Эненин көөнү балада, баланын көөнү талаада» дегендей студенттерге арналып даярдалган лекциянын максаты жетип-жетпей кабыл алынса да, академиктин ынтазарлуу, өтө берилүү менен окуган дарсынын пайдасын кийин экзамен бергенде билдик. Мага ушул убакка дейре эсимде калганы бул – инсандын орусча сүйлөгөн сөзүндө кээ бир кыргыз тыбыштырынын орун алышы. Маселен, «ноль, ноль пять» деп кайсыл бир дарынын дозасын айтаарда ал киши – «нөл, нөл пят» дегени менин моокумумду кандырчу. Кыргыз экениме ыраазы болуп, ага сыймыктанаар элем.

... Себепсиз сабак калтыруу деген сөз биз окуп жүргөндө жокко эсе эле. Ага ниеттенгендер окуу жайдан көп узабай эле кол үзүшчү. Институтту бүтөр жылдарда бир болбогон шылтоолор менен мен сабак калтырууга мажбур болуп калдым. Ошенткени менен бир досумду бактылуу кылдым, арачы-жуучу болуп жүрүп аны сүйгөн кызына жеткирип. Сааттай болуп менин досума жасаган гумандуу ишим байкабастан эки жумага созулуп кетпеспи. Балекет басты, деканат, кафедра башчалары, куратор, сабак берген мугалимдерим менин мындай сабакка кылган терс мамилеме кандай

чара көрүштү күн тартибине чечкиндүү эле коюшту. Анын үстүнө жалган справка жаздырып алгам. Анымды текшере келгенде айыбым айрандай төгүлдү. «Атың чыкпаса, жер өрттө» дегендей, уу-чуу болуп белгисиздиктен дароо эле «белгилүү» студенттерден болуп бадырайып чыга келдим. Маселе мага ыйгарылчу академиялык отпуска жөнүндө болуп калды. Институтту таштасамбы деген ой да пайда болду. Ошондо сабак берген бир эжебиз менин кыжаалатымды сезип калып, өзүнө чакырып алып, көп акыл сөздөрүн айтты. Мен дагы болгон ымандай сырымды ачык айтып бердим. Эже негедир кириш сөзүн Ахунбаевден баштады. Сөз Иса Коноевич иштеп жүргөн мезгилинде болду. Ал адамдын ошол кыргыз студенттерине кылган кызматы, түшүнбөгөндү түшүндүрүп, жамандыгын жашырбай көзүнө айтып, алардын оңолуусун талап кылып, жакшылыкка сүрөгөн инсан экендигин баса белгилечү эле, бейиши болгур. Өзгөчө окуу жайды таштап кетем дегендер менен кадимки жакын кишисиндей мамиледе сүйлөшүп, иштин аныкын билип, болгон акыл-насаатын айтып, окууну улантууга мажбурлачу экен. Көңүлүмдүн борборунда турган кишинин тарбиялык философиясын мага так жеткиликтүү жеткирген эженин сурануусу, мени чыйралтып, сергек ойго түрттү, бул намысыма тийип, зачет, экзамендеримди убагы болбосо да, кийинчерээк тапшырып, курсту аяктоого өбөлгө болду. Азыр ойлойм: эженин ошол Иса Коноевичтин ардактуу өрнөгүн мисал кылышы мага таасирлүү күч берип, кризистен чыгууга жол ачты көрүнөт. Кийин, турмуштун ар кандай кыйынчылыктарына учурагандардын ал кишиден жардам алгандарын өз ооздорунан да уккам. Академиктин элдик педагогдук иши катсыз деле муундан муунга калганы ушул эмей эмне?

... «Болот кантип курчуду» деген Н. Островскийдин китебинин негизи сюжети: каарман (Павел Корчагин) жеке максатын көздөбөй, элдин камын көрүп, жолундагы ар кыл тоскоолдуктарды жеңе билип, элге керектүү жигерлүү иш жасоого аракет баяндалат. Мындай майтарылгыс эркке чакырык жасаган чыгармалар ошол совет мезгилиндеги жаштарга бир далай тарбия бергени карандай чындык. А биздин Ахунбаев нукура табиятында өз элине кызмат кылуу мүдөөсү жогорудагы идеяга жеке эле шайкеш келбей, ага сугарылды деп ойлойм. Ошонун негизинде алдындагы тар жол, тар капчыгайды артта калтырды.

Адамзаттын турмушу менен байланышкан проблемаларды жоюу, жеке эле ал эмес, аны жакшыртканга көмөктөшүү дайым эле ишке аша бербейт тура. Ан үчүн кудай берген өзгөчө шыкка ширетилген адамдын тынымсыз умтулуусу, өчпөгөн деми, фанаттык мүнөзү керек экен. Бул сапаттар кээде аздык кылат, керек болсо максатка жетүү үчүн жол тозгондордун «алка-жакасынан кармап туруп, жамбашка салып чаап алуудан» кайра тартпаса керек. – «Эмне алар азбы, чекеден эле чыгат: көрө албастык, кыңыр иштер, ушакчылык, иштен алаксы кылуу, куйтулук. Бирок булар да жашообуздун бир шарты болсо керек. Курчуш үчүн бул да керек оокат. Бекеринен айтылбайт го «генийди замандаштары түшүнбөйт» – деп.

Убагында турмуштун бороон-чапкындарына туруштук берип, ойлогон оюн ишке ашырыш оңойлукка турбаса керек биздин илимпоз инсанга. Акылга сугарылган өжөрлүк бул кишинин турмуштук кредосу болсо керек. Эчтекеге карабай жолундагы тоскоолдуктарды жеңип олтуруп, региондо биринчилерден болуп кан-тамыр жана жүрөк хирургиясын ачты. Бул – өз элине жасаган эмгеги, эрдиги.

Окумуштуулар кошунунда Иса Коноевичтин кээ бир атырылып сүйлөгөн жарыш сөздөрүндө пикир келишпестиктер ачыктан ачык билинчү. Улуу муундагы агайлар айтып калышар эле, сүйлөгөн сөзүнө «кой-ай» дегендер деле аз болчу деп. Орчундуу жерлерде мындай таамай айтып, ташка тамга баскандай сүйлөгөн кыргыз окумуштуулары өткөн кылымдын 50-60 жылдарында өтө эле аз тура. Ошол гана адам мезгилинде Орто-Азияда биринчилерден болуп, көп профилдүү хирургиялык клиника менен биргелешкен эксперименталдык Борбор түзмөк тура, бул жөнүндө эл арасында айтылып жүрөт. Кейиштүүсү, бечара кыргыз элине залкардын түпкү ой-максатынын ишке ашырылышы буюрбаптыр.

Студент кезде, мейли, той-тамашадабы, же расмий жыйындарда болобу, сөздү таамай айтып, анын маанисин эрикпей чечмелеп, кээде түшүнбөгөндөргө кичүү-улуусуна карабай бек, чечкиндүү айткандарын угуп калчубуз. Менин бир курсташым – профессордун баласы, бала кезиндеги профессор Ахунбаев менен байланышкан кызыктуу эпизоддорду айтып калчу эле. Ошол кезде чогуу иштешкендер, ымалалаштар, бир топ болушуп, үйлөрүнө чыкырышып тамак ичишчү экен. Жородо ал киши ушунчалык көңүлдүү олтуруп, кызыктуу окуяларды айтып, күлдүрүп, ырдап да берчү экен. Алигиден бир топ алгандан кийин талаш-тартышуу кезегин алып, кээде кече таарынычтар менен аяктаса керек. Албеттүү денеси, соку билек зор муштумун сыйлашчубу, айтор ал кишиге теңтуштарынан көп деле теңелчүүсү болбосо керек. Кээде Иса Коноевич караңгы түнгө карабай байбичесин ээрчитип алып, үйүнө (таарына кеткенде) жалгыз кетчү экен. Ал кездеги хулигандар колдон талашкан учур болчу, таң калам, же күчүнө ишенчүбү, же коркуу деген түшүнүк

ал кишиде болбосо керек деп атам айтып калаар эле – дейт башын чайкап профессордун уулу күлүп.

... Кыштын күчөп турган ызгаарлуу чилдеси. Январь. 1975-жыл. Жүрөктү мыжыккан суук кабар бир заматта Республикага аткан октой тарады. Кыргыз элине кайрылып: – «Элим, мен сенин кулунуңмун, эмгегим, каным сага таандык» деп айтып келген агадил уулу мезгилсиз дүйнөдөн кайтты. Эли «солк» дей түштү. Досторуна, жакындарына, окуучуларына, дегеле патриоттук сезими бар жарандарга бир заматтын ичинде жер астын-үстүн боло түштү. Биз студенттер да сестее түштүк. Институтта залындагылар болобу, же клиникадагыларбы, селейишкен эле адамдар, жүздөрүндө кайгы, муңаюу. Дабыштуу кобурашкан сөздөр же шарактаган күлкү жок. Жымжырттык. Орду толгус жоготуу болгону ачыктан ачык эле сезилип турду. Ушул учурда мага капысынан бүтүндөй Америка элинин бир мезгилдеги траурун эстеткен чет мамлекеттик макала эсиме түштү. Бул 1963-жылы Американын президенти Кеннединин адам колдуу болгон өлүмү эле. Ушул күндү алар «Жалпы элдик траур күнү» деп жарыялашкан. Ал убакта идеологиябыз башка болсо да, макаланы өтө убайым маанайда окугам. Убагында мен анын маанисин түшүнбөпмүн. Ахунбаевдин мезгилсиз өлүмү ошол күнгө эле тете болду окшойт чамамда. Эл сууктун күчүнө карабай, аза күтүү митингине чогулушту. Мүңкүрөп, СССРге белгилүү хирургду кайтпас сапарга узатып турушту. Бут коёрго жер табылбайт. Чогулган кишилердин арасынан чычкан жөргөлөгүс. Элдин жыштыгынан эшиктин суугу сезилбей да калды. Менин жанымда улгайып калган эки орус байбиче туруп калышыптыр. Сөздөрүн байкасам, алардын бирөө ушул профессордон айыгыптыр, көзү жашылданган, колун-

да бет аарчы. Экинчиси: – «Ахунбаевден, буюрса, айыгып кетем дегендердин абалы ушул тапта кандай болду экен, кудайдын акыйкатчылыгы каякта?» – деп улутунуп алды. Траурдук узатуунун бир учу менен экинчиси 1-2 километрге созулат. Ала-Арча көрүстөнүндө эмне гана зээнди кейиткен сөздөр сүйлөнбөдү. Алигиче да эсимде: Тажикстандан келген профессор Пулатовдун терең кайгыруу менен сүйлөгөн сөзүндө «Профессор Ахунбаевди Орто-Азиянын хирургдарынын лидери» деп чын жүрөктөн моюнга алганы элди толкундантты. Мен ошондо билдим элдик траур эмне экенин.

...Москвада Бүткүлсоюздук онкология илим-изилдөө борборунда илимий стажировкадан өтүп жүргөн кезим. Бош убакыт жок. Кандидаттык диссертация, ооруларды карап, аларды операцияга даярдоо, библиотека, илимий конференцияларга катышуу, макала жазуу, деги койчу, күн кандай өткөнүн байкабай да каласың. Ошентип, күйпүл-ала болуп жүргөндөгү бир окуя эсимде. Кезектеги түнкү дежурстводомун. Баары тынчтай болуп эле көрүнөт. Бирок бир бейтап кыйналгансып турду. Ичим катып ооруйт дейт. Оорулууга бир күн мурун табарсыгынан операция жасалган. Дарыгеринин телефонуна чалсам, «ал кечээ эле операция болгон да, ошол жараатты ооруп жатса керек», – деп, менин чочулоому этибар албай койду. Түнкү саат тогузда оорулууга барып карасам, жылыш жок, тескерисинче, оору күчөп, курсактын оң капталын ээлеп, кол тийгизбей ооруйт. Аппендицит окшойт. Тиешелүү анализдерди алдырдым. Алардын жыйынтыктары чын эле менин оюмду тастыктагандай болуп турат. Клиниканын улуу дежур врачын чакырттым. Ал да күмөн санап калды. Кеңешип туруп ургентный[1] профессорду үйүнөн чакырттык. Түн жарымында консультацияга профессор

[1] ургентный - үйдө олтуруп дежур болуу

Н.С. Андросов клиникага келди. «Бул курч мүнөздө өтүүчү аппендицит турбайбы», – деди да тезинен операция жасоого буйрук берди. Операция аяктагыча карап турду. Кичине убакытты создуктурганда, сокур ичеги жарылып, оору күчөп перитонитке айланып кетмек экен. Операциядан чыккандан кийин: «Молодец, земляк, правильно установил диагноз, вот мы какие, фрунзенцы», – деп мени москвалык хирургдун көзүнчө сүрөп койгону, аябагандай дем берди. Кетип баратып, мага жылуу карап туруп, «Земляк, проблемалар болсо келип тур» деп кол алышып, чыгып кетти.

Бир жолу иш тууралуу профессорго келсем, ал киши бирөөлөр менен телефон аркылуу сүйлөшүп жаткан учур экен, мени көрүп, ырайымдуу жылмайып, колу менен жаңсап «олтур, күт» дегендей ишаарат кылды. Улагадагы отургучка көчүк бастым уялыңкы.

Профессордун бөлмөсү өзүнчө бир башкача ирээттелип, буюмдары орду орду менен коюлган. Оор, көп бөлүнчөктөрү бар китеп шкафы бөлмөнүн бир капталын ээлеп турат. Полкалардын так ортосунда аземделип коюлган эки сүрөткө көзүм түштү. Көрүп, чочуп кеттим. Биринчиси – кадимки эле биздин И. К. Ахунбаев, экинчиси – ушул эле онкологиялык Борбордун деректири, Ленин сыйлыгынын лауреаты, академик Н. Н. Блохин.

Оозумду жапкыча, профессор телефонун коюп мени карап, берилеп жакын отур деп жаңсай, тике маңдайындагы жумшак креслону көрсөттү. Анан мага кайрылып «Как дела, земляк» – деп андан ары өзүнүн жаштыгы өткөн Кыргызстанды эстеп, чогуу иштешкен коллегаларын, тааныштарын сурап, бир топ аңгемелешип олтурдук. Экөөбүз тең бир заматтын ичинде Москвада экенибизди унутуп, оюбуз тээ Ала-Арча,

Ысык-Көл, Фрунзеде болду. Профессор Н. С. Андросов анык кыргызстандыктыгын билдирип, биздин медициналык институтту, «Ал мага – альма-матер» деп толкундануу менен айтып отурду. «Байкадыңбы – деп мага кайрылып, баягы текчедеги эки сүрөттү карай ээгин силке ошол тарапты көрсөттү. «Бири – кандидаттык диссертациямдын жетекчиси» деп Кыргызстандагы жүрөк жана кан-тамыр хирургиясынын негиздөөчүсү академик Ахунбаевди өзгөчө басым кылып айтып. Экинчиси – академик Н.Н. Блохин» – деп сыймык менен атады. Онколог-академик Н.Н. Блохин дүйнөгө белгилүү адамдардын бирөө. Бүткүлсоюздук онкологиялык илим-изилдөө институттун негиздөөчүсү болчу. Чынында профессор Андросовго кудай бир берген экен, эки илим майданындагы алптардын окуучусу болуш деген эмне деп ичимен суктануу менен карадым. Бул кишиден элибизде кездешүүчү агадил балпаңдаган, марттык мамилесин сездим. Бул көрүнүш, балким, мугалиминен жукса керек деген мисалда кыялданып да койдум. Жумушумду бүтүрүп, жылуу коштошуп чыгып кеттим. Кийин Бишкекке келип, Иса Коноевичти эскерип чыгарылган китепчени окуп олтуруп, инсандын коллектив менен түшкөн сүрөтүн карасам, Иса Коноевичтин оң жагында жайдары, зыңкыя кийинген, келишкен бою бар профессор Н. С. Андросов турат. Бекеринен бул киши мага чечилип сагынуу маегин курбаптыр Москвада, мугалимин эстеп.

## ААЛАМГА КЕТКЕН ЖОЛ – УЛУУЛУК

*«Элдин улуулугу элдин саны менен өлчөнбөйт»*
*Чыгыш эл макалы.*

Таллинге иш сапарым менен барып калдым. Эли тыштан келгендерге сыйы сараңыраактай байкалды мага. Өзгөчө, орусча сүйлөп кайрылсаң, айрымдары итатайы тутулушат. Мындай мамилени мурун эле укчумун. Буга көп деле этибар алган жокмун. Кечинде шеригим экөөбүз эригип олтуруп, көчөгө чыгып келели деп мейманканадан чыктык. Ал өзү белорус болгону менен Эстониянын бир жеринде жашайт экен. Аным эстон тилин суудай билген жолдош болуп чыкты. Бизден, Кыргызстандан айырмачылыгы, бул жерде кайсыл улут жашабасын, жергиликтүү элдин тилин билиш зарылчылыкка турат экен. Шаарга чыгып, аба ырайынын кескин начарлап кетишинен биз көп деле алыс кете алган жокпуз. Кызыгы, бул жерде эмне көп, түнкү кафелери көп. Барган жерлерибиздин баарында эле көпчүлүк, баш адашат.

Шаар билбегенден кийин кай жери оң экенин билиш оорчулукка турду да, биз жайланышкан мейманканабызга жакын эле жердеги кафелеринин бирөөсүнө баш бактык. Ага да бир далайга дейре кезекте турдук. Кечки суугуна кутурган ит да токтоочудай эмес. Эптеп жатып кафеге кирсек, кечки шам чырак жаккан үйдүн ичиндей караңгылашканынан адамдардын элес-буласы эле байкалат. Эл көп, тамекинин түтүнүнөн отургандар көрүнбөйт, күжү-күжү. Буга кошул-ташыл болуп тээ алыста музыкасынын тарака-турака эткен үнү мени кетенчиктетти. Шеригиме бул көрүнүш жаккансыйт (кантсе да, европалык эмеспи). Мен болбой, кетейин десем, жолдошум эми мындан дурусун кайдан издей-

биз, же кайда бараарды билбесек, кичине олтуруп, анан чыгалы деп калганынан, ыргылжың болуп туруп ынандым. Бир аз тургандан кийин кафенин ички шартына көнгөнсүп калдык. Заказдар берилди. Официант жигиттин бизге жасаган мамилеси менин бул эл-жер жөнүндөгү алгачкы оюмдун тоңун астадан эритип бараткансыды. Алыстан келген конокпу дедиби, же негизи эле адамгерчиликтүү адамбы, мени менен өзгөчө мамиледе болгонуна кадимкидей ичим жылыды. Жолдошум экөөбүз кичине чай-пайлашкандан кийин дене-бой жазылып, сөзгө кирдик. Сөздөн сөз чыкты. Шеригим Кыргызстан жөнүндө өтө эле аз маалыматы бар экен. Ошентип, сөздүн кызуусуна батып олтурсак, күтүүсүздөн эле элүүлөрдүн тегерегиндеги бир киши биз олтурган жерге келип, мага жылмайыңкы карап туруп: «Сиз кыргыз эмессизби?» – деди. Чоочун кишинин капысынан берилген суроосуна, бир чети сүйүнүп кеттимби, же чочудумбу, шашып кетип «ооба» деп ийдим. Менин жообум ал кишинин жылуу жылмаюсун заматта жайдары шаңдуу күлкүгө айлантты, мага шадылуу колун сунуп: «салоом алейкум, земляк» – деп кайрылды. Чала-моңол орусча сүйлөгөн сөзүнө караганда, жергиликтүү адам окшойт. «Азыр келем» – деп коюп, залдын түпкүрөөк жагына шашып басып кетти. Оюм удургуп, аркы-беркиге кетти. Бул сырлуу жолугуш мени катуу толкундантты. Жүзүнө караганда, жамандыгы жок кишидей. Бирок бирөөнүн элинде, бөлөк-бөтөн жерде кичине чочулоо болот экен, «жердешиң го» – деп койду шеригим. «Көрөбүз», – деп «земляк» кеткен тарапты мойнумду созубураак карап көз чаптырган болдум. Аңгыча болбой өзүнө чамалаш кишини дегдеңдетип алып келди биздин столго. Колунда кармаган бир бөтөлкө коньягы бар, чала ичилген. Таанышa кеттик. Экөө классташ жакшы жолдоштордон

экен. Шаарлык жергиликтүү калктын өкүлдөрү экендиги байкалып турду. Мени жердеш деген жигит аты Альгис экен. Кичине туруп таанышкандан кийин землягым сырын ачып сөзгө кирди. Көрсө, Совет учурунун бир мезгилинде Альгис биздин жерде аскер кызматын өтөптүр. Болгондо да азыркы Бишкектин жогору жагындагы Кой-Таштагы аскер гарнизонунда үч жылдык кызматын өткөрүптүр.

...Бир жолу Альгис менен бир-эки жолдошун кошуп, ошол жактагы айылдардын бирине командирлери тарабынан чарбачылык жумушка чектелишиптир. Бир күнү кызуу иштеп жатышса, коруктун артынан бир кыргыз байбиче солдат балдарды чыкырыптыр колун булгалап. «Эмне болду деген ойдо апанын жанына бардым, – сырлуу сөздү баштады Альгис. – Өзүңүздөргө белгилүү го армияда ой бирөө да, кантип курсакты тойдуруш керек деген. Кээде айылдыктардын ишин жасап берип, тамак-аштан марып да калчубуз. Ушундай үмүттө байбиченин жанына бардым, «болду, болбоду бул – шабашка болсо керек», – ичимен кымылдап. Апа жалгыз эмес экен. Жанында ээрчиткен тестиер бала турат, бир колунда битон, экинчисинде түйүнчөк кармап. Муну көрүп булар жөн эмес, бизге арналган тамак болсо керек деген үмүт менен апага: «эмне болду, апа?» – дедим жакындап баргандан кийин. Ал киши баласына «айтпайсыңбы» дегендей ишаарат кылды, мен жакка ээгин серпе. Бала: «Дядя! Бабушка вам хочет кушать дать» – мени карап, түшүп калган маңдайкы тиштерин көрүнтө ырсая жылмайып, колдогуларын мага сунуп. «Эмне, жумуш кылып берелиби?», – деп сурадым тамактарын алып жатып шашыла. «Жок» – дегендей башын чайкады бала. Байбиче балага кайрылып дагы бирдемелерди айтты. Биздин «котормочу» чоң энесин тыңдагандан кийин кичине ойлоно калып: «Мой дядя

солдат в Сибири и бабушка солдатов любит». Баланын чала моңол орусча сөзү, ага байланыштуу кыргыз байбичесинин бизге жасаган энелик камкордугу эсимде түбөлүк сакталып калды» – дейт Альгис чын ыкыласы менен. «Службаны бүтүрүп кайтып келгенден кийин, болгон окуяны апама төкпөй-чачпай айтып берсем, байбичени апам ушунчалык алкады. Жеке эле апам эмес, жакындарым да Кыргызстандын эли тууралуу жылуу ойдо калышты. Бул жөнөкөй эмес окуяны көп айтам, сөз келе калганда» – деп сөзүн бүтүрдү Таллиндик землягым. Бул жолугушуу мендеги алгачкы эстон эли жөнүндөгү ойдун тоңун биротоло эритип, жүрөктү жибитти. Элибиз жөнүндөгү жанга жагымдуу кепти сырттан угуп, көңүлүм көтөрүлүп калды. Баса, сөзүмдү аяктай электе дагы бир ушул окуяга чамалаш бир эскерүүнү айта кетким келди. Муну мага иштеген мекемемдин мүдүрү айтып берди эле.

...Элдик дипломатияга арналган Жыйынга Кыргыз делегациясынын тобу Цюрихке келип түштүк, – деп сөзүн баштады профессор. – Мейманканага отурукташкандан кийинки күнү Жыйындын программасына ылайыктуу иш тууралуу жолугушууларга таркап кеттик. Жергиликтүү массалык маалымат каражаты бул форумдун деңгээлин баса көрсөткөнүнө караганда, биз катышкан Эл аралык жыйын маанилүү экендигинен кабардар кылды. Кечинде мейманканага келип эс алып, тышка чыктым. Күтүлбөстөн артыман «Ассолом алейкум» – деп, бирөө сол ийнимди аярлап таптагандай болду. Чочуп кетип кылчайып карасам, «кавказ» форумунда шапке кийген, узун бойлуу, орто жаштан өтүп калган адам жылмайып мени карап турат. Ким эле деп эстегенге аракет кылдым, саламын алик алып жатып. Менин убараланып кара күчкө салган оюмду байкады да, «Сиз мени тааныбайсыз, жердеш» – деди

да жаныбыздагы орундукту көрсөтө колун сунуп, отуруп сүйлөшөлү дегендей ишаарат кылды. ...Согуш жылдарындагы репрессиянын азабынан Кавказдан сүрүлүп, Кыргызстанга келүүгө мажбур болушуптур. Кыргызстанда баш-аягы 20 жылдай жашашат. «Ушул ыйык жерде жакындарымдын сөөгү коюлган, – азга муңая түштү да, андан ары сөзүн улады. Көп сөздөр айтылды. Биздин керемет Ысык-Көлүбүздүн теңдешсиздиги, жердин кооздугу, карапайым кыргыз элинин көрсөткөн жакшылыктары, башына мүшкүл түшүп азап тартышып турган элге, адамдарынын ашыкча меймандостугу жана башка ушул сыяктуу кептер, чет элдик киши тарабынан өзгөчө толкундоо менен айтылды. Сөздүн ымандай чын көңүл менен айтылып тургvarны жүзүнөн ачыктан ачык эле билинип турду.

Ким эле өз эл-жерин мактабасын, урматтуу окуучум. Жакшысын мына минтип терип-тепчип жарыкка чыгарабыз, алар жөнүндө айтабыз жар салып...

*«Кыргыз руху», гезити. № 67 (584).*
*2005-жыл*

## ПРОФЕССОР НАКЕН КАСИЕВДИН БЕЙНЕСИ

*...Жакшы чыккан азамат элин билээр,*
*Элин билген ал адам билим билээр,*
*Окуп, карап, ойлонуп, илим билээр.*
*Ар адамдын тилин билээр,*
*Чыгып турган ал адам, чынар болоор,*
*Ошол адам ойлонсо кимден чыгаар?*
*Ушул турган калайык элден чыгаар!*

*Карагул Бай уулу, XVIII-XIX кылым.*
*Акылман, Ойчул-олуя.*

Совет мезгили эле. Тапшырма иш менен Токмок шаарынын ооруканасына барып калдым. Мурун укчумун, Накен Касиевич башкарган бул бейтапкананын республикага жакшы иштери жөнүндө дайын экенин. Дарбазасынан аттаганда эле билинди, бул жер кеп кылгандай эле бар экени. Ошол убакта Чүй өрөөнүндө мындай деңгээлде жергиликтүү улуттун кадрлары иштеш, калп айткан менен болобу, өтө эле сейрек болчу. Бул киши ошол учурда отуздун эле тегерегинде экен баамымда.

Кийинки жылдары ишинен баар таап, Жогорку кеңешке депутат, министр, мамлекеттик катчы, губернаторго дейре көтөрүлдү. Бирөөлөр айтыптыр, – «высокие государственные должности как гигантские скалы, куда взбираются только орлы...» дегендей Накен Касиевич өзүнүн табигый көрөңгөсү менен ушул кызматтарда иштеп турду. Менин билишимче, бул орундарды убагында, өзүнүн сезимталдыгы менен таштап кетип туруптур билгендердин айтышына караганда. Саясатчы катары элге аброю туруктуу, оозунда айтып калчу кеби бар кийинки муундарга.

Табият берген дарамет бул баш менен жатчу нерсе тура. Накен Касиевич биздин онкология институ-

туна директор болуп келди. Бул кишини эч ким деле гүл менен тосуп алган жок. Сын көз менен карап турдук. Өзү айткандай «кыл чайнашкан» убагын кайрадан баштады окшойт. Ушундай да учур болуп кетти. Бирок «тулпар тушундагы» жүрүшүнөн дагы да болсо жаза элек экен. Мындай маанай көрүнүктүү инсандарга мүнөздүү болот тура. Көнүп бараткан биздеги ыкшоолук, кенебестик, кербездик бара-бара калды. Арга жоктой шарт коюлду. Жыйынтыгы аягына жеткендей болду.

*Июнь, 2012.*

## ПРОФЕССОР КАРА ДАВАНДЫН ПАРАДОКСУ ЭМНЕДЕ?

*«Кулуктөн кулук чыкса,*
*төрт аягы тыбырайт»*

*Кыргыз эл макалы.*

Илим чордону болуп саналган Улуттук академиянын бир залында философиядан докторлук эмгек жакталып жаткан учур. «Профессор Кара Давандын парадоксу эмнеде?» Так ушул суроо медицина илимдеринин доктору, профессор, элге эмгек сиңирген врач, жашы кырктан жаңы эле ашкан Кара Даван өзүнүн экинчи докторлук диссертациясын философия илиминен жактап бүтүп трибунада турганда берилди. Диссертанттын капилеттен берилген суроого ыңгайсыздана түшкөнүн биле коюп, диссертация кеңешинин төрагасы озунуп мындай суроого өзү жооп берүүсү кыйын го, мунун жообун оппоненттерге коёлу деп академик сылык өтүнүп, андан аркы протоколго ылайык сөзүн улады.

Талкуу башталды: суроо-жооптор дембе-дем кайталанып турду. Диссертанттын илимде такшалганы даа-

на байкалып турду. Сурроого берген жооптору орундуу, так, кыска, айтылган сөздөрү кайталанбайт. Дарыгер-философдун парадоксу тууралуу талаш-тартыш ойлор да айтылып жатты...

Келатып мен ойго түштүм. Тээ жетимишинчи жылдардын башы. Медицина институтуна жаңы эле өтүп, романтикалык студенттик мезгил башталган учур эле. Группа-группаларга бөлүнүп окуу башталып, бири-брибиз менен жаңы таанышып жаткан учур. Кара Давандын жашына шайкеш келбеген ошондогу эле буурул кирген чачы, ашыкча өзгөчөлөнгөн кичипейилдиги, сөзгө сараңдыгы, зээнчилдиги менен биздин көңүлүбүздү бөлдү. Болочок окумуштуу менен мен мединституттун босогосун аттагандан баштап ымалабыз жакын. Илимий кружокторго чогуу барчу элек. Анын алгачкы макалалары үчүнчү курстан баштап эле жарык көрө баштаган. Хирургия кружоктун жетекчиси Давандын, биринчиден, жоопкерчилигине, экинчиден, илимий ишке даяр экенине ыраазы болуп, сынай карай, башын чайкап коёр эле сенде бирдеме бар деген мааниде. Мединституттун студенттерге койгон талабы өтө эле күчтүү экенин билесиз да, окурман. Сабактардын оңой эместиги туралуу кээде студенттер өз ара сүйлөшүп калганда, ушул да оорбу деп, таңыркап калчу чындап эле. Минтип айтканы бизди намыстантып да ийчү. «Кыйынсынбачы, Даванчик» – деп күлүп калышчу группалаш кыздар. Азыр ойлосом, келечектеги окумуштуунун сабак өздөштүрүү жөндөмү институттун окуу программасына моюн берчү эмес экен. Өзгөчө, эмгекке өжөрлүк менен мамиле кылчу, азыр анын үзүрүн көрүп жатат. Анын мындай жагын биз пахта талаасынан, айыл чарба жумуштарынан, студенттик курулуш отряддарда иштеп жүргөндө байкачубуз.

Чеке тердетип иш кылуу тууралуу кызыктай сөзүнө таң калдым эле бир жолу: «Мага колума жаңы трактор берип, дың жерди бузуп соколо деген тапшырма берилсе, күнү-түнү талыкпай иштеп, муну кынтыксыз аткарар элем, бул менин стихиям». Айтылган кептеринин төркүнүн кийинки «тракторсуз» эле иштелген интеллектуалдык эмгектеринен түшүндүм. Ошол мезгилде бизге күнүмдүк сабакты өздөштүрүү кыйынчылыкка турганда, Давандын илимге өжөрлөнгөн «патологиялык» тартылуусу таң калтырчу бизди. Ал эле эмес «чымыны» да бар болчу, конспиративдүү жайда кармаган. Буга байланыштуу окуяны эстей кетпесе, сөз даамсыз болуп калар. Бир жолу анын лекция жазган конспектиси керек болуп (өзү жок эле) издеп атып дептерди таап, ачып карасам, сабакка тиешеси деле жок бир кол жазмага дуушар болдум капысынан. Окуп көрсөм, сюжети ушунчалык кызыктуу, философиялык ой жүгүртүү болуп чыкты. Убагында маанисине көп деле этибар кылбапмын. Кийин ошону эстегенде түшүндүм: досумдун жаштайынан эле ою токтоо экенин. Мына ушундай өзгөчүлүктөр мага парадокстой туюлчу, Давандын жаратылышындагы кээ бир көрүнүштөр.

Окууну бүтүп, жер-жерлерге кеттик, институттан алган билимибизди элибиздин ден-соолугун коргоого жумшаганы. Кара Даван өз айлына барып иштеп калды хирург болуп. Кийин Фрунзеге (азыркы Бишкек) которулуп келди. Баягы илим жазам деген умтулуусу жан-дүйнөсүнө тынчтык бербей койду окшойт. Бирге иштеп калдык. Убакытты көп узартпай кандидаттык диссертация аткарууга киришти шымаланып. Бул жерден да менин оозумду ачырды. Күнү-түнү клиникада. Операция, обход, кандидаттык минимумдарды даярдоо жана аларды убагында тапшыруу, кафедранын

иш кагаздарын тейлөө милдети, и-и, койчу, эмне гана иш аткарбайт. Бул фанаттык толгонуу такыр эле жанбай, тескерисинче, күчөгөндөн күчөй берди. Иш дегенде ичкен аягын коё койгонун, адамга жасаган өзгөчө сыйын, кафедранын башчысы, профессор сезип, жаш болсо да, Даванды сыйлачу. Деги эле, ушундай адат анын турмушундагы жашоо режими болуп саналганын курсташтар такай айтып жүрүшөт. Профессор Украинадан келген, хирургия кафедрасынын жетекчиси эле. Ал киши Даванды келечеги зор деп калчу. Ал кишинин өз оозунан чыккан ушундай мүнөздөмө айылдан келип максатка жете алаар бекенбиз деп дегдеген жаштарды суктандырчу. Профессор Кыргызстанда көп иштеген жок. Болочок окумуштуунун кудай берген тартиптүү адеби, жүрүш-турушу жетекчиге жакшы ой калтырды. Аны өзү деле айтты, биз менен коштошуп кетип жатканда, кадимкидей көзүнө жаш алып. Кара Даван өзүнүн эмгеги менен европалык адамга кыргыздын жүзүн ачтыбы дейм.

Медицина тармагындагы хирургияны өздөштүрүү бул ар кишинин колунан эле келе бербейт. Өнөр кылып, ага жетиш оңой-олтоң жумуш эместиги баарына маалым. Ошол себептен ушул кесиптин ээлери бекеринен көп жыл окушпайт турбайбы. Адамдын ден соолугу – бул бирөөнүн тагдыры, ага жеңил ойлуулук менен мамиле жасабаш керек. Кесипти чындап сүйүп, билимиңди дайыма өркүндөтүү жолунда болуп, кыйынчылыктарга моюн бербей иш менен гана алек болуу, ийгиликке жеткирет эмеспи. Жеке эле колу жеңил адис болгондугу менен чектелбестен, Давандын ушул багытта илимди илгерилетем деген максаты турмушка ашып келатат. Бул киши, негизи, алабармандыкты, халтуралыкты жактырбаганы, а эгерде, мындай иштерди байкап калса, тамашага аралаштырып

туруп ачык эле көзүңө айтат. «Билбегенден коркпо, корксоң, жарым-жартылай билгенден корк» дегендей, билип билбегендей жумуш кылгандардан алыс. «Иш жасасаң, майын чыгара жаса, же болбосо, убара болбо, өзүңдү кыйнап» деген девизде жашаган адам. Бул моралдын тууралыгына бешене тери менен кыйналып кысталып жазылган, ошол эле убакта жан дүйнөсүн эргиткен көз ирмемдер менен байланышкан үч килейген диссертациялары кепил боло алат. Бир кандидаттык, эки докторлук диссертациялар. Бул парадоксго киреби, же жокпу билбейм?

Эми окумуштуунун илимий иштеринен кабар алалы. Кара Давандын азыр ушул тапта жеке өзүнүн калеминен жаралган 200 дөн ашык илимий эмгектери бар, анын ичинде 2 монография, жыйырмадан ашык жаңы ыкмаларды колдонуу күбөлүктөрү далил боло алат (2006-ж.). Эки илимдин докторун, ондон ашык кандидатты даярдады. Калеминин сыясын кургатпаган илимпоз. Алгачкы кандидаттык диссертациясы болочок окумуштууга анык илим эмне экенин, ага кандай жол менен барарынан кабардар кылды. Илимдердин колдонулушу боюнча алар, негизинен, экиге бөлүнүшөт эмеспи: фундаменталдык жана прикладдык деп. Окумуштуу актуалдык хирургиялык патологиянын проблемасын чечүүдө, прикладдык мааниси бар физиология, патофизиология, фармакология илимдерин кандайдыр бир дэңгээлде ийгиликтүү колдонду. Ошолордун башын бириктирип, коюлган маселени чечти. Бул хирургия илимине жаңылык алып келди. Бирок жазган эмгеги өзүн канааттандырган жок окшойт. «Бирдеме жетишпегенсип турат» – деп кээде ачылып калчу жакындарына. Бирок учурунда айта албай калган ойлорун кийинки докторлук диссертацияларынан

байкалды. Ошол жылдардагы окумуштуунун бир айткан сөзү эсимде. Кара Даван кандидаттык диссертациясын жактап, романтикалык ойлору ишке ашып, толкунданып жүргөн мезгилдерде туулуп-өскөн жерине барып калат. «Ата, мен эми элге таанылдым, медицина илимдеринин кандидаты болдум» – деп атама тамашалап айтсам, атам муну түз, тамашасыз кабыл алып, «Балам» мындай сөздү мамлекет башчысы болуп элибизге эмгек кылган Исхак Раззаков да айткан эмес, уят, мындай деп мактанбай жүр» – деген атамдын сөзү мени заматта мостойтту. Тамашалай коём деп жеме уктум. Ойлонбой айтылган кебиме кейип калдым. Атамдын кыргыздын улуу инсандарынын бири болгон жердеш агам менен бул салыштырмалуу сөзү кийин мага бир өзгөчө күч-дем берип, жаңы ой-толгоолорго сүрөдү. Айтылган сөз менин эсимде калды түбөлүккө» – деп илимпоз бир чечилди эле.

Окумуштуунун хирургия боюнча докторлук диссертациясынын стратегиялык багыты, менин баамымда бул: кандай гана сыркоо болбосун (өзгөчө хирургияда), курч мүнөздө башталуучу ооруну жекече патология катары карабаш керек. «Бир уйдун мүйүзү сынса, миң уйдун мүйүзү зыркырайт» дегендей, кичинекей эле сезгенүү жалпы организмге таасирин көрсөтүп, жалпы сыркоого алып келет адамды. Ошондуктан башталгыч илдетти жекече карабай, жалпы жабыркаган дене-бойго көңүл бөлүү маселеси көтөрүлдү диссертациясында. Мындай ойду жаңы илимий технологиянын алкагында дагы бир ырастады клиницист-окумуштуу. Эмгектеги дагы баса көрсөтө кетүүчү концепциялык ой – бул патоморфологиялык диагнозду убагында коюуга жетишүү (ооруну клеткалык деңгээлинде айкындоо). Бул – орчундуу жана татаал маселе. Бирок ага жетишүүгө

бүгүнкү күндө толук мүмкүнчүлүктүр бар. Мындайга клиницисттердин жеткиликтүү методологиялык ою гана керек. Сыркоонун диагнозун таап, андан соң туура дарылоо – бул клиницисттер үчүн жоопкерчиликтүү учур. Ошол шартта илимдин жетишкендиктери менен аларга айкалышкан практиканы рационалдуу иреттөө методологиясы гана ийгиликке жеткирери – окумуштуунун жазылган эмгектериндеги айтайын деген негизги идеяларынын бирөө. Муну илимпоз көп жылдык эмгектин негизинде аныктады. Кээ бир унутулуп калынган түшүнүктөрдү, ойлорду жаңы шартта, жаңы технологиянын алкагында талкуууга алып, аларга кайрадан күч берди, жаңыртчусун жаңыртты.

Илимпоз бул эле докторлук диссертация менен токтолгон жок. Окумуштуу ат тезегин кургатпай, жаңы эле койгон «жоо жарагын» алып, дагы илимдин артынан сая түштү. Ошентип, философиянын «Онтология жана билип таануу теориясынан» маселе козгоо күн тартибине коюлду. Чынын айтайын, медик коллегалар муну ар кыл ойлор менен кабыл алдык, «бул курсташыбызга эмне болду?» деген скептикалык ой-толгоолор да болду. Бирок окумуштуу тараптан биз шектенген патология байкалбады. Тескерисинче, ал илимдин анык рыцары экенин далилдеди. Философия «илимдердин илими» деген сөздү дагы бир жолу ырастады. Медицина менен философия илимдери окумуштуунун эмгегинде гармониялык маанайда бири-бирине айкалыштыгы, жаңы ойлорду берип турганын байкадык. Дарыгер философдун эмгеги профессионал философдорго маалим болуп калды. Бул тууралуу коңшулаш өлкөлөрдүн окумуштууларынын сый-урматына ээ болду. Эмгегинде хирургия илими менен философиянын карым-катнаштары жаңыланган сынга кабылып,

такталды. Хирургдун практикалык ишине жаңы философиялык-методологиялык көмөк көрсөтүлдү, бул тууралуу медик-студенттерге тиешелүү окуу куралдар менен жабдуу зарылчылыгы туулду.

Профессордун ойлору кезектеги айлампага чыгып, өлкөдө органдардын трасплантациясын баштоо, же болбосо, «бөйрөктү ооштуруу» маселесин көтөрө баштады. Мамлекетибиз олку-солку болуп турса, муну караң окурман, ашыкча оптимист анан деле. Атаганат, ошондой эле болсун деңизчи, окумуштуунун ою кудайга жетсин. Мурун республикабызда трасплантация маселеси кез-кези менен айтылып жүрсө, эми ал үмүт ишке ашчудай. Окумуштуунун ушул багыттагы даярдык иштерине 10 жылдын жүзү болду. Буга дейре дың жер болуп келаткан мейкиндикке соко кирди. Кыска мезгилдин ичинде лабораториясынан ушул багытта 8 илимдин кандидатын даярдады. Иштери илгерилөөдө. «Билимдүүлүк – көп билгенде эмес, колдоно билгенде» деп немец педогогу айткандай, эки илимдин докторунун ой-санаасы чындыкка ашып, өзүнчө конуш алды. Устат болду. Усулдук, илимий устакана ачты. Сага ак жол, досум!

Урматтуу окурман, сөзүмдүн аягында, оюмду эмне менен баштасам, ошол менен бүтүрөйүн деп чечтим. «Парадокс» деген сөздүн маанисин Константин Кузмич Юдахин сөздүгүндө мындай деп чечмелейт экен: «адат болуп калган, калыпталган ишке кайчы келген пикир». Айтчу оюмдун маанисин өтө эле жоопкерчиликтүү, салмагы оор, оңойчулукка турбаган ушул түшүнүк менен баштадым эле. Бул сөздү айтууга философдор түрткү берди. Алар жазылган илимпоздун эмгегинен өзүлөрүнүн профессионалдуу тилинде профессор Кара Давандын «парадоксун» чечмелешишсе,

муну мен өзүмдүн түшүнүгүмдө, байкоомдо кеп козгодум. Мен да бөлөк адамдардан байкабаган бул инсандын өзгөчүлүктөрүн жеткиликтүү берсемби деген эле максат болду.

## ӨНӨРКЕЧ ОРОЗБЕК БАЙГОЖОЕВ МЫРЗАНЫН «КӨЧМӨН ААЛАМ» АТТУУ ЭСКИЗ СҮРӨТТӨРҮ ТУУРАЛУУ ОЙ

*«Өнөрүң болсо өргө чап...»*

*Токтогул*

Манас эпосу кылымдардан бери келаткан энциклопедиялык чыгарма. Бул жөнүндө тарыхий жазма булактарда да айтылып келет. Манас бул жеке бир элге тиешелүү болбостон ошол мезгилдеги аалам кыймылындагы өзгөчүлүктөрдү баяндай алган феноменалдык тема. Учурундагы адамдар арасындагы кыймыл-аракеттерди чагылдырган татаал мамилелери, алар менен байланышкан аалам кубулуштары биздин күнгө дейре айтылып жеткирилди. Мурун бул чыгарма ооз-эки катары айтылып келаткан жомок катары кабылданып келинсе, академик Айтматов аны төгүнгө чыгарбай өнүктүрүп кетти. Чынгыздын артынан тема өзүнүн илимий жактан талданылуучу жайына коюлду. Бул үчүн ыраматылык бейиши болгур, мифге, мистикага жакын жазуучу дешкен кер-какшык кептерин да угуп жүрдү учурунда. Моюн берген жок. Мына эми демократия доорунда атайын мектеп программаларына киргизилди. Телекөрүүдө, үналгыда Манастын каармандары жөнүндө кеңири баяндамалар чыга баштады. Буга байланышкан кызуу талаш-тартышуулар арбыды. Илимий иштер аткарылып атат. Манас таануу-

нун көлөмү түндүк муз океанындагы айсберг сымал эки бөлүктөн турааары ырасталгансыйт: көрүнүп турган турпаты жана суу түбүндөгүсү. Алдыда тарыхый ачылыштар күтүп тургансыйт.

Мына «кудайдын кулагы сүйүнсүн» дегендей, Орозбек Байгожоев бул темага да жөн жатпай салым кошом деген кыргыздын байкамчыл өнөрпөз сүрөтчү жигити белин бек бууп, бул маанилүү тарапка аттаныптыр. Азыркы заманда искусствоң да баягы биздин убактагы «соцреализмден» алда кайда кетип, түшүнүк татаалдашып, жеке өзүңдүн ынануу аракетиң көп алы жетпей калчудай буга. Музейге барсаң, экскурсоводдун жандоосу болбосо, барганың бутка эле күч келтирет окшойт. Бирок муну билиш керек билимдүү кишиге. Түшүнүктү, анын элесин так берчү ар кылдагы Ороз мырзанын китептериндеги символикалар жөн эле, оңой-олтоң табыла койбогону билинип турат. Бул көп машакаттуу изденүү. Эмгек билинип турат, менимче максатына жеткендей.

Эки бөлүктөн турган бул эскиз сүрөттөр эстетикалык жактан адамдын көңүлүнө толуп, мындагы куюлушкан гамма боёктор бир өзүнчө сүр бергенсийт. Кызгылт, көгүш түстөгү элестер көңүлдү сергек кармап, өзүнчө бир жагымдуу колорит тартуулайт. Ирээти менен сызылган ар бир символиканын геометриялык чийиндери ойдун тактыгын ырастап тургансыйт.

Ойлор камтылган символикалар өзүнүн табиятын так сүрөттөп турат менимче. Муну көрүп алып, санааң тээ кылымдардан бери келаткан түшүнүктөрдүн элесин, анын философиясын түшүнгөнсүйсүң, көөдөнүң менен сезесиң. Мен жаш бала кезимде, Манастын үчилтик китебин окудум эле. Ороз мырзанын сүрөттөрүн түшүнүүдө ошол билимим жардам берди. Бу-

лардын сырын ачуудa адамдын даярдыгы болуш керек тура. Мен гералдика боюнча сабатым болбосо да, кээ бир символдордун дооруна айкалышканын туйдум десем болот. Биз Манасты Герцендин жазган сүрөттөрү аркылуу элестейбиз. Мына эми Ороз Мырзанын иши өз атаандашынан суурулуп чыгып келсе, эмне демек элек жакшы каалоолордон башка. Бул китептеги символикалардын кай бирөөлөрү өз ордун таап, материлизациялаnышат деген ойдомун.

*Август, 2013.*

# *ОЙ КАЛПЫНДЫЛАРЫ*

*«Көчтү улайм десең, сөздү ула».*
*Шайлообек Дүйшеев.*

Адегенде кеп төркүнүн «сөз өстүрүү» маселесине бургум келет. Эне тил деген – эне тил. Таңдайыңан чаң чыгып, орус тилде сайрап турсаң да, сени ошол тилдин өкүлү деп таанybaйт. Ырахмат, орустун «түшүн жоругандай» деңгээлге жеткендерге. Бирок өз тилди өгөйлөнткөн жарабайт. Тил унутулса, сенин бааң эмнеде? Ушул тапта, эгемендик алып турганыбызда көп эле «нанга» алагды боло бербей, жашоо-шартыбыздагы негизгилердин бири болгон тил маселесин көөдөндөн чыгарбаш зарылчылдыгы – ар бир атуулубузга парс. Тил байлыгын таанытып, сөз өстүрүүнү көмүскөдө калтырбай, тээ атам замандан берки келаткан накай кыргыз рухун ушуга дейре чыпчыргасын коротпой, ыгы келсе аны көркөмдөп, элинин жакшысын көкөлөтө көтөрүп, жаманын эрдин тиштеп жашырып, сөз күчүн «өнөр алды – кызыл тил» дедирип саймедиреп, жадабай айтышып келаткан куйма кулактардын эмгеги мында зор эмеспи.

Бул тема кайсыл улутта болбосун, дайыма актуалдуулугун жоготпойт. Тил тууралуу тамаша иретинде айтып калышат экен: «Француз тилинин манерасы өтө жагымдуу келет, аны расмий жолугушууларда колдонуп, аялзатына, өзгөчө бийкечтерге өтө сылык мами-

ле кылууда – италия тилин, ал эми акырдын четинде турган ат менен баарлашам десеңиз, немис тилин колдонуңуз. Ал эми булардын баардыгы менен тил таап сүйлөшөм десеңиз, орус тилин колдонуңуз». Тамаша иретинде айтылса да, Тургенев менен Толстойдун тилинин тереңдиги, маңыздуулугу, байлыгы өзүнчө эле бир чалкыган мухит эмеспи. Тил маданияты менен адамды таанууга болот деп бекеринен айтылбайт. Ошол сыңары кыргыз тили – кылым карытып, «Манастай» улут сыймыгын өчүрбөй, өзүнүн алгачкы наркын ушул убакытка дейре сактап келе жаткан байыркы тил. Мында не деген күч бар. Тил сактоодо жана аны байытууда кимдин эмгеги зор? Албетте үзүлгөндү түзөтүп, учун улап келе жаткан биздин куйма кулактарыбыз, жээренче чечендерибиз да. Орустун ушул тармакты жөндөгөн чыгаан патриот уулдары Даль, Ушаков, Ожеговдун тилди байытууда салымы нар көтөргүс жүк экенин билебиз. Бул багытта биз деле уучубуз куру эмес байыркылардан – Жайсаңды, Махмуд Кашкари, Баласагунду такталгыча коё туралы, мына бул эле кечээки Арабаев, Тыныстанов, Юдахин, Карасаевди айталы. Тыбыш тамгадан баштап, Король Лирди кыргызча сүйлөткөн булар эмей ким? Өкүнүчтүүсү, бүгүнкү күндө кыргыз китебине кызыккандар аздай сезилет. Аны мен жыйылып, сатылбай тургандарын Ош базарынын айланасындагы гезит менен кошо насвай саткан киоскалардан көрүп ичиркенип кетем. Белгилүү эле жазуучуларыбыздын чыгармалары былкылдабай өткөн-кеткендерди үмүттүү «карап» турганы турган. Аларды көрүп, калемсап да кармагың келбейт экен. Адабият окулбаса, тилдин жакшы өөрчүп кетиши күмөн. Опурай, Түкөмдөн, Чыкемден кийин эле бул тилдин кереги жок болуп калдыбы? Чыңгыз Ай-

тматов дүйнөгө белгилүү инсандардын арасынан орун алды тили-дили аркылуу. Муну менен кыргыз тилинин ой туюндуруу диалектикасынын күчүн тастыктады. Дүйнө «маңкурт» деген сөздү төл сөзгө айлантып алды тилин байытып.  Байкаңызчы, бул ар бир эле атуулдун колунан келе бербейт экен. Бир «киргиз», «в чем заключается польза от знания кыргызского языка?» – деп мени жарга такайт. Тигиндей дейм, мындай дейм, же аным ынансачы,  такыр эле айтканын түздөй албай койдум, сүйлөсө деле асмандын башын сүйлөйт, оюн бербеген ажымоолук экен. Кечеде олтурсак да, кичине капа болушуп кеттик. Кейиштүүсү, ошол отургандардын бирөө да мени жактаган жок, жалжалаңдап күлүшүп.

«Сөздү убагында айтпаса, атасы өлөт» деп бекер айтылбайт эмеспи. Белгилүү орус-совет акыны Маяковский бекеринен айткан эмес: «Слово – полководец человечской силы» – деп. Ойду таамай айтып, аны так туюндурууда тил каражаты чечүүчү ролду ойнойт. Илгерки заманда, боло калган зулумчулук шарттарда, учурга карата тайманбаган, ташка тамга баскандай сөз айтуудан эл таланбай, жер чабылбай калган. Чукугандай сөз таап, аны жазганбай туруп тике айтууда эрдин башы кыйылбай, ырайым берилгендиктерди жомоктордон окубадык беле. Ушундай опуртмалдуу убакта акылдын жеткен чегин бир-эки сөз менен түшүндүрүү – бул  тилди мыкты өздөштүргөндүк.

Акыл сөздөр, нуска-насыяттар бара-бара элге сиңип сөз өстүрүүнү, тилди байытат, мындан күч алат. Алардын кээ бирлери афоризмдерге айланып, кадимкидей эле интеллектуалдык курал болот. Орустардын афоризмдер жыйнактарын көрүп ичимен арман кылам. Мына сөз күчү эмнеден кабардар кылат. Маселен, бел-

гилүү орус адабиятчылары – Ашукиндердин адам кызыга турган «Крылатые слова» деген ат менен чыккан миңдеген учкул сөздөрү бар китеби үч жолу толукталып жарык көргөн. Алардын кээ бирлери турмуштагы тиги, же бул көрүнүштөрдүн маанисин так берип «кычууңду» кандырат – «ой, ата десе! Сөз эмес бекен, айтса айтпаса төгүнбү карачы, айкалышып турганын» деп. Алыстабай эле Салтыков-Шедриндин белгилүү «премудрый пескарь» деген сөзүн алып көрөлүчү. Бул элге сиңип, «ашөпкө аярлануу» дегенден кабардар кылып жатканын шак эле эстетип жатпайбы. Бул өңүттөн караганда, эмне, кыргыз жазуучуларыбыздын айткан сөздөрү жокпу, буларга окшоп афоризм катары колдонулуп жүргөн. Жок, же аз десек, ал – өзүбүздүн сабатсыздыгыбыз. Бар болсо, алардын пайдасын качан көрөбүз?.. Бар, ба-ар, Мидин, Райкан... кийинкилерден болуп Байдыкенин, Эсенгул Ибраевдин тамашалары. Менин жеке оюмча, булар бир тараптуу, турмуштагы көңүл көтөрүү жагына ыктагандай. Бирок жогоруда айтылгандай, дегеле жазуучулар эмес, белгилүү инсандардын оозунан чыккан жылдыздуу сөздөрүн камтыган китепче чыкса гана, атаганат. Ошол эмгек жаштарга тарбия-таалим берүүдө бир топ эле салым киргизээр эле. Ушуга дейре көрө элекмин атактуу инсандарыбыздын айтып кеткен сөздөрүн рамкага салып, көрүнүктүү жерлерге илип коюшканын. Орустардын «Думасында» депутаттардын кай бирөөлөрү өз сөздөрүндө орус класситеринин учурга айкалышкан афоризмдерин келтирип кеткенде оозуң ачылат, тан бересиң. Ал эми биздики болсо, «ассорти» тилден чыга алалбай келебиз. Китеп окубайбыз.

Жазуучу болбосом да, ушул максатты камтыган үргүлөп жүргөн ой-санаамды ойготоюн деп кичине бол-

со да, иш кылып жүрөм. Балким, мен биздин инсандардын учкул сөздөрү чогултулган жыйнакты окубаган, көрбөгөн чыгаармын, анда кечирим сурайм. Мен өзүм врач болгондуктан, азыр адабият китептерди көп окуганга убакыт деле жок. Бирок жомогу болобу, же романы болобу, окуп жүрөм колго тийгенин. Жеке ал эмес, деги эле чыгармачыл адамдардын жазгандарын да карай коём. Врач болбойлу, инженер болбойлу... турмуштун бир кызык жактарын камтыган көз ирмемдерди өзүбүз менен эле ала кетпей, мураска калтырып, «бекер жашабаптырлардын» катарын толуктап, сөз өстүрүүгө кыпын болсо да  кошуп, тилдин мындан аркы кулпуруусуна көмөк түзсөк деген эле ой.

Жазуучулардын, адабият майданында эмгектенишкен инсандардын, тилчилердин макала-китептеринен баштап, бүгүнкү теле-радиодон берилген маалыматтарга дейре чогултуп (баарына алым жетпейт), алардын кээ бирлерин өзүнчө бөлүп, сиздердин көңүлүңүздөрдү бурайын деп чечтим (колуман келишинче). Жеке эле тамаша сөздөргө орун берилген жок. Мында улуу инсандар жөнүндө, алардын «көмүскө» мамилелерин чагылдырылган сүрөттөөлөр камтылган. Баары - турмуштан алынган окуялар. Бир немени чукулайын деген оюм жок, баягы Жанызак калемгер Чыкеме тийишкендей. Журтка белгилүү адамдар тууралуу радио-теле берүүдөгү тамаша-чымчымалардан да кем эмес.

Анда эмесе мына, иргеп алыңыздар: тамашасы, калемпир мурчу, ойлонто турган кыйытма сөздөрү, тири укмуштар, кызыктары, тике чыйрыктыра турган кептер, улуттук менталитет, тарых, философия, д.б.у.с. сөздөрдүн топторун сиздердин талдооңуздарга койдум. Бул адабий «үзүм – сыныктарга» тайманбай туруп өзүмчө тема койдум. Ал эле эмес, тиги же бул

көрүнүштөргө өзүмдүн оюмду, комментариямды да келтирдим. Буга көзү тирүү авторлор капа болбосо керек деген ойдомун негедир.

## ТАМАШАЛАР

### Калп менен калп сүзүшкөндө...

*«Менин замандаштарым», Бишкек,. 1996. Зияш Бектенов. 189-бет.*

*«Калпты чындай айтса,*
*Чын чычая качат»*
*Элдик макал*

... Байсерке Калпаков 1919-20-жылдарда Алма-Ата шаарында ачылган Совет мезгилиндеги эң алгачкы мугалимдерди даярдоо курсунан окуган. Бир нече жылы мугалимдик кылган эл агартуучулардан болгон адам. Ал киши кыргыз тилинин грамматикалык эрежелеринин теориялык маселелери боюнча Ишенаалы Арабаев, Касым Тыныстановдорду жакалап, алар менен айтышып чыккан жөнөкөй эле айылдык мугалим экен.

... Байсерке Калпаков Тоңдо мугалим болуп турган кезинде, Каракол уезиндеги союз кошчуда иштеп жүргөн Сасыкпай Сарыков деген жигит Москвадагы батрактардын съездине делегат болуп барат да, келгенде: «Биздин съездде Владимир Ильич келип доклад жасады. Сьезд бүткөндө: «Биздин үйгө барып, даам ооз тийип кет» деп Ильич мени ээрчитип, үйүнө алпарды. Биз барганда, Надежда жеңе кир жууп жаткан экен. Ал ишин токтото салып, бизге чай берди. Ильичтин үйүндө бир козунун эти куйкаланган баш-шыйрагы ме-

нен бир чара болуп даяр экен. Биз Ильич экөөбүз Түркестандын ал-абалын сүйлөшүп, жайбаракат чай ичип отурган мезгилде, Надежда жеңе этин дароо бышырып жиберип, чийдей кылып кесмесин кесип, бизге бир табак эт тартты. Этти мен устукандап, Ильичтин тарелкасына козунун башын салсам, Ильич: «Жок, жок, жигит! Сиз алыстан суу кечип, Туркестандан келген коноксуз, Сиз жеңиз,» – деп башты мага берди. Ошентип, мен Ильичтин үйүнөн бешбармак жеп, конок болдум», – деп мактанып келет Сарыков.

Андан эки жыл өткөндөн кийин мугалимдердин сьездине делегат болуп Москвага Байсерке Калпаков барып келет. Байсерке Караколдон Тоңго келе жаткан жолдо, Жети-Өгүздүк бир бозочунун үйүнө түшө калса, үйдүн төрүндө баягы Сасыкпай Сарыков отурган экен. Ал Байсеркени: «Кел, Байсерке, төргө!» – деп чакырып, аны жанына отургузат да: – Ии, Байсеркем, Москва шаары мен айткандай бар бекен? Кандай кызык аңгемең бар? Сүйлөй отур! – дейт. Бозого ала-күү болгон эл кужу-кужусун токтотуп, Байсеркеге кулак түрүшөт.

– Москвадан сиз көргөн сонун жайлардын баарын көрдүм. Шаар сиз айткандан да сонун экен. Сьезд бүткөндөн кийин, «Владимир Ильич ноокастап, үйүндө жатат» деген кабарды угуп, ал-жайынан кабар ала кетейин деп үйүнө барып, эшигин такылдатсам, Надежда жеңе ирегеге басып келип: «Ильичтин ноокасы катуу, эч кишини кабыл албайт. Сен кимсиң?» – деди.

– Мен Түркестандан келгем жигитмин. Сасыкпай Сарыковдун иниси болом! – дедим.

– О-о, Сасыкпай Сарыковдун иниси болосуңбу, анда кириңиз, – деп эшикти ачып жиберди.

Владимир Ильич дубалды карап жаткан экен. «Са-

сыкпай» деген сөздү уккандан кийин, оңдонуп бери карап жатты да:

– Ии, иним, Сасыкпай Сарыковдун иниси болосуңбу? Саке сак-саламат иштеп жүрөбү? Мына көрүп турасыз го. Менин абалым өтө начар. «Жаман айтпай жакшы жок дегендей» кокус менин көзүм жумулуп кетсе, Туркестанга өзү ээ болсун! Ал азаматка менин ушул керээзимди унутпай айтып кой! – деп, Ильич бир аз жашып кетти, – дептир. Сарыков ызырынып камчысын колуна алып, ордунан тура калыптыр...

## Намаздан чыккан чатак

*(Ошол эле китеп. 288-бет.)*

...Муктар Оморханович Ауэзов күлкүлүү сөздөрдү өтө жакшы көрө турган инсан эле. Бир курдай Кыргызстанга келип, белгилүү жазуучулар, адабиятчылар менен сагынычтарын таратып баарлашып отурган кезде кадырман Ауэзов Кусейин Карасаевге кайрылып:

– Эй Кусейин, осы үйгө бир дем алып, көңүл ачканы жыйналып отурамыз го. Бир аз күлүп отуралык. Алиги казакка намаз үйрөткөн кожо жөнүндө анекдотыңды айта отурсаңчы! – дейт. Муктардын бул сөзүнөн кийин Кусейин Карасаевич күлкүлүү сөзүн баштайт.

– Илгерки заманда, бир кожо казак айлына барып, бир казакка намаз үйрөтүп, акысына казактын торала бээсин алып кетет. Ошол жылы кыш катуу болуп, биринчи эле кар жааганда, казактын кыяда оттоп турган төөсү учуп өлөт. Кышкы катуу суукта алтымыш кою кырылат. Жазга жуук казактын кемпири чатак баштайт: – Даарат, даарат деп жүрүп дамбалыңдын бауун чириттиң, кыйгалат салаа, кыйгалат салаа деп

жүрүп, кыядагы түйөмдү учуруп жибердиң. Аллоу акбар, аллоу акбар деп жүрүп, алпыс коюмду кырып салдың. Энди, «ассалому алейкум, Рахматулла!» – деп, алак-жулак жан жагыңды карай бересиң, какбас! Жалгыз баламдан аулак өз башыңа көрүнсүн! Осы намазың жок да биздин исимиз өтө жаксы эди. Намазың үйгө киргенден бастап, исимиз керисинен кетти. Мынау намазыңды жогот да, биемди акел, – дейт.

Кемпирдин чатагы күндөн күнгө күчөй берет. Айласы кеткенде, чал районго барып издеп жүрүп, кожону таап алат да: «Кожоке, сиздин намазыңыз бизге жакпады. Даарат, даарат деп жүрүп дамбалымдын баун чириттим, кыйгалат салаа, кыйгалат салаа деп жүрүп, кыядагы түйөм учуп өлдү. Аллоу акбар, аллоу акбар деп жүрүп, алпыс коюм кырылып калды. Сөздүн кыскасы, сиздин намазыңыз бизге жакпады. Намазыңызты кайтарып алыңыз да, торала биемди бериңиз, – дейт. Анда кожо: – Эй, алжыган чал, сен кет ары. Үйрөнүп алган намазыңды сен кайтып маган бермексиң? Мен сенин тораланды алда качан жоготком – дейт. Казак торала бээсин ала албаганына көзү жеткенден кийин:

– Торала биемди бермесең бермей ак кой. Мен дагы сенин намазыңды жыргатып окуп жүргөн жерим жок. Бирде даарат алып окусам, бирде дааратсыз окуп жүргөм, – дептир чал.

## Келиндеринин тамашасы

*«Эл шайырлары». 1980 – жыл. Буудайбек Сабыр уулу*

*«Керкисинде айып жок го,*
*кеп кемигинде болуп жатпайбы»*
*(Жаңыртылган кыргыз макалы)*

Мукам үндүү элибиздин сүйүктүү ырчысы Муса Баетов артисттер тобу менен Чүй өрөөнүнүн бир айылында концерт коюп жатышыптыр. Кыргыздын булбулу жалпы журтчулукка белгилүү болгон ырын созот, «Базардан алма алып келе атамын, алмамды көтөрө албай сандаламын» деп ырдап атса, четте турушкан шыңкылдашкан топ келиндердин арасынан бирөө «анча көп алма алып жаныңызга эмне күч келди, алыңызга жараша эле алсаңыз болмок экен, түгөнгүрдүкү» деп шыпшынып коёт имиш. Жанындагысы, «Нарында алма өспөйт да» – деп кашка тишин жарк эттирип тийише күлөт... О-ой кыргыздын шайыр келиндеринен сөз качып кутула албайт го, чиркиндики.

Жеке оюм: Мусакемдин ыр текстинин ылайыксыздай сезилгенин келиндердин какшыктап күлгөндөрүнөн байкаса болот. Чындап айтканда, бул улуттук искусствонун классикасы, аны тигиндей мындай дегенден алысмын. Сабатсызмын анализ бергенге. Бирок обондун шаңы сөзүнө айкалышпаса, ыр маңызы жок болуп, көп обондун бири болуп кала берет. Менимче, Мусакемдин «алма аламы» үндүн элге жеткилигинен, мукамдуу аткарылышынан гана жашап келет ушуга дейре. Мындай тыянак берүүдө искусство таануучу адис деле болгондун зарылчылыгы жок го дейм.

Болуптур Мусакемдин мезгили, ошол мезгил менен калсын. Учурунда ыр жазышкан акындар аз болсо ке-

рек азыркыга салыштырмалуу. Мынабу эле азыркы заманыбызда ушу сымал көрүнүштөр азбы? Кудая шүгүр дейличи, калем учтарынан бал тамган, жүрөктү элжиреткен саптарды жараткан акындарыбыз бүгүнкү күндө да бар. Ылайыктуу текст түгөнүп калгансып анан да ырдагандарычы: «айдаганым мерседес, жанымдагы бийкечим мерседестен кем эмес...» – деп. Ээ кагылайын, мерседес деген эмне, кыргыз кызы деген эмне... Илгери бабаларыбыз кыздарыбызды кордотпойбуз деп баштарын канжыгага байлап чыгышкан намыс үчүн. Буларды сотко берчү киши жок, э...

Айтып отурса арман көп. Андан да кызыгы ушуларды кыргызга төбөсү көрүнүп эле калган «жылдыздырдын» репертуарларынан угуп атпайбызбы. Тиги, тиги деп сөөмөй менен көрсөтпөсөм да, байкап жүрсөңүздөр керек, урматтуу окурман. Балким, булар бизди этибар албай жатышабы, кыргыз угуучуларыбыз ырдын сөзүнө маани деле беришпейт дегенсип.

Ыр демекчи: ыр биздин жашообузда эң маанилүү роль ойнойт эмеспи. Эгерде көөнүңө төп келишсе, ыр сенин муңуң, сырың, чечекей жарган кубанычың. Сүйүүң, андагы кусаң. Обондорубуздун жагымдуулугун мен бөлөк элдин ырларыбызга көз артуусунан байкайм. Алардын кээ бирөөн казак боордоштор менчиктеп алганда, бир чети, жакынчылык ымаланы байкайсың, эки элдин ортосундагы. Бирок «ала-кушту атынан айтыш» керек да. Казактын кыргыз ырын кадырлаганын бир көздөй эле кишиден уктум эле:

...– Россиядан келатып, Казакстанга өтө берээрде алардын чек арасында, бажыканасында бир аз кармалып калдым. Документтерим деле жайында болчу дейт ал киши.

– «Кургак касык ауз жыртады» демекши, биздин шекарадан «май» жегизип отпейсизбе? – дейт эригип

отурган солдат жигит. Калтырчу деле эчтекем жок десем ишенбейт. Тажады окшойт:

– Ен болмаганда «үниңизден үндүк айландырып» эн салып бериңизде, акырындап өте бериңиз, – дептир.

### Байдылда, Чыңгыз - 1:0, же Чыкем сөзгө жыгылганда

*«Чыгыштын чыгаан Чыңгызы», «Бийиктик» 2008, 28-бет.*

...Байдылда Сарногоев Жазуучулар союзунда кеңешчи болуп иштеп жүргөндө, Чынгыз Айтматов менен болгон бир окуяны айтып калчу.

... Кабинетимде жалгыз олтургам, бир кезде каалга акырын ачылып, Чыңгыз башбагып калды, мени көрө салып минтти: «Эй, чычкан аңдыган сары мышыктай болуп эмне отурасың?» – деди. Оозума келе калган экен: «Ээ, бир чо-оң келемиш келмек эле, ошону күтүп отурам!» – дедим. Чыкем күтүлбөгөн жоопко ыңгайсыздана түштү да: «Бу тукумуң өскүр, ушинтет анан» – деп эшикти жаба салды дейт...

### Губернатор Бекмамат Осмоновдун берген жообу

*Радиоберүүдөн алынган. 2006- жыл.*

Жалпы кыргыз элинин көңүлүн бурган «чоңко» уругу жөнүндө, алардын калемпир-мурчтуу икаяларын угуп жүрөм. Кесибим бөлөк болсо да, айылдарына бир барып, ушул жактан фольклордук материал чогултсамбы деген ой да ээлеп алат кээде. Ал эми – бөлөк маселе. Элде чоңконун сөзүнө катыра жооп берген кишини айтып калышат.

Бир курдай, кыргыздын азамат инсаны катары таанылган, ыраматылык Бекмамат Осмоновду эскерүү жөнүндө телеберүү болуп калды.

...Өзү ал кезде Жалал-Абаддын губернатору экен. Жаны жай албаган, элим деп эмгек кылган азамат катары журтчулукка маалим эле. Чоңко айлына келип жыйын кылат. «Губернатор келиптир» дегенди угуп айыл түрүлө келет. Кылам дегенин кылганы элге дайын болуп калган экен. Жыйындын кызуусунда бир аксакал ордунан туруп: «Уулум, сиз жөнүндө жакшы сөздөр арабызда айтылып жүрөт. Өзүңүзгө чейин да чоңдор келишип, «мындай кылабыз, тигиндей кылабыз, жасайбыз, иштетебиз» деп, ыйлаган баланы лап эттирип, оозуна эмчек сала койгондой сооротуп эле кете беришет. Үмүтөтүп отурсаң, таш-балекеттин түбү жок. Сизден бир өтүнүч, мончо салдырып берип койсоңуз, батабызды берет элек жалпы эл. Атаганат, «ахалап» көз кызарганча түшсөк не деген ырахат, өзгөчө биздей кары кишилерге,» – деп жөн айтпай чымчып өтөт. Чымчыганы – губернатордун бир көзүнө тирсек чыгып беймаза кылып, бет аарчысы менен кызарып турган көзүнүн чылпагын кезек-кезеги менен сүртүп жатканын байкаган экен чоңко чал. Бекмамат аке аны түшүнөт. «Аксакал, кыжалат болбоңуз, беймарал күтүп отура бергиле. Ушул жылы, буюрса, орундалат» – деп жылмайып коёт, чалды карап, жүз аарчысы менен көзүн сүртүп билмексенге салып. Анан райондук жетекчиге карап, ушул аксакал мончонун ачылышына сөзсүз түрдө катышсын, иштин орундалышын дал ушу аксакалдын алдында жооп берем деп сөзүн бүтүрүптүр.

Күзүндө баягы мончо ачылып, губернаторду чакырышат. Ушунчалык тар убактысына карабай келип баягыдагы берген убадалардын канчасы аткарылганы

тууралуу жергиликтүү жетекчилерден отчет алат элдин көзүнчө. Кезек мончого келет. Губернатор туруп баягы аксакал барбы деп залда олтургандардын арасынан издей баштайт. «Мен, мен» деп а киши алдыңкы катардан элтеңдеп тура калат. Аксакалдын жүзүндө баягы кытмыр жылмаюу жок. Тескерисинче, негедир бир күнөөлүдөй карады Бекмамат мырзага. «Бул аксакалдын мончого эмгеги зор, биринчи ушул киши кирсин. Мончонун кумарына каныып, өзү айткандай, «ахалап» көзү эле эмес, көтөнү кызаргыча түшсүн» – деп, аксакалды жылмая караптыр. Өзгөчө»көтөнү» деген сөзүн күлкү келтирерлик интонация менен баса белгилеп айтса, эл күлүп ийишиптир. «Зоболоң көтөрүлө берсин, өмүрлүү бол, балам» – деп аксакал кайпактай түшүптүр.

Чоңко аксакалдын кычык кебине шаанисы менен жооп берип, карыянын сөзүн маданияттуу сылык кайма сөзгө айландырып ийгенин карабайсызбы. Не деген инсан эле, сөздү да таап айткан, мамлекеттик деңгээлде ой жүгүрткөн эр эмес беле. Чиркиндики десе, Бекмамат Осмонов ошондон кийин аз узабай эле жүрөк оорудан каза болду, бейиши болгур.

## Инсандардын аскиясы

*«Кыргыз Туусу». 29-февраль, 1992-жыл.*
*«Өнөргө өрүш алган» (эскерүүлөр).*

Кыргыздын улуу манасчысы Саякбай Каралаев менен айтылуу Райкан Шүкүрбеков учурунда жакшы ымалада экен. Бир курдай «радиого Манастын үзүндүсүнөн айтып бериңиз, жаздырабыз» деп, таланты ташыркабаган, ал кезде радиодо үн режиссер болуп

иштеген Турсун Уралиев Сакемди чакырып калат редакцияга. Ал киши жөн келбей, Райкан досу экөө окшош козудай болушуп ээрчишип келип калышат.

– Саке, айттыртып атып араң келесиз. Сиздин өнөрүңүз урпактарга калсын деген эле кеп, айлабыз келсе, Манастын баарын радиого жаздырып алсак дейбиз, бирок сиз дайым эле кечиктиресиз, жарыктык.

– Эми Манастын кайсы жеринен баштайсыз десе, – Сакем Райканды чукулап:

– Ай, Райкан, кайсыл жеринен баштайын, – деп, досун карап калды дейт чындап эле. Анда Ракем күлүп туруп.

– Кайсы жери деп жүрөсүңбү, Сашке (Саякбайды Райкан тамашалап, Сашка деп койчу экен). Момундан эле башта!

*Бетиң кызыл жошодой,*
*Беш мүнөт колум бошобой!*
*Келбеди деп таарынба,*
*Айчүрөк, беш жылдык план ошондой,* – деп туруп, анан Манаска өтүп кет...

## Касыкемдин «амалы»

*Куудул Жамбыл Камчиевдин күлкүсү.*
*Радиоберүүдөн. 2009-ж.*

Мугалим Касымаалы Баялиневдун «Ажар» деген китеби жөнүндө сабакта талкуу жүргүзүп жатат дейт. Сабактын аягында «кандай түшүнбөгөн суроолоруңар бар» десе, арткы партадагы бала тура калып, кызыл кандуулукта агайына карап:

– «Ажарды карышкырлар талаганы турса, эмне деген жазуучу, ай-уй дебестен, тескерисинче, камаара-

бай, Ажар байкуштун кыйналганын ийне-жибине дейре китепке жазып олтурат, уялбайбы, бул эмнеси.

– Кызык неме экенсиң, ажыратам деп жакындап барса, жазуучуну жарып ташташмак да. Бул окуя белгисиз бойдон калмак да бизге жетпей. Кейипкерге кейигениң бул адамгерчилик, баланчаев, азамат боорукерлигиңе. Бирок жазуучу Касымаалы Баялинов макоо эмес да. Алысыраак, карышкырлар байкабаган өңүткө барып алы-ып, Ажарга ичи ачышып турса да, көргөндөрүн шашпай кагазга түшүргөнү, эрдик эмей эмне? – дептир агайы.

## Кыргыздын «чокуларды» таратышы

*(Айтылуу куудул Жаныбек (Шорпо) менен радиожурналисттин маегинен бир үзүм)*

Журналисттин суроосу: – Өткөндө биздин премьер-министр Россияга барып, алардын премьери Путин менен жолугушуп, жакшы келишимдерге кол коюшуптур, – деп массалык маалымат каражаттарынан берди. – Анан дагы биздин тоолордун чокуларынын бирөөнү ал инсандын атынан атайлы деген кеп айтылып кетти, буга эмне дейсиз? – деген суроосуна, Жакеңдин жообу даяр экен: «Эмне дейт элем. Биздин край тоолуу край. Чокулар аз эмес. Тайманбай бере бериш керек. Байкоомдо буга кызыккандар мындан кийин көбөйөт буюрса. Акча түшө баштайт. Бай мамлекеттерден болобуз. Чокулар жетпей баратса, атабыздын «чокусун» бере баштайбыз» – дейт куудул.

### Дагы бир кыргыз чокусу тууралуу...

Ысык-Ата чөлкөмүндө жашаган Керимов мырза – кырк жылдан бери элет жеринде кыргыз тилинен сабак берген сыйлуу ардагер. Бул кишинин коюлган темага карата бир кыска аңгемесине орун берилди.

...Айылда көзү өтүп кеткен адамга балдары киришип жүрүшүп, бир тоонун чокусуна атасынын ысмын бердиришиптир. Бир жолу ошол айылда жашаган бир жигит малдарын ошол «баланчанын чокусунан» таап, аларды айдап келатса, жолдон ошол өтүп кеткен адамдын уулу – айылдашы чыгат. Саламдашкандан кийин:

– О, кайдан келатасың?
– Айткандан уялып атам.
– Жинди болгонсуңго, айтпайсыңбы?
– Капа болбойсузбу?
– Таз карының тазабы?
– Айтат элем го, уялып атам.
– Балекет басты, соосуңбу?
– Анда эмесе мына: Атаңдын чокусунан келатам...

## МЕНТАЛИТЕТ

### Кумайыкка бергис сары машке

*«Кара шумкар». 1991. «Адабият». 149-бет.*
*Сардарбек Рыскулов*

...Кудайберген башы Көл, аягы Жумгалга белгилүү болгон чебер комузчу, ашынган мүнүшкөр экени эл оозунда айтылып келет. Чоң кушту айтпай эле коёлу, укканга жалган, көргөнгө чын, кекиликти «комуз черттирип ырдатканга» дейре алып келиптир.

...Күндөрдүн биринде Дербишаалы Кудайбергендикинде олтуруп улуу-кичүүдөн мурун озунуп сүйлөдү: «Куке, сиздин үйдө бир бакма кекилик бар дешип уккан-көргөндөр кеп кылышат экен. Ал кекилигиңиз адамдай болуп комуз чертет дейт. Көз көрбөгөндөн кийин уккан кулакка ишене албай жүрөбүз?»

Кудайберген аялына кол жаңсады:

– Бүбү, тиги чоң комузду бери алып келчи... Бүбү шып тура калып, керегенин башында катар илинүү турган комуздардын арасынан узун моюндуу, жазы калпактуу, бийик тээктүү аркайган комузду Кудайбергендин колуна тийгизди. Кудайберген комуздун капкагын эки-үч жолу тарс-тарс үн чыгарып, чыгдан жакты баштантып, чалкасынан таштап койду. Ошол замат ашкананын аягынан бир кекилик жөргөлөп чыга келди. Кекилик чалкасынан жаткан комузду көрөөрү менен, бетине шап секирип чыгып, ары-бери аттай берди. Аттаган сайын кекиликтин тырмактуу буттары комуздун кылдарын илип кетсе, комуздан кадимкидей кыңгырап үн чыга баштаптыр. Улам кыймылын тездетип, бат-бат секирсе, комуздун добушу ошончолук катуу чыгат. Киши чертип жаткандай комуздун жазы капкагынын ар кайсыл жерлерин кекилик тырс-тырс чокуп коёт. Ошенткен сайын комузчулар комуздун бетин сөөмөйү менен тыкылдатып чертип, күү келтиргенге окшоп кетет. Акырында, капкактын бетин бир-эки чокуп туруп, кадимкидей шаңкылдап сайрап жиберсе болобу. Көрсө, бул жем сураганы экен макулуктун...

...Воробьев Кудайбергендин сары машкенин күчүктөрүнө көзү түшүп турганын байкады да, эки күчүктүн бирөөн досуна берип кетти. Бир жерге токтобой ары-бери тополоңдоп жүгүрүп жүргөнүнөн Кудайберген күчүктүн атын Тополоң коюп алды.

Тополоң деле бөлөк машкелерге окшобогон жытчыл болуптур. Эмнени аткар десе, баарына аракеттенип, элпек болот. Мунун зиректигин байкаган Кудайберген кез-кези менен машыктырып жүрөт. Ийге кадимкидей эле киргизиптир. Атты тизгининен жетелеп сугарып келчү экен. Жарылган отундарды көрсөтүп койгон жерге барып үйүп коёт. «Ээр токумду алып чык» деп үй жакка кол шилтеп койсо, мамыдагы байланып турган аттын жанына ичмектеринен баштап ээрине дейре улам тиштеп сүйрөп ташып койчу экен.

...Кудайберген ителги, куш салып, чоочун айылдардын жанынан өтүп бараткanda, айылдын иттери өчү бардай жабалакташып, көптөп талап кетээрде, Тополоң эркелеткен жаш баласынан бетер шак секирип, кожоюнунун артына учкаша калат да, алдыңкы эки колун анын эки ийнине арта салып, тигил каңкылдап үргөн иттерди шылдыңдагандай алды-кийнин, ары-жак, бери-жагына каранып коюп кете берет. Жабалактаган акылсыз иттер оозунан алдыргандай ыза болушат да, кайра үйлөрүн көздөй каңкылдап үрүшүп, бирин - бири ээрчишкен бойдон желип-жортуп кете беришет. Анан айылдан алыс узаганда Тополоң топ этип жерге секирип түшүп, мурунку калыбында шапылдап жөнөп калат...

**Манас орустун академигине аян бергенде...**

*«Менин замандаштарым», Бишкек.*
*1996. Зияш Бектенов. 307-бет.*

Ленинград университетинин профессору, академик Виктор Максимович Жирмунский 1947-жылы август айында «Манас» китебинин он беш томун бастырып чыгуу үчүн келип калат. Бул киши – бир кезде

«Манастан» казак жазуучусу, профессор Мухтар Ауэзовдун кандидаттык диссертациясын жетектеген, белгилүү тюрколог.

Баш аягы үч ай иштегенден кийин: – Манаска байланыштуу жерлерди кыдырып көрсөк жакшы болот эле, – деп калыптыр Виктор Максимович. Жумалык мөөнөткө бармай болушуптур. Аяктан Манас менен байланышкан жерлерди көрүшөт. Дагы бир жерде конок болушат да жатып калышат.Эртең менен тамак жеп олтурушканда:

– Түндө эки жолу бакырганымдын себеби – түшүмдө мени Манас сабады. Манас – Аккулачан, мен – жөө экемин. Ал кууйт, мен качам, эки жолу мени тебелетип кетти. Шилтеген сайын, анын камчысынын түшкүнү менин жараланган чекеме тиет, – деди ал чочулай сүйлөп.

– Бул түштү кандай жоруса болот? Же орус элинен да бир манасчы чыгабы, – дейт, академик жылмайып....

## Как мы близки...

*«Увлечение национальным духом», 2010-год. Издательский дом «Салам», Ли Герон. Стр. 293.*

... Много корейцев переселялись в Кыргызстан из Узбекистана, Казахстана, в частности из районов Уштобе, Джамбула,Чимкента, Кызыл-Орды. По-моему глубокому убеждению корейцев привлекает не природные условия, не величественные горы и реки, много солнечных дней, чистый воздух, а доброта кыргызского народа, почитающего основой семейного быта уважение и любовь родителей, детей и стариков. Как мы все близки в этом!....

## КАЯША

### Оору кадырын соо билбейт

*«Алыкулду сүйгөн кыз» 2004-жыл. «Бийиктик», Жыпар Исабаева. 80-бет.*

... Белгилүү жазуучу Темиркул Уметалиев учурунда ушунчалык бардар, турмушу жакшы, күнүмдүк оокатка зарылдыгы жок жашачу экен. Бир курдай өзү, аялы, тестиер кызы – үчөө Чолпон-Атага эс алганы кетмек болуп даярданып калышыптыр. «ГАЗ – 69» маркасындагы үстү брезент менен жабылган кенен машинеге жайланышып жуп кетели дегенче, Алыкул Осмонов антаңдап жетип келет.

– Темике, санаторияга путевкам өлүп атат. Канча күндөн бери кете албай жүрөм. Эптеп ала кетсеңиз? – дейт коңур үнү менен. Аны угуп жанында олтурган жазуучунун аялынын өңү өзгөрүлүп кетет. Машинеден булкунуп түшүп, күйөөсүн ары жакка ымдап чакырат. Экөө көпкө кужулдашып, бир нерсени талашып-тартышып жатып машинеге түшүшөт.

– Кептин кыскасы мындай, Алыкул! Мен сени машинеме сала албайм! Эмнеге экенин өзүң билесиң! – дейт кабинага кирип жатып. Кабина «тарс» жабылат. Алыкул томсоруп кала берет, коюу чаңдын арасында көмүлүп...

Кичине жүргөндөн кийин:

– Ар ким өзүн билиш керек да! – дейт жазуучу.

– Ошону айтам! – аялы да аны коштой энтиге унчугат.

– Жөн койсо, уяла турган түрү жок, ай! Туберкулез оорусу жугат да! – деп байбичеси бир «чоң» иш кылгансып...

Менин оюм: Ырас, туберкулез – жугуштуу дарт. Негизи оору – адамдын улуулугун ылгабайт тура. Күйүттүн күчтүүлүгүн карабайсызбы, ошондон да Алыкеме ушул дарт жармашканын. Ошол мезгилде азыркыдай натыйжалуу дарылануу жокко эсе болгон. Темикем менен аялынын чыйпылдаганына караганда, бул ооруга чалдыккандар эрте болобу, кеч болобу, баары бир майып болушат деген жалпы элдик түшүнүк өкүм сүрүп турган мезгил экен. Муну түшүнсө болот. Бирок...

## Эл байыса, турмуш оңолсо, адабият да оңолушу мүмкүн...

*«Кыргызстан маданияты»гезити, №1 (1525) 11-21 декабрь, 2008. Олжобай Шакир*

Элин, жерин сүйгөнүнөн арданта намыска тие сүйлөгөн Салижан Жигитовдун сөздөрү кимди болбосун селт эттирип чыйралтат эмеспи. Бул Олжобай Шакировдун жазган макаласынан көңүлүмө жаккан саптарын «апрель тезистерине» окшотуп чогултуп алдым.

... – Эркин ой жүгүртүш үчүн курсагың курулдабаш керек. Ага карабастан китептер чыгып атат. Бирок азыр анын эсебин алган да, окуган да жан жок.

... – Кыргыз эли ханы жок болсо деле, ханы бар элдерди туурагысы келет да, бечара. Кыргыз өзү ар кимди хан дей берет (жетим – атага зар болгондой). Мисалы, Рахманкул хан дегени бар. Аныкы хандык эмес, карамагында бир сельсоветке жетпеген эли бар экен...

... – Кыргыз эли кедей, билими жок, аракка өч, китепке жок. Окубайт. Билим алып алгандар башка тилде түшүнсө, түшүнбөсө деле окуй беришет.

... – Кыргыз аракты таштап, жаман адаттарынан караманча кутулуп, үйдө отуруп, же автобуста баратып китеп окуп калаары өтө шектүү.

... – Адабият деген биринчи иретте өзүнүн заманын чагылдырыш керек, анан экинчи кезекте келечекти жаз. Билимиң ташкындап турса, тарыхка кайрыл. А азыркы биздин жазуучулар каарман кылып аткандар уруу башчылары менен колот баатырлары.

Бул макалага жеке оюм: Менин бир чоң максатым бар эле эңсеп жүргөн, айтылуу жазуучу Салижан Жигитов менен бир баарлашсам деген. Бирок буйрук ушу экен, көрө да албай, сүйлөшө да албай калдым. Бул кишинин бир курдай радиодон берген жооптору мени ишимден «алаксытып», көңүлдү буруууга туура келди. Оюнун ачыктыгы, өтө так, биздей бөлөк-бөтөн тил аралашпаган нукура кыргыз тили менен берилген суроолорго терең философиялык ой менен жооп бериши, кимди болбосун өзүнө тартат экен. Кийин ал кишинин макалаларын көрсөм, кыя өтпөй окуйм, кээ бирөөсүн архивимде сактап жүрөм. Атаганат, айтчу кебин чала айтып, тез эле бул дүйнө менен кош айтышып кетип калды, кыйналып кетти окшойт бул заманга.

## Салижан Жигитов тууралуу дагы бир сөз

*Асылдар баяны. Тенти Орокчиев. Бишкек. 2003. (С. Жигитовдун радиожурналистке береген интервьюсу):*

...Биз Аалы Токомбаевге кыргыздын патриарх жазуучусу катары далай кайрылып калчу элек ар кыл суроолор менен. Ал киши кыргыздын тунгуч жазуучуларын жакшы билчү. Убагында алар менен ко-

юн-колтук алышып бирге иштешкен. Биз ошол агайларыбыздын табиятын так билүүгө ынтазар элек. Муну Аалыкемден кыйын билген киши жок да. Анын үстүнө мезгилинде алардын тагдырларын да чечип жүргөн киши болгон, Жазуучулар Союзун жетектеп. Мукай Элебаевдин таң жылдызындай кыргыз прозасында пайда болгону да бат, өчкөнү да бат болбодубу. Ушул киши, же дегеле башкалары болобу, биз кызыгып: – «Кандай киши эле?» –десек, – «Ой, мен ага тигиндей жардам бердим эле, мындай кылгам» – деген сөздөн башка укчу эмеспиз.

(Өз оюм). Ушундай сөздөрдү биздин кыргыздын арасынан угуп калам өзгөчө «колунан» бирдеме келгендерден. Булар ушундай көтөрүлүп сүйлөгөн сөздөрү менен адамды жипсиз байлап алгысы келишет окшойт. Бул кыргыздын улуттук менталитетине жатабы? Канында барбы? Адам адам болгону бирөө бирөөнө жардам берет да, ботом.

## Күч атасын таанибайт

*«Кыргыз Туусу». 16.01.09. «Куйручуктун Жамбыл Жабаевди сөзгө жыкканы»*

...Казак менен кыргыздын чыгармачыл бир чоң жыйынында Аалы Токомбаев эки элдин сыйлуу акыны Жамбыл Жабаевге кыргыз делегациясынын өкүлдөрүн тааныштырып жатканда, ал киши: «тиги төрдө отурган кимиң?» – деп Куйручукту сурaптыр аты-жөнүн билгени. «Ал киши кыргыз элинин куудулу Куйручук деген аксакалыбыз», – дейт Аалы. «Аны эшиткем, билем. Ой-мой, кечээ Сабдандын ашында эртең менен көк жорго, түстө кара жорго, кесинде сары жорго минип

казак-кыргыздарды сабап баскарып турган Курмусук деген ошо киши го?» – дейт Жамбыл. Баары тунжурап, Кукемди карап калышат. Жүрөгүндө оту бар, сөз келгенде кайра тартпаган Куйручук арстандай качырып сала берет: «Жамбыл[1], бир боорум, Сабдандын асында бир күндө үч жоргону эл берсе минбейминби, бас ийбеген казак-кыргыздарды ашта сабап башкарганым чын, бирок көк эшек минип жол бербегенде, сизди да сооруга камчы менен чаап кеткеним азыр да эсимде турат,» – деди эле, Жамбыл сөз таба албай калыптыр. Ал киши кеткенден кийин Куйручукту баары жемелеп калышат. Анда Кукем шашпай, кенебей туруп: «Ашта казак өзү эшек минип бастыра албай жүрүп, бир күндө үч жорго минип эл башкарган киши менен эмне иши бар» дегенде, жемелегендердин жаагы жап болушуптур. Казактарды жөнөтөөрдө, Жамбыл келип Куйручукка илбирс ичигин жааптыр: «Байкабай сүйлөп, оозумдан ыксыз сөз чыгып кетиптир, кечиргин, иним Куйручук, келтире айттың, унчукпай калабы дедим эле, азамат, бар бол»! – дептир сөздүн жүйөөсүн билген Жамбыл.

(Өз оюм) Не деген адамдар өткөн. Баарлашканда сөзгө конок беришип, андагы ачуу айтылган кепке туталанбай, чычалабай кайра ага сөз таап, кашкая туруп жооп кайтарган, бул – адамгерчиликтин, маданияттын жеткен жери эмеспи. Эки тууган элдин «кара жаак» чыгаан уулдарынын аскиялары кандай гана бороон-чапкында өтсө да, сөз маанисин туура кабыл алып, ага баш ийүү, бул керемет эмей эмне? Мындайда кызаңдап кеткендерди байкап жүрөбүз го кеп маңызын барктабай. Сөз атасын «өлтүрбөй» сыйлагандардан айланса болот. «Жүйөөлүү сөз жүйөөсүн табат, жүйөөсүз сөз өзүн табат» дейт элибизде.

[1] Жамбыл Жабаев – Казак эл акыны

## ФИЛОСОФИЯ

### Сулайман пайгамбардын тапшырмасы ...

...«Сулайман пайгамбар 18 миң ааламды сурап турганда, эл-журтумдун акыбалын, санатын билейинчи деп дүйнөнүн төрт бурчуна канаттуу куштарды жиберет экен. «Билип келгиле: бул дүйнөдө өлүк көппү, тирүү көппү, аял көппү же эркек көппү?» – деп күн чыгышка жагалмай менен кыргыйды, күн батышка күкүк менен үпүптү, түндүккө – каз менен турнаны, түштүккө – карлыгач менен бүркүттү жөнөтөт. Алар санап келишип, Сулайман пайгамбарга: «Бул дүйнөдө тирүүдөн өлүк көп экен», – дешет. Анда пайгамбар: «Менин эсебим боюнча бул дүйнөдө тирүүлөр көп эмес беле?» – десе, анда үпүп: «Биз күн чыкканга чейин уктап жаткандардын баарын өлүккө эсептедик!» – деген экен. Тирүү адам жарык күн менен кошо туруш керек. Аял көппү, эркек көппү деген суроого: «Бул дүйнөдө аял көп экен!» – дешти. Анда пайгамбар: «Бу кандайча? Эсеп боюнча эркек кыйла арбын эле го?» – деди шектүү. Анда үпүп: «Биз аялдардын сөзүн уккан, өз акылы менен иш кылбаган эркектерди аялдын эсебине коштук... » – дептир.

## Кыргыз өңү Чокморовдун өңүндөй

*«Өчпөс жылдыз», Н. Чокморов, Бишкек, «Мектеп», 2001-ж. 35-бет*

*...Кылымдардан кылымдарга даң салган,*
*Кыргыз өңү Чокморовдун өңүндөй.*
*Кылымдардан ат арытып келаткан,*
*Кыргыз өңү Чокморовдун өңүндөй.*
*Кылыч кармап ат үстүндө келаткан,*
*Кыргыз өңү Чокморовдун өңүндөй.*

*Эсенгул Ибраев, 1994-жыл.*

## Чынгыз-хандын жарлыгы

*Е.И. Кычанов. Жизнь Темучина, думающего покорить мир (Чингиз-хан. Личность и эпоха). стр. 232-233. Кыргызстан. 1991*

... Чынгыз-хандын көп жарлыктарынын айрымдары мындай деген адеп-ахлактарды камтыган:

«Эгерде кичүү улууну, бала атаны сыйлабаса, катын эрин этибар албаса, эр аялына таянбаса, чоңдору кичүүсүн калкалай албаса, кичүүсү чоңдорунун сөзүн укпаса, ушул элде шумпай, ууру-кескилер көбөйүп, ачык күндү түнөртүп, эл койнуна жылан уялаткан шартка алып келет...

...Ким үй-бүлөсүн жакшы асырап алса, ал мамлекетти башкара алат. Үйүндө тартипти сактаганды билген адамдын колунан чоң иштер келет. Он башы алдындагы жоокерлерди согуш ишине кайраткер, тартиптүү кылып даярдаса, ал аскер башчы миңдеген колду (түмөндү) башкарат...

... Элди жакшы насаат жана мыйзам калыптандырат. Эгерде булар мүчүлүштүктө болсо, мамлекетти бутуна тургузуш болбогон оокат...

... «Калыптанбаган жана маңызы жок эл» дайыма бирөөгө көз карандылыкта жүрөт.

... Менин элим, жоокерлерим жана алардын аялдары, кыздары ушул дүйнөнүн каймагында гана жашоосу керек. Аларга байлыкты ушул калыптанылбаган элден күч менен тартып алып берем, себеби алар буга өзүлөрү күнөөлүү.

Тимучиндин келбетин (болочок Чынгыз-хан) кең далылуу, бою бийик, чымыр денелүү, көк көз, сары чийкил ырайлуу кылып сүрөттөшөт. Сары чийкил өңү менен көк көздүгүн кээ бир авторлор анын чоң энеси Алан-Гоа менен байланыштырат. Алан-Гоа монголдун куралас тукумунан таралган. Тимучиндин бул чоң энесинин кыргыз менен байланыштыгы бар деген уламыштар да айтылып жүрөт (бир эле эмгектен байкалбайт). Ошол себептен биздин «жээн» Чынгыз-хандын өңү сары, көзү көк болуп калган имиш. Байыркы кыргыздардын бет, өң түзүлүшү мына ушундай болгон дешет тарыхчылар.

Тарыхый инсан жөнүндө өз оюм: Чынгыз-хан жөнүндө көптөгөн китептер жазылган жана дагы да болсо жазылып жатат. Бул адам дүнүйөлүк тарыхка кандайча кирип калды, же жеке өзгөчөлүктөрүнүн күчүбү? Ошол замандарда согуш, кызыл-кыргын, так талашуу адамзаттын андан ары өнүгүшүндө мыйзамченемдүү беле? Чынгыз-хандын жасаган варварлык иши мамлекеттикти колуна ала албай, цивилизациядан тышкары жүргөн көчмөндөргө сабак болдубу, ж.б.у.с. суроолорду камтыган көптөгөн тарыхый илимий эмгектер, романдар, повесттер, талаш-тартышуулар көп.

## Соңку кылымдагы кыргыздын башына түшкөн азап

*«Кыйын кезең». М.Элебаев. «Кыргызстан». 1980- ж. 91-бет.*

*«Өзөн барбы кыргыз сөөгү жатпаган...»*

*уламадан.*

...Үркүн. Бир кезде Музарттын күркүрөгөн, тайгак суусуна көч-мөчү менен, бешиктүү катын бешиги менен камалыша чуркап барып, чогуу бойдон бир күрүлдөп кирди дейсиң – эми мындагы кыргынды сураба! Чуркураган сансыз үндөр адамдыкы экенин айрып болбойт. Бир жерде жүктүү мал агып бараткан, бир жерде элечеги чубалып, бешиктүү катын агып келе жаткан, бир жерде өлүп, суунун четине тырайып чыгып калган, бир жерде көмөлөнүп сууга кетип бараткан баласына чыркырап түшө калып жаткан, бир жерде селейген өлүгүнүн жанында боздоп турган... Эми кайсы бирин айталы! Өмүрлөр кыйылып, апаат кырдаал болуп турду, чиркиндики.

... Музартты кечип, аркы өйүзүнө чыкканда, түн кирди. Жергиликтүү болушуп калган калмактар али тынчытпай, элдин заманасын кууруп, таң аткыча бейжай кылып жылкы тийип, жогору айдап барып, караңгы сайларга жыйнап жатты. Коктулар малга шыкай толуп, тетиги күңүрттөгөн караңгы терең сайларда үйүрүн издеп, чуркураган жылкылардын үнү түштөгүдөй создугуп угулуп турду.

– «Кызасыз кыямат жок» деген ушул. Илгери кыргыз да калмакты ушундай кылып бир чаап алганда «мунун эсеси кырк жылда кайтарылат» деп калган экен. Ошого быйыл кырк жыл...» – деп бир карыя кетип баратып, өзүнчө кобурап коёт...

## Жумгалдык Асанкайгы[1]

*«Тоо теке». «Кыргыз адабияты гезити». 2008-жыл, Казакбай Абдышев*

... 1947-жыл. Фашисттик Германия менен согуш башталганы айтылуу Суусамыр жайлоосуна беш жыл катары менен мал чыкпай, жапайы айбанаттар берки эле апай беттерде, азыраак апыртып айтканда, мал менен «аралашып» эле жайылып жүрүшчү.

... Чоң шашке ченде Чекирдин эки тайганы мүйүздөрү аркайган бир тоо текени тоодон ылдый куюлтуп кууп түштү. Теке Мамбетаалынын үйүн жандай салып, түптүз эле биздин үйдү көздөй келатты. Артында куйрук улаш бири ак, бири кара эки тайган. Теке бир секирүү менен биздин үйдүн туурдугуна чыгып, түндүккө эки алдыңкы колу менен таканчыктап калды. Эки тайган жетпей калды.

– Тиги, тиги... Биздин үйдүн төбөсүнө тоо теке секирип чыкты, – деп кымыз ичип отурушкан аялдарды ээрчитип келдим. Теке катырылып койгон эстеликтей баягы калыбында турат. Аялдар көрүп дал болуп калышты... Аңгыча атамын атчан карааны кырдан көрүнүп калды. Анча көп өтпөй, атам бастырып келди.

– Мунуңар эмне? – деди аттын үстүнөн. Чекир жездем болгон ишти баяндап берди.

– Эми эмне кылганы турасыңар? – деди баарыбызга суроолуу карап.

– Коргошун түгөнүп, мылтыгымдын огу жок. Текени бакандап жерге түшүрүп, тайгандарды коё берейин деп турам. Жетсе, жетип, толорсугун кыйып жиберишет, анан жыкса болот – деди жылкычы Чекир жездем.

---

[1] Асанкайгы - тарыхый акылман.

– Бул кайберен эмнеге тоого качпай ойду көздөй качты экен?

– Эки тайган эки жагынан тосуп өйдөлөтпөй койсо керек. Ошол себептен бечара бизден, адамдардан арга сурап келген жокпу? – деди атам токтоолугунан жазылбай. Жездем атамды таң кала карады.

– Кайдан жардам сурасын? Айбанатта акыл кайда аны ойлогондой – деди  Чекир атамын сөзүнө маани бербей.

– Айтканыңа караганда, Макемдин үйү жактан качып келиптир. А эмне үчүн анын үйүнүн үстүнө секирип чыкпайт да, ойноп жаткан балдарга карабастан, алардан чоочуркабай, биздин үйдүн үстүнө секирип чыгат? Ушунун сыры болуп жүрбөсүн? Чөп оттогон айбанаттын, жан-жаныбарлардын эң биринчи коркунучтуу душманы - бул жырткыч айбандар. Иттер да ошо жырткычтарга киришет. Макемдин үйүнүн үстүнө секирип чыкпаганы, ал жерде иттин жыты бар. Сен тайган кармайсың, сеникине да барган жок. Ошентип бул тоо теке жардам сурап биздикине кайрылган тура. «Эгерде азыр муну мертинтип, этин жесек, кудай алдында мен чоң күнөөгө калам – деди дагы тайгандарды байлаткандан кийин текени бошоттуруп ийди... Шаа мүйүздөрүн  кайкайтып, тоону көздөй бет алып, зымырап жөнөп берди.

## О языке...

*Чыңгыз Айтматов. «Советская Киргизия», 207 (17382). 1986 г.*

...Русский язык – великий язык, но это не означает, что не надо обращать внимания  на внутренние закономерности другого национального языка и прив-

носить в него, в частности из русского, то что можно и не привносить. Курьезным фактором в этом смысле являются названия двух областных газет, выходящих на кыргызском языке, – одна из них называется «Ысык-Көл правдасы», а другая «Нарын правдасы». Меня это глубоко оскорбляет. Что же это за народ с тысячелетней историей за плечами, в языке которого отсутствует слово «правда». Кому нужно такое коверканье русского языка и унижение кыргызского, в котором только синонимов понятия «правда» насчитываются около десятка?!...

Бессмертие народа – в его языке. Каждый язык велик для своего народа. У каждого из нас есть свой сыновний долг перед народом, нас породившим, давшим нам самое большое свое богатство – свой язык : хранить чистоту его, приумножить богатство его...

Тил жөнүндөгү менин оюм: Ой, деле жылчудай эмес го, бул биздин тил мыйзам. Буга бир жөнөкөй эле мисал: шаардагы төбөсү асман тиреген темир устундарга илинген жарнамаларды байкап жүрөсүздөрбү бүгүнкү күндө. Кызыгы, алардын кээ бир айтайын деген сөзүнүн же орусчасы туура болсочу. Эгер сөз уңгусунда сөлтүк болсо, котормосу аман эле болсун. Же орус түшүнбөйт, же кыргыз түшүнбөйт. Кайран гана акча буга корогон. Маселен:

... «вкус нашей муки...» дегенди – «биздин ундун даамы...» деп мээге оордук келтирбей, шарт которуп коюшуптур (ундун дамын аныктоого болобу?).

Гезит беттериндеги атка минерлердин кеби: — Потому что она не порядочная. Акыйкаттык сезими жок. Бизди жарым жыл мучил. Ошондо мени бир да жолу приемго албай койду...

— Жабылуу аяк никогда тарыхтын алдында жабылуу бойдон калбайт. Ал эми мындай незначительный күнөөсү бар өңдүүлөр, ошолор кайра соттолуп атат...

Толуп жатат мындайлар. Мындай чулдурчулуктан арылар күн келбейт го.

## ОКУЯЛАР

*Маматисаев Абдимажит. «Билим учуктары». Бишкек. 2006-ж. 135-36-беттер.*

### XXI - кылымдагы мифтер?

... 1965-жылдын июль айынын аягында атам Маматиса, тагам Мырза, биздин айылдык эки киши жана эки өспүрүм Отуз-Арт жайлоосунун башындагы Базар-Коргон, Үч-Терек районунун чек ара тоолорундагы ашуусу абдан катаал Бел-Мончоктон өтүп бир түнөп, Миң-Теке күмүш зоолорунун түндүк бетинде кийикке чыккан-быз (Баткен району). Уудан кайтканда кечке жуук, күн бата элек, саат болжол менен 18-19 болсо керек. Эңкейип келип, Кара-Көлдүн эки көлүнүн жогорку, кичи көлүнүн жээгиндеги бийик кашатка түштүк. Биз, эки өспүрүм, төмөндөгү дарыянын көлгө куйган жериндеги жээкти көздөй бараттык эле, көл жээгине 5-10 метрдей калганыбызда жогорудан мылтык атылып, октор биздин алдыбызга суу бетине тие баштады. Бурулуп карасак, атамдар шашып, баш кийимдерин колдоруна алып булгалап, бирдеме деп кыйкырышып (дарыянын шарынан сөз угулбайт), көл жакты көрсөтө жаңсап, анан бизди чакырып жатышыптыр. Биз түшүнө албай буйдала түштүк. Октор тийип жаткан көл бетин карасак, узундугу 7-8 метрдей, орто жоондугу киши-

нин санындай, кебетеси кадимки эле сөөлжанга окшогон бир жандык  суу бетинен көрүнүп-көрүнбөй, сааттын кыймылдаткыч тегерек-спираль пружинасындай болуп, бирде жыйрылып, анан кайра жазылып, ары көздөй жай сүзүп бара жаткан экен. Көрсө, атамдар бизди ошондон сактап калууга аракет кылып атып жатышкан экен. Кийин ошол жакты жайлаган койчулардан сураштырсак, көлдөгү белгисиз жаныбар жээкке жакындаган жандыктарды куйругу менен орой чаап, сууга алып кирип кеткен учурлар болуптур. Көргөндөр аз эмес экен…

### Телегейдин[1] эрдиги

*Сагындык Өмүрбаев. Телегей.*
*«Кыргызстан» басмасы. 1980*

...Карышкырдын жытын алган кой эмненин токтогону, аягынан имерсең, тыягынан дыр берип; мен чырылдап кыйкырып да жүрөм. Карышкыр кыйкырганымды тоготпой калды бейм. Улуганы улам жакындап келет. Бир оокумда койдун астынан тура калып жогору чуркадым. Койдон дарек жок. Ачуу менен ыза кекиртектеп алып муунтуп баратат!…»Оо, куда-ай! Кара көзүмдү карайттыңбы ?»  Аңгыча бута атым жерден... кой... жо, кой эмес, будалактап жаткан бозоргон караан көрүндү. Кар ширеген кирпигимди укалап алдым да, жазбай тааныдым. Эгиздин энеси чоң ак кой! Аны карышкыр толорсуктап алыптыр. Жедеп денем өлүп калганбы, жанымды чымынча көрбөй аны карай атырылдым:

– Жуткуч өлүгүңдү! ... Же койго кошуп сен мени жут, же... – Ушуну айтып үнүм туттукту. Кандай жет-

[1] «Телегей» романынан

кенимди билбейм. Койду таштар түрү жок өлөрмандын. Толорсуктан аткыган экен, ары-бери булкуп жүрөт. Жанталашкан кой маарап илгери жүткүнөт. Койдун толорсугуна аттиштей жармашкан капкара тумшукту далдап туруп, шилби чокмор менен тартып-тартып жибердим. Тырак дей түшкөн карышкырдын оозунан кан жаая берип сулк дей түштү...

## СӨЗ БЕРМЕТТЕРИ

**Өз оюм:** Сөз тизмегин жүрөккө таамай жеткизген анын соңунан жан дүйнөңдү балкытып, так көркөмдөп туюнткан сөздөр кыргызда аз эмес. Кандай чеберчилик, кандай талант! Буга башты ийип таазим кылам. Бар болгула тилдештерим, дилдештерим. Сиздердин дареметиңер менен асыл кептер кагазга түшүрүлүп, тил, дил байлыгынын көрөнгөсүн байытып жатканыңарды келерки муун баалайт.

### Сөз мушкерлери

*«Салижан Жигитов менен Эрнис Турсунов «Арашанда» таанышканда...» Нуралы Капаров. «Кыргызстан маданияты». №1 (1527). 28.01.09-ж.*

... Ичкен арактын, жеген тамактын кубаты дене-бойго тарадыбы, айтор, эки теңтуш (Совет Урманбетов менен Эрнис Турсунов) бирин бири кажыган катуу тамашанын кызуусуна кириште. Бокстун тили менен айтканда, тамаша сөзгө келгенде, Совет аба түз сокку урчу боксчуларга кирсе, Эрнис аба оңойлук менен түз муштабаган, тап берип коюп, кайра артына чегинип, ойдолоктоп оң жагына ооп, сол жагына ооп, эңкейе ка-

лып, түзөлө калып, Совет аба сыяктуу колу шадылуу солдойгон боксердун маңдайында мазесин алып бийлеп мушташкан шайкелең мушкер сыяктуу сүйлөп турду. Анын мындай «тамаша-мушташ» манерасы Салижан акеге жага баштаганын алдыртан сезген Эрнис аба баштагыдан да шамдагай, шайдоот сүйлөгөнгө, демилгени кое бербегенге аракет кыла баштады. Совет аба да, Эрнис аба да орундуу сөз менен да, орунсузу менен да бирин-бири «башка-көзгө койгулап», ачыктан ачык Салижан акеге жагынуунун аракетине өтүштү. Отуруш ортологончо Совет аба да ыңгайы келе калганда, Эрнис абанын башындагы кара шляпасы тегеренип-тоголонуп кеткидей күү менен эки үч ирет таамай «муштады» эле, амалкөй, кыймылдуу Эрнис аба эсин жоготуп, дендароо болуп шалдайып туруп калбай, ары чайкап, бери чайкап, ыңгайы келе калганда чабуулга өтүп, жумшак «муштуму» менен эпилдетип элеп-элеп жиберип, кайра артка чегинип, алдырган упайларын изин суутпай кайра жулуп келгенге жарап турду...

### Жигит менен келин...

*«Көкөйкести». Мелис Абакиров. 2000-ж. 200-201-бет.*

... Айылдык дүкөн. Шайдоот сулуучумак келин – анын ээси, сатуучусу.

Сабыр адеттегидей дүкөнгө кирсе, кызып алган үч-төрт бойдок жигит жаңы дүкөнчүгө ырсаңдап, ыржаңдап тийишип жатканынын үстүнөн чыгат. Сабыр «жиндилигине» салып заматтын ичинде аларды жолдоруна салат. Анан сулуунун жанына келип:

– Көзү бозоргон көпкөн бойдоктор биздин айылда көп. Кашыңызды кагып койсоңуз, кашыңдан кетпейт. Этиетте. Атың ким, келинчек? - дейт Сабыр.

– «Келинчек» деп, тим эле жеңкетайымды жегендей» кеп кыласыз» – дептир дүкөнчү.

– Алдагы асты-үстүн каптаткан алтын тишиң айтып жатпайбы, канча кар басканыңы.

– Кар баскан деп биттеген текенин жашын саначу эле. Качантан бери канчайымдарга айтылып калган? – деп дагы какшык соктуруптур. Сабыкең да жөн турбай:

– Биттеген текеден башканы деле, «ит тиштеген калтарды» деле нечен кар баскан дейт бизде. Нечен бел ашкан, нечен суу ичкен куулугу курсагындай сары тиш эркечтерди нечен кар баскан деп кадырлайт бизде.

– Сары тиш эркеч – эжигейдей болуп өңүнөн эле билинип турат, – дейт келин жылмая балжайган сары жигитке тийиштик кылып. Келинчектин кепке кемтик эместигин Сабыкең баамдап токтоолук сөзгө өтөт...

## МАМЛЕКЕТТИК ЧИНОВНИК

Чиновник, же болбосо мамлекет кызматындагы адамдар жөнүндө орустун улуу сатирик жазуучулары Гоголь, Салтыков-Шедринден баштап кыргыздын Мидин, Райканына дейре сүрөттөп жазып келишпедиби. Буларга, чындыгында эле ушундай гений жазуучулардын көңүлдөрү бекеринен бурулбаптыр. Буга мисал катары өз көзүм менен көргөндөрүмдү айта кеткеним оң. Бир жолу өзүбүздүн министрликтин жолдомосу менен иш сапарга барып калдык бир районго, жергиликтүү врачтардын билимин текшерип, аттестациядан өткөргөнү. Башкы врачтын кабинетине кирип, жайыбызды айтып, олтуруп калдык. Ал киши көпкө дейре телефон менен сүйлөшүп туруп алды. Сүйлөшкөн сөздөрүнүн деле мааниси жок. Сөзүн бүтүрүп болуп, биздин күт-

көндү эстей коюп, «азыр, азыр» деп ички телефонуна чалды врачтарды эскертип коёюн деп. Телефонду алганда аркы учундагысы «бул ким» деди окшойт. Балекет басты башкы врачты: «Эй, сен кимсиң ия..., бул телефон менен только главный врач гана сүйлөшөт да, мээси жок немесиң го...» деген адепсиздик сөз тизмеги бизди жийиркентти.

Дагы бир жолу алыскы райондордун бирине барып калдым «тез жардам» менен. Оорулуу ошол жергиликтүү бир чиновниктин жакындарынан экен. Операция жасалды, бейтаптын абалы коркунучтан чыкты. Баары ойдогудай болгонуна сүйүнүп кетейин деп турсам, врачтар: «Коё туруңуз аксакал келет», – деп калышты. Ал киши келери менен ай-уйга келбей туруп эле: «Сиз эмне, кеткени жатасызбы ооруну таштап, Гиппократ ошого үйрөтүбү сени, керек болсо, каласың дагы бир жумага, республикага звонок чалам» – деди. Ошентип, менин шагымды сындырган адырандап.

Пендебиз да, бийликке келгенде кичине көз тумандап, манчыркоо мүнөз пайда болот эмеспи, баары эле сенин көзүңдү карап турушса. Мейли, анысы болсо, болсун дечи. Ким аны тыят, өзүнүн кудай берген ыймань болбосо. Бирок чиновникке билим, жеке үлгүлүү жүрүш-туруш, адилетчилик – керек нерсе. Ал болбосо, ошол чөйрөнүн азабы да.

*Апрель, 2006-жыл.*

# ИШЕНИЧ ИРИГЕНДЕ

*«Ишенген кожоң суугa акса,*
*Алды-алдыдан тал карма»*
*Эл макалы.*

Жол жүрүп келатабыз. Бир маалда жанымда олтурган жигит: «Ээ байке, жолду кыскартып кобурашып отурбайбызбы», – деп калды. Чын эле мелтиреп отура бербей, аркы–беркиден кеп кылып отуралы, жол алыс эмеспи деп мен башымды ийкеп койдум. Өзү бир көргөндө ич жылыган, орто бойлуу чымыр денеси дароо көзгө урунуп турган, отуздан өтүп калган жайдары жигит экен. Кийимди өзүнүн дене-боюна ылайыкташтырып кийингенине караганда боюна тыкыр караган адам окшойт. Келбети келишкенден кеңеш сура дегендей, табияты таза азаматтардан окшойт деп койдум ичимен. «Эмесе, байке, бир окуяны айтып берейин, – деп баштап калды.

«Өзүм айылдык болом. Ата-энем бул Сокулукта жашашат, мугалимдер. Жолдошум немис кызы, аялымдын туугандары, ата-энеси баштап Германияга көчүп кетишкен. Эки бажам, бирөө татар, бирөө уйгур, алар эчак эле кетишкен. Аяктагы туугандардын эстүүлүгүнө ыраазы болом, бирөө да кеттик, эмнени карайсың, бул жерде заман жакшы болгуча жаштык өтүп кетет дегендей белги да беришкен жок. Бирок байкап жүрөм, качанкыга дейре чыдайт экен дегендерин. Мен да буга сыр билгизбей өз оокатымды жасап жүрөм.

Ошенткени менен турмушту оңдоонун бир ыгын билип алдым, байке, ушул эле жерде туруп, – күлүп койду. – Өзүмдүн кесибим айдоочу. Жылда кайындарга – Германияга барып иш кылам. Мындан үч жыл

мурун бажаларым аяктан бир жумуш таап беришкен. Ишим болсо бул. Бир фирма менен иштейм, эки-үч айдан, алар да мага көнүп калышкан. Кыйшың-куйшуңу жок көңүлдөнүп иштесең, бул немис элиң баалайт тура. Ак ниет менен иштемчилик – бул мамлекеттин негизги талабы экен. Ушунун артынан согуш убагында тып-тыйпыл болуп калган шаарларын аз мөөнөттүн ичинде калыбына келтирип алышпадыбы, өзүңүз билесиз. Германияга бараарыма жакын, бажаларымды арачы салдырбай эле, өзүм ошол фирманын ээсине телефон чалып коём. Барган күндүн эртеси эле жумушка кирем. Алардын мага кызыкканы, машинени жакшы айдаганым, жүктү каякка апарыштын маршрутун так билгенимде, тоңуп калган тооктордун этин тездикте түшүрүп, орду-орду менен жашиктерге жайлаштырам. Буга күч керек экен, андан, байке, мени кудай кем кылбаптыр. Ошентип, бир топ киши аткарчу жумушту өзүм эле жасайм, ага жараша түзүк эле маяна алам. Тыпылдап иштеп жүрүп бир топ оокат алып келем биякка. Кийим-кечеси, буюмдары болуп атып, келээрде поезддин бир купеси толуп калат, калп айткан кишиге. Ал жактан баягы айтылуу Жаныбектин урпактары болгон Өзгөн Акимди билсеңиз керек, ошо киши менен тааныштым. Ал киши туугандарына берген аманатын бул жакка, бияктан бергендерин тиякка апарып жүрүп, тууган да болуп катташып калдык. Ушу барышымда бир эсте каларлык кызык окуяга туш келдим.

Майдын аягында бардым аякка. Бир жума өткөндөн кийин Өзгөн авага телефон чалып калдым, Кыргызстандан туугандары берген аманатын качан аласыз деген суроо менен. «Ырас убагында чалбадыңбы: ушул жуманын аягында биз кыргыздар чогулуп жатабыз Мюнхенде, сен да кел, бияктагы мекендештериңди

көрөсүң, таанышасыңар. Чыгарыңдын алдында дагы телефон чал», – деп катуу эскертти. Убадалашкан күнү телефон чалдым. «Келатып жолдо баланча деген жерге токто. Аалы деген кыргызстандык агаң сени күтүп турат, машинеңе салып ала кел. Агайыңды таанысаң керек, академик болот силерде, биякка командировкага келиптир, буюрса, чогуу болобуз» – деди телефондон Өзгөн ава. Ал кишинин телефонун берди.

Болжолдошкон күнү жолго чыктым. Даңгыр автожолдун кенендигичи, моокумуң гана канат, зырылдатып мындай жолдон машине тепкениңе. Айдаганым бажамдын келишкен унаасы. Атаганат, көзүң бир ачылат. Эң катуу ылдамдыкта айдаганда мемиреп гана калат экенсиң ылдамдык билинбей. Алыскы жолдо, автомагистралда зымыраган эле жеңил машинелерди көрөсүң. Илбериңки айдагандары жок. Жолдун тамарында ширенкенин башы да жатпайт, тазалыгын айтпа. Мындай сапарга көнүп калган жаным көздөгөн жерге бат эле зуулдап жетип келдим. Чакан шаардын башында, май куюучу жерде бир киши турганын алыстан эле көрдүм. Жердеш байкенин утурлап мени тосуп турганын байкадым. Четке токтоп, машинемен түшүп басып барып, салам бердим. Байкенин илимпоз экенин угуп жүрчүмүн Кыргызстандан, бирок көргөн эмес экемин. Мени жылуу тосуп алды. Аты-жөнүмдү дааналап сурап, жаныма олтурду. Колундагы салмактуу дипломатын алып, жайлуу жерге койдум. Жол андан ары да эки жүздөй чакырым. Бири-бирибиз менен жакшы таанышып алдык. Кыргыз сурай эле келгенде тууган чыгат эмеспи, байбичеси биздин уруудан экен. Жалпы тааныштарыбыз да бар болуп чыкты. Аксакал иш сапары менен келгенине аз эле күн болуптур. Эми Щвецарияга эки күндүк иши бар экен. Кыргыз туугандар ме-

нен Мюнхенде жолугушкандан кийин ошоякка сапар тартам деп айтып калды. Менин бул жакка кандайча келип калганымды, ишимди сурады, аны мен төкпөй-чачпай айтып бердим. Аябагандай ыраазы болду. Оокат табуу иш менен эле алек болбостон, окууну да тең ала жүрүш керек, жакшы заман келет, ага адистер керек болот. Бир институтка өткөнгө жардам берем деп чындап эле айтты. Окуйм, сырттан, айыл-чарба академиясынан десем, «Оо азамат»! – деп далымдан таптап койду жылуу. «Сен окуган жерде достор бар, бир немеден муктаж болсоң, уялбай эле кел», – деди төш чөнтөгүнөн дарек кагазчасын берип жатып. Менин жанымда түзүк эле акча бар болчу. Жолдо бир жерден токтоп шам-шум этип алдык. Аксакалды бөлөк эл, бөтөн жерде кезиктирип, жердешчилигимди билдирип, сыйлап койгонума өзүм да ичимен ыраазы болдум. Академик сыйды чын көңүлү менен кабыл алды. Ошентип отуруп Мюнхенге да кирип келдик. Түшө калып бир жеринен телефон чалдым. Өзгөн ава сүйүнүп кетип: «Канат, сенин кылыгың кыргыздын менталитетине окшошпойт, жасаган мамилелериң нак эле немистердин пунктуалдыгындай экен го, же келиндин тарбиясыбы», – деп күлдү. «Азамат! Ошол жерде туруп тургула, биз бир аздан кийин жетип барабыз. Келди, бир туугандардай кучакташып көрүштүк. Шаардын кичине четирээк жагында көздүн жоосун алган бири-бирине окшош эки кабат үйлөргө келип токтодук. Бир үйдөн үч кыргыз киши удаа-удаа чыга келди. Бирөөн тааныйм, «Азаттык» радиосунда иштейм деп тааныштырган өзүн мурунку барышта, ал эми берки кишисин жаңы көрүп атам. Машинени обочороок токтотуп түшкүчө, алар келип калышты. «Ассалоом алекум, туугандар» деп ырааттуу саламдашып, кучакташып көрүштүк. Мын-

дай толкундаткан жолугушуу кимдин гана болбосун жан дүйнөсүн козгоду. Бардыгыбызды кубаныч басып, сүйүнүп турдук, толкунданып. Аңгыча жеңелер чыгышты бизди тосушуп. Менин оюмча, мекендештердин орто жаштары алтымыштардан өтүп калышкан экен. «Эми, Канат мырза, иним, баягындай кыл,» – деп мага тапшырма берди. Тапшырмасы ушул, беш-алты чакырым ары, токой жакта жайланышкан чарбасынан кой алып кел дегени. Аяктагылар четте кадимкидей эле мал кармашат экен ата салтын кармап. Анысы даяр экен, дароо барып алып келдим. Жашаган үйлөрүнүн короосунун көмүскөрөөк жагында атайы жасалган кемеге казаны менен очок, нан жапкан тандыры турат. Майда-майда жарылган отундар, дагы башка кыргыздын айыл турмушундагы оокаттары ирэт-ирээти менен тизилип коюлган.

Коноктор, конок тоскондор малга бата кылышып үйгө кирип кетишти. Жолугушуу нукура кыргыздын салты менен болду, кичине эле европалык манералар байкалбаса. Мекендештердин баары эле ошол Германияда жашашпайт экен. Америкадагысы бар, Түркиядагысы да бар. Өзгөчө көңүл, сый биздин академик агайыбызда болду. Отуруш өтө көңүлдүү өттү. Эртеси биз чыкмай болдук. Мен баягы Өзгөн аванын туугандары беришкен «түштүктүн коробкасын» ээсине тапшырып аманаттарын айттым. Кыргыздын «жака агартуу» жана башка расмий ырымдарын көрдүк, кетээр учур да келип жетти. Академик агай калмай болду. Ал кишини андан ары Швецарияга жеткирип коёбуз деп мекендештер аяктын милдетин, чыгым-сыгымдарын өз моюндарына алышты. Бул туугандык мамилелерди карап туруп, чет элдик кыргыз урпактарына терең ыраазы болдум. Меймандостук дегенде кыргыз ашын жерге

коё калат эмеспи. Байкашыма караганда, Аалы акенин Швецарияга деле барчу каражаты жок окшойт. Кош айтышып кала бериште. «Ой, мурдуңду урайын, сен мага бир топ сый көрсөттүң, Кыргызстанга барганда бир келип кет, бул байкелериңди бир эстеп коёлу» - деп бажактады узатып жатып. Байкени таштап жолго чыктым. Мындай кишилер менен болгонума сыймыктандым. Сүйлөгөн сөздөрү, маданияты мага мурунтан сезилбеген өзүнчө бир башкача дем берип көңүлүмдү эргитти.

...Тирилик кылам деп күнүмдүк ишке алаксып жүрүп, тыштан окууну кичине үзгүлтүккө учуратып коюпмун. Натыйжада, үч-төрт сабактан баа алалбай калып, жүгүрүшкө туура келди. Эптеп төрт сабактын айласын таптым. Бир-экөөнө жеке алым жетчүдөй эмес. Анын үстүнө акыркы курстамын. Муну бербесем, иштер чатак болчудай болуп турат. Айлам кетип калды. Эмне, баякы академик байкеге барсамбы деген ой келди. Андан бери эки жыл өтүп кетти, тааныбай да калса керек деп эки анжы болуп турдум. Намысты коюш керек болуп калды. Бөлөк арга жоктой көрүндү. Уят-сыйытты таштап коюп, ал кишинин кабылдамасына келдим, кыйналып-кысылып атып. Секретары жок «Ким болосуң, эмне иш тууралуу келдиң», – деген суроолоруна бир топ мукактанып атып эптеп бир-емелерди айттым окшойт, эми кир деп бир далайдан кийин жооп берди. Кирдим. Узу-ун бириктирилген үстөлдөрдүн башында баягы тааныш академик байкем отурат телефон менен сүйлөшүп. Жасалгалуу кенен кабинет, төрдө креслодо чалкалай отурган ал кишинин аброю мени сүрдөтүп ийди. Мени көрүп, четирээк үстөлдү колу менен жаңсап, «отур» дегендей ишаарат кылды. Тааныган түрү көрүнбөйт. Муну көрүп ыржай-

ган оозум заматта жыйыла түштү. «Байке тааныбай калган турбайбы» – деп отуруп калдым. Телефонун ордуна коюп кнопкасын басты секретарын чакыртмакка. Анысы дароо эле кирип келди. «Батыраак кофе кой» деп кескин айтты да, бир немеге алаксып ойлонуп калды. Мен эми кофе ичип отурамбы, кой айтчумду айтып алып тез кетейин, тааныган эле турбайбы, деп ичимен ыраазы болуп, «ырахмат аны коюңуз, убара болбоңуз» – дейин деп оозумду ачкыча, а киши озунуп:

– Эмне иш менен келип калдың, бат айт, уяттуу кишилер келишип тышта туруп калышыптыр, - дебеспи академик авам мага суроолуу супсак карап. Ал киши алаксы болгону байкалып эле турат. Мени менен иши жок экенин түшүндүм, бирок мынча киргенден кийин бир айтып калайын деп эмнеге муктажтыгымды айтып бердим. Угуп туруп мындай деди: – Кечирип кой, мен эми силердин институттун мугалимдерин билбейт экенмин. Анын үстүнө алардын ректору менен жаман мамиледемин, мындай иш колдон келбейт, – деп сөзүн бүтүргүчө, чачтарын ак баскан, сыпайы кийинишкен эки киши кирип келишти уу-дуу болушуп. «Кечирип коюңуз», – деп чыга бердим. Сөзүмдү ал киши уккан да жок, баардык көңүлү тиги кишилерде болуп. Жигит бул сөзүн ушунчалык ыза менен айтты. «Мына байке, ушундай да кишилер болот экен,» – деп мени сынаакы карады. Унчуккан жокмун. Эмнени айтасың.

*23.02.09.*

# *ӨМҮРААЛЫ БАШКАРМА*

«Биздин Тоң жеринде кепке арзый турган адамдар аз эмес», – деп Айтбаев Мукай аке кеп баштап калды. Өзү – отуз-кырк жыл мектептин деректири болуп иштеген, эмгек ардагери, кутман курактагы карыя. Ушу кишиден укканымды жазып алдым. Буга дейре менин айтчу кейипкерлеримдин жосундары мурун кагаз бетине түшүрүлгөнбү аны билбейт экенмин. Айтып берген кишиде да мындай маалымат жок экен. Мейли, терс болсун, мейли оң болсун, мени кызыктырганы алардын кылыгы. Мындай кишилер ар-бир айылда, чөлкөмдө бар эмеспи. Алардын кылган иштерин, кыялдарын, тамашаларын эл муундан муунга ооз эки беришип келишет тээ илгертен бери. Ошол сымал да, бул жөнөкөй эмес айыл адамдары жөнүндө жазуу кумарлантып жүргөн.

...Согуш жылдары. Жаңы телчип, мына эми өнүгөйүн деп кадам шилтеп келаткан кыргыз элине оорчулук келип майышып турган учур. Кычыраган кыш. Дөң-Талаа айылы. «Баардыгы фронтко!» деген ураан менен бир чыны талканына дейре эсеп кылган каардуу жылдарды башынан өткөрүп жатышкан элеттиктер буга моюн бербесе да, эски арабанын кыйчу-куйчу жүрүшүндөй турмуш өткөрүүдө. Эркектер болсо согушта. Быякка да бирин-серин иш билги кишилер керек эле. Колхоз-совхоздун жумушун уюштуруп жүргөндөрдүн арасында Өмүраалы бар. Бу киши – ошол

өрөөндүн эң бир таанымал адамы. Мезгил адамды өзүнө карап өзгөртүп алат турбайбы. Кууга куудай, момунга момундай, шайтаны күчүктөгөндөрдүн сазайын берген, башка түшкөн кыйынчылыкты акыл-эс менен калчап, жеңе билген киши экен. Жашы алтымыштардан ооп кетсе да, кайратынан тайбаган, беттеген жагын шылып түшкөн башкарма болот бир кичине айылда. Өмүраалы башка айылдаштарынан сөзмөрлүгү, какшык-тамаша аралаш куйкум сөздөрү,  тапкычтыгы менен да айырмаланчу экен.

Бир жолу айылдашы келип:

– Айла кетти, мындан ары жашаш болбой калды окшойт, эмне-кылсаңыз, өзүңүз билиңиз, ылдыйкы айылга барып бүгүн түнү уурулук кылып, бир союш мал таап келбесем болбойт. Карыган ата-энем, анын үстүнө согушта өлүп калган  агамдын үй-бүлөсү менин колумда. Ичээр суу түгөнгүдөй болуп калды окшойт, ава. Кармалсам, соттолуп кетээрмин, кармалбасам, кудай алдында күнөкөрмүн, эмне кылам, бөлөк амал жок.  Муну көрүп туруп жинди болуп кетчүдөймүн. Баары эле көтөрүм болуп баса албай, күпчөктөй болуп ачкадан шишип да кетишти.

– Эмне, уурулукка менден уруксат сураганы келдиңби, дөөрүбө, ошентип эле көрчү, эмне болоор экенсиң, – деп Өмүраалы жини келип бастырып кетет. Таңга маал баягы жигит Өмүраалынын терезесин чертип, «тез чыгыңызчы» деп жалдырайт. Чыкса, баягы айылдашы чын эле бир уйду алып келип жайлап таштаганын айтып жалбарат.

– Акмак, кандай немесиң, кет, көзгө көрүнбөй, эмне, мени өзүң менен түрмөгө ала кеткиң келип жатабы? Ок, атаңдын гана оозун урайын, НКВДыга өзүм айдап барам, сени элеби. Кичинеден кийин сөгүнүп-сагынып кийинип тышка чыгат.

– Сиз уурулукка баратам десем, унчукпай койгондон кийин, макул болгон экен деп ошол ишти айла жок жасабадымбы, ава.

– Ой кешпир, эмне деп атасың, балекет эми баспадыбы, эн..... Тигини бир топ ашата сөгөт. Аттанып алардын үйүн карай бастырат ачуулана кобурай. Артынан ууру жөнөйт илкий басып. Улам артын карап: – Бас, ай, иттин гана баласы, куучудай болгон эн... Куугунчулар келет, бас, батыраак, дагы уялбай, сиз унчукпай койбодуңузбу деп коёт күйдүргү, – ачуусун тыйбай жаалы келип кобурайт. Жолдо катар далай сөздөрдү угат башкармадан. Бир топ жүргөндөн кийин ачуусу тарап:

– Ой, бери карачы, сени эч ким көргөн жокпу?

– Жок, жок.

– Каргайын десем, жалгызсың, каргабайын десем, байкушсуң, ок, итирейген акмак, жалдырап, эки көздү жылтыратып жат эми түрмөдө. Ушундан көрө согушка барып жайран болсоң болмок. Көзбоочулуктарын айт деле. Ок тукумуңду... Болуптур ага акылың жетиптир, эми эмне кыласың? Тиги бакырып ыйлап ийет. – Болду! Кеңкилдебей чимкирикти тарт, кылганыңды эми мойнуң менен тартасың, – өзү бир далайга дейре тунжурай түштү. Бастырып келип уурдалган уйдун эти турган боз үйгө кирет. Ноопасты эчак эле мүчөлөп ажыратып коюптур. Аңгыча тигинин иниси боз үйгө кирип келет шашып:

– Өмүраалы ата, тиги Боз-Бешиктин белинен бир топ атчандар чыгып, туура эле биз жакка келе жатышат, – анталаңдап башкарманы карайт.

– Мындай кыл! – өңү өзгөрүлө түшүп бир азга ойлоно түштү да, – эттерди чий менен калап сал да, кошуналардын балдарын чакырт бат биякка, бирден

таяк колдорунда болсун, буйрукту катуу берди. Заматта башкарманын көрсөтмөлөрү так аткарылып, балдар даяр болушту.

– Тиги кишилер жакындаганда, «энекем о-ой» деп өкүрүп калгыла, – дейт башкарма.

– Эй, баланча, – баланын апасына кайрылып, ууру кылганды билесиңер, атаңдын кана оозун урайындар, эми кир боз үйгө илгерки  өтүп кеткен чоң энеңди эстеп кошок кош, же болбосо, сени да, балаңды да айдатып ийем, – ызырынат. Апасы эмне кылсын бөйпөңдөп, кемселин кийип, бир колуна төшөнчүсүн кармап үйгө кирип кетет. Эми силер тиги атчандар жакындаганда үн чыгаргыла, өзү обочороок барып «эл отурсун» делинип даярдалган карагайлардын бирөөсүнө барып көчүк басты. Аңгыча төрт атчан келип калышты. Баары эле тааныш, тиги ылдыйкы айылдын тургундары. Алдыда Урбаш, ошол колхоздун башкармасы – Өмүраалынын досу. Үй тигилип калганын көрүп чочуп кетишти окшойт. Алар да өкүрүп келип түшүп калышты. Аттарын алып балдар ары жакка мамыга байламак болуп калышканда: «Кой, биздин иштер бар эле» – деп келип Өмүраалыга салам беришип:

– Эмне болду, Өмүке?

– Айлыбызда бир жалгыз, көрөөр-багаары жок байбиче бар эле. Ошо киши каза болду кечээ, ыйманы саламат болгурдуку.

– Кой, анда биз бастырдык. Байбиченин жаткан жери жайлуу болсун, эми эмне дейбиз.

– Жөн-жай элеби?

– Түндө баягы баланчанын уюн кепесинен жетелеп кетиптир. Ушундайлар көбөйүп кетти, бир биргелешип иш жасасак болот эле.

– Ой, аны азыр чечишмек белек, көрүп турбайсыңбы кийин сүйлөшөбүз.

– Уурулардын изи ушул силер тарапка кетиптир, сен да бир иликтешип койчу.

– Макул. Өмүраалы сыр билгизбей кала берет...

## Өмүраалы чакырык

Элүүнчү жылдардын аягы. Эл кичине тирдигип калган учур. Өмүраалы башкармага сугатчы жигит кирип калат.

– Э-э, Өмүке, бир кеңеш бериңиз. Баягы кара күрпөң семириптир деп, активдердин[1] баары эле көз артып, эми качан соёсуң дешип жадатып ийишти. Козум көзгө көрүнгөндөн баштап эле атымды аташпай, качан конокко чакырасың, атка кондум. Көңүлдөрүн калтырбай, буюрса, чакырам, чакырам деп кутулам да ойлонуп калам. Санап көрсөм, ондон ашык киши экен, кимисине жеткирем? – Күлөт. Анда Өмүраалы башкарма:

– Кам санаба, сой, сойчу козуңду, чакыртчуңду чакыра бер. Анан сырлуу кытмыр жүзү менен жигитке кайрылат.

– Эл аягы басылгандан кийин, жатаарга жакын балаңды атка мингиз да, жаныңды койбой жүргөндөрдүн үйлөрүн кыдыртып, «тамак ичип кеткиле биздикинен» – деп терезеден бат айтып, «ой сен кимсиң, каякка чакырып атасың» – дегиче уулуң андан ары атын чапкан бойдон кетсин калгандарын көздөй.

Бир күнү Өмүкө айткандай кылып эл чакырат. Эртеси колхоздун конторасынын алдында чогулган эл ошол «түнкү сырлуу чакыруу» жөнүндө кеп салып, кимдики чакырганын анык биле алышпай өз-ара кужу-кужу.

[1] активдердин - айылдык кызматкерлер.

– «Ой сени да чакырдыбы», – деген эле киши. Аны кээ бирөө көз көрүнчүгө жоруп жатышат.

«Чакыргандар» биринен сала бири:

– Терезени такылдатканынан, жатып алдык эле. Ким экен деп ыштан-көйнөкчөн тышка чыга калсам, эч ким көрүнбөйт, – дешкендери да бар.

– Ботом, мурун-кийин айтылбаса, жатып да алсам, кайда бармак элем, – дегени да бар. Көп кыйнабай сугатчы жигит:

– Ой, мен чакырткам. Атаңдын оозун урайын, баланын иши чала экенин азыр билип атпаймынбы. Уулумду силерге чаптырттым эле, баягы силердин тамагыңарды берип кутулайын дегем. Эмне кылам, бирөөң кырды кыдырып, бирөөң сырды сыдырып жүрсөңөр, эрте айталбай калдым, бирок чыкырганым анык, – билмексенге салды.

– Ой, баланча, мындай деле эмес элең, сени кудай урдубу, пейилиң бузулганбы?

– Жүр, калыска башкармага киребиз, – дешип омуроолошот «оозунан алдырып ийишкендер». Ичинен жым дей түшөт сугатчы. «Болуптур» – деп Өмүраалыга киришет. Анда Өмүкө:

– Ой, кудайды карасаңар боло, «уурусу күч болсо ээсин күнөөгө жыгат» дегендей. Сугатчы досуңарбы-ы, теңтушуңарбы-ы, аны билбейт экемин, козу соёмун дегенин мурун эле угуп, билип жүрсөңөр керек. Бул бечара козусун союп чакыртса, бириң да келбей коюпсуңар. Силердин жакындыгыңар ушубу? Мунуңар аз келгенсип келекелеп, шылдыңдап, дагы бирди сой дегениңер кудайга жакпаган жорук. Башкарма «жүйөөлү» оюн айтат. Бирөө да Өмүраалыга туура, же туура эмес деп сөз айталбай чыгып баратканда: – Эми болоору болуптур, булар жанакындай жалган жерден сага

«доо» койгонунун кинесин кийин тартышат. Кэчээ сойгон козуңдун этин тиги кызыл бурчка[1] тартып, тамагыңды бер. Жо-ок, азыр эле күнөөмдү тартам дегендердин оюна кой, дүкөн жакын турат – деп сугатчыга ишаарат кылат...

Ошондон кийин айылда «Өмүраалы чакырык» деген сөз азыркыга дейре төл сөз болуп калыптыр айылдаштарында. Бул бүдөмүк чакырык деген маанини берет имиш.

## Сый чучук

Ыбырай – Өмүраалынын теңтушу. Өзүнүн айлында акылы тетик, тамашакөй, оозунда сөзү бар, кеп келгенде карайлап сөз таппай калгандардан эмес экен. Бир курдай Өмүраалы башкарма бир иштер менен Ыбрайдыкына кирип калат.

– О-о, Өмүкө, жакшы адам тамактын үстүнөн, жаман адам ушактын үстүнөн дегендей, согум союп, буркан-шаркан болуп жаттык эле, кел, келегой. Ой, балдар, атаңдын атын алгыла, – балдарына кайрылды баягы бажактаган мүнөздө. – Согумдун этинен ооз тийип кет, машаяк ишиң болсо да, акыркы күндөрү башбакмайлар азайып кетти, же мен тууралуу ушак уктуңбу? – Асыла да кетти. Достордун кучунаштары ашынып барып токтоду. Сагынышып да калыптыр. Эт бышкыча, «эл» оюну болуп калган «бетикалдыны» чабышты. Оюндун кызыгына кирип, адаттарынча «кызыл чеке» да боло калышат. Тамак да алдыга келди. Жөн отурбай өткөн-кеткенди айтышып, кез-кези менен кыраан каткырык салып көңүлдүү отурушту достор. Тамакты жеп ырахматын айтып аттанар кезде:

[1] кызыл бурч - жыйналыш өтүүчү бөлмө.

– Өмүкө, мобу бир салым этти аз көрбөй ала кет. Бул көңүл. Байбичең ооз тийип койсун. Кой десе болбой Өмүраалынын канжыгасына баштыкчаны байлап коёт. Көңүлү көтөрүңкү болуп кош айтышып жөнөп кетет башкарма. Үйүнө келип баштыкты аялына берип, Ыбырайды бир топ мактайт, анын адамгерчилик сапатын айтып. Бир-эки күндөн кийин байбичеси:

– Абышка, Ыбырай берген эттен салайынбы? – деп сурап калат аялы.

– Эмнеси бар экен?

– Бир чучугу, анан бир салым эт.

– Чучугун алып кой, жаш бээники эмеспи, көпкө чыдайт, бир уяттуу коноктор келгенде салаарсың, – деп коёт башкарма. Ал күнү Өмүрбек аялы экөө Ыбырайдын берген этин ырахаттанып тоё жешип, бата беришет Ыбырайга.

Бир жума өтпөй башкарманын кайнатасы конокко келип калат алыстан. Конок камын кылышат.

– Атама тамак салып кой, баягы Ыбырайдын чучугун кошуп, – деп аялына айтып кетет. Башкарма жумуштарын бүтүрүп, эт бышаарга жакын келет. Колду жууп, тамакка отурушат. Өмүрбек этти устакандап чучукту кайынатасына жылдыра берет. Ал киши алдыга келген чучукту узунунан тиле баштайт. Көзүңө жамандыкты көрсөтпөсүн, чучуктун ичинен кесим-кесим өпкө, тилкеленген көк боор, узатасынан кесилген карын, мунусу аз келгенсип жумшак бышкан соройгон жылкынын кулагы чыкпаспы. «Ок, энеңдрайн, келжирек» деген сөз оозунан кандай чыгып кеткенин билбей калды башкарма...

## МОМУНДУК

Бул жеке оюм. «Момундун ишин теңир мактайт», тескеринче, «Жооштун бир аты – жаман» деген ача ойлор айтылып жүрөт. Кимиси туура, кимиси чын, муну аныкташ жеңилдикке турбайт окшойт.

### Дөөтүнүн кыштоосу

Илгери Дөөтү деген киши бирин-экин малы менен жайлаган жайлоосунда эле калып калчу экен жакага көчпөй. Өзү болсо момундардын момуну болуптур. Кышында буюктурган Теңиртоонун ызгарлуу суугуна боз үй менен туруштук берип, тобекелге салып жашаш оңойчулукка турбайт. Жеринин шартын жакшы билип, оокатын тың жасаган адам экен. Кыш узак болгондуктан, ал жерге чыдаш деле бир өзүнчө тозок болсо керек. Эптеп ала-шалбырттын башталышын күтүүчү экен. Мунун бир белгиси ушул экен, бет маңдай баткалаш тоонун бетинде, борчук ташка бир куш келип кончу. Ошол мезгилде ылдый кыштоо жакка көчүүгө даярданып калышчу экен. Жолдогу тайгак-кечүү, тар капчыгайлар болсо адамдын жашын сурап койчудай шарттарды түзөт. Буга тыкан даярдык болбосо, жолдо мерт болуп калыш да ажеп эмес. Экинчисинен, бул шартта жашоо кимиси болбосун жадатып да ийет. Бул жолкуда Дөөтүнүн эки тестиер кызы эртерээк жакага барыштын амалын табышат имиш. Сүйлөшүп алышат да, ошол борчукка уйдун кыгынан баягы келгин кушка окшоштуруп, аны чочойтуп отургузуп коюшат.

– Ата, баягы куш келиптир, караңызчы ташка конуп олтурат - деп кыздары экөө эки жагынан чыгышат.

– Омей, убакыт болуп калган турбайбы, эмесе даярданалы – деп Момун атасы көчкөнгө даярданып калат. Көп узабай көчтү баштап кыялай-кыялай жол тартышып, балдардын сөзүнө кирип көчүп калышат. Бирок табийгаттын кышкы татаал шарты Дөөтүнү аяган жок, момундугунун азабынан ак кар, көк музга кептелип, малдан ажырады, бир кызынан айрылды учуруп ийип, өлбөстүн азабынан боз үйдүн уук-керегесин жагат. Ошентип алда-жалда менен айлына келет кайгылуу муң менен момун.

## Момунчулуктун да чеги бар да...

Түкө күлүк аталып калган быштысын токуп, Кочкордогу досуна жол тартат конокко. Ат-Башыдан эрте чыгып, Кызыл-Белдин түшө калышында ат чалдырып турса, аркы коктудан бир атчан жигит чыгат. Чогуу эрмектешип бастыралы деген ойдо аны күтүп калат. Жакын келип жигит салам айтып, атынан түшө калып, Түкө менен жылуу учурашат. Жылдыздуу бала экен деп ичинен ойлоп коёт.

– Э алдыңа кетейин, каякка жол тарттың? – деп Түкө жигитти сөзгө тартты.

– Нарынга, байкемдикине бир иш менен бараттым эле, а сиз каякка, – дейт суроолуу карап.

– Ка-ап, бул эле жерге барат турбайсыңбы? Алыс барсаң, атаганат, эрмек болуп барбайт белең, – деп Түкө чындап эле кейип калды.

– Кочкорго досумкуна конокко бараттым эле, – деп аттанып жатып. Быштынын күлүктүгүн жигит байкап:

– Мингениңиз кунанбы, же быштыбы, эмнеси болсо да мунуңузда, байке, бирдеме бар окшойт, – деп тунжурап калды.

– Менин жашымда кунан миниш туура эмес. Азамат, кайдан билдиң? Түкө  акыл-эстүү адам менен сапарлаш болгонуна ыраазы болуп.

– Көрүнүп эле турбайбы. Жигит сырлуу жылмайып койду.

Билдирмекке анда-санда теминип коёт. Анысы ойноктоп,  капталдап мант берип калат кулактарын тикчийте. Жигит мындай жаныбарды биринчи көрүп жаткандай таң кала карайт. Каяктан, эмне байге алганын айтып мактана да кетти. Жигитке ыраазы болду, анын кунанына жеткиликтүү баа бергенине. Антип-минткиче бат эле Нарынга кирип келишти.

– Байкемдин кайындары Кочкордун Семиз-Белинде турушат. Кудалар жакшы кишилер, малдуу-жандуу, –  жигит кеп улады.

– Өгүнү туугандарды чакырганынан барганбыз. Кудалардын айлынан бир кызды жактырып калгам. Жеңем эле болбойт, жолдун алыстыгына карабай тез каттап тур. Нике кайып болсо, алып каларсың, молдо бала, жакшы кишилердин тукуму деп. Барсам эле ушинтип мага асыла берет жеңем, – деп мурутун сылап койду.

– Ой, сен негизи эстүү жигит экенсиң. Балким, ошондон бак берет. Тездет, мурдуңду урайын ... Атың ким эле... ? Атаңдын оозун чычайын, - деп Түкө айлындагы балдарга сүйлөгөн көнүмүш тамаша сөзүн сүйлөй бажактайт. – Ой, буюрса, мунуңа мен деле кол кабыш кылам» – деп жигитке шыкак берет. Ал жерде досум бар. Балким, тууган да болуп кетебиз – чын дили менен кобурай кетти. Жигит да сапарлашына ыраазы болгонсуп, корс-корс күлөт.  Анысы Түкөмө майдай жагып келе атты.

– Жүрү, аттын башын тарт, Кочкорго кеттик. Мен айткан досумкуна конокко барабыз. Анын сени менен

курлаш баласы бар, кошуп беребиз, күйөөлөп келесиң. Урушта туруш жок, кеттик, эгер ошол кызга чындап эле көңүлүң бар болсо, – деп, маселени Түкөм кабыргасынан койду.

– Эмне, туура айтып жатасыз, айтса – айтпаса төгүнбү. Кой эмесе, сиз Кызыл-Оозго жетип күтүп туруңуз, мен Нарындагы байкемдикине барып ишти бүтүрүп, жеңеме айтып коюп келе берем, – дейт жигит.

Ошентип алар шарттaшышкан жерлеринде чоң шашкеде жолугушуп, Кочкорду карай аттанышат. Анткени менен жигит сөзгө кичине сараңыраак экен. Жолдош таап алганына Түкөм сүйүнүп, шеригин эриктирбей, уккан-билгендерин кобурап берип, үзөңгү-улаш бастырып олтуруп, Долондон кандай өткөндөрүн да билбей калышат. Кез-кезде тигил жигит Алдар-Көсөнүн жоруктарынан айтып берип, Түкөмдү күлдүрүп келатты. Сары-Булакка жетишип, аттарын чидерлеп коюшуп, ээр-токумдарын жазданып, куш уйкуга киришет. Эртең менен аттанып кетишет. Жанында тиги жигиттин болгону, ага бир топ эле бел, караан болуп бергенине ичинен сүйүнөт. Ошентип Кочкорго кирип келишет. Досунукуна токтошот. Кечинде аттарды аркандап келем деп, Түкөмдүн шериги эки атты алып коктуга кирет.

Досу экөө ушундай сагынышып калган экен, чоң сөзгө кирип кетишет. Аңгыча эт бышты деп калышат.

– Ой, тиги менин иним кайда, чакыргыла тамакка, – деп Түкө үйдөгүлөргө ишаарат кылып.

– Каякка кетти конок жигит?

– Ой, тыштан карагылачы, – деп үй ээси балдарына карады.

Балдары ат аркандалчу жер эмес, андан да алыс барып келишти. Балекеттин да түбү жок...

Түкөмдүн шаабайы сууй түшөт. Эртеси да жок тиги. Ошондо араң билди алданып калганын. Элүү жашка чыкканы мындай кордукту көргөн – билген да эмес. Бирок дагы да болсо, буга ишенбейт. Эмне кылат, досу берген атка минип келиптир. Үйүнө жакындап калганда аялы көрүп утурлай чыгат.

– Ой, байбиче, ат келдиби? – дептир, салам-алигин айтпай туруп... Эх, момун болбосоң өлө кал.

Кийин өзүнө келип: «Жолдо жомок кылган Алдаркөсө эмес эле, бооруңа жара чыккыр, өзүнүн жоруктарын айтып мени келекелеген турбайбы. Анан деле Алдаркөсөнүн кылыгына ыкшып күлгөнүмчү. Карап тур деген экен да. Ай, мени бир сабар киши жок» - деп тим болуптур момун Түкө.

## Аманат

Илгери тоолук кыргыздар тышкы кийимдери түзүк болгону менен кездемелердин тартыштыгынан ички кийимдерден «жуташчу» турбайбы. Колунан келгендери соодагерлерден сатып алышса, ал эми жалпы эл катмары буга аябагандай эле муктаж тура.

... Бекболот аксакал айылдан чыккан бир момун экен. Бир курдай байбичеси:

– Э, байым, малга чыгаарыңда ыштан-көйнөгүңдү чечип кет, жууп коёюн. Бир иштер менен алаксып калып байбичесинин айтканын унутуп, жайыттагы малына аттанып кетет. Жолдо эстейт экен. «О кокуй, ички кийимдерди чечпей чыккан турбаймынбы, апенди жаным». Кайрылайын десе, бая эле кыядан өтүп калган экен. Арасы бир топ болсо керек. Беймаза болуп келатса, алдынан бир жаш жигит чыгат. Караса, чоочун көрүнөт. Саламынын алигин алып: «Уулум,

бир нерсе байбичеме берип ийин, ала бар», Бала макул болот. Арыраак майда бадалдардын арасына барып, ыштан-көйнөгүн чечип баланын колуна берет. Аксакалдын үйү так жолдун таманында экен, адашчу деле жер эмес. Жалынып-жалбарып, батасын берип кала берет. Жигит анысын канжыгасына байлап алып: «Ата, беймаза болбоңуз, аманатты кантип бербей коёюн,» – деп аттанып кетет.

Күүгүмдө Бекболот аксакал үйүнө келип көнүмүш болуп калган чарбасы менен алек болуп калат. Жат-жатка келгенде:

– Э байым, ыштан-көйнөгүңдү унутуп таштабай кетипсиң. Бүгүн бир кир-гок жууйун дедим эле.

– Жинди го, бир жигиттен берип ийбедим беле, алып келген жокпу? – байбичесин таң калуу менен карап...

Ошентип, аксакал момундугунан болгон жалгыз ич кийминен ажырап, байбичесинен тил угуптур.

## Кылгыртпаган куйрук май

Өткөн кылымдын башы. Экинарындык[1] бир аксакал Көтмалдыга[2] келет кудасына учурашканы. Ал кезде аттан башка унаа жок. Бир өргүп келет, жакшы ат болсо. Конок болуп, эки күн түнөп, үйүнө кайтат. Ал киши да бир кудай момундардын бирөө экен. Кошуна-колоңдору келишет экен аксакалдын көргөн-билгендерин өз оозунан укканы. Бул өзүнчө бир чоң жаңылык да тоолуктарга.

Каада-салттары кадимки эле биздей экен, – деп сөз баштады аксакал. – Ой, ой бул көлдүк туугандар орустар менен кадимкидей туугандашып калышыптыр.

[1] өрөөндүн бир айылы

[2] азыркы Балыкчы шаары

Орусуң деле жаман эмес эл экен. Алардын бир топ жакшы нерселерин үйрөнүшүптүр. Мунуң жакшы эле болот тура. Жердин, дыйканчылыктын пайдасын көрүп жатышкан убагы экен. Ал го ал, бөлөгүн айтайын, – дейт да угуп отургандарга карап башын чайкай, – бул бир кызык. ...Дасторконго бир маалда койдун кылкылдаган куйругун муштумдай, муштумдай кылып кесип, чоң жыгач чарага алдыбызга тартты. Мага кошуп чакырган коногу менден башка экөө. Башында аярлап жеп көрсөм, даамдуу, жүрөккө тийбечүдөй көрүнөт. Кызыгып ала берип, ала берип баягыларды чаранын капортосуна дейре түшүрсөм болобу жалгыз өзүм. «Ал» деп коюшат – шап этип сугунуп коём. Ойлойм, мени сынашып жатышабы деп. Байкалбайт эч нерсе. «Ээ, кудай, балдарыма эмес, башыма эле көрүнсө экен», – деп коём ичимен. Биз бул жерде бир кесим куйрук жегенден кийин кылгырып беймаза болобуз го, жүрөккө тийип. «Муке, алардын койлору биздикиндей тоо башындагы чөптү жешпейт, ошон үчүн сойгон малдарынын майларынын даамы жок супсак болот», - деди кошунасы билимдүүлүгүн көрсөтө бак-бак этип. Дагы бир топ кызыктарды айтып берди Муканбет.

Аксакал жеген «куйруктун» аныктыгын аркы жылы кызы төркүлөп келгенде билет. Көрсө, Теңир-Тоолук аксакал картөшкөнү куйрук деп алмаштырып алыптыр.

# *ЫСЫК-АТА КУРОРТУ*

Чыгынып туруп ден-соолукка бир көз салып коёюн деп, Ысык-Ата курортуна барып калдым. Орус тууган-дардын «бабье лето» деп койгон бир жанга жагымдуу убагы. Күз айлана-чөйрөнү өзүнө ылайыктап өзгөртүп, аптаптын ысыгынан жадай түшкөн адамдын денесине сергите коңур жел үйлөп турган мезгил. Бишкектен түшкөн маршруткабыз консерванын банкасына балык-тарды кандай тыкшырса, дал ошондой. Буту-колуң бир жакта, сомкең бир жакта, чекеден кеткен териңди ал-дыдагы кишинин ийнине сүртүп коюп келатабыз. Ма-шинанын ичи үп, ысык. Тер аралашкан, колоңсо жыт кичине көңүлүңдү айнытпаса, түзүк эле. Орун алган кишилер терезеден табияттын сулуулугуна маашыр бо-луп келатса, ортодо какайып тикебизден тик туруп биз келатабыз. – «Терезени ачпаңыз, сквозняк урат» – деп алдыдагы сылаңкороз аял терезелерди ачтыртбай кой-ду. «Курортко барганыбыз кайсыл, анан суук тийди-рип алганыбыз кайсыл. – Өзүнчө шыңкылдап күлүп коёт бир маанилүү кеп айтып аткансып. Кудай жалгап жеттик окшойт. Машинадан түшүп керимсел тоонун абасын кере-кере жутканда, жол азабы заматта унуту-луп калды.

Ошентип, эңсеген курортко да келдик. Эки тоо-нун арасында жайлашкан эс алуу санаториясы өзүнчө бир кичинекей эски шаарчадай көрүндү көзүмө. Баш аягы бир кылымды чапчыган бул курорт бир купуя

сыр сактагандай. Эски стилде салынган жатаканалар улай-улай кыркаар тартып тизилишет. Алардын мезгилинде салынган оймо-чиймелер менен коооздолгон жасалгалар, эшик-терезелер улам-улам сырдала берип балыктын жон терисиндей кат-кат болуп кетиптир. Жылуу суу кетип аткан түтүктөрдүн үстүнө карагайларга тарткан зымдарга конгон чабалекейлерге окшоп кырка тизилген апалар менен эжелер, өткөн кеткендерди сынга алышып (күз айы). Кайда барсаң, теректин тамырындай тарашкан түтүктөрдү көрөсүң. Бул өзүнчө бир инженердик система экен.

Бул жерде адамдардын ден-соолугун түзөтүп, дабагерлик кылып жатышкан чакан медицина жамааты өзгөчө. Адамдары негедир байкагыч, кишиге жасаган мамилелери түзүк. Тамашөкөйлөр четинен эле чыгат дебейин, бирок алардын саны арбынраакпы деп калдым. Шайырлар менен укма-куйма кулактар бар. Анын үстүнө келип кеткендер көп да, булардан угушат. Алардын ичинде тил өнөрүнө конок бергендер аз эмес, айтып отурушса. Бир чети адамдардын мындай калыптанышына ущул жердин сыйкырлуу табийгаты демөөрлөгөнбү айтор, бул жердегилер башкача. Деги эле бул курорттон байкаган ажайып айкалышкан көрүнүштөр аңгеме жазууга мажбурлады. Болгон окуяларды алардын өз оозунан уккам.

## Курорт аскиялары

Минералдашкан баткагы десекпи, же ылайы дейбизби, ошол процедураны алганга кезек күтүп, узатасынан коюлган отургучка эркек-ургаачы дебей кезек күтүп кырка отурушат.

Бир аксакал келе калып эле: «Шашылыш болуп калды, бир жакка тез аранын ичинде барышым керек

эле, айланайындар, кичүү да экенсиздер, мага уруксат берсеңиздер», – деп калат. Айтса, иши жүйөөлү экен. Уруксат беришет кезек күтүп отурушкандар. Батасын берип, аксакал алдыңкы орунга көчүк басат. Оор басырыктуу, узун бойлуу, чымыр денелүү бакжайган киши. Аңгыча шыңга бойлуу орус келин чыгат ичтен. Аксакал кирип кетет. Он-он беш мүнөт өтпөй, баягы орус келин келип, бир нерсесин унутса керек, ваннага кирип кетип бат эле чыга калат, өзүнчө капа болуп кабагын түйүп: «бессовестный бабай» – деп күбүрөп-шыбырап пансионатты карай кетиптир. Отургандар таң болуп эле калышыптыр буга. Кийин процедура жасачу аял боору эзилгиче күлүп, бизге мына мобуларды айтып берип жатпайбы.

Көрсө орус келин колготкиси менен кара көз айнегин унутуп кетиптир, ваннанын кире бериш бөлмөсүнө. Ал жердеги кызмат кылган аял деле байкабайт аны. Келин кирип калат, эч нерседен оюу жок буюмдарын алганы. Таш балекеттин түбү да жок, чечинген жеринде. Булоолонгон күңүрт баскан бөлмөнүн төрүндө аксакал тапчанда жаткан имиш калдайып. Ылдый жагында чала-була айрылып кеткенче кере тартып кийген келиндин кара колготкасы. Көзүндө чекчейе тартылган келиндин кара көз айнеги ...

... Дагы бир эс алуучу жаш келин процедура алчу бөлмөгө алтын саатын унутуп чыгып кетиптир. Буюм унутуштун да бир жөнү бар экен. Процедуранын убакыты бүткөндө аны-мунуңа карабайт экен, бат бошотуп бериш керек. Мындай шарт шашма адамды карбаластаттырып, саат эмес, андан башкасын да унутуп кетчүдөйсүң. Келинден кийин бир аксакал кирип кетиптир. Унуткан буюмун алганы беш-он минөттөн кийин келип, кабинанын эшигин түртсө, эшик ачык

экен. Баш бакса, ваннада аксакал жатат дейт суналып. Колдо алтын саат. Тиктегени сааттын жебелери. Эшик ачылганын угуп, кылчайбай туруп: «Али эрте, 4 мүнөт бар, эшикти жаап кой, кимиң болсо да» жактырбагандай үн салат имиш, аксакал...

... Бир эс алуучу аксакал процедурага келет. Ваннага кирип чечинет. Илгичте жука ич кийим (рейтузы) илинип туруптур дейт. Аны кийет. Бурчта бир бөтөлкө кефир турат имиш, аны ичет да, ысык ваннага түшөт. Көрсө, аксакал кефирди ичсин, анан рейтузаны кийип, ваннага түшсүн деген эреже болсо керек деп ойлоптур. Ошентип, ээси, ички кийими менен түштө ичейин деген бир бөтөлкө айранынан айрылыптыр.

### «Елки-палки» болбосоң өлө кал ай

Бишкектеги кызы айылдагы апасына телефон чалыптыр сүйүнүчү койнуна батпай. Жаңы эле эки бөлмөлүү үй сатып алышыптыр. Аны апасына сүйүнчүлөп, тез келип калышын өтүнөт. Ал киши эртеси маршрутный такси менен Бишкекке кандай келип калганын да билбей калат. Борбор калаадан там алыш бир топ мээнетти талап кылат эмеспи. Кызы кайсыл жерге келишти тактап айтып бериптир. Сүйүнүчтү эми айтпа. Кызынын айтуусунда вокзалдан түшүп эле, шаардык таксилер турган жерге келсе, алар заматта атаган жерге жеткирет экен. Бараар жери жетинчи кичи район, «Елки-палки»[1] кафесинин эле оң колтугунда үч этаж там. Машинеден түшүп таксилердин бирөөнө барса, бир орус жигит жайдары мүнөздө тосуп алып, шаарды аралап көздөгөн жакка зуу коёт. Микрорайонго келгенде, «а куда именно довести», – деп таксист клиентине кайрылат. Сүйүнүчтөн уйгу-туйгу болуп атып

[1] Бишкекте ушундай аттагы кафе болгону чындык.

аял кафенин атын дароо унутуп калбаспы. Мына анан кейигенди айт. Бир заматта заманасы куурула түшөт. Бечара аял алактап калат оозунан Алласы түшүп, эмне айтаарын билбей. Шашкалактап «сейчас» деп айта салып, апа кыжалаттыкка кайра түшөт. Ары ойлонот, бери ойлонот, башка түшпөйт. Бир гана эсинде калганы орустардын сөгүнгөн сөзү эле, каапырлар, борбор калаага дагы ушундай да ат коюшабы деп ойлоп койгон жаңы укканда. Шофер дагы бир сураганда ушундай чыңалууга келип, шашып кетип – кафе... «ё... тв... мать» деп шашып бат-бат айтып ийет. Тиги таксистин эргүүлү түшүп, аңырая карайт. Аны көрүп, бир балекетти айтымбы – деп заманасы куурулуп кетет. Ошондонбу, кафенин аты шак эсине келе калат заматта, кафе, кафе... и-ии баса, «Елки-палки» эмес беле, деп бир сүйүнүч менен «шаңк» эттирип айтып ийип, жеңилдене түшөт өх дегенсип. Шоферго эми жетти окшойт, аялдын жаңылышы, каткырып ийиптир. Өзү да күлүп, кечирим сурап көздөгөн жерине түшүп калыптыр.

Бир жолу бул анекдотту дагы бир жакын курбусуна айтып берип, бир топ күлдүрүптүр. Буга шыктанган курбусу анекдот ээсине телефон чалат дейт дагы бир күнү, баягы анекдотуңду досторума айтып күлдүрөйүн. Кафенин атын унутуп калыпмын, аты «сволуч» беле же... – деп сураган имиш.

## «ЧЫЧКАНДАГЫ» ЧЫЧКЫЛЫК

Оштон Бишкек тарапка бир такси толо жүргүнчүлөр келе аткан имиш. Жол алыс. Айдоочу бир топ такшалган жигит окшойт, жол жүрүшүнө караганда. Жүргүнчүлөр мемиреп айланага көз чаптырып келатышат дейт. Музыканы коюп көңүлдөрүн көтөрүп, өзү да анда-санда ырдап коюп, эрмек болот. Буга ыраазы болушуп шоферду кез-кези менен мактап да коюшат. Кыскасы «экипаж» тандап алгандай болуп чыгат, ортосунда бирөө болбогондо. Ал кишинин залалы деле жок, бир гана уктап кеткенде катуу коңурук салганы эле болбосо. Жөнөп атканда достору жакшы узатышкан болот. Өзү кадыр-барктуу киши көрүнөт, кийингени менен узаткан адамдарына караганда. Улам-улам баш көтөрүп, айлана-чөйрөнү карап коюп, «кечирип койгула» деп эч нерсе кылбаса деле кечирим сурап коёт отургандардан. Сыягы ушул жолду биринчи көрүп жаткандай сезилет. Таксист эрте жетүүгө тырышып ылдамдыкта баратат. Бир маалда тигил киши:

–Тамак ичкенге токтосоң», – шоферго кайрылат сылык.

– Аксакал «Чычкандан»[1] кийин баары болот, кичине чыдагыла аз калды. «Болуптур», – дегенсип кайрадан көшүлүп кетет. Бир далайдан кийин дагы баягы суроосу менен кайрылат, уйкудан ойгонуп. Бул жолкуда клиенттин талабы күчтүүрөөк коюлат. Айдоочудан баягындай эле:

– Чычкандан кийин бир жакшы жерге барып тамак, андан башкасы болсо анысын да кылабыз, – деп тигинин тамагы кургап турганын сезип жооткотуп койду. Бул жолкуда чыдабады окшойт:

– Эмне тамакты чычкандан кийин эмес, чычканга дейре ичсе, кураныңыз сынабы... – дептир.

[1] Чычкан – жердин аты

## ЭЛЕТТИК АКСАКАЛДЫН ТАМАШАСЫ

...Бир «уча-табакта» отурабыз шаардан келген коноктор менен айыл аксакалдары бир болуп. Бир карыя кеби менен күлдүрдү. Туруш-турпаты баягы жомоктогу эле Меке чал. Оозунда сөзү бар. Айылдаштарына көнүмүш болгон, кежигени тырыштырган куйкумдуу тамашасын бизге тартуулап, көңүлдүү отурабыз. Орто жерден чыга калышып, жажылдашып, тиги кишиге сөз бербей, шааниси келишсе, келишпесе да ал кишинин кебине тийиштик жасап отургандар да бар. Кыргызга чара толо эт келсе, оозунда кеби жогунун дагы жарпы жазылып, чечекейи чеч болуп, айтаар сөзү өтсө-өтпөсө да уруп калат эмеспи. Аркы-берки сөз болуп жатат. Кыргыз кийинчерээк саясат жагынан тим эле алдыга киши салдырбай калбадыкпы. Билип-билбеген маанайда сөз чыгып атат. «Жөн отургуча айранга талкан көөлөп отуралы» дешип тээ чоң саясаттан башташып калышты тамак келгиче. Мен элет жериндеги адамдардын бака-шакасын уга элегиме көп жыл болду эле, буга кулак төшөп угуп атам кумарлануу менен. Учур-учуру менен дуу этип күлүп калабыз. Арабыздан бир шаарлык орто ой жүгүртүү жөндөмү бар киши тыңсынгансып кез-кези менен сүйлөгөндөрдү «ирээтке» салымыш болуп олтурду. Бир маалда туруп мындай деп калды «интеллигент» жигит:

– Биздин ажо жакын арада Орто-Азия мамлекеттеринин президенттерин чогултуп атат имиш Бишкекке. Баягы аксакал кептин аягын чыдап уккусу келген да жок. Тырчый түштү окшойт, шарт сөзүн бөлүп:

– Эмне ажо «көзүңөрдү ачып жүргүлө, кошуналар, болбосо, менин четинден союлум бар» деп коркутат бекен...

*Сентябрь 2005-жыл.*

## ЖАКШЫНЫН ШАРАПАТЫ

Дамир бир барпаландаса, тим элеби чаңын сапырып иет. Ак көңүлү менен жасаган мамилеге анан деле эби жок эрийт. Тырышмайы да бар болбогон жерден. Анткени менен кишиге жамандыгы жок, шамшаркыт иш жасагандан алыс. Жакшылык кылса, өзүнчө култуңдап көңүлү көтөрүлөт. Эңкейгенге эңкеет, төбөсү жерге тийгиче, а эми чыртыйганга болсо өзүлөрүнө жараша эле мамиле  кылат, ма демектен чаап алса да. Жарашса, жарашпаса да, түз жүргөнгө аракеттенет. Куудулдук да жагы бар. Дамир мырза мага бир башынан өткөргөн  окуяларын айтып берди эригип отурганда. Сөзүн минтип баштады:

«Совет доорунда жашап, окуган окууларым түзүк болуп, дээримде барбы деп калдым, ар кайсыл советтик-партия жумушуна иштедим жашыман. Мезгилге карата иш болду. Жалындуу комсомол болуп да күйүп көрдүм. Институтту бүтүргөндөн кийин ишти так аткарган партия кызматкеринин вазийпасын аткарып, андан сыйлыктарды алууга да жетиштим.

...Чүй обулусунун бир алдыңкы районунда, башкы жетекчи болбосом да, маселе чечүүчү жоопту чиновниктик кызматкер болуп иштеп турам. Союз таркайын деп турган учур. Мамлекеттин суверенитети жаңы эле жарыяланды. Бирок эски мамлекеттин структурасы дагы эле өз ишинде. Жаңы түзүлүш кагаз гана жүзүндө. Капитализмге кайсыл ыптабыз менен киребиз деп маң болуп турабыз. Турмуш аны күтчүбү, өз нугу менен агат да. Бирок баягы советчилдик өз ара мамилелер баягындай эле. Кылчактап да турган учур, «ай, эмне болуп кетээр экен», – деп.

Райондун иши да биякка тартсаң, тиякка, тиякка тартсаң биякка жыгылып, эски жоболор алдан

тайып, жаңылары жашап кетээли элдир-селдер болуп турган учур. Маданият кызматкерлерине, спортчуларга, врачтарга, деги эле мамлекеттин алаканын карагандардын, баары болбосо да, көбүнө мүшкүл түштү. Мына-мына турак-жай алам дегендердин үмүттөрү таш капты. Учурунда биздин райондун адамдарына кудай жалгап бир пайдам тийди. Чынды-калпты койгулаштырып туруп, тарыхый мекендерине кетип аткан немистердин тамдарын алып бердик (зордугу жок) кээ бирөөлөрүнө. Антпесе өз көмөчүнө күл тарткандар көбөйүп, эмгек кылгандар далдаада кала баштаган учур эле. Ошолордун ичинде дүйнөгө белгилүү инсан, чебер мүшкер Орзубек Назаров да бар эле.

Кыргызстан өзүнчө түтүн булатканын билишип, туш-туштан кол суна баштаган мамлекеттер да көбөйө баштады. Кошуна Кытай мамлекети биздин суверенитетти таанып, «кошуна тынч, жан тынч» дегендей мамиледе иш жүргүзө башташты. Кылымдардан бери бири-бирин жеришип келген эки эл мээримдүү карашып калышты, натыйжада, карым-катнаштар кеңири жолго коюлганы билине баштады. Көрсө, жакшы эле кошуна турбайбызбы. «Беш кол тең эмес» – дегендей жакшылары тим эле карын бөлөдөй мамиле кылышып, жаналакеттен өтүшүп, чын көңүлдөрү менен досторчо иш кылып киришти. Мындайды көргөндө кыргыз эзилип эле калат эмеспи, коюндагы котур чүкөнү кой-ай деңге болбой ээлигип, ыргытам эле, ыргытам деп.

Бир курдай Улуттук академиядан бизге расмий өтүнүч менен кайрылып калышты. Кайрылуунун мааниси мындай экен: «Биздеги алдыңкы чарба болгон өндүрүш бирикмесинин иштерин Кытай академиясынын окумуштуу адистери көрмөк болушат. Бул жагынан эки жактын кызматташуусу күтүлүптүр». Чынында ал кезде биздин чарбада аш десе, ашты, иш десе

ишти мыктап жасачу күч бар эле, калп айткан менен болобу. Колубузда бар. «Итке мине» элекпиз, кээ бир райондорго караганда. Көп узабай коноктор да келип калышты. Кытайлык окумуштууларга чарбада болгон жетишкендиктерди көрсөттүк. Кетип атышып биздин меймандостугубузду өзгөчө белгилеп кетишти.

Союз жуп үзүлүп кетем деп турганда, акыркы жакшылыктарын көрүп калууга үлгүрдүм. Кыргызстандыктарга деп атайын районубузга чакыруу келип калыптыр бир адамга. «Эл дипломатиясы» деген ат менен мурунку союздун мүчөлөрүнөн өкүлдөр бир чоң топ болуп эки чет мамлекетке барып «советтер дагы эле болсо чогуу» дегенди айкындап, биздин «нерушимый союз на век» деген девиздин бузулбастыгын далил кылып, барган элди «таң» калтырып келишибиз керек экен. Эмне, бекер барып эл көрүп, жер көрүштөн ким качсын. Ошентип, жолго чыктым. Бул жакта күйүп жаткан деле иш жок көзөмөл болчудай. Биздин республикадан жыйырма киши барат имиш. Аттанар күнү «Эл демократиясынын» кыргызстандык өкүлдөрү чогулдук. Арасында академик, инженер, врач, партия кызматкерлери дагы жана башкалары бар. Маршрут Бишкек – Новосибирск – Хабаровск – Токио – Пекин эле.

Самолет менен Хабаровскиге келип түштүк. Андан ары Токиого, Пекинге кеме менен барат экенбиз. Мурунку СССР, андан бөлүнүп чыгып, жаңы ат алып, алган атынын табы сууй элек – Күнкор эмес мамлекеттерден (СНГ) 300 адам чогулуппуз. Кээ бир республикадан өкүлдөр алиге дейре келе элек экен. Аларды күтүүгө туура келди. Убакыт бар 3-4 саатка. Көрбөгөн жер көрүстөн дегендей, алыс кеткен жокпуз. Кичине басып келейин деп бир-эки автобустун аялдамасына

дейре жөө бастым. Башымда ак кыргыз калпак. Бир маалда артымдан бир капитан милиса жете келип:

– Сиз Кыргызстандан эмессизби?

– Ооба.

– Так и знал, – деп орус капитан жигит алтын таап алгансып кудуңдап кадимкидей эле кубана түштү. Мен да буга жетине албай кобураша кеттик. Жигит биздин Канттык экен, армиядан кийин калып иштеп, ушул жерден аял алып, очор-бачар болуп калыптыр. Мына, эзилишкенди көр. Сүйүнүчтүн күчүн алигиден чыгардык. Сен үчүн, мен үчүн, мекенибиз Кыргызстан үчүн деп алып отуруп, убакыт кандай өткөнүн да байкабаппыз. Шашып-бушуп жетип келдик портко. Алигинин саатынан эбак эле группабыз мени күтүп калышыптыр жолго чыкканы. Топко келип кошулдум, кичине алагүүрөк болуп. Колумда пакет, ичинде бөтөлкөнүн башы сороёт. Муну көрүп жаныбыздагылар акырая-чакырая карашат мени. Аны мен этибар да алган жокмун. Эмне чоң кине жасадымбы деп. Алыстагы жердешим менен көрүштүм, аным ырас. Бирок «алагды» болуп атып кичине кечиктим, эмне экен. Андай болсо күйүп-бышпай кете беришпейби, ичимен оолугуп коём, көзүнүн чаары менен карагандарга. Ошентип өбүшүп-жытташып коштошуп кала берди орус жердешим.

Токиого кетерде Канттан Орузбек Назаровдун апасы менден өрүк, жаңгак, дагы бир майда-чүйдөлөрдү берип ийген «ала барып бериңиз» деп өтүнүп. Ал кезде биздин мушкер профессионалдык бокста ат салышып, убактылуу Жапонияда туруп калган эле. Таможняга келип кырка тизилип калдык. Көңүлдүү жүрүш-турушумду бажы кызматкерлери тээ алыстан эле байкашып калышкан экен, бул бир соо адам эмес деген шекилдүү. Текшерүү кезеги мага келди. Мына текшергенди көр.

Жаңгак менен кургатылган өрүктү бириндетип, коробкадан чыгартып изилдей баштады колундагы бир тири шумдуктай болгон аппарат менен. Улам-улам мени карап коёт эмне дээр экен дегенсип. Издеген «көк нар» чыкпады «кудай жалгап». Аягында буюмдарымды колума беришти. Дагы бир топ күттүрүп койдум окшойт жүргүнчүлөрдү. Мени жек көргөн көздөрү менен карашкан эле эл. Анысына карабай, зыңкыя басып, мен да сыр билгизбейм.

Ошентип, жол тарттык кеме менен. Токиого дейре бир далай экен. Бирок билинген жок. Сүйлөсө, эрди-эрдине тийбеген, шакылдаган жашы 40-45 терге келген орус аял биздин массовигибиз[1] экен. Үч жүз адамды эриктирбегендей кылып түзүлгөн планы көңүлүбүзгө толду. Өзүбүз да аралашып жүрдүк, билген өнөрлөрүбүздү көрсөтүп. Ушундай иште иштеп, такшалып калганы көрүнүп турат, бизди дикилдетип ырдатып, бийлеткенине караганда. Ошентип отуруп Токиого да жеттик. Бир-эки күн шаарды аралап экскурсия кылмак болдук. Кандай жүрүштү, эмне кылышты түшүндүрүп беришти. Топ-топ болуп бөлүндүк. Менин жүрөгүмдү өйүгөнү, баягы Орзубектин аманаты. Колуна кандай жол менен тапшырыштын айласын ойлой баштадым. Биздин гидге – татынакай жапон кызына мушкердин телефон номурун берсем, «ит аягын жалагыча» Орзубекти алып бере койбоспу телефондон. Аны менен сүйлөштүм. Бош экен. Эки сааттын ичинде келип калам ордуңуздардан жылбай туруңуз деп эскертти.

– Дагы бир нерсе ойлоп калдыңбы, баспайсызбы чогуу жүрөлү. Бир кыргызды жоготуп ийишиптир Токиодон деп сөзгө сөлтүк болбойлу. Өзүң да кенен басып, кенен ичкенди жакшы көрөт окшойсуң. Бу жерден дагы бир дос таап ала коюп «ак молдого» сугарылып

[1] көңүл көтөрүү программасын алпарган адам

жүргөндө полициянын колуна түшүп калып жүрбө. – Биздин аксакал эжебиз какшык-чыны аралаш айтып калды атайын жаныма басып келип.

– Барам, барам, эже, мен бөлөк топто экенмин, – демиш болуп койдум.

– Бөлөк эл, бөтөн жер, байка иним, – акылын айтып калды. Менден ишенич тайганын сезгем. Эже бир айтып алайын деди окшойт. Мейли деп койдум. Өзүм да ал кишини тик карай албай жүрдүм эле уялып. Кетип атып:

– Шаарга кармалып калып дагы бизди күттүрбөсөң, убагында кечикпей кел, ансыз деле кыргыздын делегациясы тигиндей экен, мындай экен деген сөзгө калтырдың. – Алдын-алган сөзүн айтып ары басты. – Ооба, эже, түшүндүм. Аркы-беркини айтпай тим болуп кала бердим. Жердешимди күттүм. Аңгыча Орзубек келип калды. Машина менен шаарга түштүк. Шаар мындай экен, тигиндей экен, мунусу бар экен, тигиниси бар экен дебей эле коёюн. Көп сүрөттөгөнгө сөздүн чамасы да жетпейт. Токио деген Токио тура. Элинин улуттук маданиятын, тартибин, эмгекчилдигин китептен окуп, кино-телевизордон көрүп жүргөнүбүз бир, ошолордун баарын өз көзүң менен көрүш башка экен. Орзубектин урмат-сыйын көрдүм. Биздин гид[1] менен сүйлөшүп коюптур. Кыргыз мушкери дүйнөгө атагы чыгып аткан кези экен. Сыйын аянган жок иним. Ошондо бир билдим жакшылык жерде калбасын. Үйүндө бир түнөттү, конок кылды. Көрбөгөндү көрсөттү. Эки күндүк сыйлашты толук мойнуна алды. Кетер күнү аябагандай урмат менен узатты. Аягында колума жапон «Хиттачи» магнитофонун карматты. Ал кезде мындай оокатка жетиш оңой эмес эле бизде. Кайкайып келип түшүп калдым жылтылдаган мерседестен. Дагы кечигип ка-

[1] экскурсия башчысы

лыпмын балекет басып. Мени баягы Хабаровскидегидей дагы күтүшүп калышыптыр сурданышып. Биздин жердештерибиз мени тай жеген гана карышкырдай караштры го каапырлар, «сениби, бир сазайыңды колуңа беребиз» дегендей сүр менен.

– Мындай болгондон кийин, элди убара кылбай, өзүң эле путевка алып шашпай эс алсаң болмок экен. – Баягы эже ачуусун ичине катымыш болуп керсее карап тим болду.

– Хабаровскиден эле билгем бул жигиттин «слабосун», – дагы бир врач эже кошумчалады.

– Бул кебетең менен аман-эсен жетпей каласың го-о Бишкекке, – жийиркене карайт академик эже.

– Байкабайсызбы, биз өзүбүзчө болсок, башка эле, бул жерде бүт Союздан кишилер көрүп атпайбы, сиздин жоругуңузду, – деп мистең-мистең этип койду бир партиялык функционер келин.

- Молодцы, где вы, там и ваши друзья, там и подарок, мне бы так, надо же, - деген бир украин жигиттин репликасын да уктум. Ошенткени менен, бирөөнө да каймана сүйлөгөн жокмун. Башты шылкыйтып туруп бердим, тээп алсаң, тээп ал, сүйүп алсаң сүйүп ал дегенсип. Мунум аларга жагып калды окшойт, күңк-мыңктарын токтотушту.

Кыжы-кужу бүтүп, кайра кемебизге келип өз каюталарыбыздан орун алдык. Баягы деңиз жолу кайра башталды. Эми Кытайга жол тарттык. Массовигибиздин репертуары ушунчалык кылдат ойлонулуп түзүлүптүр. Баары маанилүү. Эс алуу ойдогудай. Ар бир элдин өкүлдөрү өз билген өнөрлөрүн көрсөтүп жатышты. Кол чабуулар. Менин да өнөрлөрүм бар да кудай берген. Окуджаванын, Блоктун, Есениндин ырларын өзгөчө шаң менен төктүм го, чиркиндики. Угуп эл заматта тынчый түшүштү. Ан сайын эргип шыгым

күүлөнүп баратты. Ырга конок бергендердин бир далайларын тамшандырдым окшойт. Байкасам, «лезгинканы» менден кыйын деле бийлеген адам жок экен. «Асс-саладым» го, пачагардыкы. Аз жерден томугумду да сындырып ала жаздадым, «жинди улактай» так секирип, тизем менен тактай палубага конуп атып. Э-эй, кол чабышты айтасызбы... Мен силер ойлогондой адам эмессмин» деген ойго келтирдим окшойт байкоомдо. Муну мен максат менен жасадым. Эже менин кылыктарымды көрүп башын чайкайт: «оо-омей, сен мындай белең» – деген мааниде. Жердештерим мени менен сыймыктангансыгандай сезилди. Негизи «элдик дипломатиянын» өкүлдөрү баягы мени күтүшүп, жиндерин кашайтканымды кечиришти окшойт. – Э, алдыңа кетейин, жакшы эле жигит турбайсыңбы, сөөктү агарттың душмандардын ичинде. Азамат! – Буларды угуп али да эрте жыйынтык берип атасыңар, көргөндөн көрө элегиңер көп алдыда, – деп койдум ичимен.

Ошентип, биздин кеме Пекиндин чоң Эл аралык портуна келип токтоду. Бизди расмий тосушуп, жай-жайыбызга жеткиришти. Токиодон кийин ири шаарды бизге көрүш адаттагыдай эле болуп калды. Бул жерде өзгөчүлүктөр бар экен, элинин традицияларына жараша. Бекеринен дүнүйөгө атактары кетпептир да Токио менен Пекин. Берилген үч-төрт күндү жакшы өткөрдүк. Бул жерден да жөн турбай, баягы бизге келип кеткен Кытай окумуштууларынын бирөөнө мени унутпаса керек дегендей ойдо телефон чалдырттым. Бир заматта жетип келишти үч тааныш профессор (бирөө орусча сүйлөйт). Кучакташып бир туугандай жолугуштук. Көндүм болгон адаттай алар биздин гид менен сүйлөшүштү, мени алып кетиш тууралуу. Биздин гид алардын документтерин көрүшүп, анан мени

карап, башын чайкап уруксатын берди. Эшикке чыктык. Баратсак, баягы эже баштаган биздин делегация вестюбулда чогулуп турушуптур кезектеги экскурсияга даярданып.

– Эми каякка, – деп чочуп кетти академик эжебиз. Алайган көздөрү менен мени коштоп келаткан үч салабаттуу, чыкыя кийинген кытайларды бир карайт, мени бир карайт. Өзүнө келе түштү окшойт.

– Башталдыбы баягың. Сиз бекер эле кор болуп Кыргызстанда жүрүпсүз. Мамлекетибиз сизди баамдабай жүргөн экен, – алдыңкы эрдин билинер-билинмексен чормойтуп, алаканын жайып койду. Эже мени бирде «сиз» деп, бирде «сен» дей калып сүйлөчү болду. Бул эженин ичи тарлыгыбы, же мага чындап эле күйүп атабы, бир балекет болбосун чет элде дегендей. Түшүнбөдүм.

– Эже, былтыр булардын делегациясы бизге келип кетишти эле. Алды академик. Илимий-тажырыйба чарбабызды көрүп кетишкен, Академиянын жолдомосу менен. Чынын айттым. Байкагандарга ошондой эле көрүнүп турат, алардын жүрүш-турушу, түшкөн машинелерине караганда.

– Ой билбедим, бирөөлөр жердешиңиз, бирөөлөр таанышыңыз болуп эле чыгат. Азыр туруп Америкага барсак, ал жерден деле сизди тосуп алгандар чыкса керек, – эже күлүмүш болду.

– Сиздин төрт тарабыңар кыбыла турбайбы? – дагы бир жердешибиз какшыктап койду.

– Болуптур, болуптур, андайыңар болсо, барып кел, – сумсайыңкы кашын серпип эжебиз.

– Жегениңден ала кел...

Эмне эле улам-улам эле кемирип-кесип атасың, «кеңге кең дүйнө, тарга тар дүйнө» деген оокат да.

Мырза жасаган ишинен баар таап атат. Аны эле эмне көп сөз кылдың, – деп ары басып кетти эженин кожоюну...

Сапар байсалдуу болду. Жакшылык менен меймандостук жерде калбайт тура. «Кыргыз бир алса, меймандостугу менен алат, жыкса да, ошонусу менен жыгат...

## АТ ӨЧСӨ ДА, ИЗ ӨЧПӨЙТ

*(Композитор Жумамудун Шералиевдин
90 жылдык маарекесине карата)*

Өздүк-көркөм чыгармачылыкка бала кезимден жакын элем. Кийин гитарада ойногонду үйрөнүп алып жолдош-жоролорумдун көңүлүн көтөргөнгө толук эле жарадым. Орто мектептен кийин эки жылча өзүм окуган мектепте сүрөт мугалими болуп иштеп калдым. Мектебибиздин ышкыбоз жаштарын чогултуп алып, концерт берип, чакан калаабыздын элине да дайын боло баштадык. Кээде мага кружокко катышышкан окуучулардын класс жетекчилери арызданып калышчу: «Шакы! Кайдагы бир шайтандын оюнун баштадың эле окуучуларды алаксытып, сенин кружогуңдагы балдардын сабакка катышышы сейректеп кетти. Айрымдары кружогуңсуз эле «кокуй» эле, эми алардын абалы не болот, мамлекеттик экзамен да жакындап калды. Анан деле шылтоолору даяр: «биз маанилүү концертке даярданып жатабыз, исполкомдун тапшырмасы менен» – дешип.

Чынында эле чакан ийримибиздеги ышкыбоз улан-кыздар, жаштыгына карабай ишке кадимки чоң кишилердей жоопкерчилик менен мамиле кылышчу. Фанатикалык кызыгуу ышкыбоздукту арттырып, чыгармачылыкты жогорулатат экен. Арабызда ушундай

жаштар да бар эле. Кийин ошолордун бирөө кыргыздын эстрада жанрын негиздөөчү ыраматылык Чоро Кожомжаровдун тобунда негизги музыкалык аспаптарды ойноп, элге таанылып жүрдү. Шаардын жетекчилеринин өтүнүчү менен орчундуу даталарга байланыштуу кече-жыйындарга катышууга да мүмкүнчүлүк алчубуз. Искусствонун адамдарынын сыйлуу болоорун ошондо байкап калгам, бул бекеринен эмес экен. Убагында Совет элине ыйыктай сезилген В.И.Лениндин 100 жылдык юбилейине келип, борбор калаабызга өнөрүбүздү көрсөтүп, лауреат болуп кеткенбиз. Эсте калаары, лауреаттардын жыйынтыктоо концерти Опера жана балет театрында өтүп, биз ага катышууга татыктуу болдук. Мурун мындайды көрбөгөн жанга бул көрүнүш кереметтүү түш катары эле болду баамымда. Бир чети, элибизге Улуттук искусствонун төрү болгон, экинчиси, белгилүү таланттардын өнөрканасы болгон ыйык жерде концерт берүү, бизге окшогон музыка ышкыбоздорун аябагандай толкунданты. Менин искусствого жылуу мамилем, азыр ойлонуп көрсөм, ошол учурдан башталган экен.

Учурунда Кыргыз элине таанымал, бейиши болгур, Жумамүдүн Шералиев менен шаардык маданият үйүндө чогуу иштешип калдым. Бош боло калган учурларда өзүнүн жаш кезиндеги көргөн-билген окуялардан кызыктуу аңгеме куруп берер эле, жарыктык. Айтылуу кыргыз элдик өнөрпоздор Шаршен, Осмонкул, Калык, Атай, Мыскал эжеден баштап, кийинки Жапар Чабалдаев, Асек Жумабаевдерге дейре ошол учурдагы айыл-айылдарга чыккан гастролдорундагы кылыктарын укмуштуудай кылып сүрөттөп, кишинин моокуму кангыча күлдүрчү эле, ыраматылык. Тарыхий инсандар жөнүндө алар менен аралашып жүргөн Жумакемдей белгилүү кишинин өз оозунан угуш өз-

гөчө сыймык билгенге. Кыргыз музыкасын нотага түшүрүп, аны пропагандалоодо А.В.Затаевичтин эмгегине өтө басым жасачу. Бул орус адамынын улутубузга кылган жакшылыгын унутуп калуу маңкуртчулукка тете деп калар эле. Республикабызда анын наамын алып жүргөн бир да белги жок, атаганат, муңканып калчу. Ыраматылык киши өзүнүн жетишкендиктери тууралуу көп сөз кылчу эмес. Бул кишинин элдик сыйга татыктуу экенин мен Фрунзеге (азыркы Бишкек) барып калганымда Жумакем менен республикага белгилүү искусство ишмерлеринин мамилелеринен байкачу элем. Композитордун нукура элдик талант экенин жакшы эле билчүмүн. Буга бир күбө: менин жөнөкөй эле айылдык Дүйшөке деген таякем айтып калчу эле, Шералиев шер обондорду жаратат деп. Таякем өрөөнгө жеке эле алдыңкы малчы катары сөзгө алынбастан, жаагы жок ырчы, жамакчы катары да таанымал эле. Композитордун обондору тууралуу мага кайрылып: «Билесиңби, Жумакемдин обондору өтө жеңил аткарылат, сөзү обонуна шайкеш келип, бат эске тутулат, ары уккулуктуу» – деген айылдык «эксперттин» жыйынтыгы Шералиевдин элдик уул экендигинен кабардар кылат. Жумакемдин талантынын аныктыгы шакирттери Кыргыз обондорунун маэстролору Калыбек Тагаев менен Эсенбек Маданбековдордон эле байкаса болот.

Биздин «Эстрада» топ кичине шаарыбызга белгилүү боло баштады, жактаган ышкыбоздор да табылды. Айрымдары «чыгармабызды» магнитафонго жазып алышып, чер жазышкан жерлерге да коюп калышкан. Бул менин зоболомду аябагандай эле көтөрдү. Романтиканын туу чокусуна жетишкендей эле ойдо болуп калдым. Өзүмдү нарындык Чоро Кожомжаровдой эле сезе баштадым. Көчөдө баратып эки киши сүйлөшүп

жатса да, сөз мен жөнүндө болгондой сезе баштаган учур, эх, эселектик жашчылык, ай!

Ошентип жүргөндө, республикада өтүүчү фестивалга даярданып калдык. Чукул арада концерттик программа даярдаш керек эле. Маданият үйүнө репетиция жасоо үчүн тез-тез чогулууга туура келди. Мунун зарылчылдыгы шаардын чоңдору тарабынан катуу эскертилди биздин мектептин директоруна. Буга байланыштуу мен убактылуу жумуштан бошотулдум. Эстрада тобундагы балдар дагы окуусун бир жумага токтотууга мажбур болушту. Буга экзамен берчү класстардын класс жетекчилери ичтеринен нааразы болушту (мамлекеттик бүтүрүүчү экзамендер жакын калган). Бирок айла жок, ошол кезде жогорудан келген көрсөтмөгө каршы туруш ойго да келчү эмес. Борборубузда өтүүчү фестивалга катуу даярдык башталды. Мага топтун жетекчиси катары сый мамиле жасашып, окуучулардын репетициясын үздүктүрбөөсүн сураныңшты. Мындай шаардын чоңдору тарабынан мага көңүл бөлүү менин ого бетер таноомду барбайтып койду. Бирок баарыбыз Жүмамүдүн Шералиев агайдын кол алдында иш кылабыз. Ыраматылык бейиши болгур, менин «жылдыз ооруму» байкап калган окшойт. Бир жолу маэстронун эскертүүсүнө мен чулжуңдап таарынып, кетип калдым репетиция убагында. Макоолукту карабайсызбы, өзүм эмес, балдарымды да ала кеттим. Эртеси мектептин коллективи менен тоого экскурссияга кеттик. Окуу жылы аяктаганда педколлектив окуучулар менен бирге эс алуу катары шаардын четине же тоого чыкчу элек. Ошол тушта анын да убагы келип калды эле. Директор агайдын «Шакы, эмне бүгүн репетицияңар болбойбу?» – деген суроосуна мен: «жок, агай, бир күн эс алабыз», – деп калп айтып койдум уялбай. Окуучулар

класс-классы менен көңүл ачуудa токойдо. Нарын дайранын жээги. Биз мугалимдер, алып барган кичине козубузга бата жасаганы жаңы эле колубузду көтөргөндө секиден шааркомдун жеңил машинеси бет маңдайыбыздан жарк этип пайда болду. Директор баштап келмебиз оозубузга келе түштү, батага көтөрүлгөн колдор шалк этип ылдый түштү көз ирмегиче. Аңгыча «тигилерди каткыла» деген завуч эженин чыйпылдаган сөзү, бир заматта дасторконду жөнөкөйлөтүп, байланып турган козу-мозусун көздөн кайым кылдык. Эже-агайлардын өңдөрү өзгөрүлө түштү. Экскурссияга баргандарды горонодон[1] текшерет экен деген сөзгө көп деле этибар алган эмес элек, мунусу чын эле турбайбы деп эже калтаарып, эмне кылаарын билбей директорду карады. Агай көп жыл иштеп өрөөнгө белгилүү инсан эле, көп деле жукаланган жок буга. Бирок ички тынчсыздануу билинер-билинбес байкалып турду жүзүнөн. Машине жакындап келип, ичинен исполкомдун төрайымы эже түштү. Эже бул жумушка дейре биздин мектепте директор болуп тарыхтан сабак берчү. Бирок ал киши ашык сүйлөбөгөн, суз адам эле. Эженин күлгөнүн такыр көргөн эмесмин, окуп жүргөндө. Ошол жагы коллективди бир аз сүрдөттү.

Күттүрбөй келген коноктор дароо дасторконго чакырылды. Бир сыйра чай ичилгенден кийин: «Шакы, сен дагы эле балалыгыңды таштай элексиңби, мугалим деле болдуң, таарынчаактыгыңды таштабайсыңбы» – деп жылмайыңкы какшыгыраак мүнөздө мени карап койду. Кичине туруп композитор менен менин ортомдогу таарыныч түшүнбөстүктү айтып берди. Бирок кебинде мени катуу сындоо болгон деле жок. «Балдарыңды чогулт, кеттик, силерди улуу башы менен композитор күтүп жатат, уят эмеспи» – деп тезинен

[1] горонодон – Городской отдел образования

оомийин жасап, мени, «бат», «бол» дегендей ишарат кылып, машинени карай басты шоферу менен. Директор агай мага карап, «шашпа, келерсиң, сени элеби» дегендей сүрлүү карап узатып калды. Жолдо келатып бир топ кеп айтты эже мага, аябагандай уялып калдым жасаган жосунума. Келдик, аксакалдан кечирим сурадым, кылган кемчилигим тууралуу. Күнөөнү акташ үчүн жан алекеттен өтүп иш жасадым колуман келишинче. Фестивалдын даярдыгы да жаман болгон жок. Республикадан алдыңкы орундарды алып, кубанычтуу кайттык.

Убакыт закымдап өтүп жатты. Кийин ыраматылык Жумакеме жолугуп, ал кишиге менин мединститутка өткөнүмдү айтсам, таң калуу менен карап туруп, бирдеме деп айтайын дегенсип барып, анан шашып кетип, «Алып кел, колуңду кысып коёюн, догдур болсоң, жаман деле адис болбосоң керек» – деди жылмайып. Ичиндеги айтам деп баратып үзүлүп калган оюн такып сураган жокмун. Жумакемдин мен жөнүндөгү ошол мезгилдеги ою айтылбай кетти. «Эх, атаганат! Улуу инсан мендей ышкыбоз жөнүндө эң зор ойдо болсо керек» – тамашаны түшүнбөгөндөрдүн жинине тийип коём, эригип турганда күлкүнү келтириш үчүн. Бул менин чындыкка жатпаган фантазияма түшүнгөндөр күлүп тим болушат.

Мезгилдер закымдап өтүп жатты, мендеги ойлор өзгөрүлдү. Искусство кийин дарыгерчилик романтикасына алмашылып, «илим казам» деген максат менен Москва шаарында докторантурада окуп жүргөн убак. Жердештерим менен бир жолу орус элине белгилүү Новодевичий көрүстөнүнө барып калдык. Бул бейитте Россияга, Советтер Союзуна аттын кашкасындай таанылган белгилүү инсандардын сөөгү коюлган. Ар жылдын 9-майында – Улуу жеңиш күнүндө бейитке барып,

маркумдарды эскерүүчүлөргө жол ачык. Биз да барып калдык. Көрүстөндү аралап жүрөбүз. Башка бир топ философиялык ойлор келет экен учурунда. Кетип баратып байкоосуздан чочуп кеттим: Затаевичтин айкели чегилип, аты-жөнү бадырайып жазылган эски эстеликти көрүп. Дароо эле Жумакемдин бул киши жөнүндөгү эскермеси эсиме түштү. Жанымдагыларга айтып бердим, ушунчалык толкундануу менен. Өкүнүчтүүсү, жолдошторумдун арасынан: А.В.Затаевичти билгендери болбоду. Ыраматылыктын көрүстөнүнө баш ийип таазим кылдык. Кийин бул киши жөнүндө тарыхый эскермелерди окудум, эрикпей китепканага барып. Кыргыз энциклопедиясында ыраматылык тууралуу мындай дейт: «Александр Викторович Затаевич, кыргыз музыкасын жана анын тарыхый маселелеринин чечилишине зор үлүш кошуп, профессионал музыканын өнүгүшүнө өбөлгө түзгөн». Маркумдун бейитиндеги биздин эскерүүбүздү Жумамүдүн агайдын арбагы сезди бекен, атаганат. Эх, эмне гана деген ченебеген инсандар өттү бул дүйнөдөн. Аты өчсө да, из өчпөйт тура.

## КЕКИРТЕК, КЕКИРТЕК, ДАЛАЙ ЖЕРГЕ СЕКИРТЕТ

Студенттик турмуш өзүнчө эле бир тытынган жумуш болот эмеспи. «Тозоктун да бейиши болот» дегендей, кумарды кандырган жактарынан да даам татпадыкпы, чиркиндики. Ал эми кээ бир фантастикалык көз ирмемдеричи. Андагы эпизоддордогу каармандар кадимкидей эле профессионал артист болууну талап кылат экен. Алардан абийир менен чыгуу, менимче, бул – өзүнчө эле талант.

Бир курдай Асанкадыр деген кичинеден бирге чоңойгон теңтушум Икен деген классташ досу менен жатаканама келип калышыптыр. Баарыбыз он жылдыкты бир мектептен бүткөнбүз. Шаарга чыгып ары басып, бери басып жүрүп чакан тыйыныбыздын да түбүнө жетмей болдук. Бир кафеге кирсек, батыраак тамагыңарды ичкиле, бул жерде кечинде үйлөнүүгө арналган үлпөт-той болот деп, бизди шаштырышты а жерде иштешкендер. Жөн турбай Икен сурамжылап калды, суроонун артынан суроо берип. Көрсө, ушул эле Чүй боорундагы атагы чыккан бир чарбанын башкармасынын баласы ушул кафеде дүңгүрөтүп үйлөнүү тоюн бергени жатыптыр. Тойдун арышы чынында эле кабелтең болчудай: булоолонуп бышып жаткан эттердин ири-ири устакандары казандардын капкактарын тиреше тээп баш баккандарына караганда. Каңылжарды жарган тааныш эт жыты айласыздан ашкананы каратып, шилекейиңди дембе-дем жуттуруп тамшандырат. Тамагыбызды да кандай ичкенибизди билбей калдык шаштырганынан. Столдорду ирээтке келтирип жатышкан кызматкер аялдарга Икендин берген суроосу бүтпөдү. «Ой аны эмне кыласың, кеттик эми» деп Асакем менен эшикке чыктык. Досубуз бир далайдан кийин чыкты, мыйыгынан сырлуу күлүп. Мектепте окуп жүргөндө Икендин далай жоруктарын билебиз. Бул дагы бир балээни баштаганы турат окшойт деп мен ичимден кыйпычыктадым. «Убактыңар болсо, балдар биздин тойго келип катышып бергиле деп баланын атасы өтүнүп атат, эмне кылыбыз?» – деп койду тамашалап. Атаганат, ай, ошентсе кана, – күлүп калдык биз. Бирок бул сөз капысынан үмүттөндүрүп койду. «Негедир тилим тартып атат, кудай буюрса, эт жейбиз го» деп койдум, мен да жөн турбай, жаңы күйөйүн деп келаткан үмүттүн тамызгысын ичкелештирип.

Муну уккан Икен: «Кой, бизди бул жакка кудай айдап келди. Мындай мартабалуу тойго катышпай кетсек болбойт, мунун жолун табыш керек!» – деп чын эле конок болууга ниэттенип алыптыр. Кампая тоюп, ичкилигин ичиш, кыздар менен таанышуу ой-ой, эмне деген керемет студент үчүн. Анын үстүнө бекер болуп жатпайбы мунун баары. Бирок куйтку ой-максатка кантип жана кандайча жетебиз деген суроону чечиш оорчулукка турду. Ошенткени менен буга чын ыкыласыбыз менен кумарланып киришип калдык. Баамымда, Икемдин мурунтан бул жагынан тажрыйбасы болгонсуйт. План түздүк. Оюбуз арамза болгону менен планыбыз өтө жүйөөлүү болуп чыкты: тойдун кызып калган мезгилинде тымызын кирип жайланып калалы деген авантюристик чечимге келдик. Ошентип, бир далайга дейре убакытты көчөдө өткөрдүк, той берген кафеден көп алыстабай. Бир маалда кафенин эшиги ичинен ачылып уу-дуу болушуп тышка эс алып чыккандар пайда боло баштады. «Эх, Кудай берээр болсоң, эми бере гөр бизден аянбай» деп көпчүлүккө аралашып биз да кирип кеттик. Той аземине ылайыктап чыкыя жасанып, жеңил кийинип да алганбыз тыш суук болгону менен. Костюмчан эшикте жүрүп тоңуп да калыппыз, куу кекиртек эмнени гана кылдыртпайт. Ичимен уялып турганым бир заматта тарап кетти. Бу жерде келди-кетти деген киши жок. Чакырылган коноктордун көбү бири-бирин деле таанышпайт окшойт. Алигиден бир топ алынып калынса керек, «кимди ким билет», делинген учур даана келиптир тойормандарга. Кыскасы, биздей ашынган «котур чүкөлүүлөрдүн» максаты ишке ашыштын ирбити экен. Биз да алеки саатта «кечигип келген» той бергендердин жек-жааттарынан болуп калдык. Четирээк барып, билмексен бо-

луп, өзүбүз теңдүүлөр менен табакташ болуп олтуруп калдык. Алар биздин «кечигип» келгенибизди айыпка жыгышып штрафты тарттырышты «ой-боюбузга кой-бой». «Икен куданын» таланттуу жөндөмүн көрүп, биз олтурган столдун мурунку тамадасы өзүнүн милдетин «кудасына» ыйгаруу өтүнүчү табакташтар тарабынан жүйөөлү табылып, анын орду Икеме өттү (биз кыз тарапта болуп атабыз). Мына анан көрүп ал сый көрүүнү. Жүрөктү эзилтип эки жаштын сүйүүлөрүнүн милтесине от койгон тосттор, учурга ылайыкталган учкул сөздөр, өткүр тамашалар биринен сала бири кыркаар тартылып, айтылып турду. Күжү-күжүлөр көбөйүп, эки жаштын тоюнун демин суутпай кече улантыла берди. Бир маалда залга көз чаптырсам, музыка ойноп, келме кезек айылдык эже-жеңелерге келип, эки беттери мандалактай кызарышып, айрымдары жайылып кеткен чачтарын жыя албай, кой-айга келбей бийге түшүшүп калышкан учур экен, шаракташып. Жарыша сөз сүйлөгөндөр көбөйүп, тартип солгундап баратыптыр. Асанкадыр досум болсо Мэке чалдай болуп, ардактуу аксакалдар менен «алигиден» алышып башкы столдо олтурат. Деле анан чоң сөзгө кириштиптир ал баштап. Досумдун адамга бат алынып кетчү жөндөмү өтө күчтүү болчу. Сөөмөйүн анда-санда көтөрүп сүйлөп калыптыр. «Кыздын сыры төркүнүнө маалим» дегендей, досумдун сырын билем да кичине ичи кызыгандан кийин эмнеден баштаарын. Отургандардын аны кызуу тыңшагандарына караганда, маеги жөндүү болсо керек. Ортодо атракцион оюнун башкарып Икен досубуз жүрөт оюндун шартын түшүндүрүп. Эң кызыгы, айылдык эже-жеңелеринин сүймөнчүлүгүнө алынып Икен-Икен делинип сый күтүп калыптыр. Аныбыз болсо эки тизгин бир чылбырды колго алып, той

башкаруучулардын катарына кирип алыптыр, амалың кургур. Өзү муну байкаса керек, тим эле чамгарактайт, шилекейин чачырата күчөп сүйлөп. Тартипке чакырган кеби кызууларга жете бербей да калып жатат. Аңгыча биздин каарман бирөөлөр менен кыжылдышып кетип алдыңкы этажга түшүп кетишти. Анын соңунан баякы жоон топ аялдар кетишти «Икендин бир тал чачын башынан түшүртпөйбүз» дешип. Күч «Икен энд ис компаниясы» тарабында болду окшойт, бат эле биздин дос өзүнүн компаниясы менен кайрылып келди. Той улануда...

## БООГАЧЫ

*(Тарыхый баян)*

Өткөн кылымдын отузунчу жылдары. Кеңеш өкүмөтү толук орноп, эл жаңы турмушка көнүп, жаңы бийликтин жүргүзүлгөн иш чаралары элдин сезимине жатык болуп калган учур. Нарын кантону аталып, колхоз-совхоздор уюшулуп, жапа тырмак жаңы турмуш курабыз деген өкмөттүн кайрылуусуна уюшкандык, берилгендик менен иш кылышууда. Эл душманы атка конушуп, айдалып кеткендердин айрымдары жерине келип, эл катары эмгектенүүдө. Бирок, калп айткан менен болобу аларга мамиле өтө аяр, салкын эле. Ошолордун ичинде айтылуу Ат-Башылык Жакыпбек уулу Боогачы да бар. Турган жери Нарындагы Шаркыратманын башында эски тегирмендин катарында жайгашкан боз там. Оренбургдан айдоодон келгенде жолдошу казак кызы Насипа, эки баласы менен туулуп-өскөн өз айлына жашоого болбой калып, ушул Шаркыратманын оозуна турууга мажбур болот. Мин-

тип байыр алып калган жердин өзүнчө тарыхы да бар. Ал Боогачынын атасы менен байланыштуу. Бул жер атасы болуш Жакыпбектин демилгеси менен Верныйдагы (азыркы Алмата шаары) орус падышалыгынын ыйгарымдуу өкүлү, губернаторго дембе-дем барып жүрүп эки болуштукту моңолдор уруусуна чектетип алыптыр. Анын тиягы Экинарын, Дөбөлү болсо, биягы Ат-Башы өрөөнү болуп кетет экен. Эки өрөөндүн так ортосу, ушул азыркы Боогачы отурукташкан Шаркыратманын оозу болот. Орунпордон[1] кайткандан кийин Боогачы үй-бүлөсү менен туулуп өскөн Ак-моюнга келсе, ошо эле айылдашы Абды деген киши жаңы өкүмөттүн эки тизгин бир чылбырын ээлеп, «эскини» эстеп аксакалды батырбай коёт. «Эл душманы» Боогачы бул айылда жашабайт – деген мүдөөсүн жогорудагы бийлик орундатат. Абды курдашынын бул карамүртөздүгү айдоодон кийинки экинчи ич ачышкандык болду. «Буйругу ушу экен, айла канча» – деп ушул жерде ага-туугандардан алыс болсо да туруп калды.

Ошондо Боогачы жетимиш жашты таяп калган учуру экен. Жашоо шарты эл катары. Бирок асыл жерде жатпайт тура. Эл тааныйт эмеспи, оорун жерден алып, жеңилин колдон алгандар да аз эмес болду. Турмуштан алган бай сабат-таалими, кудай берген аксөөктүгү, эскиче, жаңыча жаза билгени, орус тилин өздөштүргөн жөндөмү бир топ жардам берди Боогачыга. Булардын баары текке кеткен жок. Ал киши менен мамилелешкен чөйрө бат эле ички дүйнөсүн тааныды. Маселе-масалаттар менен кайрылгандар тиешелүү жообун алып турчу экен. Бирок арыз жазып бер дегендерден жаа бою каччу. Мындан оозу күйүп калган. Иши кылып, араба сынба, өгүз өлбө деген күнүмдүк жай турмуш менен түтүн булатып келет. Мамиле жасагандардан да

[1] Орунпор – Россиянын Оренбург шары

айбыкчу экен. Айдоодо[1] жүргөн киши тарткынчаак болуп калат тура. Эмне кылсын, «ылдам басса таскаксың, аста басса аксаксың» деген заманды башынан өткөрүп атты. Жасаган иши үчүн, кеңеши үчүн бирөөдөн акы да албаптыр.

Ошентип, оокат өтүп турган күндөрдүн биринде Нарын кардон исполкомдун[2] төрагасынын атайын тапшырмасы менен анын ат кошчу жигити Осмон Боогачыныкына келип калат. Күз айлары экен. Аксакал келсин, бүгүн жолдош-жоролор келет үйгө. Келип кичине тамаша кылып, бир көңүлдү ачып кетсин деген өтүнүч эле. Мындай өтүнүч бийлик тараптан ушуга дейре болгон эмес. -Жаңы өкүмөттөн чочуп калган киши дагы бир бушайман болуп жүрбөсүн, ачыгын айт чочулай турган эч нерсе жок, баса эскертип, ат коштоп берет төрага.

Осмон үрүп чыккан ала дөбөткө камчы менен тап берип, ары мамыга карай бастырды. Аңгыча эшик кыйч этип ачылып, үйдүн ичинен кырк чамаларында бетинен нур тамган чырайлуу аял чыгып суроолу карап калды.

– Байыңыз үйдөбү?

– Үйдө, үйдө киргиле.

– Орун! Байкеңдин атын алчы! – баласына карап башын ийкеди. Сөзүндө казак тилдери аралашып турганы билинип турду. Исполкомдун ат кошчусу аттарды мамыга байлап үйгө кирди. Иңир кирип калган убак эле. Жаңы эле намазын окуп бүтүп, жайнамазын бүктөп, чакан сандактын үстүнө жыйып жаткан экен.

– Ассоомалекум, ава.

– Вассалом алейкум, жол болсун, – деп, орун көрсөтөт отур деген ниетте.

---

[1] Айдоодо* – ссылка

[2] Нарын кардисполкомунун* – Нарын кардонунун аткаруу комитети – ошол кездеги аты

– Боогачы ава, «и-и, жол болсун» деген кыргыздын сөзү бул тааныбаган, чоочун, мурун көрбөгөн киши үйгө кирип келсе айтылат эмеспи. Бул жерден тууганыңызды таарынтып койдуңуз, – тамашага салып кыт-кыт күлө отура кетти. Муну менен ал аксакалдын ички коопсузданганын өчүрөйүн деген гана ой менен айтты.

– Туура, туура, – деп күлүп койду, сөздүн маанилүүлүгүн жактыра. Тамаша аксакалды жумшартты көрүнөт. Кыраакы киши эмеспи, иштин чоо-жайын сезгенден кийин жеңилденип баарлашып калышты. Бирок кичине ишенбечүүлүк тээ түпкүрдө сызылып турганы турган. Даам ооз тийгенден кийин тияк-бияк кепти создуктурбай, Осмон төраганын тапшырмасын айтып: – тез камыныңыз, – деп тышка чыгып кетти. Боогачы бир аздан кийин кийинип, соңунан чыкты. Барар жер ошол эле Нарындын ичи. Жолдо Боогачынын санаасы санга бөлүнүп, жалкып калган киши алда-неме болуп кетти экен деген ой кеткен жок башынан. Менин ырчылыгымды азыр эле билип атышыптырбы, же дагы бир жаңы неме таап чыгыштыбы. Кылган күнөөм болбосо деле айдалып барып келдим. Деги эмне кылып жагыш керек бул бийликке. Өкмөттүн далай ыкмаларын көрдү го бул кара баш, болду да эми деп ичинен үшкүрүп койду. Кайра туруп, астапрылла, кой жаман жакка жорубайынчы, дагы бир немени жабыштыргысы келишсе минтип кастарлап, ойноктогон атка миндирмек беле.

– Ава, алдыга бастырганга капа болбойсуз, ээ, – Осмон күнөкөрдөй күлүп койду кылчая.

– Осмон, алдыңа кетейин, аны эсиңе алба, каралдым, бастыра бер, бастыра гой, – башын ийкеп жылмайды. Жо-ок бул жасалма күлкү эмес, жакшылыктын жышаанасы туюлуп турат бул жигиттин мамилесинен, өзүн өзү жемелеп келатты. Бел байлап бастыра берди.

Шаардын ортосунда жаңы бүткөн жыгачтан салынган катар үйлөрдүн бирөөнө келип түшүштү. Тыштагы кишилердин келгенин угуп, исполькомдун төрагасы өзү үйдөн чыкты тестиэр баласы экөө. Аттан түшүп атты эле, Богачы берилген саламга имерилип алик алып батасын берди. Бир аз туруп ал-жайды сурашкандан кийин:

– Ава, биякка өтүңүз, ой, Осмон авамдын чепкенин ал.

– Эчтеке эмес өзүм эле, бир бөлмөсүнө кирип сырткы киймин чечип, күмүш жалатылган баканга илди. Чакан бөлмө ирээттелип жыйылган. Көзгө тааныш кыргыздын эски жыгач үкөгү менен баканды кошпогондо эмерек жасалгалар кадимки орус көпөстөрүнүн тартибинде жайгашылыптыр. Боогачыга булар жаңылык эмес эле. Заманында ушундай жерлерде далай сый болбодубу. Болуш кезинде Пишпек аркылуу, тиягы Олуя-Ата, биягы Верныйга дейре каттабадыбы. Теппеген трашманкеси калган жокко. «Э-эй, оомалуу-төкмөлүү жалган дүйнө деген ушу да,» – өзүнчө ичинен улутунуп койду. Аркы төркү коноктор дуулдап жаткан бөлмө кенен ачылып, Боогачы дал ошол үйгө кирди. Артынан үй ээси коштой басты. Эшик ачылаары менен ичтен тамеки менен арактын жыты аралашкан жылуу дем аксакалдын каңылжаарын жарып кетти. Шек билдирген жок. Кирген кишиге жапырт салам айтышты. Төрдө эки киши олтурат, моюндарында галстук, чыкыя кийинишкен. Бирөөн дароо тааныды, милийсанын началбниги. Калгандары көрүп жүргөн эле кишилер. Экөө ары жакта кыйшайып жатышат «эс алып», сыягы алигиден ашөпкө алып коюшса керек, коногу окшойт.

Боогачы киргенде отурган топ жандана түшүштү. Бири-бирин санга сайышып тур дегенсип калышты. Конок обочоорок барып отуруп калды.

– Эми жолдоштор бул аксакалды тааныштыруунун деле кажаты жок. Өрөөнгө белгилүү жамакчы десе жамакчы, ырчы десе ырчы, сөз издеп чөнтөгүн аңтарбаган Боогычы авабыз ушул киши, таанибаганыңыздар таанышып койгула.

– Экинчисинен – тамашага салып, – коллега да болуп кетебиз аксакал менен, бу киши мурунку замандын активи болсо сиздер жаңы замандыкысыңар, – күлүп үй ээси отургандарга тааныштырып калды. Кеп жеткендерге жетти, жетпегендер мыйыгынан кытмыр күлүп тим болушту. Терс мамилеге акыркы жылдары Боогачы аке толук көнгөн. Эч кимге таарынычы жок. Заманын аттын кашкасындай таанып билди. Алгач, тиги милийсанан начандиги осунуп: – И-и, аксакал көптөн бери көрүшпөй калдык деги, кандайсыз? – деп кызуу неме бир тийиштик кылайын дегендей сөз баштамак болду эле. Буга бакырайган көздөрү чүңүрөйүп, бетинин чүкөсү чыгып, жаак эти түйүлө түштү заматта. «Бул эл жокто эмне айтса, ошону айтсын, мунун оозун ким жабат, чөкө таандай болгон түрүңдү урайын, элдин көзүнчө эмне дейт, я», – деп ичинен кадимкидей тырчый түштү. «Учуктап» койсомбу жумарынбекти дегенсип барып унчукпай калды. Айтаар жообу тилинин учуна келе калды эле. Машаяк болсоң да айтып салайын дегиче: – «эст товариш капита-ан, чиш-ш» – Төрага какшык менен эркелете сөмөйүн саал көтөрө кезеп койду аны карап. Алигинин оозу жап болду. Сөзгө Боагачы эреркеп, жүзү нурдана түштү, анысын билгизген жок.Үй ээсинин акылына ыраазы болду. Төрага алардан жаш болсо да сүйлөгөн сөзү ырааттуу, жүзүндө айбаты бар тамашкөй жигит экен.

Аванын сүрүнөнбү же жанагы төраганын эскертүүсүнөнбү, айтор уу-дуу болушкан коноктор тартипке чакырылгандай болуп калды. Отургандардын көбү атагын укса да бир дасторкондон жолугушабыз

деген ой болбосо керек. Бакжайган буурул сакал-муруту, устара менен кыра алдырылган чачы жумуру тоголок башынын керемет келбетин ачып, баш терисинин тириктигин кабар берет. Бажырайган сүрдүү көзү, кабагын билинээр билинбес жапкан, бир тал агы жок, көөдөй коюу кара каштары, кырдач келген мурду башкача көрк берип турат. Кийми эски болсо да тазалыгы, анын мүчөсүнө жарашыктуу тигилиши аксакалдын табияты таза экендигин айгинелейт.

Таанышуу аземинин соңунан Боогачы аксакалдын өнөрү башталды. Мына анан көрүн ал, кылымдан-кылымга айтылып келаткан өлөң-санаттары, мукамдуу жүрөк эриткен ырлары, уламыштар, кыргызды кыргыз кылып келаткан философиялар ой санаалар, биринин артынан бири чуура баштады. Ушул мезгилдин ичинде ичимдик алынбай калды. Айбыгышты окшойт. Ал жөнүндө эскерүү деле болгон жок. Шам-шаркыт кеп менен аксакалдын сөзүн бузган жан болбоду. Жалдырап оозун эле карашат, отургандар. Кезек-кезеги менен, «атаганат, кеп эмес бекен, баракелди! Ии», – делген сөздөр чыгып кетпесе, Бокемдин көңур үнү бирде мукамдуу чыгып, бирде кайгылуу чыгып, уккандардын ички дүйнөсүн сапырып кирди. Кош көңүл отургандар байкалбайт. Сүйлөгөн сөздөрү өзгөчө ырааттуу, шаң менен күүлөнүп берилгендик менен айтылып турду. Мунун көркөмдүк таасирлүү күчүнөн, сүрөттөлүп жаткан окуялар чыпчыргасы түгөнбөй, отургандардын көз алдына тартылып турду. Бул кишиде жогорку айтылган өнөрдөн башка дагы бир касиет, кыдыр жылоологондук сезилип турду. Отургандардын ой-сезимдерин сыйкырлуу бир күч менен өзүнө тартып алгандай туюлуп кетти. Мезгил-мезгили менен кол жоолугу менен ууртун, көзүн аарчып койбосо, бир тыным

алган жок. Казыбектин, Молдо Кылычтын казалдары, Шырдакбектин арманы, Калыгул олуянын айткандары отургандардын бирөөн да кайдыгер калтырбады. Анын ичинде айрыкча журт-жумуруятка маалим болгон «Үкөйүмү» өзгөчө чеберчиликте аткарылды. Боогачынын кебин бузуп албайлы дегендей суроо да берилген жок. Аксакалдын кебин токтотууга бир гана «тамак бышты» деген сөз болду. Бир саат, эки сааттын ичинде баягы «шайдоот» активдер мектептин балдарына окшоп момурай түшүптүр, аксакалдын оозунан дагы эмне деген сөз чыгат дегендей. Сулап жаткандар көздөрү умачтай ачылды. Чиркин сөз күчү эмне гана кылбайт тура. Ал эми анын аткарылышычы...

Эшикке чыгып келгенден кийин колго суу куюлуп тамакка отурушту. Аксакалдын кеби баарынын делебелерин козгоду. Аны менен байланышкан суроо жооптор тамак ичип отурганда айтылып отурду. Буга айрыкча төрага аябагандай ыраазы болду. «Капитан» соолугуп, көз карашы да оңолуп калыптыр. Бата жасалгандан кийин дасторкондун четине чарчы болотнайдын үстүнө акча ташташты, Боогачы аванын куруп берген кызыктуу аңгемесине ыраазы болушуп. Буга аксакал караманча эле каршы болду. Мындай сыпаа мамилеге отургандар, төрага баштап көжөрүп көнбөй коюшту, «биздин шакты сындырбаңыз» – деп. Ырахматын айтып баягыны колуна кармаган болуп тышка чыгат. Кармашы да олдоксон, жийиркеничтүү. Эт-аш салынган бир баштыкты Осмон болуштун канжыгасына байлап коюптур. Аны карап унчуккан жок. Кет-кетке келгенде Боогачы: бет аарчым калыптыр, – деп үйгө кирип кетет да, бат эле чыкты. Көрсө, ал киши кол жоолугун шылтоолоп, берген акчаны баягы үкөктүн үстүнө таштап кетиптир. Ошентип, Осмон экөө кошто-

шуп аттанып кетишет. Төраганын жасаган мамилесине аябагандай ыраазы болот. «Ушул кызматта иштесе, мени эл душманы дебей үйүнө чакыртып сый көрсөтүп, активдерине тааныштырып көз көрүнө көтөрмөлөп турганы эмне деген адамгерчилик. Мендейлер толуп жүрөт го буларга эмне жетишпейт, керек болсо мен-менсиген артисттерди чакырышпайбы, борбор калаадан. Кеңеш мамлекетинде ушундай кыргыз уулдары кызмат кылышса анда келечек ба-ар элимде...»

*13. 08. 11*

# *ПУБЛИЦИСТИКАЛАР ЖАНА МАЭКТЕР*

## КҮҮГҮМДӨГҮ КОНГУРОО

*(Автордун «Кыргыз туусуна» берген интервьюсунан)*

### Бизде оптимисттер көбөйүүдө

Турмуштун биз билбеген кыйма-чийме жолдорунда не деген гана жазуулар болбойт? Асанбек Токтомушевди мен биринчи жолу мындан 3 жыл мурун иш кабинетинен жолуктургам. Анда мен өмүрлүк жубайым катуу ооруп, Асанбек агайдын бөлүмүнө жаткырууга туура келип, ошондой тагдыр менен бардым эле. Ошондогу кыйын күндөрдө ушунчалык жылуу кабыл алып, ар бир саатта абал сурап, ал турсун оорунун кыйындыгынан өзүнчө бөлмө бошоттуруп, шарт түзүп берип, абалыбызды кыйла жеңилдеткенин мен эч качан унутпай калдым. Дарыгердин касиетинин бири сөзү экенин мен ошондо бир билдим. Жай олтуруп сүйлөшүп, түшүндүрүп, колдон келгенин аябай дарылап турду. Негедир ошондо эле «Сиз жөнүндө жазайын» десем, караманча макул болбой койгон. Өтө жөнөкөй турбайбы деп койдум эле агайды. А жөнөкөйлүктүн артында улуулук бар экени чындык. Ошондон бери эми көрүшүп, дагы баягыдай күлүп саламдашып, ал-абал сураштык. Агайды көргөндө жүрөгүм бир сыдырылып өткөн оор күндөр көз алдыма чууруп өттү. Жашоонун мыйзами бизге баш ийбейт тура. Асанбек агайдын чын адамгерчилиги айтууга арзыйт. Бул жолу мен агайды биздин гезиттин кечки коңгуроосуна чакырып макулдугун алдым.

– Асанбек Токтомушевич, жумуштан кийин кичине бош убакыт болуп, эмне менен алек болуп жатты элеңиз?

– Кичине бош боло калсам эле англис тили менен алек болом.

– Анда эс ала деле албайт турбайсызбы, бирок учурдун талабына ылайык жакшы кыласыз.

– Ооба, англис тили мага өтө зарыл, ошондуктан өз алдымча үйрөнүп жүрөм.

– Көркөм адабият менен да алектенесизби?

– Сөзсүз да. Менде орусча, кыргызча китептер көп.

– Тандап окуйсузбу?

– Албетте.

– Мисалы?

– Мисалы Достоевский, Чехов, анан Чернышевскийдин китептерине кайрылып калам.

– Анда сиз сынчылардын эмгектерин да сүйөт турбайсызбы, көпчүлүк окурмандар сынчынын жазганын деле окушпайт?

– Мен негедир сын окуганды жакшы көрөм. Жөнөкөй китептердин да биринчи рецензиясын окуп туруп тандайм.

– Деги өзүңүз врач болгон менен адабият менен искусствого жакын турбайсызбы?

– Ал чын, Москвада окуп жүргөндө 30 дан ашык спектаклге бардым окшойт. Көрүп келип, кайра анын китебин таап окучумун дурустап түшүнүш үчүн.

– Кыргыз театрына да ошентип кызыгып барып жүрөсүзбү?

– Ооба. «Шабдан баатырды» көрүп эс алгам. Чындыгында театрга аз барам. Биринчиден, үйүм алыс, Беловодскиден келип иштейм. Экинчиден, биздин ишти билесиз да, оор, убакыт ченелүү.

– Ооба, билем агай.

– Иште жеке эле оорулууну эмес, анын туугандары менен сүйлөшүп, алардын үмүтүн камсыз кылуу да бир топ убараны талап кылат ошондой психологиялык оор шартта. Онкологиялык оорулар бизге келгенде 2-3 күн катуу депрессияда болот, эми өмүр бүттү го деп. Ошондой абалда бейтаптын көңүлүн таап сүйлөшө билүү көп нерсени чечет. Бизде «сен врач менен сүйлөшкөндөн кийин сага жеңилдик болбосо, анда ал врач эмес» деген сөз бар. Ошон үчүн биздин сөзүбүз дагы оорулууга, анын айлана-чөйрөсүнө жакшы маанай бериш керек. Кээ бирөөлөр кесибин жакшы билбесе да, сөзү менен эс алдырып коёт. Же бир мыкты врач болгону менен чорт кыялы болсо, 3-4 саат жасаган операциясы таасир бербей да калышы мүмкүн. Чынында бул эки касиет тең болгонго жетпейт. Мен муну өзүмдөн кийинкилерге да такай айтып келем.

– Бөлүмүңүздө канча врач иштейт?

– Бешөө, бирөө илимдин кандидаты, калганы жогорку категориядагы врачтар, дасыгып калышты.

– Асанбек Токтомушевич, акыркы жылдары негедир онкологиялык оорулар көп учурагандай сезилет. Буга кандай көз караштасыз?

– Мурункудай эле, бирок өтүшүп кеткен залалдуу шишик оорусу биздин азыркы таптагы экономикалык абал менен түз байланыштуу. Мурун борборго чаап келе калышчу да, тез аранын ичинде чара көрүлчү. Азыр каражаттын чектелүүсүнүн натыйжасында алыскы жерден келе алышпайт. Мына-ана деп жүрө беришет. Биздин элде ушундай адат качан калаар экен. Чектен өтүп кетсе, айласыз болуп, биз деле жардам бере албайбыз.

– Бейтаптын айыгар, айыкпасы сиздерге күн мурунтан эле айкын сезилери чынбы?

– Ооруну бир караганда эле байкайсың. Дароо билинет. Билимиң, көп жылдык тажрыйба ошого жеткирип коёт экен. Кээ бир оорулууларды текшерип, өтө кылдат карап, убакыт кетирип жатып анан диагнозун коюуга туура келет.

– Айыгып кеткендер көп эле болобу ушул таш боор шишиктен?

– Болот, эгер убагында келишсе. Илгери гripптен, суук өтүп калгандардан деле каза болушчу дары жок учурунда. Илим өркүндөгөн сайын жаңы ыкмалар, дарылар пайда боло баштады. Диагноз коюуда өтө катуу жетишкендиктер байкалууда. Бирок муну эл кичине туура эмес түшүнүп жүрүшөт. Маселен, алыскы райондорго врачтар барып калсак, чу деген эле жерден «ультразвук аппаратыңар барбы?» деп сурашат, ошол аппарат эле бирдемени толук айтып берчүдөй болуп. Врачтын керектигин экинчи планга коюшат, кызык. Илгери анык дарыгерлер бейтаптын тамырынан эле ооруну аныкташчу. Бир курдай америкалык врач келип бизге азыркы Американын медицинасынын жетишкендиктери тууралуу лекция окуп калды. Мен мындай деген суроо берип калдым: «Сиздердин врачтар үчүн бүт эле даяр экен. Билим, акылдын анча зарылдыгы жок окшойт, баары эле компьютерден чыгып даяр болот экен. Буга алты-жети жыл окубай эле, эки жыл окуп алса деле болот экен да. Врачта клиникалык ой-жүгүртүү болбосо, кандай жыйынтык болот» – десем: «Сиздин айтканыңыз туура, бизде чындыгында эле аппарат менен иш кылыш көнүмүш адат болуп калды. Бир чети аның даяр, жакшы. Туура ой жүгүртүү врачка өтө керек. Көп эле ага берилүү, сиз айткандай, терс натыйжасын берсе керек», – деп суроомон кутулуп кетти.

– Залалдуу шишик ооруларды дүйнөлүк медицинада жеңүүчү күн келеби?

– Менимче ал күн келет. Илим деген дайыма өсүү жолундагы нерсе эмеспи. Адамзаттын акылы ага да жетет деп ишенем. Азыр эми негизинен онкология цивилизациянын оорусу деп коюшат. Балким, анысы деле чындыр. Өнүккөн өлкөлөрдө АКШда, Европада онкологиялык дарттар биздин шартыбызга караганда көп учурайт. Алардын жаңы технологиясынан чыккан зыяндуу заттар онкология оорусун чакырат. Муну окумуштуулар айтып келишет. Ошолордун кесепетинен далай залалдуу шишик оорулардын козголушуна шарт түзүлөт.

– Залалдуу шишик оорусун алдын алууга болсо керек?

– Эми убагында дарыланып, стадиясы кичирээк кезинде байкалып калынса, толук бул кеселден арылууга болот. Дарттын алдын алууга болот же болбойт деп айта албайм. Бул маселени эмики кылымыбыздын окумуштуулары чечмелесе керек.

– Өзүңүздүн үй-бүлөңүз тууралуу да айта кетсеңиз?

– Өмүрлүк жубайым Гүлбара врач, акушер-гинеколог, мен бир адамды дарыласам, ал бир эле мезгилде эки адам – эне менен анын перзенти үчүн кам көрөт, ошон үчүн ага жетпейм деп коём иш боюнча. Улуу кызым да биздин кесипти тандаган. Уулум архитектура-курулуш институтунда магистратураны бүтүп жатат. Көкүрөк күчүк кызым 10-класста, врач болом деген тилеги бар.

– Рахмат сизге, Асанбек Токтомушевич, сизди көп сүйлөтүп чарчаттым окшойт?

– Мен чарчаганды деле билбейм, мындай режимде иштешке көнүп калгам. Андан көрө силерге рахмат, биздин оюбузду элге жеткирип жатканыңыздарга.

– Анда ишиңизге ийгилик каалайбыз, элдик тагдырыңыз менен эсенчиликте жүрө бериңиз, агай.

Тагдыр деген адамга баш ийбейт эмеспи. Асанбек Токтомушевич тээ таттуу кыял бала чакта физика-математика боюнча кесипке ээ болгусу келчү экен. Мектепти бүткөндө борборго келип, политехникалык институтка тапшырган, бирок өтпөй калган. Эки жыл Нарын шаарындагы өзүнүн Киров атындагы мектепте сүрөттөн, ырдан сабак берди. Ошондо биринчи жолу тоолуу өрөөндө эстрадалык ансамбль түзгөн. 1969–70 жылдар эле. Анда Нарында Жумамүдүн Шералиев, Калыйбек Тагаев, Сейтказы Андабековдор театрдын көркүн ачып турган убак эле. Сейтказы агайдын тун уулу Кубанычбек ошо мектепте окуучу. Музыкалык аспаптарда жакшы ойноп, нотадан сабаты бар бала эле. Асанбек агай өзү гитарада ойноп, жаңы ачкан ансамбли менен Нарында кышында районду кыдырып концерт коюшкан. Ал турмак ошол жылдары борбор шаарга келишип, конкурска Эсенбек Мааданбековдун ырлары менен айтылуу Опера жана балет театрына концертке катышып, дипломго ээ болот. Кийин мединститутта окуп жүргөндө «Каухар» деген ансамблди жетектеп жүрдү. Негизи, башынан эле жан дүйнөсү адабиятка, искусствого жакын.

Алыскы Нарында кыргызча окуп, кадимки жай кыргыздын турмушунда өскөн жигит мындай татаал эмгектери орус тилинде жазылып, илимдин докторлугуна, профессорлукка жеткени тегин эмес. Анын баары, албетте, эмгекчилдик. Анын үстүнө, башынан сөз менен жакшы иштеген жагы бар. «Ыраматылык Канымбүбү апа сөзмөр, макал-лакаптарды кошуп сүйлөгөн адам эле» – дейт профессор. Бир сөзүн кайталабай сүйлөгөндөрдү баалоочу экен. Ошонун баары агайдын кулагында калган. Атадан эрте калып, жетимдик баштан өтсө да, ал ар качандан бир качан намысты биринчи

коюп, максаттуу жашаганга үйрөнгөн. Ошонун акыбети мына бүгүн аны кыргыздын мыкты атуулдарынын бири катары таанытып олтурат. Адамдын эң биринчи досу, колдоочусу – эмгеги деген сөз ушул тура.

Алгачкы кадамы Москва райондук борборлоштурулган ооруканадан башталган. Бир нече жылдардан бери Республикалык онкология институтунун онкологиялык урология бөлүмүнүн башчысы, 50 дөн ашык илимий иштери жарык көргөн. Эң негизги эмгектери – заара жолдорундагы пайда болгон рак ооруларын (залалдуу шишик) дарылоо, диагностика жана онкологиялык ооруларды өз убагында дарылоодогу актуалдуу маселелер, Кыргызстанда онкологиялык урологиянын өнүгүшү ж.б. Көпчүлүк эмгектери КШМ өлкөлөрүндөгү өткөрүлгөн эл аралык илимий жыйындарда жарык көрдү.

Окуучулук күндөрдө эле арыктын жээгинде жаткан гезиттин айрындысын көрө калса, ошону окумайын өтчү эмес. Бул бир жазуучу, же окумуштуу болот окшойт деп кеп кылып калышчу. Жакшы тилек – жарым ырыс демекчи, азыр ошол сөздү турмуш өзү чындыкка айлантып, Асанбек Токтомушевич республикада онкоурология боюнча мыкты адис экени белгилүү. Кыргызмединститутунун урология боюнча клиникалык ординатурасын бүтүрүп, кандидаттык жана докторлук диссертациялардын Москвадан жазышы оңойлукка турбаса керек.

*Бактыгүл ЧОТУРОВА*
*«Кыргыз Туусу», 24-26– февраль, 2004 –жыл.*

## Жить без страха

Меня задела за живое публикация в «Комсомольской правде», («Больного раком ребенка били, чтобы «не распространял заразу»). 14-летнего подростка, страдающего лейкемией, избил какой-то не очень трезвый идиот только за то, что ребенок был в маске, которую после пересадки костного мозга он должен носить, чтобы, не дай Бог, не подцепить тот же грипп, ОРВИ или какую другую инфекцию. Ослабленный организм мальчишки с ней может просто не справиться.

Единственное, с чем я не согласен с автором, так это с рубрикой «Очень личное». Наоборот, эта тема и, в частности, этот вопиющий случай касаются всех и каждого. Он может произойти и у нас, не только в Москве, но и в Бишкеке, люди отворачиваются от тех, кому нужна помощь. Потому что невежество так и прет отовсюду. А оно порождает страх перед болезнью и агрессию как защиту от нее. Появились они не сейчас. А взлелеяны годами. Помнится, лет тридцать назад, когда я был еще студентом мединститута, средняя продолжительность жизни онкологических пациентов составляла в среднем четыре-шесть лет. А у больных раком крови и того меньше: сколько их выявляли, столько в течение года и умирало. Такая статистика наводила ужас и страх. Диагноза «рак» люди боялись как огня и больных им сторонились. А тут еще строители шороху навели: взяли и выкрасили в серый цвет корпуса онкоцентра. В народе центр тут же окрестили больницей для смертников, которую обходили десятой стороной: не случайно же ее выкрасили в серый цвет. Мрачные, серые здания действительно напоминали о беде и об обреченности. И порождали страх. Причем, говорили так не только обыватели, а и люди интелли-

гентные, понимающие, что рак – болезнь не заразная, не передается при кашле и чихании, и вообще при любом общении, и тем не менее предпочитали держаться от раковых больных подальше. «На всякий пожарный», – как пояснил мне один мой знакомый. Здание после этого перекрасили в светлые тона, но страх остался.

Как-то присутствовал на одной из встреч городского начальства с горожанами. Жители пожаловались на то, что поликлинику онкоцентра построили рядом с шестой поликлиникой. Опасно, мол, такое соседство. Как специалист, я попытался вразумить невежественных жильцов. Но меня осадил один из партийных начальников.

– Что за кощунство, кто дал разрешение? Ведь там раковые больные! Они не должны встречаться с горожанами, пришедшими в обычную поликлинику, – возмутился он.

Поликлиники как стояли рядом, так и стоят. И больных с онкозаболеваниями становится больше не от этого соседства. А прежде всего от наплевательского отношения к своему здоровью, от такого вот невежества. Слава Богу, нашлись здравомыслящие люди.

Не отрицаю, что в какой-то степени мы, врачи сами и сформировали страх у людей перед этим с недугом Мы не имели права говорить правду о заболевании самому больному, да и сейчас, в общем-то, чаще всего скрываем ее. Хотя, на мой взгляд, пациенты все прекрасно понимают. А потому мы должны уметь так поговорить с больным и его родными, чтобы не напугать их, а вселить надежду. Она мобилизует, убивает страх. Неизлечимый – не значит непобедимый.

Сегодня появились новые подходы в диагностике, в том числе на молекулярном уровне, а также в лечении онкологических больных. С помощью современ-

ных аппаратов можно точно определить локализации новообразования, его метастаз, если они имеются. Высокочувствительными диагностическими средствами прогнозируется поведение раковой болезни. Крупными онкологическими центрами мира разработаны приемлемые схемы терапии в зависимости от вида опухоли. Появились новые эффективные противоопухолевые препараты.

Лечение онкологических больных комплексное, кропотливое, сложное, проводить которое могут хорошо подготовленные специалисты, разумеется, при активном участии самих больных. Конечно, мы не располагаем такими огромными возможностями, как, например, в США или Германии. Но грех и жаловаться. В нашем центре работают высококвалифицированные кадры, то есть опыт, знания и желание помогать людям. Поэтому не надо паниковать и падать духом. Говорят, даже бог помогает оптимистам. Страх же плохой попутчик.

*ВБ. Сентябрь, 2009 г.*

## О влиянии лунного света

В советское время в шутку говорили: специалистом можешь ты не быть, но кандидатом быть обязан. Но самое страшное, что это шутливое выражение нынче стало реальностью. Появляются сотни лженаучных статей, исследований, в которых якобы содержатся глубокие научные разработки, призванные решать многие практические вопросы. А на самом деле все это игра слов, не более.

Как в народе очень метко говорят в таких случаях: работы из серии влияния лунного света на рост телеграфных столбов. Более пяти лет я являюсь отраслевым

экспертом Национальной аттестационной комиссии по хирургии. Глубоко убежден, что авторам десятой части написанных диссертаций, которых трудно назвать таковыми, ни в коем случае нельзя присваивать ученую степень. Хотя ученые мужи наперегонки соревнуются между собой, кто из них больше подготовит кандидатов и докторов. Для них это тоже плюс в карьере. Некоторые из них спят и видят себя членкоррами и академиками. Но человек, не познавший все муки исследователя, в науке случайный прохожий. И хорошо еще, если он не будет фонтанировать бессмысленными идеями, разбазаривая при этом государственные средства. Такие «ученые» губят науку.

Как-то один знакомый из Жогорку Кенеша в шутку сказал, что чуть ли не у 60 процентов народных избранников имеются дипломы либо кандидата, либо доктора наук. Прямо целый ученый совет, а не парламент! А другой со смехом рассказал, что был на днях в гостях у сокурсника, где обмывали его диплом кандидата наук, хотя все прекрасно знали, что высокий чиновник никогда серьезно не занимался наукой. Но когда хозяин дома показал диплом доктора наук, гости потеряли дар речи. Вот такой фантастический сюрприз! И если бы это был единичный случай!

На мой взгляд, наступила девальвация высшего образования и диплома, в частности. Что говорить о нашей небольшой стране, если в России, даже в московском метро, продают дипломы, какие только пожелаешь. Естественно, в обществе сложилось и соответствующее отношение к ученым. Помню, для меня и моих сокурсников профессор был бог и царь. Даже перейти дорогу перед ним и то считалось чем-то из ряда вон выходящим. Сейчас, если попадешь в толпу студентов, то, как говорится, молишь бога, чтобы не затоптали.

Они могут совершенно спокойно разговаривать с тобой с полным ртом жвачки. Помилуйте, я не придираюсь, но люди, получающие высшее образование, должны быть и воспитаны соответственно, потому что они уже относятся к интеллигенции. Хотя, кажется, и это понятие утрачено в наши дни. Интеллигенция измельчала, трансформировалась.

Но, слава богу, среди нынешних ученых есть истинные «грызуны науки», которые, несмотря на нынешнее прохладное отношение государства к науке, к ним, низкие заработки, не применяют исследовательские лаборатории, ни на какие блага, как бы трудно им ни было. Но, к сожалению, таких энтузиастов у нас немного. И я очень боюсь, что, в конце концов, и моих коллег разочарует невостребованность их знаний, опыта, открытий. И что дальше?

Если обратиться к истории, то еще при Петре I к ученым людям относились с большим почтением, присваивали им привилегированные звания.

При Екатерине, например, им даже дарили имения, они получали дворянские титулы. Сейчас же у меня создается впечатление, что нашему обществу наука не нужна. Надо вообще разобраться, кто ею занимается и что с ней происходит, если конечно, мы хотим поднять ее на уровень.

Но найдутся ли силы для ее реформирования? Наверное, потребуется провести еще один курултай для обсуждения назревшей проблемы, на котором надо решить один из главных на сегодня вопросов – подготовку научных кадров, которые будут способны двигать науку вперед.

*ВБ, 22 апреля, 2010 г.*

## Оптимистическая трагедия

*Вы думаете, я управляю Россией? Россией управляют столоначальники.* Николай I, Российский император. 19 век.

Одна из тем дня — повышение зарплаты нашим чиновникам. А поскольку их у нас, как говорится, пруд пруди, то денег потребуется не один миллион и даже не в сомах. Представьте, на пять с небольшим миллионов жителей — минус из них миллион примерно трудовых мигрантов, неразумных младенцев и немощных стариков — у нас 17 министерств, с десяток всевозможных агентств и несметное количество управлений, комитетов. И во всех — их величества, большие и мелкие чины. Причем даже в самом маленьком отделе «белый воротничок» чувствует, а главное, ведет себя как царек. Причем в нынешних кабинетах больше чувствуется революционного духа, нежели интеллигентности и компетентности. Нет, я ни в коей мере не хочу сказать, что лет пять-шесть назад было больше профессионализма и уважения к людям.Также продавались и покупались должности или назначались на них «свои» люди. Не случайно же то в одном коллективе, то в другом кипят страсти. Там, где руководителя ценят и уважают, такое, согласитесь, невозможно. А ценят–то за ум и совесть, которые видно, как говорится, невооруженным глазом. А у многих чинуш их и под микроскопом не найдешь. Реальный факт, когда один из высокопоставленных чиновников, что должен нести культуру в массы, не знал, кто такие Паганини и Шопен. Как такое стало возможно? Ответ сразил своей прямотой: он, как выяснилось, оказался человеком с большим революционным прошлым, аж с 2004 года. Прямо «Оптимистическая трагедия» в кыргызском исполнении. Чи-

новничий беспредел и вседозволенность долго бередят душу. О двух случаях помню до сих пор, хотя прошло очень много лет.

По заданию министерства мы с коллегой приехали в одну из областных больниц для того, чтобы проверить знания врачей–интернов. Аудиенции главного врача пришлось ждать часа полтора. «Шеф занят», — виновато говорила секретарша, закрывая за собой дверь кабинета районного чинуши. Наконец он снизошел. Увидев нас, молодых и зеленых, он даже не стал надевать дежурную маску приветливости. Потом главврач долго разговаривал по телефону с приятелем, а мы сидели перед ним и снова ждали. И не мы одни: в приемной безмолвно–обреченно тоже ждали родственники больных. Наконец он позвонил в хирургическое отделение, чтобы сказать о нашем приезде. На другом конце трубки, видимо, переспросили: мол, кто звонит. И тут пошел–поехал наш родной менталитет. Главный буквально впал в ярость: «Это я, главврач! — рявкнул он в трубку. — Ты что, мать–перемать, не знаешь, что по этому телефону звоню только я?!». Второй случай, тоже связанный с работой, запомнился, наверное, потому, что уж слишком откровенно плюнул в душу высокий чин. Одному из его родственников требовалась экстренная операция. Через полчаса, сказали мне, чтобы был готов к выезду. Из-за экономического кризиса мы давно не выезжаем в отдаленные районы. Поэтому я удивился столь экстренному вызову, тем более что у меня в отделении было двое больных, за которыми, как говорится, нужен глаз да глаз. Приехал, прооперировал, на следующий день собрался обратно в Бишкек, больная вышла из наркоза, угрозы для ее жизни уже не существовало. Но вместо «спасибо» «белый воротни-

чок» обрушился на меня с обвинениями, дескать, как можешь уехать, оставив больную?! «Если надо будет, на неделю задержу! — орал он. — Один мой звонок, и будешь сидеть возле кровати столько, сколько я посчитаю нужным». Я молча взял и уехал...

Нынче хамства стало больше. На него, можно сказать, у людей уже выработался иммунитет. И, наверное, хорошо: иначе сердце не выдержит обид и унижений. И, что характерно, крепки традиции чиновничества. Новые служивые взяли от старых, ну, самые худшие его приемы. Например, пойди туда, не знаю куда. И пока не принесешь то, за чем послали, будешь еще долго бегать от двери к двери. Коррупция опутала нас всех: одни дают, другие берут, и даже те, кто призван бороться с ней. Если повышение зарплаты чиновников рассматривается как один из шагов борьбы с коррупцией, то это неверный шаг. Главный — неотвратимость наказания по закону. А то читаешь: одного задержали с поличным со взяткой, другого, третьего... А в реальности все по–прежнему на своих местах, цветут, как говорится, и пахнут.

*ВБ, сентябрь, 2010 г.*

## О родной речи

Становление Кыргызской республики произошло с начала прошлого века в составе Российской Федерации. По статистическим данным того времени в Республике местных образованных кадров можно было насчитать по пальцам. С таким интеллектуальным «арсеналом» мы взялись построить государство. В последующем Киргизия стала суверенной республикой в составе СССР. И естественно это произошло не без помощи дру-

гих братских республик. Бывшая окраина Российской империи за исторически короткое время показала себя жизнеспособным государством. Бывший руководитель Республики Усубалиев Т.У. вспоминает: Как-то в одной встрече «tet a tet» с Генеральным секретарем Н.С. Хрущевым, он интересовался о численности коренного населения. Цифра была не утешительная. В то время кыргызы составляли около миллиона. Немножко подумав, Генсек сказал: - «Видите, секретарь, ни в одной стране мира нет суверенного государства, население которого  насчитывает один миллион. Разве можно называть это титульной нацией? Это совершилось, как вы сами догадываетесь  благодаря Коммунистической партии и Великого русского народа….»

Да все это верно. В мир просвещения и цивилизации мы вошли  с помощью русского языка, а что делать, если до этого не было своей письменности. В последующем наращивалась работа в этом направлении, как говорится стремительно, революционно. Появились значительные сдвиги и в  народном хозяйстве и в культурно-просветительской работе. Естественно все государственные дела проводились на русском языке. Однако увлекаясь русским языком просто-напросто «забыли» изучение родной речи. Отпала нужда в этом. Тем не менее,  такие союзные республики, как некоторые Европейские, Украина, Азербайджан, Грузия, Армения, соседи – Узбекистан, не дремали в развитии своей родной речи. Была твердая политика Центрального комитета КПСС о развитии родного языка в каждой республике. Кыргызский язык преподавался в школах, представители другой национальности того времени активно его изучали, были положительные  результаты. Потом что произошло одному богу известно. Дальнейшее разви-

тие языка постепенно потеряло свою актуальность. В шестидесятые и восьмидесятые годы дошел до своего апогея. Игнорирование родного языка чувствовалось всюду кроме жителей отдаленных сел республики. Как мне вспоминается, в те годы чиновники, у которых дети учились в кыргызской школе, не ходили «с высоко приподнятой головой». У нас видимо, не хватало воли у руководителей, которые стояли у руля страны. Приведу пример из собственной жизни.

В середине восьмидесятых годов прошлого столетия я был в Москве на научной стажировке. Начал реализовывать свою давнейшую мечту – выполнить кандидатскую диссертацию. Сам окончил кыргызскую школу. На русском языке, во всяком случае, говорил неплохо. И вот впервые в моей жизни, по серьезному я столкнулся с настоящим «правописанием» русского языка. Для того чтобы написать научную статью потребовалось по семь-восемь часов отсиживать в библиотеке. А после их проверки оставались только «рожки да ножки» в виде «ценных» 2 или 3 предложений. Увидев такую «запущенность» в моей грамоте научный руководитель сказал: «Может, поедешь к себе в республику, научную работу напишешь на своем родном языке, а после перевода можешь приехать, на зашиту диссертации». Когда мне предлагали этот вариант, я подумал – а почему бы нет? И внезапно возник другой вопрос: а могу ли я написать на кыргызском языке диссертацию на медицинскую тему? Это практически не было осуществимо. Медицина, как и другие научные отрасли не изучалась на родном языке ни в школе, ни в ВУЗе, тогда как выше мною перечисленные республики читали и писали на родном языке. Вот тогда я впервые почувствовал состояние родного языка, как «карлико-

вого языка» который не признан на своей родине за все годы его развития.

Такое наследие мы «узнали» буквально недавно, как стали суверенной Кыргызской Республикой после развала СССР. И тогда кыргызская интеллигенция очнулась. Поняли, что в своем отечестве без родной речи далеко не продвинутся. Возникла проблема. В этом нуждались и русскоязычные политические деятели. Первой «жертвой» стали чиновники высшего эшелона власти за «манкуртное» отношение к родной речи. Однако они быстренько «подтянулись» за короткий промежуток времени, преодолев вековую «отсталость». Оказывается можно, не так уж трудно изучить родной язык. «Для того чтобы оценить родной язык, нужно знать иностранный язык» – как говорил Г. Гейне. Если это принять во внимание всерьез, то, слава богу, мы освоили великий русский язык, теперь видимо настал время, чтобы оценить родной язык.

К сожалению, говорят, что по данным мировой статистики «кыргызский язык» попал в список неперспективной лингвистики. Нам это услышать, естественно, неприятно и оскорбительно. Типун на язык. Как же так, случилось, что такой древний народ, создавший словесный литературный шедевр как «Манас» лишился своего языка?

*13.11.12.*

## Прости, Гиппократ…

(врач-пациент)

*В палату больного стучат.*

*– Войдите, - говорит пациент.*

*Молча входит медсестра, молча переворачивает больного спиной вверх, стягивает с него штаны, вставляет в задний проход свечу с лекарством и так же молча направляется к двери.*

*– Сестра, - потрясенно говорит больной. – Можно спросить, зачем вы стучали?*

*Старый анекдот.*

Иногда по такой схеме – бесцеремонно-равнодушной – строится общение медиков с пациентами.

– Мой ребенок умирает, а они ничего ему не делают, – кричит в трубку редакционного телефона мамаша, двухмесячный ребенок который лежит в реанимации инфекционной больницы. Одно за другим сыплются обвинения в адрес медиков. Это второй вариант общения– оскорбительно-обвинительный.

Эскулапы в свою очередь заявляют: мы, мол, самые бесправные! У пациента есть права, а у нас одни обязанности. Конечно, психологию отношений «врач - пациент» должен понимать и тот и другой. Как добиться этого понимания? На эту тему рассуждает наш известный онкохирург, заведующий отделением онкоурологии Национального центра онкологии профессор Токтомушев:

– В хирургии я уже более тридцати лет. Проконсультировал и прооперировал за эти годы тысячи больных. Разных по социальному статусу, возрасту, бедных, богатых. И, естественно, есть кое-какие наблюдения по этому поводу. Отношения между врачом и

пациентом всегда были если не трепетными, то очень доверительными. Без веры во врача лечить и лечиться невозможно.

Вот взять хотя бы ту женщину, которая позвонила вам в редакцию. Я никогда не поверю, чтобы в реанимации умирал ребенок, и мои коллеги ничего не делали для его спасения. Причем видеть этого она сама никак не может. Но обвиняет, тем не менее, медиков. Плохо то, что врачи, видимо, не объяснили, что с ее ребенком и что они делают, чтобы помочь малышу. Пациент и его родные должны, на мой взгляд, получить максимум информации от доктора. Объективной и убедительной. Как говорил известный невропатолог, «если пациент не почувствовал облегчения после общения с врачом, то это не врач».

Особенно важен первый визит пациента к врачу. Эта встреча во многом предрешает успех лечения. Порою врач, терпеливо выслушивая больного, сам находится в стрессовом состоянии. Однако его внутреннее самочувствие ни в коем случае не должно отражаться на его отношениях с пациентом.

Хотя просто невозможно сдержать себя, уж прости Гиппократ. Например, приходит на прием больной и начинает ругать на чем свет стоит врачей, у которых он был до меня: и бездарны они, и взяточники, и то не могут, и это не хотят. Хотя, судя по записям, необходимые обследования проведены, диагноз поставлен верно, правильно назначено и лечение. Непонятно, чем больной недоволен. Говоришь ему об этом и автоматически попадаешь в разряд «хапуг и бездарей». Еще в студенчестве я услышал шутку: «В больницах встречаются две категории больных: одни серьезно больны, другие жалуются на плохое питание». Мы, помню, долго сме-

ялись над этим. Но верно говорят, в каждой шутке есть доля правды.

Есть еще одна категория больных – жены, тети и другие близкие родственники высокопоставленных чиновников. Не успели зайти в кабинет, как начинают морочить голову: не звонили ли вам «свыше» по поводу меня. Как будто – чей-то звонок что–то изменит. В связи с этим мне всегда вспоминается диалог короля Карла IX с врачом, который приводили на лекциях.

– Надеюсь, - спросил он врача, - королей ты будешь лечить лучше, чем бедняков?

– Нет, Ваше Величество. Это невозможно. Я бедняка лечу так же тщательно, как и короля.

Но когда требуют королевского к себе отношения и при этом хамят, то, бывает, нервы сдают. За что мы с моимпомощником однажды получили по полной. Хотя, признаемся честно, все равно считаем, что мы были правы. Врачи просят пациентов только одного – уважения к себе. Не устраивает лечения, можно обратится к другому специалисту. Благо сейчас можно лечится где и у кого угодно. Но не надо лить грязь, стричь, как говорится всех под одну гребенку, приклеивать ярлыки на медиков. Видит бог, уважение должно быть обоюдным.

Понимаю, не все медики идеальны. Можно действительно привести примеры и равнодушия, и халатности. Безусловно, как и в любой среде, в медицине не без урода. Безусловно, возможны суды и порочные явление. Но тысячи других спасают тысячи людей, порой смертельно рискуя. Именно среди врачей самая высокая заболеваемость – гепатиты, туберкулез, сердечно-сосудистые недуги. Недаром известный кардиохирург Бернар сказал: «Когда говорят, что сердце рвется от горя – это не метафора«.

И, несмотря на маленькие зарплаты, постоянные стрессы, всегда будет немало людей, стремящихся к врачебной деятельности, потому что оно дает такое нравственное удовлетворение, как никакая другая. Есть такое латинское выражение: Crux medicorum – «Крест медика». И медики несут его по жизни. И как говорил еще Гомер: «Многих воителей стоит один врачеватель искусный...».

*Май. 2012. ВБ. Нина НИЧИПОРОВА.*

## Страдаем вместе с пациентом

Более четверти века после диагноза «рак»
живет и здравствует пациент Шерматов
из Нарынской области.

*(Хорошим пациентом я называю того, кто, найдя хорошего врача, уже не оставляет его, пока тот не умрет)* Оливер Холмс (старший)

— Поступил он к нам уже с четвертой — последней — стадией рака. О таких говорят — безнадежный. Мы дважды его прооперировали, провели комбинированное лечение, и пациент пошел на поправку, — говорит заведующий отделением онкоурологии Национального центра онкологии профессор Токтомушев.

И таких долгожителей не один и не шесть! На мой вопрос, скольких больных он прооперировал за 30 лет, доктор пожал плечами:

— Я не веду никаких подсчетов. И думаю, это не показатель. Главное же в том, сколько лет твой пациент проживет после лечения, причем по–человечески. Это, на мой взгляд, и есть свидетельство профессионализма врача–онколога.

Трудно даже представить, что в нашей медицине могло не быть хирурга Токтомушева, не опоздай он сдать документы в политехнический институт, предел юношеских мечтаний. Математика для него была светом в окошке, а о медицине он и не помышлял. Чтобы не терять год и не расстраивать близких, юноша по совету брата, который учился в самом престижном в те времена высшем учебном заведении — мединституте, подал документы туда. И без труда поступил.

— Первым делом, став студентом мединститута, я бросил курить. С тех пор не курю. И еще, что называется, зарубил себе на носу: если уж быть врачом, то очень хорошим, — вспоминает профессор.

А потому день и ночь пропадал в больнице в Беловодском, где начал работать после окончания вуза. Иначе нельзя: в медицине, по его словам, ничего просто так не дается. Нужны знания и опыт.

— Причем, как точно подметил мой коллега Акрамов, надо набивать не руку, а мозги. Иначе никогда не станешь мастером. Я оперирую уже тридцать лет, но по–прежнему готовлюсь к каждой операции, словно к первой, — говорит завотделением.

Судьба навязала ему не только профессию, но и специальность. В клинической ординатуре по хирургии, куда хотел податься молодой специалист, мест не было: Токтомушев опять опоздал. А в ординатуре по специальности «урология» осталось последнее.

— Честно, душа к урологии не лежала, хотел работать в большой хирургии. А потом так увлекся, что замахнулся на аспирантуру, хотя мне, можно сказать, открытым текстом заявили: какая, к черту, аспирантура, мол, перерос. Хотя мне всего было тридцать лет. Но я же упертый. На мое счастье, нашему центру, который назывался еще НИИ онкологии, нужны были

специалисты с опытом работы, которые хотели бы заниматься наукой. Меня приняли, а через два месяца я уехал во Всесоюзный научный центр онкологии имени Николая Блохина в Москву, где крутился как белка в колесе. Не знаю, чем я уж мэтрам понравился, но мне продлили время стажировки. И за два года, что был там, написал кандидатскую диссертацию, — говорит Токтомушев.

С тех пор с Москвой — кузницей кадров для Кыргызстана (пятнадцать докторов наук, которые работают сейчас в центре, защитились там) — Токтомушев не порывал связей. В 1997 году под руководством главного онкоуролога России Бориса Матвеева он защитил докторскую диссертацию. Является членом Российского и Украинского онкоурологических обществ.

Токтомушев — не только хирург, он еще и хороший психолог. По его мнению, большинству из онкологических больных надо честно говорить их диагноз. Попадая в центр, люди впадают в депрессию, и вранье в данной ситуации только усугубляет и без того тяжелое душевное состояние больного. Если же пациенту толково объяснить, чем он болен, что хотят сделать врачи и чем он может сам себе и им помочь, то у человека открывается второе дыхание. Тем более, если в палате он общается с выздоравливающими пациентами.

— Но уж если дал человеку слово помочь, то из кожи лезь, но сделай это, — говорит завотделением.

Сегодня, по его мнению, онкологической службе уделяется очень мало внимания.

— Это мы ощущаем постоянно. В середине 80–х ежедневно в институте проходили курс лечения 500–600 человек. Утром невозможно было протолкнуться в холле поликлиники: так много было больных. А сейчас гораздо меньше. Но больных–то меньше не стало, нао-

борот, заболеваемость растет. Просто две трети наших пациентов оперируются в других лечебных учреждениях и пропадают из нашего поля зрения. Но так же нельзя, — убежден собеседник.

— В конце концов, они все таки приходят к нам, но бывает, что уже слишком поздно. Если, например, метастазы в костях, то мы же не можем их все поменять, — заводится профессор. — Знаю, есть право выбора врача. Но человек может и не знать, что операция — это полдела. Кроме нее, нужно еще комплексное лечение, в том числе химио – и лучевая терапия. В этой ситуации свое твердое слово должен сказать Минздрав. Не в нашу, а в защиту пациентов, которым сейчас, как никогда, тяжело. Во время обходов некоторые из них просят на время отложить операцию, лечение, потому что у них нет денег. Слышать это тяжело, мне по–человечески жаль этих людей, потому что понимаю: пока найдутся средства на лечение, время будет упущено. В онкологии оно порой имеет решающее значение. И когда страдают больные, которым ты не можешь помочь потому, что не имеешь материальной возможности, ты тоже страдаешь... Мы клянчим там, сям. Перестали уже писать письма с просьбами, жалобами в администрацию центра, потому что поняли: это бесполезно. Сами ищем через благотворительные фонды друзей–спонсоров. Сколько инструментов, полученных таким образом, я перевел на баланс центра. Хотя не хирурга это дело.

Он и его коллеги действительно хорошо оперируют, в том числе и по собственным, разработанным ими методикам. В этом мы убедились, поговорив с людьми, которые выжили благодаря врачам онкоцентра.

*ВБ 29. 01. 09*

*Нина НИЧИПОРОВА.*

## Я, ты и болезнь

Врач и писатель Абу–аль–Фарадж еще в XVIII веке сказал, обращаясь к больному: «Нас трое — ты, я и болезнь». Простая и в то же время гениальная фраза. Без каких–либо пояснений ясно: чтобы победить болезнь, врачу и пациенту надо объединить усилия. И в этой борьбе далеко не последнюю роль играют взаимоотношения между ними. Пациенты ловят каждое мгновение, чтобы пообщаться с нами. Для них врачебные обходы — целое событие. Поэтому я говорил и буду говорить своим молодым коллегам: прежде чем лечить человека, поговорите с ним о семье, увлечении, работе, и вы очень многое узнаете о больном, поймете, надо ли говорить всю правду о его болезни. Ведь его тоже надо настроить на излечение, вселить надежду, даже если она минимальная.

На мой взгляд, одна из причин того, что люди обращаются в лечебные учреждения с запущенными стадиями болезни, кроется в поведении врачей. Больные не доверяют нам и идут к разного рода целителям–шарлатанам. Те не лечат — только калечат, время идет, болезнь прогрессирует. Зато так принимают и завлекают, что народ верит им. Тем более что больной в надежде выздороветь хватается за соломинку. Хотя у врача больше возможностей ему помочь. Но нет у него зачастую взаимопонимания с пациентом. Тем более, чего греха таить, оно нынче стоит определенных денег, что еще больше увеличивает взаимонепонимание. Как–то жена одного нашего пациента пришла расстроенная, чуть не плачет. Говорит, врач назначила ей капельницы — сердце шалит. Три месяца едва ли не каждую неделю ходила она в центр семейной медицины. А мест в дневном стационаре все не было. Сначала ей говорили,

что есть нуждающиеся больше, чем она, просили подождать. Потом сказали, что попасть на лечение надо в порядке очереди. Уже и все стоявшие после получили лечение, а для нее так и не нашлось местечка. «Платить мне нечем врачу, вот и вся загвоздка», — печально сказала женщина. И я не исключаю, что она права. Лучше бы она туда вообще не ходила, здоровья ей это не добавило.

Отношения между медиками и больными во все времена были далеко не идеальными. Помнится, «Литературная газета» в свое время писала о жутком случае, когда пациент, оставшийся в результате операции хромым, убил хирурга. Но не того, кто оперировал его, а другого. Кто–то по ошибке сказал, что оперировал тот. Случилось такое, потому что оперирующий хирург мельком встретился с пациентом, но не поговорил с ним, не объяснил, в чем риск операции. Просто был излишне самонадеян и самоуверен. Не удосужился поговорить с пациентом и после операции. А тот страдал из–за своей хромоты. Раздели врач его страдания, не было бы этого чудовищного преступления. Но у таких всегда наготове отговорка: больных много, я один. Их не ценят, поверьте, даже в медицинском кругу, тем более больные. А мнение людей, говорят, это мнение Бога.

Или взять наши частные медицинские кабинеты, которые растут в городе как грибы после дождя. В них, как говорится в рекламе, в считанные минуты компьютер выдаст диагноз. Но по ответам «да» и «нет» невозможно правильно его поставить. Тем более неизвестно, кем составлены эти программы, прошли ли они экспертизу. А с возрастом меняется картина органов и систем. То есть без тщательного осмотра пациента, обсто-

ятельной беседы с ним невозможно поставить верного диагноза. А люди ходят месяцами к таким эскулапам, которые постоянно назначают лечение, а оно ни богу свечка, ни черту кочерга. И где тут наши высокогуманные принципы?

И такие примеры непрофессионализма, самонадеянности, неуважения к пациенту можно приводить бесконечно. Проблема медицинской этики, можно сказать, кричит. А потому ей были посвящены ученый совет Центра онкологии и конференция, на которую были приглашены мэтры медицины и молодые специалисты всех медицинских учреждений. Прозвучали очень любопытные высказывания. Сотрудники центра приняли даже резолюцию по медицинской этике. Если этот своего рода эксперимент удастся, резолюцию можно обсудить в других лечебных учреждениях. Вроде бы прописные истины, но, увы, их приходится напоминать.

*ВБ. Январь 2011*

## Медицина как торговая лавка

Написать эти строки меня побудило то, что в последнее время только и слышишь о непорядочности, безответственности медицинских работников. Причем не всегда это справедливо. А ведь врачебное искусство предполагает веру во врача. И если мы всерьез хотим воскресить профилактическую направленность службы здоровья — а другого пути просто нет, — то надо противостоять этой опасной тенденции. Можно построить новые больницы, оснастить их самой современной техникой, результат окажется невысок, если убита вера во врача, убит дух истинного врачевания, то медицина превратится в торговую лавку — не

более того. Что, к сожалению, происходит. Увы, я сам в этом процессе и не составляю исключения. С проблемами, которые существуют в нашем обществе, мы, врачи, сталкиваемся как бы дважды: непосредственно сами и через страдания наших больных. Физические боли, образно говоря, — прямое отражение социальных невзгод и потрясений. И когда знаешь, как помочь больному, но не имеешь для этого возможности, потому что в наших клиниках не хватает того, чем можно ему помочь и даже спасти ему жизнь, то испытываешь и сам боль. Поскольку твои старания половинчатые и не столь эффективные. И это тебя мучает, особенно если видишь, что пациент преданно смотрит на тебя, как на Бога.

Но за последние лет десять отношения между больным и врачом все больше коммерциализируются, а вера в него все больше теряется. Точнее, все чаще и больше измеряется в денежном эквиваленте. Больной поступает, допустим, в любое хирургическое отделение — подчеркиваю: в любое. Планируется оперативное вмешательство, и тут начинается «торг». Так, увы, везде, в том числе даже в отделениях реанимации и анестезиологии. В процессе лечения каждый участник, включая даже санитаров, — «в деле», старается получить свое по требованию и вкладу.

И повлиять на это не могут ни на самых верхах, ни главврачи. О конспирируемой форме финансирования говорят на всех уровнях и уже давно, но ничего не меняется, если не сказать, что процесс еще больше усугубляется и обостряется. Дикий капитализм правит всеми.

Недавно ко мне приехал родственник, который лечился в одной из больниц. Он возмущался при каждой нашей встрече: дескать, за это плати, лекарство купи, уколы и те вознаграждения стоят. Он не-

годовал, но платил. А рядом лежал сосед по палате и молчал, потому что платить за все и всем у него нет возможности. А потому, скорее всего, и лечили его тем, что есть. А потому этот больной снова через некоторое время попадет в больницу, потому что на качественную помощь у него нет денег. А потом мы возмущаемся, что наши больницы переполнены, до миллиона больных бывает в них, а некоторые лежат по два-три раза в год. И большинство лежат не из–за удовольствия поваляться на больничной койке, а потому, что испытывают боль, которую наша нынешняя медицина может снять в лучшем случае наполовину.

И не от нас это целиком и полностью зависит. Здравоохранение, а стало быть, и врачи, и больные, у государства на последнем месте. Изменится отношение к системе — изменятся и взаимоотношения между больными и нами. Государство, на мой взгляд, должно отстаивать честь и достоинство врача. А в эти понятия входит и забота о нас самих, и обеспечение наших лечебных учреждений. И лимит гуманистических качеств медицинских работников при таком неуважении, кажется, истек. А потому происходит то, что происходит. Ведь медики как–то должны компенсировать свой риск и труд. Среди нас очень высокий процент сердечно–сосудистых заболеваний, гепатитов и других недугов.

Нет, я не оправдываю поборы. Хотя, кстати, и Гиппократ не говорил, что надо лечить бесплатно. Захотели рыночных отношений и установили их, как могли, — наперекосяк. В обществе вообще сложилась порочная практика взаимоотношений, и не только в медицине. Чиновнику или доктору не надо вымогать взятку, ее ему принесут сами люди, как говорится, на блюдечке с голубой каемочкой. Например, в день операции собира-

ются родственники больного. И в тревожном ожидании один из самых догадливых родных предлагает собрать энную сумму, чтобы возместить физическую и моральную усталость хирургов после успешной операции.

Выход тут, думается, один: медицину надо делать платной. Иначе она и впрямь превратится в торговую лавку с сомнительными услугами.

*Февраль. 2009. ВБ*

### Три симптома болезни

Я, как врач, невольно сравниваю организм больного человека с нутром государства. У последнего, судя по клиническим признакам, слишком много патологий. И почти никакого иммунитета. У человека как протекает болезнь? На появление «болезнетворного агента» его организм реагирует очень остро. Основная сила — это внутренняя организованность всех «служб», то есть способность мобилизовать все защитные силы для того, чтобы быстро предотвратить угрозу. Реактивность организма и степень готовности к предотвращению катастрофы зависят от многих факторов. Первый — это внутренняя защитная сила индивидуума. Внутренние «сторожевые» клетки всегда начеку, все они объединены и составляют систему внутренней силы каждого индивидуума. Каждое звено в этой мощной системе работает сообща, гармонично и слаженно. И если в ней все–таки происходит сбой из–за сильнейших потрясений, то наступает болезнь.

В устройстве государства тоже срабатывает такая схема. Чем слаженнее работа всех институтов власти в стране, тем мощнее система защиты против всяких там «агентов». Понятно, что наше государство как са-

мостоятельное, еще не окрепло. Тем более за 20 лет оно перенесло столько потрясений. И спасет его, как я уже сказал, мощная иммунная система, в которой каждая клеточка сообща работает против «врага».

За годы независимости у нас появились три основных симптома болезни: самый, пожалуй, главный — безответственность везде и всюду, на разных уровнях власти, потом — коррупция и как итог первых двух — бедность. Не случайно в народе говорят, в Кыргызстане две нации — нация богатых и нация бедных. Вы посмотрите, сколько к нам поступает больных с запущенными стадиями рака. Спрашиваю на днях одного пациента: «Где ж вы раньше–то были?». И он в ответ: «Деньги на дорогу только собрали. И видно зря потратили, все равно ведь умру». Столько безысходности в глазах, что часть ее тебе передается. И если бы так отвечал только он один! Если государство не может помочь своим гражданам, защитить и спасти их, то оно само явно тяжело больно. Клинические признаки болезни, о которых я говорил: безответственность, коррупция и нищета — налицо. Все двадцать лет власти предержащие (независимо — прежние ли, нынешние ли), говоря языком гинекологов, тужатся. Но потуги ни к чему путевому до сих пор не привели. С высоких трибун заявляют о борьбе с бедностью, а беднеем год от года. У людей нет денег на дорогу в больницу. Что уж говорить о стоимости лечения, тем более онкозаболеваний. А из бюджета здравоохранения, наоборот, забрали несколько миллионов, обрекая тем самым сотни больных на смерть. Понятно: мы в очередной раз — переходное общество! Есть, правда, разногласия — откуда и куда оно переходит. Судя по сотрясающим страну скандалам и разоблачениям, уровню безработи-

цы и нищеты, мы давно никуда не движемся. По крайней мере, народ не почувствовал разницы между парламентской и президентской формами правления: как жировали госмужи, так и жируют, а трудяги–мужики и слабый пол собирают вещи и едут куда глаза глядят в поисках денег, чтобы семья с голоду не померла. Люди устали от несправедливости и нестабильности и пока на кухнях говорят, что свобода хуже, чем несвобода (только боятся об этом вслух сказать). Свобода слова, выбора не породила ни независимых судов, ни честных милиционеров с чиновниками. Получается как в анекдоте: «Первоначальный успех так его окрылил, что он пролетел мимо конечной цели». Хотя и завинтить гайки тоже уже не получится. У страны нет иммунитета ни на что. И в итоге может начаться новое обострение.

*Апрель. 2010. ВБ.*

## По–прежнему верны Гиппократу

**Через 30 лет они, выпускники самого престижного в 70–е годы тогда еще медицинского института, вновь собрались вместе. Может быть, для города, а тем более для страны это и не столь важное событие, если бы не одно «но». Нынче эти люди — цвет и гордость кыргызской медицины.**

По мнению наших корифеев–преподавателей, молодые специалисты 76–го были самыми целеустремленными и талантливыми. Поэтому неудивительно, что многие студенты именно этого курса стали докторами и кандидатами наук, заслуженными врачами, есть даже член – корреспондент НАН, лауреаты Государственной премии, они возглавляют больницы, отделения, кафедры. Что удивительно, немало тех,

кто уехал по распределению на периферию, да так и остался там. На таких, как директор территориальной Чаткальской больницы Абдимитал Тагайматов, заведующий отделением травматологии Баткенской областной больницы Акматали Жолдошбаев, лор–врач центра семейной медицины в Караколе Кошул Конушбаева, держится сельское здравоохранение. И верно подметил выпускник–76, а ныне профессор, главный пульмонолог Минздрава Нурлан Бримкулов в предисловии к составленному им библиографическому сборнику: «По–разному сложилась служебная карьера каждого из нас, но одно можно сказать с уверенностью: мы сдержали данную нами клятву Гиппократа».

— А еще на нашем курсе 18 семейных пар, больше, чем на других, — говорит дважды доктор — медицинских и философских наук, профессор Исабек Ашимов.

— Это от того, что мало бегали на свидания к девчонкам из других вузов, — вторит ему со смехом онкоуролог Асанбек Токтомушев. Он, кстати, женился на одной из красавиц курса Гульбаре Полотовой, ставшей акушером–гинекологом.

— Наше общежитие напоминало инкубатор: и столовая, и библиотека — все в нем было. Только учись. К учебе серьезно относились. И требовали с нас, дай боже. Пропуск даже одного занятия был чреват последствиями. Поэтому на дискотеках студентов–медиков редко можно было встретить. Но строили БАМ в составе ССО и «Весну Ала–Тоо» проводили. Мы были более ответственными, что ли, чем наши дети, — вспоминает Токтомушев.

— И что очень заметно, — вступает в разговор Исабек Ашимов, — нынешние студенты разделились на бедных и богатых, что рождает совершенно непонятную нам психологию потребления. Престиж учебы и

профессии медработника упал. И это остро чувствуется студенчеством. Поэтому наша встреча важна не только для нас, выпускников, но и для тех, кто идет по нашим стопам. Хороший пример ведь тоже заразителен.

*ВБ. 2006. Нина НИЧИПОРОВА.*

**История болезни**

«...В детстве в человеке возникает зародыш совести, порядочности, бескорыстности, и от того, как он уцелеет и разовьется, какие ему создадут условия, зависит цельность и ценность личности», — написал в предисловии к повести «Белый пароход» Чингиз Айтматов. Эта философская мысль — одна из аксиом человеческой жизни. Но применительно к реалиям нашей нынешней жизни напрашивается слово «была». Такие, казалось бы, вечные понятия, как совесть, порядочность и бескорыстность, не модны нынче. Они еще теплятся в людях старшего поколения, для большей же части молодежи они — преданья старины глубокой.

Эталон нынче — самоуверенные, даже наглые и недалекие личности. Предыдущие слова из их лексикона. Скорее лица. С такими эпитетами слово «личность» явно не вяжется. Освоить компьютер, айфон и планшетник — это не значит быть умным, образованным и порядочным человеком. Качество образования, к великому сожалению, падает. Потеряны ценностные ориентиры. Нас шарахает от одной модели к другой. А в итоге пустота в головах и в душах.

Не подумайте, что мне доставляет удовольствие брюзжать. Но когда слышишь, что Холокост — это клей для обоев, то оторопь берет. Причем говорят это вполне серьезно и даже находят объяснение сво-

ей тупости: мол, спросите студентов или школьников об этом и вряд ли кто ответит правильно. Страшно признаться, но ведь это так или почти так. Самое печальное, что девицы, которые прославились на весь мир именно своим невежеством, особенно и не переживают, что не знают ничего о Холокосте. Главное, что их по телевидению увидела вся страна, они стали знаменитыми в самом худшем понимании этого слова. Речь идет о двух российских студентках. Но вы надеетесь, что кыргызские в чем–то отличаются?

Я к чему все это говорю? К тому, что поход против коррупции и преступности надо начинать с воспитания любви к Родине да того самого потерявшего свое значение сейчас патриотизма. Только карательные меры против преступности и коррупции обречены на провал. Всех не пересажаешь. Одних изолируешь — другие подхватят их дело.

Знаю друзей–коллег, которым предлагали хорошие должности с достойной зарплатой в России, Казахстане и в Евпропе. Но они остаются на родине. Возможно, нынешнему большинству трудно поверить в откровения одного известного профессора: «Из–за лишней тарелки супа я не стану менять родину на чужбину. Здесь у меня мои ученики, больные». И повторяю, не он один так думает и живет по таким принципам.

А в знак благодарности нередко слышишь: все врачи взяточники да коррупционеры. Но нельзя однозначно умных и преданных делу, стране людей держать в бедности и неуважении. Я говорю о врачах. На унизительный вопрос, сколько стоит ваш труд, они молчат, потому что в душе — вихрь смятения. Для них вопрос, брать или не брать, подобен гамлетовскому: «быть или не быть?». И вызывает такое же тяжелое

душевное волнение. Они берут, но за свой адский труд. За операции, которые длятся по нескольку часов и сопряжены с огромным риском. И если государство не может по достоинству оценить их труд, то пусть ищет выход из положения, например, вводит частно–государственное партнерство, добровольное медстрахование, платные услуги. Кто в состоянии платить за свое здоровье, будет платить, как, кстати, делает это и сейчас. Но только тогда это станет законно и для больного, и для врача и не будет называться взяткой. Тех же, кто не может платить, мы будем лечить бесплатно, для них деньги выделит государство. И не надо думать, что будем лечить хуже. Ответственность за жизнь та же. А если кто–то посчитает иначе, то на такого или таких всегда можно найти управу.

Но, похоже, государство не решается вводить в здравоохранении новые формы оказания медицинской помощи. Легче клеймить врачей позором и лепить из них образ палачей. Но бесплатной медицины не бывает: либо за нее по полной платит государство, либо сам больной. Поэтому на Западе в медицине нет взяток».

*«Вечерный Бишкек», май. 1908.*

## Форс–мажор в просвещении

Как–то в разговоре с одним из своих пациентов процитировал слова писателя Константина Паустовского: «Если перестал читать, то считай, что перестал мыслить». Молодой человек, видно, из продвинутых, как сейчас говорят, возразил: мол, бросьте, профессор, сегодня век Всемирной паутины, что угодно найдешь и прочитаешь. В чем–то он прав: сегодня в ней действительно можно получить любую информацию.

Вот именно информацию, часть каких–то знаний. И это в принципе тоже хорошо. Но «ящик» никогда не заменит живительного источника, силы книги.

Все меньше людей покупают книги, которых, слава богу, сейчас много на любой, как говорится, вкус. Но цены, правда, кусаются. Однако дело, видимо, все–таки не в них, а в том, что у подавляющего большинства кыргызстанцев нет и желания читать. Вот ведь парадокс: раньше за книгами стояли в очередях с утра до вечера, приходили к книжным магазинам ни свет ни заря, чтобы получить заветный талончик на Толстого, Гоголя или Агату Кристи. Теперь глаза разбегаются — читай не хочу. И не читают. А потом мы удивляемся: откуда столько жестокости в стране, в молодежи. Одна из причин этого, на мой взгляд, в ее малограмотности. Хорошие книги ведь заставляют думать и жить по–человечески.

И что совсем плохо — в продаже почти не встретишь книг наших писателей и поэтов, изданных у нас. Сейчас каждый издатель стремится к шику и блеску издания, надеясь привлечь покупателя, но получается наоборот, он отталкивает его заоблачной ценой. Может, не надо изысков? Главное ведь не форма, а содержание. Издатели, авторы, читатели — в этой когда–то прочной цепочке нет сейчас взаимосвязи, которая была ранее. Каждый живет сам по себе. А уж о нас, читателях, наших интересах вообще, кажется, забыли местные издатели.

А потому на полках магазинов очень мало нашей отечественной литературы — художественной, технической, детской, медицинской. В суверенном государстве, что мы любим особенно подчеркивать, где трудятся высококлассные специалисты в разных областях, в штучных экземплярах выпускаются их труды, причем за их же счет. Раньше, наоборот, им за это платили.

Знаю, например, у профессора Акрамова и его коллег вышла монография по вопросам гнойной хирургии. У академика дважды доктора наук по филисофии и медицины Исабек Ашимова – философские проблемы пересадки органов (и не только это). Вышла в свет коллективный труд моего коллеги, уролога профессора А.Ч. Усупаева. Многие из моих коллег восхищаются этими работами, а многие, как я, только слышали о ней, но не держали даже в руках. И, сами понимаете, наши студенты не увидят ее в ближайшем будущем, потому что они изданы маленькими тиражами на собственные деньги их же авторов.

Богатое интеллектуальное наследство остается невостребованным. Труды корифеев отечественной науки, выходит, «похоронили» еще при их жизни.

А потом мы кричим: мол, качество образования падает. Ну как же ему не упасть, если у государства находятся дела поважнее просвещения. Хотя что может быть важнее образования? И как результат этого невнимания — недобор студентов в университетах. Даже в некогда престижном медицинском. Уровень образованности общества падает, и это видно без всяких исследований. А вот что с этим делать и как остановить деградацию общества, прежде всего духовную, надо очень хорошо подумать. И не завтра, а уже сегодня.

*ВБ, сентябрь. 2009.*

## МАЗМУНУ

**КИНДИК КАН ТАМГАН ЖЕР .................................................. 3**
БАЛА ЧАКТАГЫ КӨЗ ИРМЕМДЕР... ..................................... 25
СУУ БАШАТЫ МЕНЕН БААЛУУ ............................................ 26
МИҢ КҮНГӨ ТЕТЕ БОЛГОН БИР ТҮН ..................................... 30
КЫЙКЫРЫП АЙТАМ, КЫРГЫЗЫМ! ........................................ 33
КӨЧҮБҮЗДҮН БАГЫТЫ ЖАЙЛУУБУ? ....................................... 39
ЭСКИНИ ЭСТЕБЕСЕҢ, ЖАҢЫ СЕЗИЛБЕЙТ ЭКЕН ...... 44
ДЕМОКРАТИЯНЫН ӨЙДӨ-ЫЛДЫЙ САБАКТАРЫ ...... 57
ТЕКЕ АТКАНДА... ............................................................. 58
КОКЕМДИН ЖОРУКТАРЫ ..................................................... 65
ИЧ КҮПТҮҮЛҮК ЭМНЕГЕ АЛЫП КЕЛЕТ? ............................ 70
ШАЙТАН КҮЧҮКТӨГӨНДӨ ................................................... 77
БИР ҮЗҮМДӨР ................................................................... 80
МЫСЛИ – МОИ СКАКУНЫ .................................................. 82
ЖАМАН СӨЗДҮН КУЛАГЫ БАРБЫ? ...................................... 83
АЙДАГАНЫ ҮЧ ЭЧКИ... ...................................................... 90
ДИЛЕТАНТТЫН ОЮ ........................................................... 92
КЫРГЫЗДЫН АК КАЛПАГЫНЫН
БҮГҮНКҮ ОРДУ КАЙДА? ................................................... 93

**ТЕАТР ТЕМАСЫ**
Төрт жаштагы «көрүүчү» ................................................ 97
Белимчи артист эже ......................................................... 98
Орусча «Ормон опуза» ...................................................... 101
Калыйбек Тагаевдин эскерүүсү ......................................... 102
Шак сынганда ................................................................... 103
Москвалык профессордун баасы ........................................ 105
Арсен абамдын ачылышы ................................................. 106

Театр музейи ........................................ 109
ГАИШНИК ........................................ 111
БИЗДИН ЗАМАНДЫН «КИШИЛЕРИ» ........................ 115
ЭНЕ ТИЛ ТУУРАЛУУ ОЙ ........................ 119
КЫРГЫЗ ТИЛИ КҮНҮ ........................ 121
АЙЛАНАЙЫН, «КЫРГЫЗЧЫЛЫК», А-АЙ ........................ 124
БИР ТАРУУ БОЗО БОЛОБУ? БОЛТУРАБЫЗ!........................ 127
БАРАКЕЛДИ... ........................ 128
КАРГА ДА БАЛАСЫН АППАГЫМ ДЕЙТ, БИРОК...... 129
ДҮРБӨЛӨҢ ........................ 131
ЫҢКЫЛАП ........................ 153
ЫҢКЫЛАПТАН КИЙИН ........................ 154
БЕК ОЙ ........................ 157

**АНОМАЛИЯЛЫК БАЙКООЛОР**
КОЖОШ АКЕНИН СЫРЛАРЫ ........................ 159
«Ак бейиттеги» аян ........................ 161

**БЕЛГИЛҮҮЛӨРДҮН БЕЛГИСИЗДЕРИ**
Кулубектин кучунашы ........................ 164
Ашыке закүн бузганда... ........................ 167
ЗАЛКАР ЖӨНҮНДӨ ЧАКАН ЭС – ТУТУМДАР ........................ 169
ААЛАМГА КЕТКЕН ЖОЛ – УЛУУЛУК ........................ 179
ПРОФЕССОР НАКЕН КАСИЕВДИН БЕЙНЕСИ ........................ 184
ПРОФЕССОР КАРА ДАВАНДЫН
ПАРАДОКСУ ЭМНЕДЕ? ........................ 185
ӨНӨРКЕЧ ОРОЗБЕК БАЙГОЖОЕВ МЫРЗАНЫН «КӨЧМӨН ААЛАМ» АТТУУ ЭСКИЗ
СҮРӨТТӨРҮ ТУУРАЛУУ ОЙ ........................ 193

**ОЙ КАЛПЫНДЫЛАРЫ ........................ 196**
ТАМАШАЛАР ........................ 201
Калп менен калп сүзүшкөндө... ........................ 201
Намаздан чыккан чатак ........................ 203
Келиндеринин тамашасы ........................ 205
Байдылда, Чыңгыз - 1:0, же

Чыкем сөзгө жыгылганда ........................................ 207
Губернатор Бекмамат Осмоновдун берген жообу........... 207
Инсандардын аскиясы........................................................ 209
Касыкемдин «амалы» ........................................................ 210
Кыргыздын «чокуларды» таратышы .............................. 211
Дагы бир кыргыз чокусу тууралуу... .............................. 212
МЕНТАЛИТЕТ ...................................................................... 212
Кумайыкка бергис сары машке ...................................... 212
Манас орустун академигине аян бергенде... ................. 214
Как мы близки... ................................................................. 215
КАЯША .................................................................................. 216
Оору кадырын соо билбейт ............................................. 216
Эл байыса, турмуш оңолсо,
адабият да оңолушу мүмкүн... ........................................ 217
Салижан Жигитов тууралуу дагы бир сөз .................. 218
Күч атасын таанибайт ...................................................... 219
ФИЛОСОФИЯ ...................................................................... 221
Сулайман пайгамбардын тапшырмасы .. ..................... 221
Кыргыз өңү Чокморовдун өңүндөй ................................. 222
Чынгыз-хандын жарлыгы ............................................... 222
Соңку кылымдагы кыргыздын башына түшкөн азап... 224
Жумгалдык Асанкайгы ..................................................... 225
О языке................................................................................. 226
ОКУЯЛАР ............................................................................. 228
XXI - кылымдагы мифтер? .............................................. 228
Телегейдин эрдиги ............................................................. 229
СӨЗ БЕРМЕТТЕРИ ............................................................ 230
Сөз мушкерлери .................................................................. 230
Жигит менен келин............................................................ 231
МАМЛЕКЕТТИК ЧИНОВНИК ......................................... 232
ИШЕНИЧ ИРИГЕНДЕ ........................................................ 234

**ӨМҮРААЛЫ БАШКАРМА ............................................. 241**
Өмүраалы чакырык ........................................................... 245
Сый чучук ............................................................................ 247
МОМУНДУК ........................................................................ 249

Дөөтүнүн кыштоосу ........................................ 249
Момунчулуктун да чеги бар да... ........................ 250
Аманат ........................................................ 253
Кылгыртпаган куйрук май ................................ 254

**ЫСЫК-АТА КУРОРТУ ........................................ 256**
Курорт аскиялары ........................................... 257
«Елки палки» болбосоң өлө кал ай ..................... 259
«ЧЫЧКАНДАГЫ» ЧЫЧКЫЛЫК ......................... 261
ЭЛЕТТИК АКСАКАЛДЫН ТАМАШАСЫ ........... 262
ЖАКШЫНЫН ШАРАПАТЫ ............................ 263
АТ ӨЧСӨ ДА, ИЗ ӨЧПӨЙТ............................... 272
КЕКИРТЕК, КЕКИРТЕК, ДАЛАЙ ..................... 278
ЖЕРГЕ СЕКИРТЕТ ........................................ 278
БООГАЧЫ ..................................................... 282

ПУБЛИЦИСТИКАЛАР ЖАНА МАЭКТЕР .............. 291
КҮҮГҮМДӨГҮ КОНГУРОО................................. 291
(АВТОРДУН «КЫРГЫЗ ТУУСУНА» БЕРГЕН
ИНТЕРВЬЮСУНАН)......................................... 291
Бизде оптимисттер көбөйүүдө .......................... 291
Жить без страха ............................................ 298
О влиянии лунного света................................. 300
Оптимистическая трагедия .............................. 303
О родной речи ............................................... 305
Прости, Гиппократ... ....................................... 309
Страдаем вместе с пациентом........................... 312
Я, ты и болезнь ............................................. 316
Медицина как торговая лавка........................... 318
Три симптома болезни..................................... 321
По–прежнему верны Гиппократу........................ 323
История болезни............................................ 325
Форс–мажор в просвещении ............................ 327

**Көркөм адабий басылма**

**Асанбек Токтомушев**

# Көөдөндөгү кайрыктар

*Редактору Н. Ногойбаева*
*Сүрөтчүсү М. Кадыров*
*Компьютердик калыпка салган*
*М. Кадыров*

Басууга 5. 05. 2014 берилди.
Форматы 60х84 1/16  Көлөмү 21 б. т.
Заказ № 25 Нускасы 500 даана

«Улуу Тоолор» басмасы
720040. Бишкек шаары,
Ю. Абдрахманов көчөсү, 170а,
Тел. 62-02-13.